# Манас
## Жоголгону табылды



Пайгамбарлардын колжазмасы менен Манас эпосун салыштырып талдоо

Рысбек (2011)

Мен кыргыз эмесмин.  Кыргыз тилин тереңдетип үйрөнө элекмин.  Кыргызчылыкты да толук билбейм. Жазгандарымда ката болушу да мүмкүн, моюнга алам...  Ошондой болсо да бул эмгегимди кыргыз элине сүймөнчүлүк менен тартуулайм.

атага

# Башкы сөз

Кыргыз элибиздин эң чоң мурасы – улуу “Манас“ эпосун азыркы мезгилге чейин көптөгөн чет элдик илимпоздор изилдеп келишет. Ричард Хевиттин изилдөөсү башкалардан айырмаланат. Анткени Рысбек байкенин бир гана эпоско көңүл бурбастан, алгачкы ирээт кыргыз тилин үйрөнүп, тил аркылуу элдин түпкү үрп-адатын, салт-сапатын, тарыхын жана маданиятын таанып билүүгө чоң аракет кылып жана кыргыз тилин так сүйлөп, салттарды толугу менен билип жана аларга сый, урмат менен мамиле кылганы таң калтырат. "Манасты" кыргыз тили аркылуу гана  терең изилдей алаарыбыз баарыбызга белгилүү нерсе болсо дагы, бирок анын кылымдардан бери катылып келген ыйык табышмагын чече билүү, бул бир гана жогорудан берилген өзгөчө шык. Ал эми улуу "Манас" китебин "Ыйык-китеп" менен салыштыруу, жана алардын ортосундагы окшоштуктарды табуу, бул кыргыз эли үчүн гана эмес, бүт дуйнө жүзү үчүн болгон эң чоң ачылыш деп эсептейм. Бул жерге Чынгыз Айтматовдун, Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча жазылган "Манас" китебине арнап жазган саптарын уруксат этсеңиздер кошуп кетким келет:

> "Бүткүл байыркы инсанатка тиешеси бар "Библияны" адабий эстелик катарында биз танбайбыз. Биз аны кайсы доордо, кандай таарыхый баскычта, коомдун кандай социалдык абалында, инсанаттын өнүгүш жолунда бул китеп кандайча түзүлүп, ошол заманда кандай идеаларды көздөгөнүн эске алып оң, терс жактарын сын көз менен аныктап, аны менен катар бүткүл инсанат маданиятынын байыркы эстелиги катары биз аны баалайбыз.
>
> Ошонун сыңарындай байыркы кыргыздын оозеки "библиясы" – "Манас" татаал жана улуу нерсе. Азыркы күндөгү билимге жетилген окурмандар "Манаска" чыгармачылык мүнөздө мамиле этиши зарыл белгилүү. Муну анча айтып отуруштун да кажеты жок...
>
> Замандан заман өтүп, жер үстүндө кыргыз тили жашап тургуча "Манас" биздин улуттук туу чокубуз катарында тура бермек."
>
> (16/III 1977–ж.)

Сүрөтчү Назира Турганбай
6.05.2012 Кассель/ Германия

## Мазмуну

The table of contents is empty because you haven't selected paragraph styles to appear in it.

Сүрөттөр Теодор Герцендин калемине таандык.
Котормочулар менен текшергендерге жана
бардык изилдөөлөрдүн соңуда редактор катары жоопкерчилик милдетин алган
Олжобай Шакирге терең ыраазычылык билдирем.



## Кыргыз Жакыбы менен Жакып пайгамбарды салыштырып-талдоо

Жакыб пайгамбар (Иаков) менен бай Жакып – эки башка дастандагы эки түрдүү каарман. Таураттагы Жакыб пайгамбар Исаактын баласы жана Ыбрайым пайгамбардын (Авраам) небереси.[1] Ал эми бай Жакып – белгилүү кыргыз баатыры Манастын атасы. Андыктан, докладдыбыздагы бул эки инсандын бири «бай Жакып», бири "Жакыб пайгамбар" деп белгиленет.

[1] Жакыб пайгамбардын аты англисче "Jacob" деп жазылат, "Жейкыб" деп айтылат.

Жөөттүк (иудейдик), христиандык, исламдык ыйык жазууларда: Жакыб пайгамбар он эки уруунун атасы болгондугу көрсөтүлгөн. Биздин эрага чейинки 17 кылымда (б.э.ч. XVII) бул уруулар Мисирде (Египетте) конфедерацияны түзүшкөн жана биздин эрага чейинки 10 (б.э.ч. X) кылым бою сакталып келген. Ушул убакта азыркы еврейлердин түп аталары болгон Жөөт (Иуда) менен Бенжеминден (Бениаминден) б.а. түштүктүк эки уруудан түндүктөгү он уруу бөлүнгөн.

Эки кылым ичинде Ассирия (Ашур) Жакыб пайгамбардын он түндүктүк уруусун басып алган (б.э.ч. VIII кылым). Бүгүнкү күндө бул он уруунун таптакыр жок болуп кетүүсү туурасында (көбүнчө Жусубдун же Иосифтин аты менен байланыштырып) аны ар түрдүү көзкараштар курчап турат. “Жоголгон он уруу” жөнүндөгү далилсиз билдирүүлөр кылымдар бою адамзаттын аң-сезимин козгоп келди.[2] Ысрайылдын «Жоголгон он уруусунун” уламыштары дале болсо жүздөгөн жылдар бою кызыктуу бойдон кала берет. Аталган темада да мунун учу көрүнүп, кызыгуунун жогорулашын көрсөтөт.

## Жакып

Ыйык жазуулардагы Жакыб пайгамбар болжол менен 3700 жыл мурун жашаган. Кыргыздын бай Жакыбы – туман каптаган, өткөн мезгилдин легендарлуу инсаны. Антсе да “Манас” эпосунда анын жашоосунун көп маанилүү бөлүгү сакталган.

Жакыб пайгамбар менен бай Жакып экөө тең көчмөндөрдүн башчылары болуп, өздөрүнүн чакан уруулары менен бир жерден экинчи жерге көчүп турушкан. Таңгалыштуусу – Жакыб пайгамбардын туткундалган он уруусу,

[2] Башталыш (Муса пайгамбардын биринчи китеби) 28:13, Коран 2:132,133

тарыхта болжолдуу түрдө, “Манас” эпосундагы бай Жакып менен кыргыздын талкаланып чачылган уруулары кызыктуу тарыхы башталган аймакта дайынсыз жок болуп кеткен.[3] Бүгүнгө чейин ошол он уруу “Жоголгон он уруу” же “Ысрайылдын чачылган уруулары” деп эсептелет.[4]

## Чоң жиндилер

Биздин изилдөө Жакыб пайгамбар менен бай Жакыптан башталат. Жакыб пайгамбардын туруксуз мүнөзү бай Жакыптын туруксуз мүнөзүндө күзгүдөй чагылып турат. Тоораттын бир түрүндө Жакыб пайгамбар көп учурда өзүн аянган адам. “Манас” эпосундагы кыргыз элинин түп атасы бай Жакып да кыйдылыгы жагынан абыдан окшошуп кетет. Алардын балдары жакын жерде жашаган “каапырларды” өлтүргөндө – экөө тең өз өмүрлөрү үчүн кайгырып, чочулашат. Шаардын бүт эркектерин алдап жана өлтүрүп, Жакыб пайгамбардын уулдары Шымон жана Леби өч алышат.  Жакыб пайгамбар балдарына минтип наалыйт:

> «Силер мени кайгыга салдыңар, бул жердин тургундарына, канаандыктар менен периздиктерге мени жек көрүндү кылдыңар. Менин элим аз.  Алар мага каршы чогулуп, мени өлтүрүп, үй-жайым менен жок кылышат.[5]»

Жакыб пайгамбардын наалыганы Саякбай Каралаевдин “Манас” эпосунда да чагылдырылат. Бай Жакып өз баласы коңшу “каапырларды” өлтүргөнүнө наалыйт:

> «Кара курттай каапырдын

---

[3] Көпчүлүк библиялык ыйык айтылыштар, Жакыб урууларынын кайрылып келүүсүн даңазалоо, бул теманын айланасындагы диндик берилүү.

[4] Бул тема боюнча кийинки маалымат үчүн “Ысык-Көл” деген бөлүгүнө  же докладына кайрылгыла.

[5] Башталыш 34:30

Каарын эми келтирдиң,
Кан Эсенкан баатырдын.
Улукка тийип, уйпадың,
Уулум Манас, оңбой кал,
Ушинтип бизди сыйпадың!
Оолугуп кытай, манжу журт
Ордону талап эми алат
Ойронду башка чын салат,
Алтай да бизге жер эле,
Кадемди чындап катырдың,
Калмак да бизге эл эле"
Капа болуп Жакып бай,
Каарланып турганы.[6]»

Жакыптын наарazычылыгы, төмөнкү саптарда улантылат:

«Алтай да бизге жер эле
Манжуу, калмак аралаш
Ушул журт бизге эл эле,
Ордолуу журтка катылып,
Чечтирмек болдуң тонумду,
Салмак болдуң башыма,
Тентек чыгып, кулунум,
Киши кылбас сонунду,
Муну укканда, кулунум
Кара калмак, манжуу журт
Казат экен ордумду...»[7]

Жакып Бай менен Жакыб пайгамбар тең өздөрүнүн керт башы үчүн кайгырып, өз балдарынын жасаган кылыктарынан чочулашат.[8] Эки жазууда тең Жакып менен Жакыбдын мүнөздөрү кыйтыр, сараң, туруксуз.

---

[6] Каралаев С. Манас – 8084-8097 саптары

[7] Каралаев С. Манас -Т. 1; 6942-6952 саптары

[8] Башталыш 37:34-36 жана 42:36

## Алдамчылар

Ыйык жазууларда “Жакыб” “алдамчы” дегенди билдирет экен:

> «... мына эгиздер анын ичинде. Биринчиси кызыл
> болуп чыкты, баардыгы кызыл эт, саксагай чачтуу;
> атын Эйсап коюшту. Андан кийин, анын биртууганы,
> Эйсаптын бутуна колу менен илешип чыкты; атын
> Жакыб деп коюшту.[9]»

“Жакыб” дегени “алдамчы” же “түртүп чыгарууну” билдирет. Тактап айтканда, күч же көмүскө оюндар менен бирөөнүн ордун алуу. Башка ыйык текст Жакыбдын аты жөнүндө мындай дейт:

> «... Сен энеңдин курсагында жатканда эле алдамчы
> аталгансың.[10]»

Ошондой эле кыргыз Жакыптын да ушуга окшош жактары болгон. Мунун куулук мүнөзү абдан өрчүп кеткендиги, небереси Семетейди алдап, анын башчы болушуна тоскоолдук кылган аракеттеринде анык көрүнгөн.[11] Бай Жакып Семетейдин мыйзамдуу ордун басып алууга аракеттенген. Олуялардын жазууларында Жакыб пайгамбар небересин эмес, өз атасын алдап, биртууган агасынын ордун басып алат:

> «Эйсап, атасынын айткан сөзүн укканда, боздоп
> ыйлап жиберди. Анан: “Ата! Мага да батаңды бер” -
> деди.
> Бирок ал: “Биртууганың куулук менен келип, сенин
> батаңды алып кетти” - дейт.

---

[9] Башталыш 25:24-26

[10] Пайгамбар Ышайа китеби 48:8 “Кудайдан баш тарткан адам” дегендин ордунда “алдамчы” колдонулат, башка варияннтта.

[11] Mamai, J. The Kyrgyz People s Historical Epic – MANAS? Told by Jusup Mamai. Urumqi; XingJian People s Pablisher, 1995. 436-437 б.

> Ошондо Эйсап: “Ага Жакыб деген ат бекеринен коюлган эмес тура, анткени ал мени эки жолу алдап кетти. Ал менин тунгучтугумду алды, эми менин батамды да алды” - деди...[12]»

Бирөөнүн ордун ээлеп, каалаган максатына жетиш үчүн карыган атасынын аркы дүйнөгө кетер алдындагы өзгөчө бата-керээзин алдоо жолу менен алууда агасынан ашып түштү.

Керээз деген салт кыргыздарда азыркыга чейин колдонулат.

<u>Биртууганым, сен кайдасың?</u>

Жакып менен Жакыб мүнөздөрү боюнча гана окшош каармандар эмес. Экөөнүн тең тарых-баянын бир сюжеттик сызык менен салыштырса болот. Биз булардын тарыхын изилдөөнү – алардын үйдөн айдалып кеткенинен баштайбыз: экөө тең мекендерин таштагандан кийин көп жылдар бою агаларынан ажыратылган.

“Манас” эпосу боюнча Ороздунун уулдары, анын ичинде Жакып кошо таратылган: “Ошентип, Ороздунун он уулун он тарапка бөлүп куумай болду Алооке.”[13] Жакыб пайгамбарды Эйсаптан ушундай жол менен бөлүп салышкан. Апасы Жакыбга мындай деди:

> «Агаң Эйсап сени өлтүргөн атат; Эми уулум, сөзүмдү угуп, ордуңдан тур да, Харандагы биртууганым Лавандыкына кач. Биртууганыңдын ачуусу тараганча анықында бираз жашай тур.»[14]

---

[12] Башталыш 27:1-36.

[13] Жакыпбек, А. Тенири Манас. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. -23 б.

[14] Башталыш 27:42-45.

Бай Жакып менен пайгамбар Жакыбдын баяндары албетте, айырмаланат, бирок агаларынан бөлүнүп кетишкендиги – булардын тарыхы кайсы бир учурда бири-бирине дал келгендигин далилдейт. Мындай теорияны төмөнкү мисалдар бекемдейт.

## Бай койчу

Бай Жакып да, Жакыб пайгамбар да көчмөндөрдүн бай үйбүлөсүндө туулган уруу башчылардын уулдары. Анан экөө тең жакырланат. Жакыб менен Жакып жалданып иштеген.  Бул эки жарды койчу кайрадан акырындап отуруп укмуштуудай байыйт. Төмөндө Жакып менен Жакыбдын ийгилиги сүрөттөлөт:

> «Санаасы менен болуптур
> Сандыгынын баарысын
> Сары алтын мүлккө толтуруп.
> Байлыгын мүлккө толтуруп
> Короосун чаңга жашырып,
> Бай Жакып деп аталып
> Сан кара күтүп эр Жакып
> Төрт түлүгү шай болуп,
> Төрө агаң Жакып бай болуп...[15]»

Эми Тооратта:

> «Ошентип, Жакыб өтө бай адам болду. Анын
> көптөгөн майда малы жана күңдөрү, кулдары,
> төөлөрү, эшектери болгон.»[16]

Бул түп аталарыбыздын мүнөзү жана мүлкү гана окшош болбостон, алардын “жоктон барга” өтүшүнүн башталышы да окшош. Жогоруда айтылгандай,

---

[15] Каралаев С. Манас, Т.1. 37 б. (2043-2051 саптары)

[16] Башталыш 30:43

алар мекенинен куру кол кетип, кийин бөтөн жерде байып, жык-жыйма дүйнө менен мекендерине кайтышты. Сапарда жүргөн адамга айтылган кыргыз элинин мындай макалы бар “жеңил барып оор кел”.  Жык-жыйма дүйнө менен кайткан Жакыб пайгамбар мындай деп сыйынат:

> «О, атам Ыбрайымдын Кудайы жана атам Искактын Кудайы. Теңирим, сен мага: “Өз жериңе, мекениңе кайт, мен сени колдойм!» - дедиң эле.  Сенин өз кулуңа кылган бардык ырайымың менен жакшылыгыңа татыксызмын, анткени мен бул Иордандан жалгыз таягым менен өттүм эле, азыр болсо эки баш журтум бар.»[17]

Байыркы кыргыздар Жакыб пайгамбар сыяктуу азчылыкта кетип, байып да, көбөйүп да келишчү. Кыргыз уруулары кыйратылган, үйлөрү өрттөлүп, эркектери өлтүрүлгөн, аялдары зордукталып, малдары айдалып кеткен. Бай Жакып менен бир нече түтүн Алтайда барымтага алынып кеткенде бир казанды көп үйбүлө бөлүшкөнгө аргасыз болот. Алтайда бай Жакып тез байыйт:

> «Кырк үйлүүнүн баарысы
> Азып барган бул журттун
> Акбалтай, Жакып карысы,
> Кырк үйлүү кыргыз баарысы
> Кызматка кирди баарысы.
> Алтын кенин казышты,
> Казып алган алтынды
> Дорбого салып катышып,
> Керек десе калмакка
> Төрт түлүк малга сатышып,
> Шамыянын шайлатып,
> Кош өгүзүн байлатып,
> Жердин жүзүн ачтырып,

---

[17] Башталыш 32:9,10

Уучтап үрөн чачтырып,
Эгин айдап, жай болуп,
Эсепсиз кыргыз бай болуп… »[18]

Кыргыздардан Жакып абдан байып, ошондуктан бөтөн жерде бай Жакып аталды.

<u>Жалданып иштейт</u>

Кыргыздар биригип байыганга чейин Жакып үйсүз жарды болуп Чаян аттуунун үйүнө келген. Көп жылдар бою жалданып иштеп, оор түйшүк тартты. Бай Жакып бул жылдарды минтип эскерет:

«...Мусаапыр болуп бу башым,
Чаянга келип таянды.
Башымды бердим малайга,
Кызматын кылдым далайга...»[19]

Жакыб пайгамбар да Лаванга мусапыр (үйсүз) жана жакыр абалында келген. Ал да көп жылдар бою жалданып иштейт. Лавандан эки кызын жана көп мал алган. Аягында Жакыб пайгамбар өз мекенине качкан. Каарданган Лаван ага жеткендеги Жакыб пайгамбардын жообуна көңүл бурсаңыз:

> «Менин артыман кууп келгидей айыбым кайсы, күнөөм кайсы? ...Сага жыйырма жыл иштеп бердим, кой-эчкилериңди баласалдырган жокмун; короодогу койлоруңдан жеген жокмун; жырткычтар жара тарткандарын алып келгеним жок. Алар менин чыгашам эле. Күндүз жоголсо да, түндө жоголсо да, сен менден төлөтүп алып турдуң. Күндүз ысыктан, түндөсү сууктан жапа чегип кыйналдым, түн уйкумдан калдым. Менин жыйырма жылым сенин

[18] Каралаев С. Манас, Т.1.-С. 37 б. (2019-2033 саптары)

[19] Орозбаков С. Манас. Кыркыз элинин баатырдык эпосу. – В4 т. – Т. 1./Гл. Ред. А.А. Петросян. – М., чыгыш литература басмасынын башкы редакциясы “Наука”, 1984. – 146 б. (6250-6253 саптары)

> үйүндө ушинтип өттү. Мен сенин эки кызың үчүн сага он төрт жыл, малың үчүн алты жыл кызмат кылдым...»[20]

Дагы бир жолу жыйынтыктайлы: Жакып менен Жакыб бөтөн жерге эч нерсеси жок качып, экөө тең көп жылы эмгектенди. Экөө тең койчулуктун кыйынчылыгын сезип, бирок акырында "чириген бай" болуп чыгышты. Жогорудагы үзүндүдө көрсөтүлгөндөй: Жакыб пайгамбар өзүнүн жумуш берүүчүсүнүн эки кызын аялдыкка алды. Бай Жакыптын да эки аялы болгон, бири Жакыпты жалдап иштеткен Чаяндын кызы: "... Чаян дегендин Бакдөөлөт аттуу кызын алган...."[21] Жакыбдын да, Жакыптын да жалдап иштеткен адамдары кийин алардын кайнаталары болуп калды.

Пайгамбар Жакыб да, бай Жакып да жетимиш деген сан менен жеринен кетишти: бирөө жетимиш адамы менен, бирөө жетимиш түтүнү менен.[22]

Кээбир окшоштуктар ушунчалык таңгалыштуу, бир окуянын тарыхы экинчисинин редакциясы сыяктуу баяндалат. Башка муундарга шайкештелгендей, башка маданий, географиялык конттекстте жашагандай сезилет. Бул Голливуддун практикасында өтө кенен жайылтылган, ийгиликтүү иштелип чыккан сюжеттин негизинде, бир же бир нече фильмдер тартылат. Мында тартылган фильмдер албетте, ар башка көрүнгөнү менен бирок түзүлүшү же диалогдору дайыма дал келип, биринчисинин эле

---

[20] Башталыш 31:36-42

[21] Орозбаков С. Манас. Кыркыз элинин баатырдык эпосу. – В4 т. – Т. 1./Гл. Ред. А.А. Петросян. – М., чыгыш литература басмасынын башкы редакциясы "Наука", 1984. – 12 б.

[22] Орозбаков, Сагымбай, I китеп, 1276-1282 (Башкы редактор А.А. Петросян, Москва 1984). Тооратгагы Башталыш 46:27

көчүрмөсү сыяктуу.[23] Биздин абалыбызда башкы каармандардын толук аттары да өзгөрүлбөйт. Жакыптын уулу Манас, Жакыбдын уулу Манаседен аз-аз эле айырмаланат.

## Мекен жана ишеним

Жакыб менен Жакып ыйык адамдар болбосо да экөө тең мекендерине кайтканда, Теңирге ишенет. Тооратта Жакыб Кудайдан жакшы убада алат: «Теңир Жакыбга айтты: «Сен аталарыңдын жерине өз мекениңе кайткын: Мен сени менен боломун.»[24] Жакыб пайгамбар Сириядан өз мекени Ханаанга кайтуу үчүн Кудайга ишенүүгө аргасыз болду. Өз урууларынын мекени Нааманга кайра алып келиш үчүн Жакыпка да ушундай ишеним керек болду.»

> «Көч алдында Жакып бай,
> Көч артында Акбалтай,
> Такыр таштап жыйганды,
> Издеп жалгыз ыйманды,
> Сан кара малды чачты эми,
> Байгамбар ак, диним ак
> Калып калды Алтай жак,
> Алтайдан көчтү кырк үйлүү...[25]»

Алдамчылык абройлоруна карабай, эки адам тең чын дилден ыйык ишенимдерин сактады, ошондуктан алар эки баянда тең бирдей сыйлык алышкандай...

---

[23] “Шоколад” фильми (Chocolate, 2005 ж.) “Кадимки эле күмөндүүлөрдөн” (Usual Suspects, 1995 ж.) абдан эле айырмаланып турат, бирок, көпчүлүгүндө кадрлык, сценалык кайталоо бар экендигин тыкан изилдөө ачып жатат.

[24] Башталыш 31:3

[25] Каралаев С. Манас – Т.1. (8185-8192 саптары)

## Кудайга курмандык

Тооратта көптөгөн байыркы пайгамбарлардын баяны чогултулган жана аны көпчүлүк монотеисттик диндер сыйлашат. Пайгамбарлар Тооратта Кудайга курмандык чалган адамдар экени чагылдырылат. Бул көрүнүш кыргыздардын азыркы коомунда да байкалат:

> Анан Жакыб тоодо курмандык чалып, туугандарын тамакка чакырды. Алар тамактанып, тоодо түнөп калышты.[26]

Таңгалыштуусу – чаар китепте[27] жазылгандай кыргыздар да көп учурда түнү менен тоодо түлөө өткөрүп майрамдашат. Бай Жакып деле Жакыб пайгамбар сыяктуу Кудайга кайрылып курмандык чалган:

> «Бир Кудайга зар айтып,
> Бил баштаган нар айтып,
> Мойнуна куржун салынып...»[28]

Кыргыздардын руху жана дүйнөтаанымы Тооратгагы рухий дүйнөгө дал келген сыяктуу тааныштырылат. Кан чыгаруу же курмандык чалуу бул – байыркы элдерге тийиштүү. Пайгамбарлар да, кыргыздар да көчмөн болгонун унутпашыбыз керек. Кандай болгон күндө да бул түз сызыктарды кыргыздар менен пайгамбар түп аталарыбыздын ортосундагы байланыш үчүн көпүрө катары карашыбыз керек.

---

[26] Башталыш 31:54

[27] Батыштыктар ыйык жазууларды чыгыштан алганда "Ыйык китепкана" ("Ыйык библиотека") атка туура которушту, анкени ичиндеги олуялардын колунан жазылган көп майда-чүйдө (чаар) китептер, ырлар, жана каттар бар.  Анан батыштыктар библия дегенге кыскарты.

[28] Орозбаков С. Манас. Кыргыз элинин баатырдык эпосу. – В4 т. – Т. 1./Гл. Ред. А.А. Петросян. – М., Чыгыш литература басмасынын башкы редакциясы "Наука", 1984. –  12 б. (19,20 саптары)

## Аксак Жакып

Кызыгы, Жакыб да, Жакып да аксак болушкан. Ыйык китептеги текст көрсөтөт:

> «Ал жамбашынан аксап, Пенуэлден өтүп баратканда күн чыкты.»[29]

“Манас” эпосундагы Жакыптын жаракаты минтип айтылат:

> Аксакал болгон Жакып бай
> Аксай басып бүгүлүп...[30]

Кудай Жакыб пайгамбардын жамбашына тийип койгон үчүн жамбашы чыгып кетип, аксап калган.

> …Ошентип Жакыб жалгыз калды. Таң атканча кимдир бирөө менен алышып чыкты; күрөштө жеңалбасын билип, ал анын жамбашынын кемирчегин кармап зыян келтирди. Анан айтты: «Мени бошот, күн чыкты». Жакыб айтты: «Мага акбата бермейинче сени бошотпоймун. Сенин атың ким» деди. Ал айтты: «Жакыб». Анда тигил айтты: «Эми сенин атың Жакыб эмес, Израил болот. Себеби сен Кудай менен күрөштүң, сен адамдарды жеңесиң...» Жакыб ошол жердин атын Пенуэл деп атады; «мен Кудай менен маңдай-тескей турдум, ал мени менен сүйлөштү, менин жаным сакталып калды». Ал жамбашынан аксап Пенуэлден өтүп баратканда күн чыкты. Ошондуктан азыркыга чейин Израилдин балдары жамбаштын тарамыштарын жешпейт, анткени, күрөшкөн зат Жакыбдын

---

[29] Башталыш 32:31,32

[30] Орозбаков С. Манас. Кыркыз элинин баатырлык эпосу. – В4 т. – Т. 2./Гл. Ред. А.А. Петросян. – М., Чыгыш литература басмасынын башкы редакциясы “Наука”, 1984. – Т. 2, 20 б. (572-573 саптары)

жамбашындагы тарамышты кармап койгон.[31]

Бул Тooраттагы үзүндүнү "Манас" эпосу менен салыштырганда кыргыз Жакып Жакыб пайгамбарга окшош: Жакып Теңир менен алышып жаракат алгандыгын, ооругандыгын эскерет:

…Кырка турду баарысы,
Жакып баштап карысы.
Кыдырата жанашып,
Кыбылага карашып,
Кол көтөрдү буркурап,
Койдой маарап чуркурап:
"Адил пааша тагы үчүн,
Кайып эрен бак үчүн,
Карып калган чалдардын
Сакалынын агы үчүн
Бербердигер бир өзүң
Бере көргүн тилегим!
Оң колум ойноор кезинде
Сына көрбө билегим,
Сыздай көрбө жүрөгүм!
Бакырып ыйлап бай Жакып...[32]

Жакып эмне үчүн колумду сындырба деп Кудайдан суранат? Эгерде бай Жакып Ыйык жазуулардагы Жакыбдан кийинки түшүнүк болсо, анда ушундай дубаны күтсө болмок. Жакыб пайгамбардын буту Кудай же Кыдырата менен беттешкенден кийин аксады. А Жакып болсо колумду сакта деп суранып жатканга окшойт. Кээ бирөөлөр Жакыптын "Менин оң колум" дегенин – уулу "Манас" деп божомолдошот. Мүмкүн бул эскерүүлөр башка Жакыб менен тааныш болбогон манасчылардын жакынкы күндөрдөгү

---

[31] Башталыш 32:24-32. Кыргыз маданиятын жана легендаларын билгендер, бул Тooраттагы үзүндүдө көптөгөн таң калыштуу этнографиялык материал бар экендигин билет.

[32] Орозбаков С. Манас. Кыргыз элинин баатырдык эпосу. – В4 т. – Т. 2./Гл. Ред. А.А. Петросян. – М., Чыгыш литература басмасынын башкы редакциясы "Наука", 1984. Т. 2, 20 б. (585-595 саптары)

өзгөртүүлөрү... Жакыб пайгамбардын жамбашынын азыркы кыргыздар менен башкача, кызыктуу байланышы бар экендигин билдирет. Пайгамбарлардын колжазмасында мындай баяндалат:

> «Ошондуктан азыркыга чейин Израилдин балдары
> жамбаштын тарамышын жешпейт, анткени,
> күрөшкөн зат Жакыбдын жамбашындагы тарамышын
> кармап койгон».

Израилдин балдарындай эле кыргыздар да койдун жамбашындагы тарамышын жебейт жана эч кимге тамак катары да бербейт. Кыргыздар тамак катары көп деген эттүү, майлуу, тарамышы бар устукандарды жана ич эттерди конокторго тартышат. Четелдиктерге тамак катары пайдаланууга жарабагандай сезилгени менен бирок ушул эле учурда алар эч качан жамбашты тарамышы менен тартпайт. Кыргыздар Куран окуганда аракты жана бычакты алып коюшат. Ошодой эле бычакты белек кылбайт жана башка кишиге эч качан бычак кезебейт. Койдун жамбашындагы тарамышты бычак тийгизбестен, тиш менен алышат. Эмнеге? Кудайдын колу тийген ыйык бөлүк эмеспи?

## Он эки уул жана он эки бөлө

Жакшы көргөн аялы Рахила дагы эки бала Жусуп (Иосиф) менен Бенжеминди төрөгөнгө чейин Жакыб он балалуу болгон. Бул эки кичүү балдары Жакыбдын жакшы көргөн балдары сыяктанат. Пайгамбарлардын колжазмасы он улуу балдарын алдамчы, көралбас, ичи тар бейбаш адам кылып көрсөтөт. “Манас” эпосунда да Тооратгагы он бейбашка окшош он каарман бар. Жакыптын эки аялынын эмес, алыскы жердеги эки агасынын он эки баласы болгон.[33] Орозду агасы он балалуу болгон, баардыгы тең

[33] Ашым Жакыпбектин көзкарашында бул Жакыптын биртууган агалары эмес, абалары болот.

алдамчы, бейбаш. Орозду менен анын он баласы Жакыпка өзгөчө жакшы мамиле кылып, биртууган агасы Байдын жанында жашашкан. Байдын эки баласы Бакай жана Тайлак – “кичүү жана жакшы балдар”. Бул тың, жаш балдар атасынын малын карап, түшүмүн жыйнап жардам беришет, бирок эч кандай киреше көрүшпөйт. Анткени, Ороздунун он бейбаш баласы Байдын тапканын алып коюшат:

Байдын эки баласы
Дүнүйө жыйып шайлаптыр,
Ороз уулу ээ кылбайт,
Мал-башына ээ болбойт,
Тарттырып шору кайнаптыр.
Алыс кетер арга жок,
Тарттырбаска дарман жок.
Байдын Бакайга кеп айтат,
«Балам, уккун - деп айтат, -
Ороз уулу оңбоду,
Койгун десек, болбоду...

Эки балам сен болдуң,
Эмгектүү карган мен болдум.
Ороздунун он уулу,
Ойло, балам, сен муну,
Биздин малды алгандан
Бүткөндүр деймин өз куну!»[34]

Эки баянда тең ушул таңгалыштуу үзүндү сакталат. Пайгамбарлык текстте Жакыбдын он улуу уулу Жусупту ушунчалык жек көрүп, жыйынтыгында аны өлтүрөлү деп чечишкени көрсөтүлөт. Акырында Жусупту саталы деген чечимге келишет, анткени ошол эле учурда акчалай пайда табууну ойлошот. Ыйык китептин кийинки үзүндүсүндө бир курсактан чыккан биртуугандардын «Экөө онуна каршы» турган аракет көрсөтөт:

---

[34] Орозбаков С. Манас. Кыргыз элинин баатырдык эпосу. – /Гл. Ред. А.А. Петросян. – М., Чыгыш литература басмасынын башкы редакциясы “Наука”, 1984. – Т. 1; б. 136, 137 (5813-5822, 5843-5848 саптары)

> «... Жусуп өз биртуугандарынын артынан кетип, аларды Дофандан тапты. Алар аны алыстан көрүп, аларга жакындап келгенге чейин аны өлтүрүү жолун ойлонушту. Бири-бирине айтышты: мына, түшкөргүч келатат,  жүргүлө өлтүрөлү эми, аны бир орго таштайбыз, анан бир жырткыч жеп кетти деп айтабыз; ошондо көрөбүз анын түшүнөн эмне чыгарын… Жусуп өз биртуугандарына келгенде, анын үстүндөгү ар түрдүү түстүү чапанын чечип алышты, анан өзүн орго ташташты;.. ошондо алар кербенди көрүштү… Жөөт (Иуда) өзүнүн биртуугандарына айтты: биртууг革ныбызды өлтүрүп, канын бекиткенде эмне пайда? Жүргүлө Ишмайылдыктарга сатабыз, биздин колубуз булганбасын, ал биздин каныбыз жана биртууганыбыз эмеспи...»[35]

Жакыб пайгамбар баласынын өлгөндүгүн укканда анын “өлүмүнө” кайгырды, анан бүт аракетин кичүү иниси Бенжеминди өлүмдөн алып калууга жумшады. Жусуптун он биртууганы Мисирге нан сатып алыш үчүн келип, Жусуптун иниси Бенжеминди, Жакыб бул биртуугандары менен жөнөткөн жок:

> «Уулум силер менен барбайт, анткени, агасы өлүп, өзү жалгыз калды.  Эгерде силер бараткан жолдо бул да кырсыкка учураса, ак баскан башыма кайгы кошуп, өлгөндөр жаткан жайга жибересиңер.»[36]

---

[35] Башталыш 37:17-28

[36] Башталыш 42:38

Кожо-Кыдыр

Жакып да, Жакыб да “Баардыгынан бийик Кудайга” сыйынышат, экөөнү тең Кожо-Кыдыр колдогондугу жогоруда айтылды. Саякбай Каралаевдин айтуусу боюнча киришүү төмөндөгүчө башталат:

> «Түп атасы Түгөл кан
> Башкы атасы баары кан
> Башынан Кыдыр даарыган
> Түнөп өткөн жерине
> Түптүү мазар орногон...»

Бул баяндоолордо түп аталарды бир гана Кыдыр колдобостон, алардын уктаган жерлери да мазарга айландырылат:

> «Таң эртеде Жакыб туруп, башынын алдына койгон
> ташты алды, аны эстелик катары коюп, үстүнө зайтун
> майын куйду...»[37]

Жакыб ант берип мындай деди:

> «Эгерде Кудай мени баскан жолумда сактап калса,
> жегениме нан берсе, кийгениме кийим берсе, мен бул
> дүйнөдө өз атамдын үйүнө кайрылсам жана Теңир
> мен тарапта болсо, – мен эстелик катары койгон бул
> таш, Кудайдын үйү болот...»[38]

Жакыб пайгамбар уктаган жер Бейтел аттуу түптүү мазар болуп калды.

> «Түнөп өткөн жерине
> Түптүү мазар орногон...»

---

[37] Азыркы күнгө чейин кыргыздар унаага окшогон жаңы буюмдарды майлайт.

[38] Башталыш 28:18-22. Жакыб пайгамбар уктаган жер Бейтел аттуу мазар болуп калды. Бейтелдин мааниси Теңирдин үйү. Бейпил деген сөз ушундан болушу ыктамал.

Ошондой эле Жакып сыйынып дуба кылган мазардын касиетине көңүл буруу маанилүү:

«Мазарды көрсө бай Жакып,
Баркырап ыйлап жалынат,
Бербесе Теңир чарам жок...»[39]

Бай Жакып да, пайгамбар Жакыб да жалгыз калуудан коркот. Бул баяндоолордо алардын Кудайга сыйынышы гана окшош болбостон, андан башка да белгилүү таш жана мазарлар, чоң роль ойнойт. Манас жөнүндөгү Энциклопедиядагы "балбал таш" жөнүндөгү баянда – бул таш тирөөчтөр кыргыздардын ишенимдеринин эң байыркы формасы болуп саналат.[40]

Эки адам тең муктаждыкты туюп, өздөрүнүн Кудайларына толук ишенбеген. Эгерде алардын дубалары кабыл алынса, экөө тең курмандык чалууга ант беришкен. Экөө тең жалгыз калгысы келген эмес. Акырындык менен алардын каалоолору аткарылган. Бул баяндоолордо Кудай алардын тагдырын жеңилдетпейт жана кайгыдан арылтпайт. Ага карабастан Кудай бул адамдар менен сүйлөшкөн. Кудайдын элчилери кандай окшош экендигине көңүл буруңуздар:

«Башынан буу буркурап,
Жаратканга чыркырап,
Ыйлап турду бай Жакып:
"Уктап турсам түш экен,

---

[39] Орозбаков С. Манас. Кыргыз элинин баатырдык эпосу. – В4 т. – Т. 1./Гл. Ред. А.А. Петросян. – М., Чыгыш литература басмасынын башкы редакциясы "Наука", 1984. – 12,13 б. (22-24 саптары). Уолтер Мэйдин котормосу. ЖЧК "Раритет", 2004-ж. Англис котормосундагы колдонулган термин "мазар таш" ("grave stone") "мазар" деген, ыйык жер дегенди билдирген, кыргыз сөзүнүн котормосу болуп саналат. Көрүстөнү же "балбал ташы" жок көп ыйык жерлер бар, ошондуктан англис котормосу так эмес болушу мүмкүн. Бирок, ага карабай, автор бул котормону колдонот, анткени, кыргыздар чын эле көрүстөндүн, балбал таштын алдында жана мазарда сыйынып, куран окушат.

[40] Манас Энциклопедиясы. – т.1. -136 б.

Бул Кудайдын кылган иши экен!”
Ыргып турса түн экен,
Ошол кезде Жакыпка,
Кадыр түн болор түн экен,
Айтып кеткен ошол жан
Кыдырыңдын өзү экен.»[41]

Жакыптын түшүндө Кыдыр “уулдуу болосуң” деген жышаан берди. Тооратгагы каарман-Кудай да Жакыб пайгамбардын түшүнө кирип, анын муундары жөнүндө бата айткан:

> «...Мына, анда Теңир турат, жана айтат: мен Теңирмин, атаң Ыбрайым менен Исаактын Кудайымын. Сен жаткан жерди сага жана тукумуңа беремин; Сенин укум-тукумуң жердеги кумдай болот; деңизге чейин, чыгышка чейин, түндүккө чейин жана түштүккө чейин тарайсың. Сен аркылуу, уругуң аркылуу жер бетиндеги бардык уруулар бата алышат. Эми мен сени мененмин, сен кайда барбагын баардык жерде сактаймын; сени бул жерге кайра кайрыйм, себеби, сага берген сөзүмдү аткармайынча мен сени таштабаймын.»[42]

Эми бул үзүндүнү бай Жакыптын түшү менен кыскача салыштыралы: Жакып жайында жайлоодо Кудайга жалынды, башын ээрдин кашына коюп, түктүү кийим менен жамынып уктап калды. Түшүндө ак сакалчан ыйык адам пайда болуп айтат:

> Жакып жайытка келип, кудайга жалынып, ак каңкы ээрин жазданып, кементайын жамынып уктап кетсе, түшүнө ак сакалчан думана кирди: “Кокуй, Жакып, өйдө тур! Бүгүн уулдуу болосуң. Атын Манас кой. Манасың көк жал шер болот, телегейи тең болот,

---

[41] Каралаев С. Манас - т.1. (3846-3853 саптары)

[42] Башталыш 28:12-5

> Кожосан колдойт, кырк чилтен жөлөйт. Бүгүн кула бээң кулун тууйт, шер уулуң казатка минээр артык тулпар ошол. Балаң он экиге чыгып[43] эрезеге жеткиче, ордолуу кыргызга баш болуп кеткиче, уулумдун аты Манас деп бир адамга билгизбе. Манастын аты мындан жети жыл мурда Какандын[44] даңазасына чийилген." Муну айтып, думана көздөн кайым болду.[45]

Кудайдын каарманы эпосто адам катары берилет, бул Кыдыр Жакып менен сүйлөшөт, ошондой эле жогоруда көрсөтүлгөндөй ыйык жазуулардагы Кудайдын каарманы сыяктуу күрөшөт.

Эки Кудай-адам (ж.б. Кудай болгон адамдын кебетесинде) тең Жакып жана Жакыб менен сүйлөшүп, тукумдуу болууга сөз беришет.

## Мамре жана Мамыр

Эки көчмөндүн башчылары тең Мамре же Мамыр аттуу жерге убактылуу конушат. Манас эпосунан окуйбуз:

> «Кайта келди элине
> Мамырдын Сары чөлүнө,
> Айдың-Көлдүн жээгине,
> Бай Жакып конгон жерине
> Баары келип калганы.»[46]

---

[43] Кээ бир окурмандар бул бетте библиялык аспекттерин байкашат: "Балаң он экиге чыгып, эрезеге жеткиче, ордолуу кыргызга баш болуп кеткиче, уулумдун аты Манас деп бир адамга билгизбе." Бул жерде Манас периштенин баласы дагы, Жакыптын баласы дагы болуп турат, так ушундай, Исаны "Эң Жогоркунун баласы" деп атаган жана ошол эле учурда Жусуптун баласы деп эсептелген. Ушул себептен эки баяндаманын тең ар биринде болочок Манас менен Иса каармандарын Теңируул деп аташат.

[44] "Какан" деген китеби эмне экенин билбейм

[45] Мамбетакунов, К. Айкөл Манас. – Бишкек: Кыргызстан,1995.-13.б., жана Каралаев С. Манас – Т.1.-51,52 б

[46] Орозбаков С. Манас. Кыргыз элинин баатырдык эпосу. – В4 т. – Т. 1./Гл. Ред. А.А. Петросян. – М., Чыгыш литература басмасынын башкы редакциясы "Наука", 1984. – 206 б. (9089-9092 саптары)

Пайгамбарлардын чар жазууларынан мындай окуйбуз:

> «...Жакыб атасы Исаакка Ыбрайым менен Исаак
> жашаган Мамрейге, Кирийит Арбага, башкача
> айтканда, Хебронго келди.»[47]

Бул эки баяндамада Мамре жана Мамыр деп бир эле жер, бир эле Жакып жөнүндө айтылып жатышы мүмкүнбү?

## Торко тон

Чапанды белекке тартуулоо – көчмөндөрдүн маданиятында Батышка караганда бийигирек бааланат. Жакыб да, Жакып да өздөрүнүн өзгөчө балдарына кийим тартуулаган.

> Ысрайыл (Жакыб) Жусупту башка уулдарынан да
> өзгөчө жакшы көрчү, анткени ал карыганда көргөн
> уулу эле, - ошон үчүн ага кооз кийим тиктирип
> берди.[48]

Бул жөнүндө кыргыз эпосу да айтат: карыя Жакып баласы Манаска өзгөчө кийим тартуулайт:

> «Бизде дүнүйө далай, бала жок,
> Өлгөндө көргөн бул бала
> Тентегин тыяр чара жок.
> Торко тон кылдым кийгизгин...»[49]

Бул эки “сүймөнчүк бала” тең Жакып менен Жакыбдын карыганда көргөн балдары болуп, торко тондуу болушту.

---

[47] Башталыш 35:27 (белгилөө автор менен кошулган)

[48] Башталыш 37:2-3

[49] Каралаев С. Манас - 169 б.(5440-5443  сaптары)

## Небересин багып алуу

Кыргыз чоң ата, чоң энелери көбүнчө тун небересин багып алышат. Дал ушундай эле Жакыб пайгамбар да өз небереси Манасияны (Манашени) багып алган.[50] Таңгалыштуусу, баланын аты "Жакыб уулу Манасия" "Жакып уулу Манаска" аябай окшошуп кетет. Эгерде биз Манасия уруусунун тарыхы Улуу Жибек-Жолунда бүткөндүгүн эстесек, анда бул "окшошуунун" таасири күчөйт, анткени, ошол эле аймакта Манас эпосу башталган.[51]

## Жыйынтык

Мындай окшошуулар өзүнчө эле толкундоолорду жаратат, бирок контексттеги ачылыштардын туруктуу сызыктары, элдин аң-сезиминдеги терең укмуштуу, табышмактуу дүйнөнү ачат, ыйык китепке чоң маани бербеген эл катары өзүнүн тарыхын чагылдырат. Жакыб менен Жакыптын бир адам болгондугун ачып берүүгө бизде азыр маалымат жетишпейт, а эки адам бир булактан пайда болгону ынанымдуу. Бул жерде көрсөтүлгөн маалыматтардын негизинде: Жакып менен Жакыбдын ортосунда эч кандай байланыш жок деген бир жактуу пикирге келалбайбыз. Эгерде эки адам чынында эле бир булактан тараса, демек, эпостон дагы башка каармандарды Тооратгагы ысымдар, сюжеттер, мүнөздөр менен салыштырса болот...

Ооба,  сулуулар Рабига жана Ребекка менен тааныша турган ыңгайлуу учур келди…

---

[50] Башталыш 48:1-6.

[51] 1 Жылнаама 5:23-26



## Рабига жана Ребека

Мурда Жакыб пайгамбар менен кыргыз атасы Жакыптын окшоштуктарын белгилеген элем. Азыр да окшош жагдайларды салыштырып талдоону улантмакчымын. Рабига менен Ребека өтө сырдуу айымдардан болушкан. Сөзүмдү Тооратагы Жакыбдын апасы Ребеканын Ыскак пайгамбарга

турмушка чыкканга чейинкисинен баштасам, Ыскак кыркка чыкса да, никелүү болгон эмес. Ошондуктан, Ыскактын атасы Ыбрайым пайгамбар анын кызыкчылыгын өзү чечүүгө киришти:

> «Ыбрайымдын карылыгы жетип, жашы эңкейип калган. …үйүндөгү бүт нерселерин башкарган баарынан улуу кулга Ыбрайым мындай деди: … уулума мен жашаган ханаандыктардан кыз алып бербейм, Теңир алдында, асман жана жер Кудайы менен мага ант бер дегин… менин өз жериме, өз мекениме барып уулум Ыскакка аял алып келесиң.»[52]

Кыргыздардын сөөк жаңыртуу деген үрп-адаты сыяктуу Ыбрайым да өзүнүн кызматчысын алыскы жердеги туугандарынан колукту таап келүүгө жөнөттү.

> Анан кулу өз мырзасынын төөлөрүнөн он төөнү алып, …Месопотамиядагы Нахордун шаарына жөнөп калды. Ал кеч кирер алдында шаар четиндеги бир кудуктун жанына төөлөрүн токтотту, бул учурда аялдар суу алганы чыгышчу. Анан «Теңирим, Ыбрайым мырзамдын Кудайы! Мага бүгүн ийгилик бер жана да, Ыбрайым мырзама ырайым кыла көр... Ал жалбарып сүйлөп бүтө электе, ийнине кумара көтөргөн Ыбрайымдын агасы Нахордун аялы Милкадан төрөлгөн Вафуилдин кызы Ребека көрүндү. Кыз татынакай, эркек тааный элек бийкеч эле. Ал кудукка келип, кумарасын толтуруп алып, жогору көздөй жөнөдү. Ошондо кул анын алдынан чуркап чыкты да: Кумараңдагы суундан мага кичине ичирчи? – деди. Кыз: Ич мырзам, - деп ийниндеги кумарасын колуна алып, ага сунду. Ал ичип бүткөндөн кийин кыз ага: мен төөлөрүңө да, кангыча суу сузуп берейин, – деди. Ошол замат кумарадагы суусун аштоого куя салып, кудукка кайрадан чуркап барды да, анын баардык төөлөрүнө суу сузуп берди.

---

[52] Бытие 24:1-4. Кашаа автор тарабынан кошумчаланды. Ар бир кыргыздын өз уулун үйлөндүрүүдөгү дагы бир милдети так эле ушул Ыбрайым сыяктуу экендигине көңүл буруңуздар.

> Ал киши сапарына Теңир ыраазылыгын берген-бербегенине акыл калчаган боюнча, унчукпастан кызды таңдана карап турду. Качан гана төөлөр суу ичип бүткөн соң, тигил адам салмагы жарым шакел чыккан алтын шакекти жана салмагы он шакел эки алтын билерикти кызга сунуп, минтип сурады: Сен кимдин кызысың? Айтчы мага, сенин атаңдын үйүндө биз түнөй турганга орун барбы? Кыз айтты: «Мен  Нахор менен Милканын уулу Бетуелдин кызымын». Анан да минтип кошумчалады; бизде жем-чөп жетиштүү жана түнөгөнгө да орун бар. Ошондо ал киши тизе бүгүп Теңирге табынды. Ыбрайым мырзамдын Кудайы Теңириме алкыш! … Теңир мени түптүз эле мырзамдын биртууганынын үйүнө алып келди. Бийкеч жүгүргөн бойдон келип бул тууралуу апасынын үйүндөгүлөрүнө айтып берди. Ребеканын Лаван аттуу биртууган агасы бар эле. Ал кудукту көздөй алиги кишиге чуркады. Лаван карындашынын колундагы шакекти жана билерикти көргөндө…

Ушул жерден Лавандын туугандыкка эмес, дүнүйөгө болгон дилгирлигине көңүл буруңуздар. Ал ачкөз эле. Лаван деген акырында Ыскак менен Ребеканын уулу Жакыбды жалдап иштеткен адам. Аңгемебизди улантабыз.

> “Ал айтты; Мен Ыбырайымдын кулумун. Теңир менин мырзама батасын аянбастан бергендиктен ал улуу адам болду; Ал ага кой менен өгүздү, алтын менен күмүштү, кул менен күңдү, төө менен качырды да берди. Мырзамдын аялы Саара картайып калган чагында аны уулдуу кылды. Менин мырзам уулуна өзүндөгү болгондун баарын берди”.

Ыбрайымдын кызматчысы аларга өзүнүн Ребека менен болгон жолугушуусун жана да Кудай анын сыйынуусуна жооп кылганын айтып берди. Анан ал

сураныч ирээтиндеги кайрылуусунда Искакка турмушка чыгуу үчүн Ребеканы алып кетерин айтты.

> "…Менин мырзама ырайым жана акыйкаттык кылайын деген ниетиңер бар же жок экенин мага азыр эле айтыңыздарчы? Анан да айтыныздар, мен оңго же солго бурулуп кетейин. Лаван менен Батуил жооп кайтарышты: Бул иш Теңирден, биз сага жакшы же жаман деп айта албайбыз. Мына, Ребека алдында турат. Аны алгын да жөнө, болуптур, Теңир айткандай ал сенин мырзаңдын уулунун аялы болсун! Булардын сөзүн укканда Ыбрайымдын кулу жерге чейин ийилип, Теңирге тайынды. Анан кул алтындан жана күмүштөн жасалган буюм-тайымдарды, кийим-кечелерди алып чыгып Ребекага берди. Анан анын агасын да, энесин да баалуу белектерден кур калтырган жок".

Бул калың берүү салты ушул күнгө чейин көптөгөн чыгыш өлкөлөрүндө уланып келет. Мунун ичинде кыргыз эли да бар.

> "Ошентип ал жанындагы кишилери менен ичип-жеп, конок болуп түнөп калышты. Эртең менен турушканда кул аларга; – Эми мени мырзама коё бергиле? – деди. Бирок, кыздын агасы менен энеси; – Кызыбыз биз менен жок дегенде он күн болсун, анан деле барат – дешти. Кул айтты; – Мени кармабаңыздар, Теңир менин жолумду ачкан, мени коё бергиле, мен мырзама кетейин! Алар; – Бийкечти чакырып сурайлы, ал эмне дээр экен, – дешип Ребеканы чакырышты да, андан; – Бул адам менен барасынбы? – деп сурашты. Кыз – Барам – деди. Ошондо алар өздөрүнүн карындашы Ребеканы узатышты..."[53]

---

[53] Бытие 24

Эми биз Ребеканын тарыхын Рабиганын тарыхы менен салыштырабыз. Манастын аялы Рабийга (Каныкей деген ат менен белгилүү) Букарадагы тажиктерден алынган, мүмкүн ал кыргыздар менен туугандык байланышы бар уруудан болгондур. Себеби, Жусуп Мамайдын вариантында 20000 түтүн кыргыздар Букарага көчкөндүгүнөн башталат. Бир нече саптан кийин Жакыптын айрым туугандары көчүүнү улантат.

Ороздунун он уулу,
Атасынча боло албай,
Жон туташып бир туруп,
Кайрат-каруу кыла албай,
Кыдырып көчүп тарашты.
Адыбай, Көлбай, Ташбайлар,
Көчүп кетти Букарга,
Энесайда туралбай.[54]

Рабийганын кандайча тажиктерден алынып калышына Рабийганын тарыхы жөнүндөгү төмөнкү саптарда каралган:

Кызылтайды кыргыздан,
Кыйнап айдап көчүрдү,
Караштуу элин калтырбай,
Жыйнап айдап көчүрдү,
Алып барып Музтоого,
Тажикке кошуп жиберди,
Кыргыз менен тажикти,
Кыпчак калмак ээледи.[55]

Кыргыз жана тажиктер бирге сүрүлдү. Азган-тозгон (миграция) кыргыздар Бухарада жашаган. Биртоп убактан кийин Жакып Манаска аял алып берүү үчүн Букарадагы тажиктерге жардамчысын жөнөттү.

---

[54] Мамай, Жусуп; Кыргыз элинин тарыхый эпосу - МАНАС, айтуучу: Жусуп Мамай. (Шинжиаң Эл Басмачы, XingJian People’s Publisher, Urumchi, China, 1995) б. 5,7

[55] Мамай, Жусуп; Кыргыз элинин тарыхый эпосу - МАНАС, айтуучу: Жусуп Мамай. (Шинжиаң Эл Басмачы, XingJian People’s Publisher, Urumchi, China, 1995) б. 8

– Кана, балам Абдылда,
Алыска барып кайтуучу,
Сенден башка кимим бар?
Кичи пейил жан элең,
Эрдик кылып өзүң бар.
– Барбасам көөнү калат деп,
Тил албасам уят деп… –
Бай Жакып жумшап Букарга,
Бармак болду Абдылда.[56]

Манастын буга чейин эки аялы болгон. Бирок, тилдүү аялдары Манастын өзүн гана эмес, жакын адамдарын да кубандырган жок. Манас изги колуктуга үйлөнүп, чыныгы үлпөт тойду каалагандыктан – атасы Жакып Абдылданы Букарадагы тажиктерге аттандырды. Абдылда барган жеринен көп жерде Рабийга аталган чырайлуу ханыша Санирабийганы тапты (С. Орозбаковдун вариантында Жакып өз уулуна кыз издеп, аттанды. Жакып Таластан баштап Бухара тажиктерине чейинки сапарда жүрүп, акыры сулуу ханыша СаниРабиганы тапты).

Рабига ашкан сулуу, токтоо, илбериңки, өзүнө ишенген, чечкиндүү, кайраттуу, эмгекчил жана акылдуу болот. Кыздын атасы Бухаранын башчысы болгондуктан, ал өз кызын көчмөн малчыларга бергиси келген эмес. Манас Бухарага кечирек келип, акыра СаниРабиганын купулуна толду. Алар үйлөнүп, кайрадан Таласка келишти. СаниРабига Каныкей деген атка конуп, ишенимдүү аялдыкка татып, Манастын эл башкаруусундагы акылгөй айымы жана чыныгы жардамчысы болуп калды.

[56] Мамай, Жусуп; Кыргыз элинин тарыхый эпосу - МАНАС, айтуучу: Жусуп Мамай. (Шинжиаң Эл Басмачы, XingJian People’s Publisher, Urumchi, China, 1995) б. 110

Кийинки бөлүкчөбүз «Манас» эпосунун кыскача жазылмалары менен коштолот. Орозбаковдун вариантынан алынган Манас менен Рабиганын мамилесинен кыскача үзүндү:

«Атаңызга мал берип,
Айры менен нар берип,
Алтын, күмүш зар берип,
"Атың Рабийга" - деп,
Алганы келген мен Манас!»[57]

Ыскакка да, Манаска да ортомчулар Рабига же Ребека аттуу кызды табыш үчүн алыскы өлкөгө жөнөштү. Эки ата тең Ыбрайым менен бай Жакып өз уулдарына жакын аймактагы уруулардан кыз алууну каалашкан эмес. Колуктулардын экөө тең табиятынан окумал, сулуу жана акылдуу болушкан. Олуттуу айырмаланган көрүнүштөр: Жакып пайгамбар, Ыскак менен Ребеканын биригүүсүнүн натыйжасы болсо, ал эми кыргыздын бай Жакыбы, Манас менен Рабиганын табышуусун уюштурган. Тарыхтын бир окуясынын варианттары кээде өтө эле айырма берсе, кээде алар окшош көрүнөт.

## Мүнөз

Мурда биз Жакып менен Жакыбдын мүнөздөрүн жана алардын өз элиндеги орду туурасында салыштырганбыз. Азыр Рабига менен Ребеканын окшош чийиндерин жана арбир баяндамадагы алар жараткан ролдордун окшоштуктарын көрүп турабыз. Эки жакта тең өз кыздары үчүн кандайдыр бир калың алып калууну көздөгөн зыкым эркектердин образдары жатат.[58]

[57] Орозбаков. С. Манас. Кыргызский героический эпос. – В 4 т. – Т. 2./Гл. ред. А.А. Петросян. – М., чыгыш адабияттары басмасынын башкы кеңсеси "Наука", 1984. – 293-бет (13398-13402-саптар). Автордун котормосу.

[58] Ребекада чындыгында эле анын агасы Лаван турган.

Ребека менен Рабиганын бир гана чоң айырмаланып турган жери бул – алардын сунуштарга берилген жооптору менен бүтөт. Чаар китептеги Ребека бат эле макулдугун билдирет. Анын жообу жашоосуна маанилүү бурулуш болор алдындагы бачым чечим кабыл алган көптөгөн кыргыз кыздары менен типтүү. Экинчи жактан Рабиганын жообу: али эркекти билелек үчүн – ал өз жашоосун өзгөртүүгө дароо макул боло койбогон батыш кыздарына жакын.[59]

ДНК байланышы

Келиңиздер, кайрадан Ребеканын тарыхын эске салган «туугандык» темасына көз чаптыралы. Ыбрайым пайгамбар «сүннөткө отурбаган» коңшу уруулардан эмес, алыскы өлкөдө жашаган туугандарынын арасынан келин издеди. Ал өзүнүн кызматчысын өз туугандарынын өлкөсүнөн татыктуу келин таап келүү үчүн жөнөттү.

Жакып да татыктуу келин табыш үчүн Бухарадагы тажиктер арасына чейинки кең аймакты басып өттү. Тажиктердин туугандык катышы тууралуу эпостун эч жеринде айтылбайт. Мен эч качан кыргыздар арасынан кимдир бирөөдөн тажиктер менен алыскы туугандык байланышы бардыгы жөнүндө айтканын укканым жок. Тажиктер кебетеси, сүйлөгөнү жана өзүн алып жүрүүсү боюнча кыргыздардан айныксыз айырмаланып турат. Бирок доктор Спенсер Уеллстин кечээ жакында берилген изилдөөсүндөгү евразиялык Y-хромосому кыргыздардын монголдорго, казактарга, өзбектерге же болбосо, башка коңшу урууларга караганда айрым тажиктер менен алдаканча туугандык байланышта экендигин көрсөткөн. Ишкашимдик тажиктерде да, кыргыздарда да калктын 60%дан ашыгы Rlal Y-хромосомун алып жүрөт

---

[59] Орозбаков. С. Манас. Кыргызский героический эпос. – В 4 т. – Т. 2./Гл. ред. А.А. Петросян. – М., чыгыш адабияттары басмасынын башкы кеңсеси “Наука”, 1984. – 292-бет (13358-13502-саптар).

(ушул хромосомдун дагы бир аталышы M17).[60] Ошонүчүн көчмөн-пайгамбарлар алыскы өз туугандарынан Ребеканы алгандай, кыргыздын Жакыбы да чындап эле Рабийганы туушкандарынан алышы мүмкүн. Эпосто ал тургай, кыргыздар менен тажиктердин ортосунда тилмеч болгондугу да айтылбайт.

## Эмне болду?

Бул маалыматын негизинде теорияны кантип курууга болот? Ребеканын тарыхында болгон «туугандык» курамдар Рабиганын тарыхында көрсөтүлбөйт, бирок, заманбап генетика, Рабига да тууган болушу мүмкүн деп Ыбрайымдын принцибин колдойт. Акылга салганда төрт версия туура келет: биринчиси, бул балким жөн гана окшоштук. Экинчиден, Жибек-Жолунан туткундалып кеткен Манасенин урууларынын арасында кеч да болсо Ребеканын баяны сакталып калышы мүмкүн. Туушкандары менен боордоштук байланышын жоготкон Лаванга окшоп, балким, шартка ылайык өз жакындарынын катнашы башка туугандык катташуулар менен алмашылып кеткен тажиктер сыяктуу кылымдар өткөн сайын алардын легендаларында да өзгөрүүлөр болушу мүмкүн. Дагы бир нече кылымдар бою кыргыздар түрктөр менен аралашканда, өздөрүнүн перс тилдүү тажиктер менен болгон туугандык катнашын эсинен чыгарып, бирок, акыл тереңинде жаткан Ребека, тажик кызы болуп Рабиганын тарыхынын көрүнүшүндө сакталып калышы абзел. Ошондуктан, туугандык байланыштын элементтери эпостон түшүп, бирок, тажик аспектиси калган.

---

[60] Уеллс. С., Юлдашева, Н., Рузыбакиев, Р., ж.б. Евразиянын жүрөгү: континенталдык өсүш жана Y-хромосомунун айырмачылыгы. – Америка Кошмо Штаттарынын Улуттук илимдер академиясы. – Т. 98. №18 (2001-ж. 28-август). – С. 10244-10249.

Үчүнчү версия: балким, кыргыздын өзүнүн окшош тарыхы болгон жана тарыхты көбүрөк ыйык китептегидей көрсөткүсү келген кайсы бир Тооратты билген жомокчу же манасчы аны коррекциялап коюшу мүмкүн. Же тескерисинче, кыргыздын варианти Тооратка сиңип кеткен.

Эми төртүнчү версиясында: балким, тарых чындап эле кайталанат жана эки тарых тең чындыгында кандай жазылган болсо ошондой болгон. Ушундай же башкача байланыш ачык көрүнүп турат.

## Букара

Көпчүлүк окурмандар Букараны Рабиганын өз шаары экендигине көңүл бурат, өздөрүнө белгилүү болгондой еврей коому Букарадагы эң байыркы элдердин бири саналган. Алсак, букаралык еврейлер «еврей» аталганы менен алар балким таптакыр Жөөттөрдүн тукумунан эмес. Жакып уруусунун башка бир муундары Исахар менен Нефалимдин тукумдары болушу ыктымал.[61] Исахар менен Нефалим Израил түндүгүндө, Ассириянын чачыратуусуна учураган Манасе уруулары менен чогуу жашаган. Бирге туткундалган башка уруулардын кайсыл аймакка таркатылганын Манасе уруусу билгендир. Эгерде Нефалим менен Исахар Букарага алынган болсо, анда Манасе тукумдары букара коомуна тил жагынан, бөтөн же өздөрүнүн башка коңшуларындай каапыр болуп эсептелинбейт эле. Жакыптын татыктуу келин табуусуна Букара эң жарашыктуу шаар болмок.

Ушул жерден кийинкисин айта кетсем: айрым уруулар, мисалы, Ооганстан жана Кашмирдеги Патандар Израил урпактары менен кээ бир жактарында

---

[61] Слоам, Джоанна. Бухаралык еврейлер. – Виртуалдык еврей китепканасы: 2008.
Бир мезгилдерде Букара кыргыз аймагынын бөлүгү болсо керек? (Манас энциклопедиясы, Т. 1, 160-б).

байланыштары бар. Бирок мен кыргыздардын ичиндеги кимдир бирөөдөн израилдиктер менен мүмкүн болгон байланышты олуттуу эскергенин эч уккан эмесмин. Жана да мен 1995-жылы бир гана Жаныбек Жаныбактын Манас еврей болгон деген статьясынан башка, эч жерден окуганым жок. Олуя-пайгамбарлар менен болгон кыргыздардын байланышуусун далилденбеген кыпчак уруусундагы айрым көрсөтмөлөрдөн башка эч кандай мурунку материалдардын же традицияда айтылгандардын арасында болгон жокмун. Кыргызда «еврей» аталган саяк уруусу бар, бул аталыш жалпы көнүмүш адатка айланган мүнөздөөгө (стереотипных характеристиках) тамырлаш, бирок, ал оозеки айтымдарга, тарыхка же адабиятка негизделбеген саяктардын байкагычтыгы жана орчундуу жетишкендиктери. Оогандык жана кашмирликтерден айырмачылыгы жагынан кыргыздар израилдиктер менен тарыхый оозеки байланышта эмес деп ишенимдүү айтсак болот.

## Карл Юнг

Карл Юнг (1875-1961) «жамааттык бейэс»[62] (коллективного безсознательного) теориясын иштеп чыккан, швейцариялык психиатр, ал жамааттык бейэс же жамаат дили деп аталган, арбир адамда расага баш бербеген терең деңгээлдеги акыл жоготуу жүрөрүнө кошулган. Юнгдун айтканы боюнча: бул жамааттык бейэс – кудайдагы ой түзүлүштөрдү жана кадимкиден жогорку күчтү камтып, бүт адамдарга терең тамыр аркылуу келет.[63] Сынчылар менин изилдөөлөрүмдү Юнгдун версиялары менен көп тогоштурат, анткени, анын жамааттык бейэс жөнүндөгү теориясы кыргыз баатырлары менен

[62] «Жамааттык бейэс» же «эстүүлүктү жоготуу» термини жөнөкөйлөнүп тез-тез эле «акыл алдында» же «эстүүлүктүн далдасында» болуп туура эмес алмаштырылат. Фрейд менен Юнгдун теориясындагы терминдин туура котормосу «эстүүлүктү жоготуу» болуп саналат.

[63] Юнг, К.Г. Архетиптер жана жамааттык бейэс. Т.9 ч. 1–2-е изд. – Принстон, Нью Джерси: 1981.

пайгамбарлардын ортосундагы толгон-токой окшош тиричиликтик себептерге булак болуп берет. Бул сынчылар: эки чыгарманын тең айтып берүүчүлөрү, жамааттык бейэстен эркиндикке жетип, жалпы архетипке жетелеген деген ойду баса белгилейт. Мисалы, жүрүп-жүрүп акыр аягы төрөгөн тукумсуз эненин образын, ыйык китептен да, ошондой эле кыргыз эпосунан табууга да болот. Юнг башка-башка этникалык традициялардын ортосундагы кеңири жайылтылган мындай ырааттуулукту жана бул маанилүү архетиптердин пайда болушун адамзаттык эстүүлүктү жоготуунун бөлүгү деп белгилейт. Анын теориясы кызыктуу, бирок, биздин жагдай менен келишпейт. Окшош тарыхтагы дал келген Жакып менен Жакыб (Иаков), Манас менен Манассия, Рабига менен Ребека, Мамир менен Мамре, Ханаан менен Канаан, Орго менен Ог ж.б. ысымдары даана эмес жамааттык бейэстин курамына кошулбайт.

Юнгдун теориясы маданияттын салыштырмалуу анализи үчүн кызыктуу ылайыктарды көрсөттү, бирок, анын көзкарашы байыркы доордогу адамдардын улуу көчүн байкоодо (отслеживать) колдонулуучу Y-хромосому генетика илиминде бекилип жатканда иштелип чыккан. Бул байыркы миграция археологдордун мурдагы сунуштарынан бир канча эсе кеңири. «Манас» эпосу менен пайгамбарлар бичик жазуусунун ортосундагы окшоштуктарды издөөдө, Юнгдун эскирген теориясына караганда, жакында ачылган «байыркы миграция» көрсөтмөлөрү алда канча өйдө айтып берет. Биздин каралган даана байланыштарыбыз, эскирген архетиптик белгилер жана жамааттык бейэс концепциясы менен жөн гана бирикпейт.



## Манас жана Компания

“Манас” эпосу кыргыз маданиятынын туу чокусу эсептелет. Мурунку докладдарымда Манастын атасы Жакып менен ыйык жазуулардагы Манасенин чоң атасы Жакыбдын жана да Рабийга менен Ребеканын ортолорундагы байланыштарды иликтегенбиз. Бирок, эпосто биз таанышa

турган дагы көптөгөн инсандар жана баатырлар жолугат. Эмесе, бөлүгүбүздү Манас баатыр менен баштайбыз.

## Ыйык Жазуулардын Манасы

Биздин иликтөөлөрүбүздүн башаты Тоораттагы Манасе жөнүндө айтылган аңгемеден башталат. Анда Жакыптын улуу он баласы анын он биринчи уулу Жусупту египеттиктерге кулчулукка сатып жиберет. Өз кезегинде ошол Жусуп Египетти башкарган экинчи адам болуп калат. Анын египеттик аялы алардын тун уулун төрөгөндө Жусуп ага "унутууну берди" деген маанини билдирген Манасе деген ат койду. Себеби, Жусуп улуу биртуугандарынын өзүнө кылган баардык жамандыктары менен кылыктарын кечирди жана Манасе төрөлгөндө унутту.

Көптөгөн Индия элдеринин тилдеринде "жүрөктүн аруулугу менен таза ойдун шайкештиги"[64] дегенди түшүндүргөн "Манас" же "Манаса" деген сөз бар. Мындай түшүнүктү мен Тооратагы "кечиримдүүлүк жана унуткаруучулук" дегендин акыл тереңинде өркүндөтүлгөн сыпаты катары карасак болот деп эсептейм. Бичик жазуудагы бул терминология кандайча Индияда пайда болуп калды? Бул суроо азыркы ишибиздин чегинен чыгып кетет. Ошондуктан, бул теманы калтыруудан мурун кыргыздардын башкы Y-хромосому (R1a1 же M17) Индиядан да табылганына көңүл бурбай коё албайбыз.[65]. Демек, биз а балким, Манас уруусу менен индиялыктардын ортосундагы байланыштарга кызмат кылууга арзырлык дагы бир негизги

---

[64] Жеке интервью. Бангалор, 2005.
Ыйык адам катары кароо үчүн Католиктер, "Мария Гореттиге окшогон адамдар "жүрөктүн аруулугу менен таза ойдун шайкештигин" алып жүрөт" деп белгилешет. 1902-жылы Мария Горетти өлүп атканда өзүн өлтүргөн канкорду кечирген. 1950-жылы ал котоликтер үчүн ыйык адам катары каралып калды.

[65] Semino, Ornella, et al, "The Genetic Legacy of Paleolithic Homo sapiens sapiens in Extant Europeans: A Y Chromosome Perspective" (Science Vol. 290, 10 November 2000)

түшүнүгү “айкөлдүктү” туюндурган Манаса же Манас деген аталышты таптык.

Эгер кыргыз баатыры Манас аталбаганда мындай байланыш эч кандай ойго түртмөк эмес. Жогоруда көрсөтүлгөндөй индиялыктар менен тоораттагы Манас жана Манасенин берген түпкү түшүнүктөрү жетиштүү деңгээлде даана аныкталган бирок, кыргыздар өз баатырынын аты эмне маани берерин ар кандай айтып талашып келет. Кээ бир кыргыздар Манас “Асман” дегенди билдирет десе, калган көпчүлүктүн чечмелөөсүндө “кең пейил” делет. “Кең пейил Манас” дегенди билдирген элдик аты “Айкөл Манас”. Ушундай бир ай алдында жаркып турган көрктүү - кенен көл, пейилдин кеңдигин туюндурган, тактап айтсак “Айкөл” бул - “Айлуу көл”. Буга мисал катары Манастын кең пейилдигин эпостон алсак болот. Манас өзүнө каршы аттанган алты ханды кечирген жана аларга жакшылык кылган.

Чаар китептеги (пайгамбарлар колжазмасындагы), индиялыктардагы жана кыргыздардагы “Манас” же “Манасенин” түпкү мааниси кең пейилдикти, айкөлдүктү ошондой эле кечиримдүүлүктү билдирген бирдей түшүнүктүн тамырын кармап турганы таңгалыштуу.

<u>“Манасенин” “МАНАС” болушу</u>

Ыйык Китепте бул מְנַשֶּׁה - “Манаше”, башкы еврейче “Менае” жана “самаритяндык еврейче “Манач” болуп окулат. Кыргызда адам аттары дээрлик үндүүлөр же жумшак тыбыштар менен бүтпөйт. Ошондуктан “Менаше” самаритяндыктардын “Манач” дегенине окшош болушу мүмкүн. Же “Менаша” дегендин үчүнчү мууну каткалаң үнсүз менен бүтүшү мүмкүн, мисалы; “Менашат”.

Кыргыз тилинин үндөштүк мыйзамы (сингармонизм) боюнча басым экинчи муунга коюлат. Ошондуктан “Менаш” негиздүү түрдө “Манаш” болуп калышы түшүнүктүү.

Этимологиялык көзкараш менен алганда “Ш” жана “С” тыбыштары бирине-бири бат-бат алмашылып колдонула берет. Бул эреже чаар китептеги (библиадагы) урууларда да сакталган.

> Анда гилаттыктар ага: “Шибболет” деп айт” - дешчү. “Шибболет” деп айта албай, “Сибболет” деп айткан адамды гилаттыктар Иордан өткөөлүндө өлтүрүп салышчуу...[66]

“Ш” тыбышын айта албаган айрым урууларда “Манаш”, “Манас” болуп айтылмак. “Менашенин” “Манас” болуп өзгөрүлүүсү этимологиянын жөнөкөй эрежелерине ылайык.

Керек болсо 3000 жыл өтсө да бул сөзгө алынып жаткан негизги фигуранын ысымы, лингвистиканын табигый мыйзамдарына дал келбеген өзгөрүүлөргө дуушар болгон эмес. Балким бул Жакыптын уулу Манас да чаар китептеги жоголгон элдердин байыркы бабасы болгон, өз тукумунун башчысы Жакыб уулу Манасенен чыкканынын кошумча күбөсү болуп жүрбөсүн…

Мындан сырткары чаар китепте “Манасе Жакыбдын уулу” делип баса белгиленип айтылбайт. Мындай аталыш качан гана Жакып небереси Манасени өз уулдарынын катарына кошкондон кийин пайда болгон. Төмөнкү бөлүкчөдө Жакып өз уулу Жусупка мындай деди:

---

[66] Пайгамбарлардын колжазмасынан Башкаруучулар 12:6. Белгиленген кара сызык автор тарабынан коюлду.

> «...сенин Мисир жеринде туулган эки уулуң -
> Эпрайым менен Менаше эми менин уулдарым болот,
> Рубейин менен Шымон сыяктуу эле булар меники
> болот. Сенден төрөлө турган, булардан кийинки
> балдар сеники болот.»[67]

Көптөгөн кыргыздардай болуп Жакыб небересин өз баласындай асырап алды. Ошондуктан Манасе эми “Жусуптун уулу Манасе” болбойт. Эми ал “Жакыптын уулу Манас” деген ысымга, “Жакыбдын уулу Манасе болуп даана этимологиялык жактан биригип калды. Бул чаар китептеги каарманды Орто Азиянын эпосунда табылуусунан улам, керек болсо ыйык китепке башоту менен каршы чыккандар да, көчмөн кыргыздар менен тооратдагы байыркы көчмөндөрдүн ортосунда кандайдыр бир байланыштар болгонун моюнга алышат. Кыргыздар “Тегин жерден өрт чыкпайт” дешет. Сөзсүз мындай окшоштуктардын себептери болуш керек.

Христиандар менен жөөт-иудалар улуу жибек жолу менен ар кайсыл мезгилдерде пайда болуп турушкан. Эгерде кыргыздар көп кылымдар мурда христианчылыкка же иудаизмге кайрылган болсо, анда алар пайгамбарлардын жашоосундагы айрым каада-салттардан алган күндө да, “Жакып уулу Манас” деген атты кабыл алышмак эмес. Анткени бул ысым чаар китепте андай деле даана берилбей, үстүртөдөн айтылган. Бир гана ошол адамдан тараган өз тукумдары аны Жакыбдын уулу катары билишмек. Ал эми баштапкылар аны  Жусуптун баласы экендигин билишкен.

---

[67] Башталыш 48:5,6. Турусбек Мадылбайдын айтымына караганда: он тогузунчу кылымдагы кыргызга белгилүү санжырачы Тоголок Молдо саяктардын түбү Нил дарыясы жактан келгенин жазып калтырыптыр. Кыргыздарда египеттиктерден чыккан салтка окшогон оозеки салт бар. Тарых жана генеалогия семинарында (21.02.2009. КР. Маалымат кызматы жана Маданият министрлигинин архивдик агенттиги каржылаган) Дастан Сарыгулов Абрамзондун изилдөөлөрүнөн көрсөтүп чыккан. Тактап айтсак, советтик этнограф Абрамзон кыргыздардын келип чыгуу тегин Нил дарыясына чейин алып барган.

Манас урааны

Кыязы, чаар китептеги мындан башка да көптөгөн каармандардын Манас менен жалпылыктары бар. Маселен: Манас менен Дөөттүн. Келиңиздер, бул темага кайрылардан мурда Манасенин мүнөзү Жакынкы чыгыштык контексттен кантип алмашылып калганына көңүл буралы. Иудалык жана исламдык айтып берүүчүлөр Жусуп жөнүндөгү тооратттык, библиялык жана курандык баяндамалардын жаралуусуна каада-салттарды кошо киргизген. Кыргыз эпосунан чыккан Орто азиялыктардын Манасына таандык эр жүрөктүүлүк менен күч-кубаттуулук, Жакынкы Чыгыштын Манасесинин баянында да берилет. Мынакей, Жусуп тууралуу күрттөрдүн аңгемесинен үзүндү. Бул көрүнүштө Жөөт менен Жусуп бири-бирине бетме-бет Мисир жактан келишти.

> Анан Жөөттүн каары мурдунун учуна келгендиктен, баардык египеттиктердин жүрөк үшүн алган ушунчалык ачуу үнү менен бакырды. Египеттеги дубалдардын жарымы кыйрап, ал жакта жүргөн бүткүл кош бойлуу аялдардын боюнан түштү. Айран калган жана чочуп кеткен Жусуп өзүнүн тун уулу Манассиге Жөөттүн желкесинен кармап, аны ачуудан арылтуу керектигин кол жаңсап көрсөттү.[68]

Мисирден “Биздин адилеттүү Жусуп кожоюнубуздун баяны жөнүндө” деген китепте да Манасенин кыйкырыгы Жөөттүн үнүнө окшоп кетет.

> Ошондо Манасе тактысынан турду да, таякты алып, Шымонду сабап, абакка отургузду. Анан Манасе кыйкырганда уруулар ылдый эңкейишип калды, керек болсо анын агасы (Жусуп) да өз ордунан ыргып турду. Уруулар байыркы еврей тилинде “Бул адам

[68] Sabar, Yona; “The Folk Literature of the Kurdistani Jews: An Anthology” (Yale University Press, New Haven, London, 1982) p. 19. Буга окшогон Жусуп жөнүндөгү баяндар Персиядан баштап, Кыргызстан аркылуу Кытайга чейин бар.

биздин арабыздагылардын бирөөсү экендиги
калетсиз” деп бири-бирине айтышты.[69]

Кыргыз Манасынын үнүндө да ал төрөлгөнгө чейин эле ушуга окшогон сестендирген добуш болгон.

«Курсакта жатып бакырды,
Мунуң “Манастап” ураан чакырды!»[70]

Манасеге ыйык китептин чегинен сырткаркы сызыктарды аралаштырган египеттиктер менен Күрдстандын уламыштары бизге кыргыз баатыры Манас менен байланышкан маалыматтарды берет. Чаар китептеги булактардан Манаска тийиштүү мүнөздөрдү дагы көралабызбы?

## Койчу падыша

Манас бала кезинде койчу болгон. Ал алптарды жеңип, элдик баатырдын деңгээлине чейин өсүп, акырында эл тандаган хан болду. Дөөт дагы ушундай эле алпты жеңген соң, элдик баатыр атанып, элинин тандамал падышасына чейин өсүп жеткен малчы бала болгон. Төмөндө бала Манастын жеңишин сүрөттөгөн саптар жазылган.

Ал балбанга келгенде
Бул сөзүн айтып турду эми:
«Атаңдын көрү, Канжар алп,
Сен - жылкычы, мен - койчу,
Балдардын баарын кыйратып,
Бул зордукту сен койчу!
Талап жедиң этимди,

---

[69] Bernstein, Mark; “Stories of Joseph: Narrative Migrations between Judaism and Islam” (Wayne University Press, Detroit, 2006) p. 122

[70] С.Каралаев. Манас. “Кыргыз элинин баатырдык эпосу”. Бишкек. “Кыргызстан” 1995-ж. 130-бет, 3976-3978-саптар.

> Он эки балбан болсоң да,
> Эми жору чукуйт бетиңди...»[71]

Чаар китептеги малчы бала да алптын алдына сүрдүү басып келип: Алп Голийатка жолугуу үчүн Дөөт аскерлердин алдына бетмаңдай чуркап чыкты…

> «Пелиштилик туруп, Дөөттү карай басканда, Дөөт катарды көздөй тез жүгүрүп, анын алдына чыкты...»

Манас сыяктуу Дөөт дагы алпка анын сөөгүн канаттуулар жеп кетерин сөз кылды.

> Пелиштилик Дөөттү көргөндө жекире карады, анткени Дөөт жаш, кызыл жүздүү жана келишимдүү жигит эле. Анан пелиштилик Дөөткө: "Мага таяк көтөргүдөй, мен итминби?" - деди. Пелиштилик Дөөткө өзүнүн кудайларын оозанып каргыш айтты...[72] Дөөт алпка мындай деп жооп берди: "Бүгүн Теңир сени менин колума салып берет, мен сени өлтүрүп, башыңды кесип, пелиштилик аскерлердин өлүктөрүн асман куштары менен жер жырткычтарына берем, ошондо бүт жер жүзү Ысрайылда Кудай бар экенин билет.[73]

Алп Канжар "бардык балдарды кыйнап" жибергендиктен Манастын каары кайнады. Ал "балдар" Манастын жоокерлери эле. Пелиштилик зор Голийаф да Израил аскерлерин (балдарын) кыйнагандыктан Дөөттүн ачуусу келген.

Дөөт болсо пелиштиликке мындай деп жооп берди:

---

[71] С.Каралаев. Манас. "Кыргыз элинин баатырдык эпосу". Бишкек. "Кыргызстан" 1995-ж. 173-бет, 5579-5588-саптар. Белгиленген кара сызык автор тарабынан коюлду.

[72] 1 Шемуел 17:42,43

[73] 1 Шумуел 17:46 Сызыктар автор тарабынан белгиленди.

> “Сен мага каршы найза, кылыч, калкан менен келатасың, мен болсо сага каршы өзүң шылдыңдаган Ысрайыл аскеринин Кудайы кудуреттүү Теңир атынан келатам.[74]

Манас алпты өлтүрүп атканда, аны башка чапкан эле:

> Качырып кирип канжарды
> Как төбөрө салганы.
> Манастан чокмор жегенде
> Башы кетти быркырап,
> Балбан жерге жыгылып,
> Жаны кетти чыркырап.[75]

Дөөт да алпты башка уруп өттүргөн:

> Дөөт баштыктан таш алып, салмоорго салып пелиштиликти маңдайга соккондо, таш анын маңдайына батып кетти, ал бети менен жерге жыгылды.»[76]

Бул алптарды жаш кездеринде жеңген эки койчунун айланасында да, мүнөздөрүндө да көптөгөн жалпылыктар бар.

## Кырк чоро

Манас да, Дөөт да төрт жүздөй жоокер коштотуп жоортулга чыгышкан.

> Манас төрт жүз жоокери менен Жолойдун сол жагынан чабуул койду.[77]

---

[74] 1 Щемуел 17:45 Сызыктар автор тарабынан белгиленди.

[75] С.Каралаев. Манас. “Кыргыз элинин баатырдык эпосу”. Бишкек. “Кыргызстан” 1995-ж. 174-бет, 5616-5621-саптар.

[76] 1 Шемуел 17:49

[77] Сооронов О. “Манас” Жазылганы - 1503-жылында. - Бишкек, 2003. 41,53-б.

Тooраттан Дөөттүн биринчи жоокерлери ушундай топтолгон:

> Анын жанына кысымга алынгандар, карызга баткандар, кайгыга чөккөндөр чогулушту. Дөөт аларга башчы болду. Анын жанында төрт жүзгө жакын адам бар эле.[78]

Манастын чыныгы достору кырк чородон түзүлүп, күчтүү, чакан согушчан жоокерлер болгон. Кырк чоронун арасынан үчөө бөтөнчө орунду ээлеп, эпосто аларга өзгөчө көңүл бөлүнөт жана алардын жеке баатырлыктарын баса көрсөтөт.

Дөөттүн төрт жүз жоокеринен отуз жетиси белгилүү болушкан жана алардын ичинен олуттуу үчөөнүн ишкердиги чаар китепте эскерилет.[79]

Кээде эпосто да, чаар китепде да 40 же 37 эмес, 30 жоокердин санын айтышат. Эпосту окуп көрөлү:

> Жанындагы отузу
> Жабыла колду салганы,
> Калмак, сарты, кытайы,
> Карсылдашып калганы.[80]

Дөөттүн аскерлеринде таамай келтирилбесе да, отузу жөнүндө эскерилет:

> «Отуз жол башчынын ичинен үчөө барды да, оруп-жыйуу маалында Дөөткө, Адулам үңкүрүнө

---

[78] 1 Шемуел 22:2

[79] 1 Жылнаама 11 жана 2 Шемуел 23.

[80] Орозбаков С. “Манас Кыргыз элинин баатырдык эпосу”. - 4-т. Баш. ред. А.А. Петросян. Чыгыш адабияттарынын башкы редакциясы “Наука” басмаканасы, 1984. 1-Т, “124-б. (5263-5266-саптар). Негизинде Манастын достору кырк чоро болуп эсептелет.

киришти...»[81]

Чындыгында экөөндө тең отуздан жоокер болгон эмес, бирок, экөөнүн тең окуяларында, элдик баатырлардын отуздай досу жөнүндөгү алардын жалпылыктары учкай болсо да айтылат.

## <u>Кандос</u>

Манастын кандосу Алмамбет душмандар тарабындагы хан уулу. Дөөттүн эң жакын досу да ушул сыяктуу Дөөттү өлтүргүсү келген падышанын баласы эле.[82] Бул тууралуу иликтөөлөрүбүз Алмамбет жөнүндөгү бөлүкчөбүздө кеңири берилген.

## <u>200дү өлтүрүү</u>

Манас да, Дөөт да баатырдыгы оозго алыналек кездеринде, эки жүз душманды өлтүрүшөт.

Манастан:

> Эки жүз экен балбаны
> Эсил Манас кабылан
> Баарын кырып таштады.[83]

Тоораттан:

> ...Дөөт турду да, өз кишилери менен барып,
> пелиштиликтердин эки жүз кишисин өлтүрүп...[84]

---

[81] 2 Шемуел 23:13. Сызыкча автор тарабынан белгиленди.

[82] 1 Шемуел 20.

[83] С. Каралаев. “Манас” Т. 1, с. 8032-8034

[84] 1 Шемуел 18:27

Эки көрүнүш тең жаш балбандардын мыкты согушкер болорун айгинелеп койду!

<u>Ой жүгүртүү</u>

Манастыкына окшоп Дөөттүн да, жандүйнөсүн ээлеген өзгөчө орундар бар. Кайгылуу учур болсо, экөө тең тынч жылганын жанында Теңир туурасында ой жорушкан. *Манастан* окуп көрөлү:

> Таң алдында багымдат,
> Сыйынууга камынып,
> Опол тоодой эр Манас,
> Өтүгү жок, жылаң бут...
> Дарыянын боюнда...[85]

Дөөткө дагы суунун жээгинде олтуруп сыйынган жагат. Анын белгилүү бир сыйынуу ырында мындай саптар учурайт:

> Теңир менин кайтаруучум.
> Мен эч нерсеге муктаж болбойм.
> Ал мени оттуу жайытка жаят
> жана жай аккан суу боюна алып барат.[86]

Жана башка Забурунан:

> Теңирим! Таң заардан үнүмдү ук,
> алдыңа эрте келип күтүп турам.[17]

Көрүнүп тургандай бул эки адамда тең таң алды менен жылжыган суунун жанына келип сыйынган кадимки көрүнүштөрдөн болгон.

---

[85] Жакиев, Б. Манас - кыргыздардын баатырдык эпосу”. Бишкек: Бийиктик, 2007. 201-б

[86] Забур 22:1,2

## Айкөлдүк

Манас сыяктуу Дөөт да, өзүнүн асыл мүнөздөрү менен белгилүү. Дөөт да, айкөл Манас да, ачык эле канкорлор, бирок, алар өздөрүнүн улуу айкөлдүктөрү менен атактуу болушкан. Малчы-жоокер, жаш Дөөткө падыша Шабулдун ичи күйүп, котур ташы койнунда жүрдү. Шабул менен анын аскерлери Дөөттү жылдар бою аңдышты. Дөөттүн Шабулду өлтүрүүгө эки жолу ыңгай келсе да бирок, ал аны экөөндө тең кетирип жиберди. Козголоңчу алты ханды өз жайына коё берген Манастын баянына анын окуясы окшоп кетет.

Мынакей, Дөөттүн баянынан үзүндү:

> Шабул бүткүл Ысрайылдан тандалган үч миң киши алып, жейрен мекендеген тоолордон Дөөттү жана анын кишилерин издөөгө чыкты. Ал жолдогу кой камачу кашаага келди. Ал жерде үңкүр болчу, Шабул ага заара ушатканы кирди. Дөөт болсо, кишилери менен үнкүрдүн түп жагында отурган эле. Дөөткө өз кишилери мындай деп айтышты: “Теңирдин сага “Мен сенин душманыңды өз колуңа салып берем. Аны каалагандай кыласың” деген сөзү аткарылар күн келди.” Дөөт туруп барып, Шабулдун сырт кийиминин этегин акырын кесип алды…[87]

Андан соң Дөөт Шабулду коё берди. Дөөттүн аскери Шабулду өлтүргүсү келди, бирок Дөөттүн намысы ага жол берген жок. Кийинчерек Шабул Дөөттүн жакшылыгын унутуп, аны аңдуусун уланта берди. Манастын душманы Коңурбай да дал ушул сыяктуу Көкөтөйдүн ашында Манаска аргасыз баш ийип, өзүнүн жек көрүүсүн ичине каткан. Б.Жакиевдин “Манас – кыргыздардын баатырдык эпосу” деген китебинен кыскартып окуп көрөлү:

---

[87] 1 Шемуел 24 жана 26 бөлөмү

Көкөтөйдүн уулу атасына аш өткөрүүнү чечти. Бул окуя баарыбызга эле "Көкөтөйдүн ашы" деген ат менен белгилүү. Бокмурун ал ашка душман дебей калмак, кытай, манжулардан бери чакырды. Кытай калмактар көптүгүнө салып, кыргыздарга тийиштүү тулпарларды тартып ала баштаган учурда окуя терс жагына өөрчүйт. Мындайдын арты өлүм менен аяктоочу жаңжал башталат. Ошондо Коңурбай эр сайышка кыргыздардын баатырларынан жекеге чакырат. Кичинесинен бери касташкан душманын көргөн Алманбет эр сайышка чыккысы келет, бирок Манастын намысы ага жол бербей, Коңурбайдын чакырыгына өзү чыгат. Манас Коңурбайды аттан сайып түшүргөн учурда аны өлтүрүп таштоого мүмкүнчүлүгү болсо да, бирок Манас аны коё берди."[88]

Кийинчерек Коңурбай Манастын артынан акмалоосун уланта берди. Шабулдун Дөөттү аңдыганын койбогон сыяктуу эле, кыргыз урууларында да буга окшогон окуялар жатат.

Манас элди кой үстүнө торгой жумурткалаган заманга алып келди жана муну Теңирден деп билди. Дөөт дагы Ысрайылды анын тарыхындагы эң бир улуу дооруна кошту жана бул жетишкендик үчүн Кудайга ыраазычылык келтирди. Өлүм алдында жаткан эки каармандын балдары тең өлкө башчылыгына дайындалган эле, бирок, эки уулга тең бийликтин эки тизгин, бир чылбырын кайрадан кайрып алуу үчүн бийликти тартып алган туугандарына каршы аттанууга туура келди.

---

[88] Жакиев Б. «Манас - кыргыздын баатырдык эпосу». Бишкек: Бийиктик, 2007. 151-152-б.

## Алманбет

Манастын көздөй досу Алманбет каршылаш кытай өкүмдарынын баласы болгон. Ал Дөөттүн эң жакын досу Шабул падышанын уулу Жонатанга абдан окшоп кетет.[89]

## Жонатан

Алманбет да, Жонатан да "башка тарапка" жардам берүүгө жашыруун жылт коюшат жана экөөнү тең мындай "чыккынчылыгы" үчүн өз аталары кечип жиберүүгө чейин барышты. Манас да, Дөөт да жаңы достон көп жакшылыкты , эр жүрөктүүлүктү жана шердикти байкап, аны жанындай жакшы көрөт. Малчы-Дөөт Голиафты өлтүргөнүн көргөндө, Жонатан аны өзүнүн тандамал досторунун катарына кошот:

> ...Жонатан Дөөткө жүрөгү менен тартылып, аны
> жанындай жакшы көрүп калды...[90]

Качан Манас Алманбетти көргөндө чакырык таштайт:

> Жолдошту кудай бериптир,
> Сүйүнчү - деди - жолдоштор.
> Айтканымды туюнчу,
> Арстан эрлер сүйүнчү![91]

Дөөт Жонатандын тагын ээлөөгө даяр болгондуктан, демек, Жонатан менен Дөөт кек кууган душмандардан болуш керек эле. Манас менен Алманбет да

---

[89] "Махжан-и-Афгани" китеби. Монгол императору Жахангирдин аксарайындагы Нехматулла тарабынан болжол менен 1612-жылдары жазылган. Китепте Оогандар Ионафандын урпактары деген версия бар.

[90] 1 Шамуел 18:1

[91] Орозбаков С. «Манас». "Кыргыз элинин баатырдык эпосу". - В 4 т. Т 2/Баш. ред. А.А. Петросян. Чыгыш адабияттарынын башкы редакциясы "Наука" басмаканасы, 1988. 209-б. (9424-9427-саптар).

ушулар сыяктуу бири-бирине душман болушу керек болчу, себеби, Алманбет кыргыздарга колсалуудан кайра тартпаган өлкө төрөлөрүнүн бири болгон. Эки окуяда тең сөөк өчтүү душмандар мыкты достордон болуп калышты.[92]

<u>Эстер</u>

Алманбеттин апасынын баяны чаар китептеги Эстердин баянына окшоп кетет. Кийинки үзүндүнү Б.Жакиев түзгөн “Манас кыргыздардын баатырдык эпосунан” кыскартып берели: «Алыс жердеги четөлкөнүн башчыларынын бири Азизканга уул төрөп бере турган аял керек болду. Азизкандын агасы жашы он бештен отуз үчкө чейинки баардык кыздарды чогултту.  Чогулган кыздардын ичинен тандалган болочок Алманбеттин апасы Алтынай кытайда жашап калган чалдын кызы эле. Ал каардуу кандын бүлүндүрүүсүнөн кыргыздарды сактап калууга жардам берген Алманбетти төрөдү.»[93]

Чаар китептеги Естердин мындан көп эле айырмачылыгы бар, бирок, өмүр жолдорунун түзүлүшү жагынан алар окшошуп турат: Эстер Мордохай деген кыйла жашка барып калган кары адамдын көзөмөлү алдында туруп калды. Алар башка өлкөдө турган бөтөн жердиктер эле. Акашбейрош ханга жаңы ханыша керек болгондуктан, ал өзүнүн хансарайына баардык жаш кыздарды чогултту. Тыянагында ал кийинчерек өз адамдарын падышанын каардуу буйругунан сактап калуу үчүн ханышалык милдетин пайдаланган Эстерди тандады.[94]

---

[92] 1 Шамуел 20:3,4

[93] 93-107 б.

[94] Чаар китептеги “Эстер” китеби.

Бул баяндар көптөгөн маданияттардан кезигүүчү классикалык архетип болуп калышы мүмкүн. Арийне мен алардын таңгаларлык окшоштуктарында жүрөм: залим падыша өзүнө татыктуу ханыша табыш үчүн баардык кыздарды чогултту. Бөтөн жердик бирок, батымдуу абышка кызы Эстерди жана Алтынайды хандын кызматына берди. Ошентип ушул бөтөн кыз тандалды. Муну менен аз саналган элдер сакталды.

<u>Дарыялардын кесилиши</u>

Кызыл деңизден кесип өтүү – чаар китептеги баяндардын ичинен көрүнүктүүсү. Бирок ал “Манас” эпосунда учурабайт. Менин баардык изилдөөлөрүмдө кыргыздар бир жерден экинчи жерге көчүү учурунда чоң суу аркылуу кесип өтүшкөнү жөнүндөгү эскерүүлөрүн эч бир кезиктиргеним жок. Эгер эпос менен чаар китептин чындыгында эле байланышы болсо, мындай негизги окуянын жок болуп кетүүсү таңгалыштуу.

Антсе да “Манас” эпосунда кыргыздар Бээжинге аттанган улуу жүрүш учурунда: ат кече алгыс Орхон дарыясынан өтүү үчүн Алманбеттин сыйкыр өнөрүн колдонгондугу эскерилет. Кайталай турган болсом, биз бул окуяны ал тараптан эмес, кыргыздардын Алтайдан Алатоого сапар чеккен улуу көчүнөн күткөн белек? Эмки үзүндүнү кийинчерек жеңишке алып келген эпостук айтымдардан алалы:

Оң буту менен Алманбет
Ошо сууну кечиптир,
Он бир дуба түйүнүн
Отуруп алып чечиптир...
...кара журт көзүн салыптыр,
Карап көрсө, дарыя

> Какшып соолуп калыптыр...[95]

Андан соң Алманбеттин кошууну дарыядан кесип өтүп, жүрүшүн улантты. Мусанын жолун жолдоочу Жашыяда да анын аскерлери Иордан дарыясынан өткөн учурда буга окшогон окуя болуп өткөн:

> Ошентип, Иордандан өтүш үчүн эл чатырларынан козголду, ыйык кызмат кылуучулар элдин алдында келишим сандыгын көтөрүп жөнөштү. Сандык көтөргөндөр Иордан дарыясына кирери менен сандык көтөргөн ыйык кызмат кылуучулардын буту Иордан суусуна тиери менен жогору жактан аккан суу токтоп, саретандын жанындагы Адам шаарына чейинки эң чоң аралыкка дейре дубал болуп тирелип калды. Ал эми түздүктөгү Туздуу деңизге аккан суу соолуп калды.[96]

Жашыянын аскерлери да Алманбеттин кошууну сыяктуу андан аркы жүрүштөрүн улантты.

Алманбет да, чаар китептеги ыйык адам да агымды токтотуп, аркы өйүзгө өтүү үчүн дарыяга буттарын салат. Бул өтө кызыктуу. Себеби, Алманбет да, Жашыя да, диний жана руханий билимге ээ, башкаларда жок касиетти алып жүргөн өзгөчө адамдар. Эпосто карапайым кыргыздар түшүнө бербеген кандайдып бир диний же сыйкыр китептер бар, бирок кытайдан илим алып келген Алманбет аны түшүнгөн. Тагырагы, билимдүү (ыйык кызмат кылуучулар), улук инсан кудайдын мыйзамы жазылган Тооратка терең ишенген.

---

[95] Орозбаков С. «Манас». «Кыргыз элинин баатырдык эпосу». 4-том. Москва 1995. Издательство “Наследие” 161-б. (6334-6337,6367-6369-саптар)

[96] Жашыя 3:15,16.

## МАНАС тууралуу жыйынтык

Тыюу салынган китеп менен кыргыздар ортосундагы сырдуу байланыштардын бар экендигин айкындаган маалыматтар, эки тараптан тең биринин артынан бирин күбөлөндүрүп, саны улам көбөйүп, улам кошулуп барат. Чамасы, менин берген материалдарым алардын жанында суу кечпей калышы ыктымал. “Мен - кайра жаңыдан түзүүчүмүн, ошондуктан урматтуу окурмандар, изилдөөнүн чыныгы маңызын сиздерге сунуштайм” - деп профессор Катерин Колер Риссман таамай белгилеген:

> Сүрөтчүлөр, изилдөөчүлөр сыяктуу келбеттин мазмунун көрсөтөт. Көрүүчүлөрдөн маалыматты жашыруу менен бирге алар бизге табышмактуу түрдө өзүбүздүкүн алып чыгууга мүмкүнчүлүк берет.[97]

Чаар китепте канча болсо “Манас” эпосунда да ошончолук азыркы иликтөөгө сыйбаган, анын кандай гана эбегейсиз бөлүгү жатат. Мен бул маалыматтарды сиздердин алдыңыздарда “кабыл алалбайм”. Мындайча айтканда, жеке оюмда: сиздерге баарынан жаккан “артефактыны” гана сунуштайм. Сынчылар балким, менин объективдүүлүгүмдөн шек саноосу мүмкүн, анткени, мен үстүбүздөгү темага анча тиешеси болбогондуктан керектүүсүн гана калбырлап алып, калган зор көлөмдөгү материалдын көпчүлүк бөлүгүн “көрсөтпөй” турууну чечтим. Ыйык китеп жазылган мезгилден кийинки учурларда деле эпостун негизги чогулмасынан сырткары, салыштырмалуу кечээ жакынкы эле тарыхый окуялар “Манас” эпосунун курамында бар экенин эсиңиздерден чыгарбаңыздар.[98]

---

[97] Riessman, Catherine Kohler; Narrative Analysis, Qualitative Research Methods Series 30 (Boston University, 1993) p. 13

[98] Ыйык китептеги айтымдардын жазылуусу жүрүп жаткан мезгилдерде эле Манасенин тукумдары бөлүнүп кеткен. Ал учурда китеп толук жазылып бүткөрүлгөн эмес болчу.

Антрополог Клиффорт Гиртц мындай дейт:

> ...адам - бул өзү токуган ойлордун желелерине чырмала берген айбан. Мен үчүн маданияттын өзү ошол желелер, ал эми анын түкшүмөлү ошонүчүн мыйзамдарды изилдеген эксперименталдык илим эмес, ал маани издеген түшүндүрүүчү илим.[99]

"Манас" эпосу жана кыргыз маданияты көптөгөн этнографиялык маалыматтарды камтып турат. Тактап айтканда, этнографиянын баардык алкагынын маанилерин чегип бералат. Кыргызстанда жашаган мурунку четелдик адам катары кыргыздар үчүн өзгөчө мындай улуу теманын үстүндө ой маңызын түзүп берүүгө менин эч кандай укугум жок. Бирок, кыргыз эпосунун келберсиген сырларына мүдүрүлүп, андагы кенчке умтулган аңчы катары ким мени кабыл алып жана багыт бергендери менен бул теманын үстүндөгү өзүмдүн ачылыштарымды бөлүшүүгө акым бар деп ойлойм.

[99] Geertz, Clifford; The Interpretation of Cultures. (New York: Basic, 1973) p. 5



## Самария, Самарганд, Самакай

Кыргыздар өздөрүн өлбөс элбиз деп эсептейт. Ошондуктан айрым адамдар кыргыз этнониминин өзү «кырылгыс» (кырылып түгөнгүс) дегенден келип чыккан деп санайт. Израилдиктер да көп жылдар бою буга окшогон атакка ээ болгон. Эки эл тең бүтпөгөн жаракат алуудан, геноцидден жана бүлүнүүдөн улам-улам баш көтөрүп чыгып келишкен.[100]

[100] 1916-жылы падышалык армия бүтүндөй кыргыздарды жок кылууга умтулган. Бул «белгисиз геноцид» 1917-жылы большевиктик революция тарабынан токтотулган. Мындан башка тирандар менен көптөгөн баскынчылар кыргыз жергесин ойрондоткон.

## <u>Күнөө</u>

«Кудайдын колдоосуна» карабастан эки эл тең кылмыш кылуусу мүмкүн. Экөөндө тең элдеги төмөндөтүлгөн жазыктарды бирдей ачып турган баяндоолор кезигет. «Манас» эпосунда жазылып калган мындай бир резню бар: «Кытай ханы Алооке кыргыздарга кол салып, аларды Самарканддан кууп чыкты». Эпосто мындайча жыйынтык чыгарылат: «Алар жеңилүүгө өздөрү күнөөлүү үчүн кайгы тартты».

> Айдалып барган баатырлар,
> Өлбөй-житпей кайгырган,
> Тирүүлөй журттан айрылган,
> Күнөөгө колу байланган,
> Алтайды көздөй айдалган.[101]

Ыйык жазуулардагы Манасинин[102] уруусун жана анын баатырынын жеңилүүсүндө буга окшош себептер болгон:

> Манассиянын жарым уруусунан тараган уруулар ошол жердеги Башан жайытынан Хермон тоосуна чейин жайгашып, өтө көп… күч-кубаттуу, атактуу адамдар болгон... Бирок алар өз ата-бабаларынын Кудайына каршы <u>күнөө кылышты,</u> Кудай алардын алдынан кууп чыккан ал жердеги элдердин <u>кудайларына табынып кетишти. О</u>шондо Ысрайыл Кудайы Ашур падышасы Пулдун жана Ашур падышасы Тиглат-Пилесердин рухтарын козгоду. Ал рубейин менен гаттыктарды жана Манассиянын жарым уруусун туткундап, Халах менен Хаборго, Арага жана Гозан дарыясына алып кетти. Алар ошол жерлерде бүгүнгө чейин жашайт.[103]

---

[101] С. Каралаев. “Манас” Том 1, аят 3013-3017

[102] Священная писание: Смысловой перевод Таурата, Книги пророков, Забура и Инжила. (Издателство “Стамбул” 2003). Башка котормолордо “Манассия” “Менаше” же “Манас” болот.

[103] 1 – Жылнаама 5:23-26. Алды сызылгандар автор тарабынан белгиленди.

Бул тарыхый салгылаш б.э.ч. 721-ж. Самария шаарын тартып алуу менен аяктады. Туткундар айдалып кетти. Акыр аягында чачыратылган Ысрайыл жана Манассиянын эли Евфрат дарыясынан ары кеткен бойдон тарыхтан жоголуп тынды. Азыркы учурда «Ысрайылдын жоголгон уруулары» деген ат менен белгилүү бул уруулар Ыйык жазмалардын пайгамбарчылыгы менен макул болсок, анда кайрадан «акыркы күндөрдө» кайрылып келиши керек.[104]

## Самарканд жана Самария

«Манас» эпосу кытай  ханынын Жакыпты жана анын чабылган биртуугандарын Самарканд, Букара, Анжиян жана Таласка таратуусу менен башталат. Самарканд ушул талдоонун ичиндеги көңүл бурдурган маселе катары кызмат кылат. Шаардын пайда болушу Самариянын азыркы Жибек-Жолу аймактарына куугунтукталган учуруна туура келет, б.а. б.э.ч. 700-жылдарга жакын. Кокусунан байкаган адам айдалган туткундар өздөрү менен кошо өз борборунун топонимин[105]  жана эски борбору Самариянын урматына ала келип, жаңы жердеги аталышты Самар чеби же Самарканд атап алышкан – деп ойлошу мүмкүн (Маселен, Манасси Манас болуп калгандай, Самария да Самар болушу мүмкүн). Бирок, жалпы кабыл алынган көзкараш Самарканд этимологиясынын аталышын «аска» же «таш» дегенди билдирген байыркы перс сөзү «асмара» жана «шаар» же «чеп» дегенди түшүндүргөн «канд» («асмара»+«канд») сөзүнөн келген деп белгилейт. Бул чечмелөөдөгү «Самарканд» сөзү «Самар шаары» же «Самария шаары» эмес, «Аскалар шаары» дегенди билдирет. Самаркандды ушул негизде алсак, анда ал Самария же Жусуптун жоголгон уруулары менен байланыш түзбөйт. Ошондой болсо да куугунтукталган Самариянын тарыхы менен Самарканд

---

[104] Захария 10:6-10

[105] Жердин аттары же географиялык объект.

салыштыруу анализин жүргүзүүгө кызмат кылат, анткени, биз башка тарыхчылар түшүрүп кеткен ачкычты тапкансыдык.

«Манас» эпосун окусак:

Алооке менен Молтонун,
Сурак кылган азабы
Буттап алтын зер алат.
Ал алтынды таппаса
Жайылып жүргөн малды алат.
Малдан кемип бир калса,
Башты чаап жанды алат,
Тура чапкан кыргызды
Туура кункор тул кылды.
Каяшаяк бергенди
Кармап алып кул кылды.
Буланын булап алганы,
Бузукту мыктап салганы,
Бу Алты-Шаар, Маргалаң
Аяк жагы Кокон кан,
Ордолуу шайык көк жөкөр
Орчуну Букар, Самаркан
Саны кетип тарады,
Ак үйлүү күттү Алооке,
Журтун баарын карасаң...[106]

Ашым Жакыпбек да «Теңири Манастагы» өзүнүн версиясында Самарканд тууралуу эскерет:

Баштатан басташып келген Алооке менен Молтокан
Самарканд менен Анжиянды чаап, анан Орозду[107]
баатыр өлүптүр дегенди угар замат Таласты чаап,
баш көтөрөр эр калтырбай кырды. Эңшейген чал
калды, эмгектеген бала калды, сулуу кыз-келин

---

[106] С. Каралаев. «Манас» 880-899.

[107] Бул вариантта Орозду Жакыптын атасы болот.

> олжого кетти, мал-жандан ажырап карып-мискин
> калды.[108]

Ушундан кийин адамдар кантип чабылып-чачылганын, кыргын болгон жерде бир гана самтыраган байкуштардын байкушу калганын, ыйык жазмалардын хроникасы да эскерет.

Эпостун көпчүлүк версияларында Самарканд Манастын мекени болгонун «Манас энциклопедиясы» баса белгилейт.[109] Экинчи жагынан Самария тоосу Манассинин мекени болуп каралат.[110] Ал эми 1885-жылы Самарканддагы еврейлердин раввини (молдосу), Самарканддагы «жөөт» калкы азыркы еврейлерден же жүйүттүн тукумунан эмес, чындыгында эле Рубеиндин, Гаттын жана Манассинин жарым урууларынан экендигин белгилеген.[111] Ошондуктан Самария топоними Самаркандга оодарылып келиши факты болушу мүмкүн.

<u>Он бытыранды</u>

Ашым Жакыпбек менен макул боло турган болсок, Ороздунун жетим калган он уулу, он тарапты көздөй Самарканддан чачыратылган.

> Кечээ Орозду баатырдан он бала жаш калып, кезинде
> келин болуп жүгүнүп турчуу кытай, калмак,
> манжуулар Ала-Тоону чаап, Таластагы ордонун
> түркүгүн кулатып, туусун жыгып, жоого каршы

---

108 А. Жакыпбек. «Теңири Манас». – Кыргызстан: Бишкек, 1995-ж. 19-бет.

109 «Манас энциклопедиясы» (Бишкек: КР улуттук илимдер академиясы) 1995. –т. 2 – б. 177

110 Мен Индиянын түндүк-чыгышына Израилден келишкен бирок, өз “мекенине” болгондо да, Самариядагы тоого кеткилери келген, Манассиянын урпагы эсептелген Куки уруусунун адамдарынан интервью алдым. (Иерусалим, 2006).

111 Lansdell, Henry. “Russian Central Asia, Including Kuldja, Bokhara, Khiva, and Merv.” – Vol. 2. – Boston: Houghton, Mifflin, and company, 1885. Elibron Classics Replica Edition, 2003. – 595.

> чыгар чамасы жок он баланы он тарапка бөлүп айдап салганын… Жакып айтып отурду.[112]

Жакыптын тарыхы жана «Манас» эпосу он биртуугандын Самарканддан куулуп чыгарылганынан башталат. Жакыб пайгамбардын (Иаковдун) түндүк падышачылыгы он уруунун борбору Самариядан Персия тарапка, азыркы Жибек-Жолундагы Самарканд багытына куулган жеринен бүтөт.[113] Башында бул он уруу мындан болжол менен 3000 жыл мурун жашаган Сулайман падыша өлгөндөн кийин Жөөттөн (Иуда) жана Жерусалимден бөлүндү.

> Анан Жаробамга мындай деди: «Он бөлүгүн өзүңө ал, анткени Ысрайылдын Кудай-Теңири мындай дейт: Мына, мен Сулаймандын колунан падышачылыкты тартып алып, он урууну сага берип атам».[114]

Бул он уруу (Жусуп деген ат менен да белгилүү) тез-тезден Жөөт (Иуда) урууларына жана Иерусалимге каршы согушуп турушчу. Бир нече муун өткөндөн кийин Жусуптун уруусу талкаланды:

> …Ашур падышасы Самарияны басып алып, ысрайылдыктарды (израилдиктерди) Ашурга көчүрүп кетти. Аларды Халахка, Хаборго, Гозан дарыясынын боюна жана Мадайдын (Мидия) шаарларына отурукташтырды.[115]

Мидиялыктар – бул прото-перстер. Бул маанилүү, андыктан тажик тили перс группасына таандык. Андан башка, Өзбекстандын географиялык

---

[112] А. Жакыпбек. «Теңири Манас». – Кыргызстан: Бишкек, 1995-ж. 60-бет

[113] 2 Падышалар 11:31-35. Ассириялык падышалар Манассия менен түндүктөгү урууларга кол салып, Самарияны басып алды жана он урууну туткундап түндүк-чыгышка тээ алыскы «Мидия шаарларына» (Medes) чейин сүрүп таштады.

[114] 3 Падышалар 11:31

[115] 4 Падышалар 17:6.

чегарасынын ичинде жатса да Самарканд менен Бухараны тажиктер өздөрүнүн шаары деп эсептейт. Мидия менен кошумча маани байланышат, анткени мидиялык падышалардын бири Мадий Скиф болгон (б.э.ч. 653-625-ж.ж). Кыргыз окумуштууларынын көбү скифтерден же сактардан чыкканбыз деген эл арасындагы оозеки сөздөргө жана айрым далилдерге байкоо жүргүзүшөт. Көптөгөн сыйлыктарга татыган кыргыз автору Турусбек Мадылбай Нилден баштап Кыргызстандагы Токтогул районуна чейинки аралыктагы саяк урууларынын тарыхына байкоо салган. Ал Токтогул шаарчасы мурдагы Перс-мидия империясы менен согушуп турган Сак падышалыгынын борбору Ракшанак болгон деп ырастайт.[116] Бул мидиялыктар менен сактардын ортосундагы байланыш, биздин Жакыб (Иаков) уулу Манассиден эпостогу Жакып уулу Манаска чыккан саякатыбызды бекемдейт.

## Жоголгон он эки кылым

«Манас» эпосунда он эки кылымдын аралыгында боштук  калганы айтылат. Мүмкүн бул убакыт Самария менен Самарканддын ортосунда өткөн жеңилүүнү же тагыраагы: Манассинин уруусу жөнүндөгү пайгамбарлык жазуу менен бир аталыштагы эпостон кайра жаралган Манастын ортосундагы ээн калган мезгил.

Он эки кылым салбаптыр
Бул Каракан өлгөнү,
Каарланган каапырга,
Укурук кайраар калбаптыр.[117]

Ассирия Самарияны талкалаган биздин эрага чейинки VIII кылымдан биздин доордун IV кылымына чейинки он эки кылым ичинде кыргыздар кайда

[116] Мадылбай Т. – Интервью. – Бишкек: 2009

[117] Каралаев С. «Манас». с. 275-278

жүрдү? Же суроobузду оодарып сурасак, чаар китептеги Манассинин тукумдары бул он эки кылымда кайда болгон?

## Самария, Самарканд, Самакай

Биз Индиянын түндүк-чыгышында жашаган, өздөрүн Ысрайылдын, Манассинин тукумдары эсептеген Куки элинин уруулары тууралында кийин талдайбыз. Алар Самакай тоосундагы өз биртуугандары менен бөлүнгөн учурундагы мезгил жөнүндө ырларды кошок сыяктуу боздоп ырдашат.[118] Куки окумуштуусу доктор Куплам өз оюн мага мындай бөлүштү: «Самакай (же Сомакай) балким, Тибетте жайгашышы мүмкүн. Себеби, Кукинин сыйынуусу Самакайдын Тибетке кошулаарын эске салат, бирок, Куплам бул «бөлүктүн» анык жайгашкан ордун белгилей алган эмес.

Биртуугандар бири-биринен кайдан айрылышкан? Ар бир этникалык группанын бөлүнгөн жери бир орундан болушу мүмкүнбү? Кукилик Манмаси (Манасси) тукумдары ал жерди «Самакай» деп аташат. Ал эми кыргыздагы Манас тукумдары аны «Самарканд» дешет. Ыйык жазмалар Манасеге жана «Самарияга» таянат. Же мындай айта турган болсок, эгерде тарых чындап эле кайталанар болсо, Самакай менен Самарканд, Самариянын тарыхый кайталанмасы болушу мүмкүнбү? Балким Жакыбдын (Иаковдун) тукумдары кандайдыр бир өзүнөн-өзү угулган Манас, Манмас, Манасе бабасы жөнүндө же ушуга окшогондор сыяктуу биртуугандар бөлүнгөн Самария, Самар, Самакай жеринин очогун эсинде сакташат. Тарыхый башкатырмалардын бардык бөлүктөрүн бириктирүү жеңил иш болбойт жана айрым салттуу көзкараштты карап чыгууну талап кылышы мүмкүн. Маселен, Самарканд аталышынын этимологиясын жана «Манас» эпосундагы ыйык жазуулардын

[118] Khuplam, M. L. Reports of Seminar on Manmasi Identity.

жалпы ролун, ошондой эле түндүктөгү Жакыб тукумдарынын онунун жоголуусу туурасындагы жалпы кабыл алынган көзкараштар буга негиз болуп берет.



## Манас менен Мусанын Көчү

Бул кагаз бетиндеги изилдөөмдө кыргыздардын башатын б.а. «Манас» эпосун, Тоорат ыйык китебинде жазылган көчмөн пайгамбарлардын башаты менен салыштыруу анализин жасоого аракет кылам.

Кыргыздарда эпосту ыйык тутуу, Чаар китепти үстүртөн билүү жана ага ошондой мамиле кылуу көнүмүш бойдон калыптанышы же бирөөлөр терс мамиле кылышы – бул маселенин оңой ишке ашуусуна тоскоолдугун тийгизиши мүмкүн. Анткени, кээ бир кыргыздар ата-бабаларынын арбактарын чочулатып алабыз деген коркунуч айынан жадагалса Инжилди кармашпайт.

Маселенин кырдуулугу «Манас» эпосуна шайтандын таасири тийиптир деген Кыргызстандагы кээ бир Христиан башчылары менен да татаалдашып турат. Мен Христиан ишениминдеги кыргыздарга өз эпосун окууга тыюу салынарын көп угам. Ошондуктан эки китеп бири-бирине карама-каршы тирешип калчудай көрүнөт жана анын «кароолчулары» да бул жагдайдагы тирешүүдө өз чектерин белгилеп алгандай сезилет. Балким салгылашуунун чектери көргөзүлсө деле бирок тереңирек караганыбызда, бул эки ыйык китептин ортосунда мойнубузга алчу бир нече асыл нерселер бар экени көрүнгүдөй. Ушул окшоштуктар ишеничтүү түрдө бөлүнүп калган элдерге биригүүгө жардам берүү менен бирге аң-сезимибиздин түшүнүгүн жана бул эки окуяны кеңейтип бермекчи.

## Кириш сөз

«Манас» эпосунда жана Тооратта куугунтук көргөн же кул болгон жерден өздөрүнүн ата-тегине кайтуу көчтөрүнө арналган эң негизги бөлүмдөр бар. Манас өз элин Алтайдан Таласка алып келген азыркы Кыргызстан аймагы буга чейин эле эпосто маалымдалат, андан соң Манас падыша болуп, ал эми Бакай анын кеңешчиси болуп калат. Муса өз элин Мисирден Канаанга алып келет. Бул окуя Тооратта Мисирден чыгуу деген эң биринчи аяттарында жана Сандардын китебинде айтылат.

Эгер ушул эки чоң окуяны салыштырсак, жогоруда айтылган жөөттөр менен кыргыздардын байыркы баяндоолорундагы айырмачылыктарды тапсак болот. Алардын кээси өтө ири көлөмдүү. Эң негизги айырмачылыктар:

- Эки калктын отурукташуусу да, көчүүсү да башка географиялык аймактарда болуп өткөн.

- Муса өз элин азаттыкка Кызыл деңизди кесип, ар түрдүү 10 белгилүү керемет ыкмаларын колдонуп алып чыгат. Ал эми Манас жана кыргыз колбашчылары алардын аркасынан эбегейсиз сандагы душмандар ээрчип келатканын билип, өз бабаларынын теги Таласка кайрылууну чечип, ал жактан коргонуу жайын табышат.

Кыргыз илимпоздору Манас эпосун түзгөн бөлүндүлөрү менен жалпысынан макул. Андыктан эпосту экскавация жеринен археологдор түркүн калдыктарды (табылгаларды) казып таапкандай, биз да изилдөө иштерин жүргүзө алабыз. Эң башкы бөлүмүндөгү көч бул – Алтайдан Таласка сапар тарткан тарыхтан орун алган көчү. Ал 1000 жыл мурда болгондур. Бирок биз элегибизден элеген сыңары, бул жогорку маанидеги көчтүн майдаландыларын тергеген соң дал ушул көч 3000 жыл мурда эле тарыхта орун алгандай көрүнөт. Келиңиздер, бул баалуу калдыктарды (табылгаларды) байкап көрөбүз!

Манас менен Мусанын чыгышы

Эки көчтүн алдын ала тарыхы бар. Кыргыз башчысы Жакып эрке уул болуп, ага-инилеринен он жетисинде бөлүнөт. Кийин Алтайга бет алып, бара-бара бул жердин эң мүлктүү кишилеринин бири болот. Тооратттын жазуусу боюнча: Жусуп ошол эле учурда  өз үйбүлөсүнөн он жети жаштагы кезинде айрылат жана Мисирге кулдукка сатылып, кийин ал жердин башкаруучусу болуп чыгат:

> Ысрайыл (Жакыб) Жусупту башка уулдарынан өзгөчө жакшы көрчү, анткени ал карганда көргөн туягы эле…[119]

[119] Башталыш 37:2-3 (Библиялык лига кыргыз тилиндеги иштеп чыгуусу боюнча ж.о.э. башка аяттардын көбү да ушул варианттан алынган. Бишкек 2004-ж.)

Жана:

> Жусуп он жети жаш өспүрүм чагында өзүнүн
> биртуугандары жана атасынын аялдары Била,
> Зилпанын уулдары менен мал кайтарчу. Жусуп
> атасына алардын жаман иштерин жеткирип турчу.[120]

Ошондон улам Жусуптун ага-инилери ага ачууланып, андан тез арада кутулуунун максатын көздөп, соодагерлерге кулчулукка сатууну чечишет. Бул тууарсында башталыштын 37-бабында жазылган. Анын сыңарындай эле кыргыз биртуугандары Жакып менен Бай он жети жашында болгондо бири-биринен айрылат. Кийинчерек кыргыз биртуугандары кайрадан биригишкенде, Бай сөз кылат:

> Он жетиде сен элең,
> Ата-энеңе эркелеп,
> Эчтеме билбес неме элең.
> Жыйырмада жылас мен элем…
> Он жетиде бөлүндүң,
> Ойлонсом жашым төгүлдү. [121]

Пайгамбарлардын жарыялоосунун жана кыргыз баяндоосунун экөөндө тең он жети жашында үйбүлөсүнөн ажыраган «биртууган» тууралуу эскерилет. Эмнеге дал ушул учур анча маанисиз көрүнгөнү менен эки баяндоодо тең сакталып калган? Эмнегедир ыйык тексте Ыбрайым өз уулун Кудайга курмандыкка чалуусун сунуш кылгандыгы же Дөөттүн алп баатырды өлтүргөндүгү, же арстандарга ыргытылган Даниярдын жашы, же Теңирден айтылган сөздөрдү Жеремия насаат кылгандыгы тууралуу ыйык жазуулар

---

[120] Башталыш 37:2-3

[121] Сагымбай Орозбаков, I китеп, 6260-6266, 6292-6293, (Башкы редактор А.А. Петросян, Москва 1984)

бизге эч нерсе айтпайт, бирок эки баяндоодо тең бөлүнүп калган биртуугандардын кызыктуу болуп, жаштары эскерилгени бар. Бул учурду да көңүлгө алып коюшубуз керек.

Мындай окшоштуктарды окумуштуу Карл Юнг архетиптер деп атап, Жамааттуу аң-сезимсиз теориясында түшүндүрүүгө аракет кылганы менен деле[122] биз көрүп турган «Манас» эпосундагы жана Таураттагы окшоштуктар “архетиптердин аныктамасында” да акылга сыйбасына күбөбүз.

Анткени эки китептеги көчтү түзүүчү каармандардын дагы бир кызыкча окшоштуктары бар. Аны пайгамбарлардын жазуусу төмөнкүчө айтат:

> Жакыптын Мисирге келген кишилеринин саны
> бардыгы болуп жетимиш жан.[123]

Кыргыздардын баяндоосу он жети жаштагы Жакыптын ага-инилеринен бөлүнүп калгандан кийин жетимиш түтүн болуп Сибирдеги Алтайга көчүп барганын белгилейт:

> Азган менен тозгондон,
> Ата-энеден бозгондон,
> Ар кайсысын ар жактан
> Айдап келип кошкондон
> Жетимиш болду түтүнү.[124]

Байыркы кыргыздар да, Таураттагы уруулар да эки жакта тең көчмөн калктар. Экөө тең он эки уруусуна тиешелүү экендигин элдик биригүүсүндө

---

[122] The Archetypes and The Collective Unconscious. Jung,G.G., (1934-1954).(1981 2nd ed. Collected Works Vol.9 Part 1), Princeton, N.J.: Bollingen

[123] Таураттагы Башталыш 46:27

[124] Сагымбай Орозбаков, I китеп, 1276-1282 (Башкы редактор А.А. Петросян, Москва 1984)

эскеришет. Бай Жакып менен кайрадан биригишкенде, мындай билдирүү жасайт:

Он эки уруу кыргыздын
Өлүшүн жоктоп кыйналдым,
Аларды санап ыйладым.
“Кенже иним Жакып” дегенде
Күндө үч убак ыйладым,[125]
Күйүттөн жанды кыйбадым.[126]

Пайгамбарлардын жазуусу менен кыргыз эпосундагы айкаштык бири-бирин толуктоосун улантат:

Ысрайылдын он эки урусу мына ушулар жана
аларга атасынын айткандары да окшош… [127]

Исанын окуучусу Жакыбдын б.э. I кылымында жазган ыйык катында көчмөн пайгамбарлар Ыбрайымдын, Ыскактын жана Жакыбдын он эки урусу тууралуу сөз улантат:

Кудайдын жана Теңир Машаяктын кулу Жакыбдан
Ысрайыл элинин тарап кеткен он эки урусуна…[128]

Куран дагы бул “он эки уруу” Мусанын Жакыб аттуу ата-бабаларына караштуу деген түшүнүгүн колдойт:

Мусанын элинде акыйкатты аркалап, адилеттикке,

---

[125] Ыйык китептеги Даныяр пайгамбардын китебинде да Ысраил эли үчүн да үч маал ыйлап, сыйынат.

[126] Сагымбай Орозбаков, I китеп, 6381-6386 (Башкы редактор А.А. Петросян, Москва 1984)

[127] Башталыш 49:28

[128] Инжилдеги Жакыбдын каты 1:1
Ысык-Көлдө Исанын шакирти Матайдын атынан аталган ыйбадаткананын калдыктары бар. Эгер Матай Ысык-Көлгө келгендиги тууралуу айтылган билдирүүлөр чындык болуп чыкса, анда ал Жакыб он эки урууга жазган катын таркатып жүргөн деп жыйынтыкталышы ыктымал.

> аракеттенген жакшы коом бар эле. Биз аларды он эки муунга бөлдүк. Эл андан суу чыгар деп өтүнгөндө Мусага айттык: “Таягың менен ташты чап!” Борчуктан он эки булак атылып, бардык эл суу алчу жерин билишти…[129]

Куранда эң биринчи мусулмандар Жакыбдын жана анын уруусунда эң бир күчтүү ишеним болгону тууpасындагы эскерүүсү белгиленет:

> Айткыла: “Биз Алла-таалага, анын аяттарына баш ийдик ува Ыбрайым, Исмайыл, Искак, Жакыбга ынанып, алардын айткандарына, укум-тукумуна ишендик. Муса менен Исага жана да ак пайгамбарларга арналган кудайдын жол-жобосуна сыйындык[130]

Алардын эзилген маалында экөөндө тең Жакыбдын жетимиш эли да, жетимиш түтүнү да күчтүү калкка айланат. Учурунда өздөрүнүн көчүн баштоо менен бирге эзелки ата-бабаларынын киндик каны тамган жерине кайрылууну чечишет. Кыргыздардын түпкү теги “Нааман” деп аталат. Ыйык китептеги жердин аталышы болсо “Канаан”.

> Жакып атасы жашаган Канаан жеринде жашап жүрдү.[131]

Манас өз элин эр-чечен кеби менен көчүүгө чакырат:

> Атамдан калган жеримди
> Алдырып коюп кытайга
> Аңкайып кантип турамын!?
> Энеден не үчүн тубамын,

---

[129] Куран 7:159, 160 (Эрнис Турсунов которгон, Бишкек 1991).

[130] Куран 2: 130 (136)

[131] Башталыш 37:1

Эрлердин жолун кубамын,
Атамдан калган Нааманды
Алты айга койбой албасам
Айрып жерин албасам…[132]

Кудай пайгамбарларга Канаан жери тууралуу мындай деп айтат:

> Силердин Кудайыңар болуш үчүн – силерге Канаан жерин бериш үчүн, Мисир жеринен алып чыккан Кудай-Теңириңер Менмин[133]

Арийне мен кыргыз жана арамей сөздөрүнүн этимологиялык изилдөөсүн ача тургандыгыман үмүт этем. Ал эми азырынча колубуздагы байлыкты эле ала турсак: ысымдардын бирөөсү Канаандан келген Жакыб жана экинчиси Наамандан келген Жакып, алардын Манасе[134] жана Манас деп аталган уулдары бири-бирине тиешелүүдөй көрүнөт. Эң ылайыктуу жооп – колубузда жашыруун сыр бар десек болот.

Илгерки жазуулар менен кыргыз эпосунун байыркы катмарларынын бири менен зор окшоштуктарын көрөбүз. Улуу Жибек-Жолунда жөөттөрдүн жана мусулмандардын соодагерлери, несториялык христиандар, көчмөн хазариялык жөөттөр отурукташкан Бухара менен Кайфен жөөттөрү жана ар кайсыл диндин дербиштери Манехеизмдин да, Заостризмдин[135] да, жадагалса

---

[132] Сагымбай Орозбаков, Т-2, 405-417, 424-426 (Башкы редактор А.А. Петросян, Москва 1984)

[133] Тоораттагы Лебилер 25:38

[134] Башталыш 48:1-6 Кыргыздарда алигиче өз небересин өз уулу кылып алуу салты бар. Чоң атасынын колунда небереси анын кенже уулу болуп анын ысмын алат.

[135] Religions of the Silk Road, by Richard C. Foltz. P 15, 16 (St. Martin's Griffin. New York. 1999), («Улуу Жибек-Жолундагы диндер» автор Ричард С. Фольтз, 15-16 б. (Нью-Йорк, 1999)

алыскы Ооганстан[136] менен Жапонияга[137] чейин таркап кеткен Ысрайылдын жоголгон урууларынын жанынан да кесип өткөндөр. Баарысы тең Жакыб, Жусуп, Муса жана ыйык жазуулардан келип чыккан дастандарын ала келишкен беле? Кыргыз манасчылары мындай учкай учурларынан сактай алаар беле? Кээси тескеринче, окуяларды көчмөн пайгамбарлар кыргыз бабаларынан алышкан деген ойду сунуш кылат. Ал эми азыр, көбүнчө Батыштын христиандарында кылымдар бою пайгамбарлардын колжазмасынын таасирине учурап, жакшы тааныш болгону менен ага караганда чаар китептеги кездешүүчү учурларды Библиядан алыс кыргыздар өздөрүнүн маданиятында терең камтый алышкан деп алсак болот.

Эң кызыктуусу, бул көчтөрдү жетектеген эки адамдын төрөлүшү да окшош. Мисирдин фараону Жакыбдын эли күчтөнүп[138] келатат деп корккон. Эсенканга б.а. кыргыздарга үстөмдүк кылган душман падышасына да ушундай коркунуч келген. Фараон жаңы төрөлгөн эркек балдарды[139] бүтүндөй кыра баштаган. Аярсыздык басмырлап аткан маалда өзгөчө эркек наристе төрөлөт. Байкасаңыздар бул жердеги “өзгөчө бала” эки элдин тең ыйык уулдары эле.

> Леби уруусунан бир адам ошол эле уруудан аял алды. Аялынын боюна бүтүп, эркек бала төрөдү. Баланын абдан жакшынакай экенин көрүп, ал аны үч ай жашырып жүрдү.[140]

---

[136] The Lost Tribes of Israel, the History of a Myth, by Tudor Parfitt. P.141 (Phoenix, 2003) (Ысрайылдын жоголгон уруулары, автор Тьюдор Парфит, Фоэникс 2003)

[137] Жапониялык автор Аримаса Кубо

[138] Тоораттагы Мисирден. Чыгуу 1:8-11

[139] Мисирден. Чыгуу 1:15,16

[140] Мисирден Чыгуу 2:1

«Манас» эпосу да буга окшош окуяны чагылдырат. Муса сыяктуу эле, айтор Манас да өзгөчө уул болуп жарыкка келеринде душмандардын падышасы кыргыз ымыркайларынын жанын сууруп алган болчу.

Курсактан балаң түшкөндө
Кулак учу тешилүү,
Мунун сүрүнөтү кесилүү
Ой, Жакыбым, ойлончу.
Курсактан түшкөн балаңдын
Мынчалык болду жышаана.[141]

Кытайдын башкаруучусу Манастын төрөлүүсү жөнүндө билип калып, өзүнүн аскер жоолорун Манасты кармап өлтүрүүгө жөнөтөт. Ошондуктан кыргыздар Манасты душмандарынан жашырып, тоого жөнөтүшкөн.

Мындан мурда жети жыл
Чыны Какандын даңзасына чийилди.
Манастын атын укканда
Калайыкка чыр салып,
Бээжиндин калкы күйүнгөн,
Белгилүү Манас уул ошол.[142]

Анан:

Киши жүрүп, эл билбес,
Каракалмак-манжуга
Бирөөсүнө билгизбей,
Бирөөсүнө туйгузбай,
Манасты тоого сактап багалы![143]

Манас жашырылып, тоодо атасынын малын кайтарган. Арадан убакыт өткөн соң Муса да чөлгө качып, кой кайтарып жүргөнү бар. Куран Алла-таала

---

[141] Саякбай Каралаев, I китеп, 3994-4000, (Башкы редактор Т.К.Койчиев, Бишкек 1995)

[142] Саякбай Каралаев, I китеп, 3818-3824, (Башкы редактор Т.К.Койчиев, Бишкек 1995)

[143] Саякбай Каралаев, I китеп, 5249-5257 (Башкы редактор Т.К. Койчиев, Бишкек 1995)

Исаны булак жана мал-жандыгы бар тоолордо жашыргандыгын айтат. Атүгүл Дөөт падышасы да билинбей, мал багып өскөн. Бул окшоштуктар архетиптерден да ашып түшөт жана менин кебиме ылайык келбейт, бирок алар тууралуу сөз учугун чыгара кеткеним – эпос менен диний окуялардын кенен изилденишине кызыккандар үчүн арналмакчы.

Ушул учурдан пайдаланып, өзүбүздөн "Манас эпосуна Тооратта айтылган окуялар өз таасирин тийгизген эмеспи?" деп сурасак эмне болот? Кыргыз тарыхчылары «Манас» эпосу – көптөгөн каармандардын санжыраларын түпкү тарых-таржымалына чейин камтыйт дешет.

Балким, Муса кыргыздардын тарыхындагы бирден бир алдыңкы каармандардан болгон.  Жөөт соодагерлери же мусулман, балким несториялык дербиштери кыргыздарга чаар китептеги окуяларды Улуу Жибек-Жолу аркылуу сооданын жана дин жанданган мезгилдерде кошо ала келишкендир.

Манас да, Муса да орчундуу кайгыда кабаатыр болуп, экөө тең кайнаталары көч жетектегенде жардам көрсөткөн. Мусанын кайнатасы Итрон Мусанын ал-акыбалын сураганы келет. Келгенде Муса өз элин жетектөө үчүн күрөш жүргүзүп атканын байкайт. Аксакал жаш жетекчиге кеңеш айтып, бул өз учурунда Мусанын жетектөөсүнүн ыкмасын өзгөртүүгө таасир тийгизип, коомго жардам алып келет.[144] Манастын Нааманга кайрылып келүүсүнө бышык аскерлерин бириктиргени үчүн күрөшкөн. Ошондо Манастын

---

[144] Сандар 10:29 жана Мисирден Чыгуу

кайнатасы Кайып черик жыйнап, кыргыздардын өздөрүнүн байыркы жерине көчүп баруусуна жардам бергенге келет.[145]

Манас жана Муса болуп көч маалында кошо жылып согушкандардын да саны бирдей. Манас 600 000 аскери менен жолго чыккан:

> Алты жүз миң кол менен,
> Нааманды көздөй жол менен…[146]

Жана:

> Аз гана эмес, мол менен
> Алты жүз миң, отуз миң
> Азар түмөн кол менен
> Башчылары бар экен.[147]

Мусанын Канаанды көздөй бет алганы жөнүндө да кызыктуу окшоштуктар бар:

> Ысрайыл уулдары Раамсестен чыгып, Сукотко жөнөштү. Балдарды эсептебегенде, алардын саны <u>алты жүз миң</u> жөө эркек эле.[148]

Жана:

> Алар Ысрайыл уулдарынын согушка жарактуу жыйырма жана андан жогорку жаштагы эркек атуулдарынын баарын үйбүлөсү боюнча санап чыгышты. Жалпы саны алты жүз миң беш жүз элүү

---

[145] Сагымбай Орозбаков, II китеп, 661-664 (Башкы редактор А.А. Петросян, Москва 1984)

[146] Сагымбай Орозбаков, II китеп,709-710 (Башкы редактор А.А. Петросян, Москва 1984)

[147] Сагымбай Орозбаков, II китеп, 952-955 (Башкы редактор А.А. Петросян, Москва 1984)

[148] Мисирден Чыгуу 12:37

болду.[149]

Анан Мусага да, Манаска да кайра кайрылгысы келген бечаралар туш болгон. Бул наалыгандардын моокуму эркиндиктин сыноолорунан көрө аларды эзүүчү турмушка моюн сунуп, момундук менен жашаганда гана канмак.

Кан Айдаркан, Мунар кан:
"Катылбастан капырга
Кайтсак кандай болду деп"
Келип турган кеңешман
Бу сөздү айтып салганы.
Айтканына Манастын
Ачуусу келип калганы.[150]

Жадагалса Манастын атасы Жакып  кайра артка кетүүнү каалады:

Алтайга кайра барам деп
Айтып турду Жакып бай.[151]

Ачууланган Манас кебин айтып, өз элин көчтү улантуу нугуна алып келет. Муса да ушундай кылат. Бул тууралуу Тooраттын айтканы:

Ысрайыл уулдарынын бүт жамааты Эйлим жеринен чыгышты. Алар Мисир жеринен чыккандан кийин, экинчи айдын он бешинчи күнү Эйлим менен Синайдын ортосундагы Син чөлүнө келишти. Ысрайыл уулдарынын жамааты чөлдө Муса менен Арунга кайрадан наалый баштады. Ысрайыл уулдары аларга: "Биз Мисир жеринде нанды тоё жеп, этке толгон казандын жанында отурганда эле Теңирдин

---

[149] Сандар 1:45

[150] Сагымбай Орозбаков, II китеп, 1009-1016 (Башкы редактор А.А. Петросян, Москва 1984)

[151] Сагымбай Орозбаков, II китеп, 6436-440 (Башкы редактор А.А. Петросян, Москва 1984)

> колунан өлүп калсак эмне! Силер бизди чөлгө
> ачкадан өлтүргөнү келген турбайсыңарбы?” - деп
> наалышты.[152]

Кийинки окшоштуктун бири жана анча деле кичү эмес Манастын да, Мусанын да алдынан душманчыл падышалардын чыга калганы. Тооратгагы Ог менен «Манас» эпосундагы Орго, байыркы китептеги жазуу төмөнкүчө айтат:

> Анан артка кайрылып, Башанды көздөй жөнөштү.
> Ошондо Башан падышасы Ог бүт эли менен аларга
> каршы чыгып, Эдрейдин жанында салгылашты…
> Ошентип, ысрайылдыктар анын өзүн, уулдарын бүт
> элин калтырбай кыйратышты…[153]

Ал эми эпостун варианты болсо:

> Оён Манас кезигип,
> Орго кан өлүп калыптыр.[154]

Эң кызыктуусу, эки тараптагы көчтө тең Ог жана Оргого каршы майдандар экинчи ири майдандардын бири болуп эсептелгенинде. Ог Башанды, ал эми Орго Эки Баш деген жерди башкарганы да көңүл бурдурат. Ог менен Орго, Муса менен Манастын өз ата-тегине жол алган сапарларына тоскоол кылууга аракет кылышкан жана ишке ашыра алышкан эмес.

---

[152] Мисирден чыгуу 16:1-3

[153] Сандар 22:33-35

[154] Сагымбай Орозбаков, II китеп, 2873-2874 (Башкы редактор А.А. Петросян, Москва 1984)

Корутунду сөз

Мен «Манас» эпосу менен Тооратты бир жагынан эле салыштырдым. Эки көчтөгү түркүн айырмачылыктар менен бирге Мусанын байыркы көчүнөн тартып, Манастын кийинчеректеги көчүнө чейин келип жеткен баалуу калдыктарды да далай ирет көрсөк болот. Окшоштуктардын себептери келечектеги муундардын изилдөөчүлөрү үчүн табышмактуу сыр бойдон кала бермекчи. Ансыз деле салыштырганга жыш эки Жакыптын тең согуштагы окшоштуктары, Манас менен Манасе жана Санирабига (Рабига) менен Ребека; Жакыбдын дини менен Жакыптын Көкө Теңирге ишенип туткан дини, мазарлар, курмандыкка чалуулар жана Кыдыр сыяктуулар кездешет. Ошондой эле салттардын жана тил илимине тиешелүү изилдөөгө дуушар болуп турган кендери бир кыйла. Мисалга алсак, кыргыздардын "Кыдыр Алейки Салам" салтынын эң бир маанилүү жагдайы башталыштын 18-аятында Ыбрайым да «Кудайды» меймандостук менен тосуп алганы жеткилең сүрөттөлөт. Анан чаар китепте жазылган Жакыбдын периште (Кудай) менен кармашканы башталыштын 32-аятында кыргыздардын кыдырып жүргөн периштеси – Кыдырга ишенгенине багытталган кээ бир маңыздуу бөлүмдөр камтылган. Жана Иса пайгамбардын кыргызча аталышы "Машаяк", арамей тилиндеги "Машаях" деп аталганына да окшош келет. Ал эми коңшулаш казак жана өзбектер Месихти араб тилиндеги "Месих" деген сөзүнөн Куранга жана Библияга которушкан.

Мен «Манас» эпосу менен чаар китепти салыштыргандардын эң биринчилери эмесмин, анткени буга чейин эле: Чыңгыз Айтматов, Ашым Жакыпбековдун "Теңири Манас" аттуу китебинин кириш сөзүндө бул сырлардын жана табышмактардын окшоштуктарын эскерте кетет. Жаныбек

Жанызак «Манас» эпосу менен ыйык жазуунун[155] ортосундагы байламта тууралуу өз макаласында белгилейт. Болот Шамшиев да өзүнүн салыштырмалары тууралуу макалаларды жазып жүргөн.[156]

[155] Жаныбек Жанызак. "Эмне үчүн еврейлердин, Манастын 1000 жылдыгын белгилейбиз?", «Моя Столица» 1995, Июнь.

[156] Болот Шамшиев, "Манастын белгилеринин табышмактары", «Respublica» 2004, Август 26 № 25



## Кыргыз элинин салт-санаалары

Кыргыздын салт-санаасы библиялык көчмөндөрдүн оң да, терс да жактарынын көчүрмөсүндөй. Ушул укмуштай маданий окшоштуктар өзүнчө бир мамилени талап кылат. Андыктан бир нече кош сызыктарды (параллелдерди) карап көрөлү.

Курмандык

Кыргыздарда Тоораттагыдай бир нече майрамдар менен салттар бар. Мисалы, кыргыздар каны чыгарылбаган мал этин жебейт.[157] Кыргыздын буга байланыштуу ишенимин Тоорат мындайча чагылдырат:

[157] Бирок анткен менен мергенчилер ууга чыкканда кийиктерди атып алган боюнча эле эч кандай мууздабастан жеген учурлары көп кездешет.

> … анын канын силер жебешиңер керек; анын канын жерге төгүп салышыңар керек.[158]

О.э. кыргыздар койду сойгондо кудум эле Твораттагы курмандыкка чалынгандай сөөктөрдү сындырбай жиликтейт:

> … силер анын сөөктөрүнүн бирин да сындырбашыңар керек.[159]

Адатта кыргыздар: Тооратта кудай буйругандай денсоолугу сак, эч кемчилиги жок козуну кечке маал курмандыкка чалышат. Мисалга, өз көзүм менен күбө болгон мисалдарга токтоло кетсем: мен көптөгөн тойлорго чакырылам да, ар дайым кечке маал ачка жетип барам. Ошондо да эми эле мал союлган убакка жетишем. Анан да үч сааттай  күтүп, ашказаным кулдурай баштаганда гана тамак даяр болот. Тооратты дурусурак билгенимде, кыргыздын салт-санаасын жакшырак түшүнмөк экем:

> Курмандыкка чала турган жандыгыңар эч кемчиликсиз, бир жылдык эркек козу болсун…Анан бүтүндөй Израиль коому аны күүгүмдө курмандыкка чалсын.[160]

Кыргызстанда биз этти түнү менен таң атканча жеген учурларга сейрек кабылдык.

> Таңатканга чейин эттин эч нерсеси калбасын…[161]

---

[158] Мыйзамды кайталоо китебинен 15:23

[159] Мисирден чыгуу китебинен 12:46

[160] Мисирден чыгуу китебинен 12:5,6  Мааниге басымды автор кошту.

[161] Мисирден чыгуу китебинен 12:10

Кыргыздар тамак желип бүткүчө укташпайт.

> Бул түн - өздөрүн Мисирден алып чыккандыгы үчүн уктабай өткөрө турган Теңирге арналган түн. Бул түндү Ысрайыл уулдары укумдан-тукумга сакташы керек.[162]

Бир курдай бир нече саат тойлогон соң бошонуп келгени сыртка чыкканга аргасыз болдум. Үй ээси мага бир кишини кошуп берди. Бул мен үчүн кызыктай сезилди. «Эмнеге туалетке киши кошуп берип атасыңар?» – десем, баласы: «Караңгыда жалгыз чыксаң, *бөө* уурдап кетиши мүмкүн» – деди. Албетте, бул маселе талаштуу пикирлерди жаратышы да мүмкүн. Себеби, бөө эмес эле кээде ит каап албасын деген ой менен сыртка чыккан меймандын жанына киши кошуп сыртка чыгаруу – кыргыздарда меймандын коопсуздугуна болгон камкордук. Анын үстүнө кыргыз сырттан аттын дүбүртүн укканда деле үйдөгү балдарды сыртка жөнөтүү каадасы бар. Эгер мейманды сырттан тосуп албаса, таарыныч болушу мүмкүн. Ошондой эле мейман сыртка чыгаарын билсе, кыргыздар сөзсүз мейман менен сыртка кошо чыкканын – сый мамиле билдиргени деп түшүнөм.

> … Таң аткыча бириң да сыртка чыкпагыла.  Теңир Мисирди кыйратуу үчүн баратканда, эшигиңердин маңдайчасы менен эки кашегиндеги канды көрүп, кыя өтүп кетет, кыйратуу үчүн келе жаткан кыйратуучуну (жаналгычты) силердин үйүңөргө киргизбейт.[163]

Кыргыздын бозүйүнүн кашектери да кызыл түстө. Ал эми кызыл түс канды, адамдардын канын элестетет. А бирок кыргыз бозүйдү жыгачтарынын баары

---

[162] Мисирден чыгуу китебинен 12:42

[163] Мисирден чыгуу китебинен 12:22,23

эле кызыл түстө болгондуктан, кашектеринин түсү анчалык так антропологиялык далил боло албайт. Ушуну эске алып, Манасе уруусун элестетем – алар эшигинин кашегин майлаган соң, токтобостон, кой түндүктү да боеп койбосом болбойт дешсе керек.

Мен Нарындан уккам, мурунку муундар жамандыктан, жаман көздөн, каргыштан сакташ үчүн кийим-кечелерин кан менен учуктап коюшчу экен.

Тоорат боюнча этти кайнатпаш керек:

> Курмандыкты кан же кайнатылган түрүндө
> сугунбастан, башын, шыйрактарын жана тулкусун
> отко куйкалап, бышырып жегиле.[164]

Кээ бир учурларда кыргыздар койду Тоораттагыдай толугу менен отко куйкалайт. Өзгөчө, сыйлуу коноктор үчүн. Албетте, өздөрү үчүн да койду толугу менен куйкалаган үйбүлөлөр да толтура. Айрыкча, кышкы согумдун маалында. Ушул жерден Тоораттагыдан бир айырмасы – кыргыздар этти негизинен сууга бышырышат. Болгону, баш-шыйрактарын гана отко куйкалашат. А балким ушундай кылуу менен жок дегенде “башы менен шыйрактарын отко куйкалагыла” деген осуяттын акыркы бөлүгүн аткарышар…

Жусуп уруусунун жеринде Жакыптын эли этти ыйык китепте жазылгандай, бышырууга баш ийбегендиги тууралуу жазуу бар:

> Илийдин балдары бузулган, Теңирден тескери
> кетишкен адамдар эле. Дин кызматчылардын салты

---

[164] Мисирден чыгуу 12:9

> боюнча курмандык чалган кишинин эт кайнаткан казанына болобу, табагынабы, чайнегинеби, дин кызматчынын нөкөрү келип, үч ача айрыны сайып, ошого эмне илинсе – баарын дин кызматчыга берчү. Бул кылыкты алар Шилох деген жерге келген бардык израилдиктерге көрсөтүшчү. Анысы аз келгенсип, дин кызматкердин кулдары майын куйкалай электе жетип келип, курмандык чалган кишиден: "Куйкалана турган этти дин кызматкерге бер! Дин кызматкер суугa бышырылган этти албайт, кам эттен бер!" – деп талап кылышар эле.[165]

Ошондой эле ыйык жазмалардагы урууларднын курмандык эттерин азыркы кыргыздар сыяктуу бышырган айрым учурлары бар:

> "Этти жолугушуу алачыгынын босогосунда бышырып, ошол жерде нан менен же..." [166]

<u>Калама</u>

Пайгамбарлардын тукумдарыныкындай эле кыргыздарда да ачытылбаган камырдан жапкан калама аттуу нан бар.

> Силер Калама тоюн сакташыңар керек... [167]

Жана

> Жети күн ачыткысыз нан жегиле[168]

Бирок, кыргыздар каламаны Муса осуяттагандай атайын тойлорго даярдабайт. Негизинен калама жасоо көчмөн кыргыздын күнүмдүк

[165] 1-Шемуелдин китеби 2:12-15

[166] Левит китебинен 8:31

[167] Мисирден чыгуу китебинен 12:17

[168] Мисирден чыгуу китебинен 12:15

зарылчылыгынан келип чыккан. Себеби, бир жерден экинчи жерге көчкөн учурларда камырдын толук ачышын күткөнгө ыңгайлуу шарт аз (камыр жылуу жерде ачытылат эмеспи), ошондуктан камырды ачытылбаган бойдон каламага колдонуу гана мүмкүн. О.э. калама жасоо – көчмөн элдин керектөөсүнө ылайыктуу азык болуп саналат.

> Мисирден ала чыгышкан ачыткысыз камырдан токоч жасашт, Мисирден шашылыш түрдө куулуп чыккандыктан, жолго тамак-аш да камдай албай калышкан эле.[169]

Эгерде биз ыйык жазуулар менен кыргыз салттарынын ортосундагы 40-50 жалпылыкты гана байкаган болсок, анда жогоруда аталган окшоштуктарга көңүл бурбай койсок деле болмок. Бирок биздин далилдер ашып-ташып кетти. Адабий анализ кашкайткан далилдерди маданий окшоштуктар ырастоодо.  Бул далилдер көрсөткөндөй, калама сыяктуу анча маанилүү эмес аспекттер айтылган сөздү бекемдөө үчүн гана кызмат кылуучу нерсе болуп калды.

<u>Кун тою</u>

Кыргыздын салты менен пайгамбарларды байланыштырган нерселердин тизмесинин аягы түгөнбөйт. Кийинки темага өтөрдөн мурда дагы бир нече салтты карап өтөлү.

Кыргыздарда түлөө же төлөө деген курман бар. Бул сөздүн уңгусу төлө менен байланышы ыктымал. Тууган-урук айылдан чыгып, адатта бир тоого чогулуп, ошол жерде төл башын курмандыкка чалышчу. Бул жаз айларында орун алчу. Жогоруда айтылгандай Тооратта да кудум ушундай салт жазылган:

---

[169] Мисирден чыгуу китебинен 12:39

> Малыңдын бардык эркек төл башын Кудай Эгеңе
> арнап, курмандыкка чал...[170]

Ошондой эле Абылдын курмандыгы тууралуу белгилүү жазуу бар:

> Абыл да малынын төлбашысынан алып келди...[171]

Жакып кайнатасы Лабан менен келишимди бекитиш максатында тоодо курмандык чалган. Алар да этти түнү бою жешкен[172]. Бул эки көчмөн топ кыргыздар менен ыйык жазмалардагы пайгамбарлар көп тилектер менен курмандык чалышкан. Ошол тилектер кудайга жагынуу, кечирим суроо, коргонуч үчүн, бата тилөө, ыраазычылык келтирүү жана келишим түзүү максатында болгон. Манас эпосу менен ыйык китептерди бири-бирине күзгүдөй чагылтып турган адамдардын мүнөздөрү менен болуп өткөн окуялар гана эмес, курмандык чалуулар менен ишенимдерге байланыштуу салт-санаалар менен үрп-адаттар.

## Исламдын таасири

Жаныбарларды курмандыкка чалуу кыргыздардын дүйнөгө болгон көзкарашынын жана күнүмдүк тиричилигинин ажырагыс бөлүгү. Ошондой болсо да Куран ага анчалык маани бербейт. Өтө маанилүү ыйык келишимдер тууралуу сөз жүргөндө да Куран курмандык жана канга ооз ачпайт:

> Эстегин, Пайгамбарлар жана сени менен Нух,
> Ибрайым, Муса жана Мариянын уулу Иса менен
> келишим түзгөнүбүздө, биз алар менен салтанаттуу
> келишим түзгөнбүз. Ал алардын ишенгендеринин

---

[170] Мыйзамды кайталоо 15:19

[171] Башталыштар 4:4

[172] Башталыштар китебинен 31:54

> ишенимдүүсүнөн сурай алсын үчүн...[173]

Курандын пайгамбарлары талап кылган бул курмандыктар жана алар аркылуу түзүлгөн келишимдер Тооратта бар, ошондой эле Исага байланыштуу Инжилде (Сүйүнчү деп которулат) да бар. А бирок Куранда жок. Куранда бир гана Ибрайымдын уулунун ордуна асмандан түштү делинген ири курмандык жөнүндө айтылат. Мусулмандар ошол курмандыкты Курман айт деп, азыркы күндө да майрамдап келишет. Андыктан курмандык темасын исламда таптакыр жок деп айтууга болбойт. Деген менен исламдын курмандыктарынын мааниси жана ролу кыргыздар менен байыркы көчмөн пайгамбарлырдын салттарындагы курмандыктардыкынан кем калышпайт. Ошондуктан бул Тоораттык салттар кыргыз маданиятына ислам аркылуу кириши абдан күмөн. Анын үстүнө тыюу салынган китеп менен кыргыз үрп-адаттарын байланыштырган дагы башка себеп бар.

<u>Той аягы</u>

Тээ илгерки замандарда кыргыздар желбеген эт менен кемирилбеген сөөктү дасторконго таң заары атканга чейин эч калтырышпаганын карылардан уккам.  Желбей калган устакандарды конокторуна түйүп же коңшу-колоңдоруна беришкен. Мындай салт азыр деле көп кездешет.  Дауд падыша (же Дөөт пайгамбар) да бир жети күндүк тойдон кийин так ушундай кылган:

> Андан соң жамы журтка, топураган израилдиктерге,
> аял же эркеги дебей, баарына, Дөөт бир үзүм нандан,
> бир кесим эттен, шекер-шербеттен түйүп берди.
> Ошентип эле ар кимиси өз-өз үйүнө тарашты.[174]

---

[173] Куран 33:7

[174] Самуэль пайгамбардын 2-китебинен 6:19

Твораттын ушул тоюн динчил раббилер секулярдуу кыргыздардай майрамдарына шегим бар.

<u>Кудайы конок</u>

Кыргызда абдан сонун кудайы конок деген салт бар. Ибрайым кудайдын өзүн тосуп алып конок кылгандай, кыргыздар да кудай күтүлбөгөн жерден өтүп кетиши мүмкүн деген ишенимде конокторду күтүшөт. Тоорат менен кыргыздардын меймандостугунун бир гана айырмасы – Ибрайым конокторунун бутун жууса, кыргыздар меймандарынын колуна суу куюп берет.

> Теңир Мамре деп аталган бак-даракта (мазарда) жашаган Ибрайымга дагы жолукту. Ал түшкө маал, күн куйкалап турганда чатырынын оозунда ойго батып отурган эле. Бир оокумда башын көтөрүп, каршысында турган үч кишини көрдү. Ордунан атып туруп, тосо чуркап, ийиле салам берди. "Мырзалар,— деди ал,— мендей кулуңарды кыя басып, өтүп кетпегиле деп өтүнөм. Азыр бутуңуздарды чайкаганга суу апкелдирем. Мына бул дарактын көлөкөсүнө отуруп, тыныгып алыңыздар. Мен болсо нан апкеле калайын, сапарыңыздарды өзөк жалгап алып, анан улантыңыздар". Тигилер макул болушту. Ибрайым чатырына шаша кирип, Саррага ундун мыктысынан үч чара жууруп, калама жасай салууну дайындады. Өзү бадага жүгүрүп барып, эң семиз торпокту тандап, аны кызматчысына сойдуруп, даярдаганга шашты. Анан конокторго май, сүт жана эт тартып, тамактанып жатышканда өзү жанындагы дарактын түбүндө турду.
> — Сарра кайда? — деп сурашты алар Ибрайымдан.
> Ал:
> — Чатырда, — деди.
> — Келээрки жылы так ушул маалда сага дагы келем, ошондо аялың Сарра уул төрөйт,— деди тигилердин

бири.[175]

Бул кудайы конок салты менин кыргыз угармандарымдын “көзүн ача турган” Тооратттын дагы бир бөлүгү. Чынында “четелдик китептин” бул бөлүгүн четелдик дейин десең, бирок кыргызча түшүнүктөргө, кыргыздын пейилине өтө эле жакын.

## Сандык

Кыргыздын бозүйүнө баш баксаң, сөзсүз түрдө сандык көзгө урунат. Адатта ал бозүйдүн чыгыш тарабын караган эшиктин босогосунан аттаганда эле эң төр жактагы үйдүн батыш ыптасына жайгашкан болот.[176] Бул сандыктын ээлеген сыйлуу орду ушунчалык так болгондуктан, Тоораттагы “Мусанын келишим сандыгы” дароо эске түшөт:

> Акация дарагынан сандык жасашсын. Узуну эки жарым чыканак, эндиги бир жарым чыканак, бийиктиги бир жарым чыканак болсун. Анан сен анын ичи тышын чылк алтын менен жалат... [177]

Кыргыз сандыктардын кээ бирлеринин өлчөмү Мусаныкындай, бирок адатта кыргыз сандыктары бираз кичирээк болушат. Кыргыздын сандыктары да Мусаныкындай сырты темирден жасалган оймо-чиймелер менен кооздолот. Ошол темир жасалгалар дароо бадырайып көзгө көрүнөт. Анткени, бозүй өзү эч бир темирсиз, бир да мыксыз, органикалык материалдар менен жасалат.

---

[175] Кыргыздар “кур аякта бата жок” дегендей эле. http://kutbilim.narod.ru котормосу пайдаланган.

[176] Кыргыздын кээ  бир райондорунда бозүйдүн эшиги чыгышты караш керек деген байыркы салтты кармашпайт. Андыктан андай райондордо сандык үйдүн батыш ыптасында жайгашпай калышы да ыктымал.

[177] Мисирден чыгуу 25:10,11

Мусанын сандыгы Куранда да бар. Ал эми еврейлердин тарыхы боюнча ыйык сандык б.з.ч. 586-жылкы вавилондуктардын чабуул убагында же Иерусалимди басып алгандан кийин жок болуп кеткен. Ошол убактан бери сандыктан дайын жок.

Эфиопиялык христиандар сандыкты алардын түндүк тарабындагы тоолуу аймакта жайгашкан Аксум деген айылдагы табынуучу жайда турат дешет. Алардын айтуусу боюнча сандыктын пайда болгонуна 3000 жыл болду, бирок бир да четелдик аны көрө элек. [178]

Кыргызга жакын элдердин бири алтайлыктар мага өздөрүнүн “жоголгон” алтын сандыгы тууралуу уламыш айтып беришти. [179]

Түндүк Индияда жашаган Куки аттуу элдин бир ыры бар. Анда алар качандыр бир кезде деңизден алып өткөн кудай-сандык тууралуу айтылат[180]. Жапондордун да *омикоши* деген ыйык сандыгы бар. Бул сандыкты Шинто дин кызматчылары кудум Муса осуяттагандай көтөрүшөт. Акырында, буларга кошумча дагы Кампучиянын Сием Рип аймагындагы Анкор Ват деген жериндеги ийбадатканасындагы белгилер да жапондордун *омикоши*си менен Мусанын сандыгын көтөргөндөй образдар бар. Биз кийинчерек бул өзгөчө сандык тиешелүү болгон башка элдердин кыргыздарга, Тооратка жана өзара кандай байланыштары бар экенин изилдейбиз.

---

[178] Паул Рафаэль, *Smithsonian* журналы, Жоголгон Үкөктүн сактоочуларыбы? 2007-жылдын декабрындагы саны

[179] Жекече интервьюлар (Алтай, 2004, 2005, жана 2006)

[180] Доктор Куплам менен жекече маек (Гухати, Индия; 2006).

## Кыз ала качуу

Кыз ала качуу көпчүлүккө жапайычылыктай көрүнсө да Кыргызстанда алиге чейин орун алат. Баарынан кызыгы, бул “жапайы” салттын учурунда библиядагы айтылган уруулардын арасында да орун алгандыгы:

> Анан жамаат аксакалдары мындай дешти: ”Калгандарын кантип үйлөйбүз? Бенжемин уруусунда кыз-келиндин баары кырылды! Израилдин бир уруусу жоюлуп кетпеш үчүн, мураска калган жер тирүү калган Бенжемин уулдарына калсын. Ал эми кыздарыбызды аларга аялдыкка бере албайбыз, анткени израилдиктер: “Бенжемин уруусуна кыз бергендер каргышка калсын!” – деп касам ичишкен. Жакында Бейтелден түндүккө жана Бейтелден Шекемге кетүүчү жолдон чыгышка, Лебондон түштүккө карай кеткен жердеги Шилодо Теңирдин жыл сайын өткөрүлүүчү майрамы болот. Ошондо Бенжемин уулдары мындай кыласыңар: Барып, жүзүмзардын арасына жашынып, карап тургула. Шилолук кыздар бийлегени чыгышканда, жашынган жериңерден чыга калгыла да, шилолук кыздардан ар кимиң бирден жериңерге ала качып кеткиле. Аталары же бир туугандары бизге даттанып келишсе: “Алар үчүн бизди кечирип койгула, биз алардын ар бирине согуштан аял ала келген жокпуз, силер да аларга кыздарыңарды берген жоксуңар. Берсеңер, күнөөлүү болуп калмаксыңар”, – дейбиз.” Бенжемин уулдары так ошондой кылышты, өздөрүнүн санына жараша оюн-зоокко келген кыздардан бирден ала качышты да, өздөрүнүн үлүшүнө тийген жерлерге кайтып кетишти. Шаарларды калыбына келтирип, ошол жерлерде жашап калышты. Ошол эле учурда израилдиктердин ар кимиси өз уруусуна, өз үйбүлөсүнө, өз энчисине тийген жерлерге тарап кетишти. Ал убакта Израилде падыша болгон эмес. Арким өзү туура көргөндү кылчу. [181]

[181] Соттор китеби 21:14-25

Бул кыз уурдоо Жусуптан тараган урууларлын арасында, алар жашаган жерде болуп өткөн. Эми ошол Жусуптун уруулары менен байланышы болушу ыктымал делген кыргыз эли да бүгүнкүгө чейин ушул чуулгандуу салтты кармап келет.

Чаар китепти окуган кыргыздар да анда *ачуу басуу* деген салттын бар экенин байкашат. Анткени, Жакыптын уруулары кыздарды ала качып кеткен соң алардын Шилохтогу аталары менен ага-инилерине *ачуу басар* жиберишкен. Азыркы кыргыздар да өздөрүнүн ошол "библиялык" салты болгон *ачуу басууну* карманып келет.

Ушул жерден бир нерсени белгилей кетишим керек – көптөгөн кыргыздар кыз ала качуу салтын кыргыздыкы деп эсептешпейт. Ошондой болсо да бул салттын кыргыздыкы экенине күмөн санабагандар да биртоп. Адам укуктарын байкоо тармагында иш алып барган Хьюман Райтс Воч эларалык уюму кыздын макулдугу менен коштолгон кыз ала качуу салты илгери популярдуу болгонун белгилейт. [182] Макулдугу менен кыз ала качуу Иса пайгамбардын тушундагы элинин салтында да болгон. Алардын салты боюнча турмушка чыгууга макул болгон кыз үйүндө туруп, күйөөнүн капыстан келишин чыдамсыздык менен күтчү. Иса бул салтты өзүнүн асманга кетиши менен кайра кайтып келишин символикалуу түрдө мындайча сүрөттөгөн:

> Мен барып, силерге орун даярдайм да кайра келип,
> мен турган жерде силер да болууңар үчүн силерди

[182] Хьюман Райтс Воч, *"Зордук менен элдешкендер, Кыргызстандагы үйбүлөдөгү зордукту жана аялдарды уурдоону токтотуудагы мамлекеттин алсыздыгы*," Сентябрь 2006, 18-бөлүк, No. 9 (D). 94-бет.

өзүмө алып кетем.[183]

## Жоктоп ыйлоо

Кыргыздардын бирөөсү кайтыш болгондо мен бир көрүнүштү байкадым – мындайды мурда Иерусалим шаарындагы Ыйй Дубалынын жанынан еврейлерден гана көргөм. Еврейлер дубалды карап алып, талкаланган ийбадатканасын жоктоп ыйлашат. Ыйлап атышып, дубалга карап, улам-улам баштарын ийет. Кыргыздар болсо маркумду бозүйдүн ичине жаткырып, эркектер сыртта туруп алып, бозүйдүн керегесин карап боздошот. Ал эми аялдары бозүйдүн ичинен керегени карап кошок кошуп сыздашат. Ушундан улам кыргыздар да кудум эле Ыйй Дубалынын жанындагы элдин жоктоп ыйлаган кейпин элестетет. [184] А бирок, мен еврей менен кыргыздын бул салтынын тамырын Тоорадан таба албадым.

## Кол адалдоо же сүннөткө олтургузуу салты

Кол адалдоо темасы ислам контекстиндеги түшүндүрүүдө өтө татаал. Көп адамдар бул салтты кыргыз элине ислам аркылуу келди деп ойлойт. Ошондой болсо да бул салт кыргызда исламга чейин болгон дегендер да аз эмес. Бул эки башка пикирди кармангандарды бөлүп турат. Исламга көбүрөк ыктагандар сүннөткө олтургузуу аркылуу бала мусулманчылыкка багышталат десе, кыргызчылыкка ыктагандар колду адалдатуу аркылуу бала кыргыз болот дешет.

Оозеки чыгармаларда Борбор азиялыктар Мухамеддин күйөө баласы Азирети Алинин кылычынан коркуп мусулман болушканы айтылат. Али жүрүш-

---

[183] Жакан 14:2,3

[184] Ысык-Көлдө жоктоп ыйлагандар бозүйдөн тескери карап турушат экен. Башка региондордо болсо бозүйдүн маркум жаткан тарабын карап ыйлашат.

турушу жакшы жана сүннөткө олтургузулган кыргыздарды жолуктурганда аскерлерине: “Буларга тийбегиле! Булар бизге чейин эле мусулман болушуптур!” – деп, кайтып кеткен экен дешет. [185]

Манас эпосунда бир сап бар, мен ушул сапты алгач окуганда абдан таң калгам:

> Төрө Манас баш болуп
> Мусулман жуда аттанды.[186]

Бактыга жараша, тексттин комментарийинде жуда 1) бардыгы, ар бири, так, же 2) абдан, көп, өтө деген маанини билдирээри жазылган.[187] Ошондуктан м*усулман жуда* деген фраза, балким, “Мусулмандын баары” дегенди билгизет болуш керек. А бирок эпосто жуда[188] деген этникалык топко карата айтылган сап да бар. Манас түш көрүп, өзү жоруй албай, айланадан ар кандай адамдарды чакырат. Бул адамдардын арасында Бухара, чамбыл түрмөн[189], каракалпак, чүрчүт, жуда жана калча дегендер болот:

> Букар, чамбыл туркмөнгө,
> Каракалпак, чүрчүткө,
> Жуда менен калчага.[190]

---

[185] Мен сабак берип атканымда кыргыздар бул оозеки чыгармачылыктын бир нече версиясын айтып беришти (1997-2003).

[186] Орозбаков Сагынбай; Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын редакциясы боюнча; Манас, 5-бөлүм, 5780-5781 (Шам, Бишкек, 1997). Автор тарабынан которулду.

[187] 610-бет

[188] Кыргыздар этникалык топтордун атын чоң тамга менен жазышпайт.

[189] Балким “Чачылган түркмөн.”

[190] Мамай, Жусуп “Манас - Кыргыз элинин тарыхый эпосу, Жусуп Мамайдын айтымында” (Шиңжаң элдик басылмасы, Үрүмчү, Кытай, 1995) 186-бет.

Маркумдун тукумун үзбөө осуяты

Дүйнөдө маркумдун жесир калган аялын туугандардын бири алып, анын тукумун үзбөөгө байланыштуу буйруктар өтө көп болгондуктан, андай салт алдыңыздагы салыштырмалуу анализдин олуттуу аспекти боло албайт. Ошондой болсо да кийинки окуя эсте каларлык. Жакында менин бир кыргыз таанышым автокырсыктан кайтыш болуп, артында келинчеги менен жаш балдары калды. Кыргыздын салты боюнча жесирди маркумдун инисине алып беришти. Ошентип, жеңеси өзүнөн биртоп кичүү кайнисине турмушка чыкты.

Тооратгагы осуят кыргыздын бул салтынан бираз гана айырмаланат:

> Эгерде ага-ини чогуу жашап, анан бирөөсү бала көрбөй кайтыш болуп кетсе, анда жесири бөтөн кишиге *турмушка чыкпасын*. Жесирди күйөөсүнүн биртууганы алып, аны менен жашасын… ушундай кылуусу менен ал агасынын атын Израиль элинде өчүп калбоосун камсыз кылат... [191]

Бул парыздын Тоораттагы варианты маркумдун аты өчпөс үчүн “эгерде уул көрбөй” кайтыш болуп кетсе деп тактайт.  Ал эми кыргыздар болсо, маркумдун аты өчпөсүн үчүн анын тукумдарын сактап калуу максатында жесирди бала-чакасы менен кошо кайнисине алып берүүнү ылайык көрүшөт. Жесирдин баласы жок болсо, анда ал төркүнүнө кайтып, кайрадан каалаган адамына турмушка чыкканга уруксат. А бирок эгер балдары болсо, анда ага кам көрүү маркумдун уруусунун мойнунда.  Бул салтта кыргыздар ыйык китептеги салттагыдай эле көзү өтүп кеткен агасынын же инисинин тукумун улап кетүү максатын көздөшөт. Мунун социалдык да зор мааниси бар.

---

[191] Мыйзамды кайталоо китеби 25:5-10

Биртуугандын жесири өз төркүнүнө кетсе, балдары жетим калып, аркимдин колунда түрткүнчөк болуп калышы толук мүмкүн. Кыргыздар ушуну алдын алуу максатында жесир калган келинин тагдырын же кайнисине, же кайнагасына байлаган. Башкача айтканда, бул салттын өбөлгөлүү жагы – жетим-жесирликке жол берилген эмес.

Мен күбө болгон мисалдагы үйбүлө азыр жакшы эле жашап жатышат. Маркумдун балдары аталуу болуп, үйбүлөгө жакында эле дагы бир наристе төрөлүп дегендей, жубайлар бактылуу турмушун улоодо.

Нух пайгамбардын уят болушу

Кыргыздар Нухтун бир окуясын жакшылап түшүнүүгө өтө жардам беришти. Батыштын адамы катары, муну мен толук өзүм азыркыдай аңдай алмак эмесмин. Атасынын жылаңач денесин көрүп калуу ушунчалык уят экени мага таптакыр жетмек эмес. Кыргыздын жаш балдары менен жигиттери ушундай уят болуп калбайлы деп мончого аталарынан башка убакта барышат экен. Мен сабак өтүп атканымда бул салттын маанилүү экенин кыргыздар улам-улам баса белгилешет.

Муну кыргыздын белгилүү жазуучусу жана окумуштуусу Бейшебай Усубалиевдин мончо тууралуу чыгармасынан да байкоого болот. Чыгармада: башкы каарман мончого кирерден мурда, чыгып келаткандардан ичкериде кимдер бар экенин териштиргенинде. Аңгемедеги негизги ой – капыс мончодо уруулаш тууган-уруктардын бирөөсү менен карпа-күрп кезигишип калып, кыргыздын бийик наркын бузуп албайын деген эле аяр мамиле жатат.

> … Нук дыйканчылык кылып, жүзүмзар отургузду.
> Бир күнү жүзүмдөн шарап жасап ичип алып, мас

> болуп, чатырынын ичинде жылаңач жатып калды. Муну Канандын атасы Хам көрүп калып, Сем менен Жапаска айтып чыкты. Бул эки биртууганы болсо кийим-кечек алып, ийиндерине салып, далысы менен кириштти да атасынын жалаңач денесин жаап коюшту. Алар тескери карап тургандыктан, атасынын жылаңач этин көрүшгөн жок.  Нук ичкен шарабынан соолугуп тургандан кийин кенже уулунун кылганын билип: "Канан курусун, биртуугандарына кулдун кулу болсун!"- деп каргап салды…

Мен Нух каргышка калыш керек эле, анткени ичкилик ичип мас болгон ошол болчу деп ойлочумун. А бирок кыргыздар “Хам туура эмес иш кылган, анткени ал атасынын күнөөсүн жар салбастан, анын үстүн бир нерсе менен жаап-жашырып койсо болот эле да” деп менин көзүмдү ачышты.

Накылдар, макал-лакаптар жана учкул сөздөр

Накылдар, макал-лакаптар жана учкул сөздөр ар кандай булактардан чогулат. Эсимде, университетте сабак берген бир мугалим мага “улуттун түбүн анын тили менен элинин сырткы келбетине карап аныктоого болбойт, анткени бул нерселер бир нече муун өткөн соң өзгөрүп кетет” деп айтканы бар. Ошондой болсо да биртоп накыл сөздөр менен макал-лакаптарды илимий максатта болбосо да кызык үчүн атап кетүүгө татыктуу.

Машаяк

“Машаяк” деген сөз иудаизм, христиан жана ислам диндеринин ыйык китептеринде кездешет. Бул сөздү Кыргызстандын айланасында жайгашкан казак, өзбек жана башка мусулман элдери Библия менен Курандын котормолорунда араб тилиндеги “Масих” же “Месих” формасында колдонушат.  А бирок кыргыздарга арабчадан жаңы сөздү “импорттоп” кажети жок, анткени алардын тээ байыртан келаткан “Машаяк” деген төл

сөзү бар. Бул сөздү алар “баарынан кыйын” же “баарынан улуу” деген мааниде түшүнүшөт.  Нарындык бир чоң эне мага: “Биз баарыбыз тең машаякка моюн сунабыз”, - деди.[192]  Бүгүн көбү машаяк деген сөздү терс мааниде колдонгону байкалат. Бой көтөрүп, кыйынсынган кишине кыргыздар: “Сен эмне, кудайсыңбы? Машаяк болуп кеттиңби!” – деп желин чыгарат экен.  Мунун еврей тилиндеги “Мошаях”  деген сөздүн маанисине окшоштугуна көңүл буруңуз.

## Кожо Насыр же Кожо Назир

*Насир* деген сөздү арабдын *Насаараа* деген сөзүнө байланыштырсак, андан анын мааниси “*жардам*” же “*назареттик*” болмок. Бул сөз көбүнчө Исанын жолун жолдоочуларга карата колдонулат. Кожо деген сөз *кожоюн, таксыр* же *мырза* дегенди билдирет.  Кожо Назир аттуу Борбор азиялык мифологиялык инсан болсо эшек минип алып, акылмандык, адилеттик жана накыл сөздөрдү айтып, эл кыдырып жүргөн кишини билдирет. Бул инсан тээ илгерки чыгыш элдеринде айтылган назареттик Исанын прототибине дал келет.[193]

## Бейит

Кыргызча *бейит* деген сөз ата-бабалардын көрүстөнүн билдирет. Бейитти кыргыздар көзү өткөн ата-бабалардын жашаган жайы деп эсептейт. Байыркы Семитче *бейит* деп үйдү айтышат. Албетте, бул сөз да машаяк деген сөз сыяктуу же көптөгөн маанилери аркылуу тилге кириши ыктымал.

## Олуя

Олуя же олуя-жан – бул касиеттүү кишини же ыйык адам. “Алия” деген сөз Израилге көчүп кетчү кишини же Тооратты окуп берүүчү адамды билдерет.

---

[192] Турсуналы кызы, Мистекан (Апрель, Чүй өрөөнү, 2008)

[193]  Хевитт, Р. *Алишер Навоинин Кыдыры - Машаяк* (2008)

Бул сөздүн еврей тилиндеги эки мааниси тең кыргыздын *олуя* деген сөзү сыяктуу эле диний сыйды туюнтат.

## Сабат

*Сабаттуу* деген билимдүүлүктү билдирет. Мурда кат тааныгандарды сабаттуу адам деп коюшчу. Бул сөз албетте, еврейлердин Шаббатынан айырмаланат. Ошондой болсо да *Шаббат* күнү бүт дүйнө жүзүндөгү динчил еврейлер чогулуп, Тоорат окушат, б.а. бул күн окууга арналган күн.

## Мисир

Мисир деп кыргыздар илгери Египетти айтышкан. Бул сөз дале ислам дининин китептеринде Египетке карата колдонулуп келатса да, анын башка мааниси таза-тыкан бирок салкын мүнөздүү кишини билдирет. Кыргыздар кээде “Эмнеге мисирейип турасың?” – дейт. Ким билет, балким бул сөздөр Жакыптын кой кайтарган тукумдары Египетте кулга айлангандан калгандыр. Ушул ойго улай, кыргыздар да “ар бир кишинин Атажурту - мисир” – деп коюшат.  Эмне үчүн кыргыздар Атажуртту сүрөттөш үчүн мисир дегенди колдонушат? Тоораттагы Манасанын Мисир жергесинде туулгандыгын эске алсак, анда бул ошого байланыштуу болуп жүрбөсүн? Анын үстүнө оозеки

чыгармачылыкта көптөгөн кыргыздардын Мисирден келгендиги айтылат эмеспи.[194]

## Бейпил

Кыргыз тилинде *бейпил* деген сөздүн мааниси: 1. тынчтык, 2. санаасыз жашоону билдирет.  Ыйык китептерде Бейт Эль (англисче Бецел, орусча Вефиль) деген аталыш менен белгилүү болгон бул мазардын аты Кудайдын үйү деп которулат. Ал эми толук тынчтыкта жана сарсанаасыз жашоо Кудайдын үйүндө гана мүмкүн эмеспи.

## Бапыл

Бапыл, кээде "бабыл"  деп да айтыла берет, бул сөз *бапылдап* деген сөздүн уңгусу. Англисче да babble деген сөз ушундай эле маанини билдирет. Кыргыздар, "Бапылдай бербе!" деп коюшат. Бул сөздүн тарыхы тээ Бабыл мунарасына алып барат. Ошол жерде ыйык жазмаларда айтылгандай, Кудай элдердин тилдерин бири-бирин түшүнбөй тургандай кылып, ажыратып салган.

---

[194] Башталыштар 48:5,6.
Кыргыз жазуучусу Турусбек Мадылбай саяк уруусу Нил дарыясы жактан чыккан деп XIX кылымда жазган дейт (Жеке интервью, Турусбек Мадылбай, 2010).
Кыргыздар Египеттен башталган оозеки чыгармалыгы бар. Муну Дастан Сарыгулов Советтик этнограф С. Абрамзондун Тарых жана генеология семинарында кыргыздардын келип чыгышын тээ Нил дарыясына байланыштырып айткан сөзүнөн келтирип мисалдаган (21-февраль, 2009-жыл. Бул семинар Кыргыз Республикасынын маданият министрлиги жана маалымат агенттиги архиви тарабынан каржыланган).
Кыргыздын белгилүү киночусу Болот Шамшиев мындай ойду айтты: "Азык" уруусу Египеттен Муса менен чыгып, көп жылдар бою жол жүрүп, акыры бир уучу Кыргызстандын түштүгүнө отурукташып калган, ал эми калгандары болсо жылуураак жактарга ыктап Жакынкы Чыгышка көчүп кетишкен. Анан бир нече кылымдан кийин, Сулайман Азык уруусун өзүнүн хандыгына кошуу ниетинде өзүнүн тактысын Сулайман Тоого чейин узартып алган. (Жеке интервью, Болот Шамшиев, Бишкек, Ноябрь 2008).
Атбашылык Назира Турганбай чоң энесинин мындай дегенин мага айтып берди:  "Кыргыздар "Мисир" деген жерден чоң сууну кечип келген". Ал эми бул "мисир" деген кыргызча таза, уйуштурулган жана муздак эл, "мисирейген" деген адамды теңине албаган, бой көтөргөн абдан мустак адамды билдирет, б.а. кулчулук дегени экен."  (Жеке интервью, Назира Турганбай, 2009).

## Опол Тоо

Азыр Эски Иерусалим аталган жерде мурда Дөөттүн шаары турчу. Ал шаар Опел же Офел деген тоо үстүндө жайгашкан. Самария деген шаар да ушундай аталыштагы тоонун үстүндө.  Кыргыз тилиндеги Опол тоом деген сөз кандайдыр бир географиялык аталышка карата гана эмес, бирөөнүн улуулугун, анын келбетин сүрөттөө үчүн колдонулат.

> Таң алдында багымдат
> Сыйынууга камынып
> Опол тоодой эр Манас...[195]

Орозбаков болсо Опол деп Манастын чоң атасы Ногойдун[196] коргонун айтат. Иерусалимдеги Опел тоосу жөн эле бир дөң жай. Ошондой болсо да Сулайман менен Дөөттүн династиясынын алдында бир чоң коргон-чеп болуп, эпосто айтылгандай поэтикалык түрдө укмуштуу сүрөттөлүшү толук ыктымал.

## Аса-Муса таяк

Кыргыздарда “Аса-Муса” аталган таяк бар. Аса дегени таякты билдирет, ал эми Муса дегени кадимки Муса пайгамбардын ысмы. Мусанын таягы тууралуу түшүнүк кыргыздын эпосуна кийинчерээк Ислам аркылуу кириши да мүмкүн, анткени Мусанын таягы Куранда да бар:

> Жана биз Мусага дем берип: Таягыңды жерге ташта!
> – дедик. Жана мына! Ал тигилердин жалган
> кереметтерин жутуп алды.[197]

---

[195] Жакиев Бексултан  “Манас – кыргыз эринин баартырдык эпосу”  (Бийиктик, Бишкек, 2007) 201-бет. Дөөттүн тоолорго суктанганы:  Куран 21:79, Забур 15 жана Забур 23

[196]  Орозбаков, 1-китеп, 117-сап

[197] Куран 7:117

Мусанын таягы Тооратта да абдан белгилүү символду билдирет.

## Сулайман

Кыргызстандын түштүгүндөгү Ош шаарында жайгашкан Сулайман Тоосун алалы. Жакында Ош шаарынын 3000 жылдык тою болуп өттү. Ошол 3000 жылдай мурдагы мезгил Сулайман Жакынкы Чыгыштын көп жерлерин бийлеп турган убакка туш келет. Сиздер ойлогондой эле Сулаймандын падышачылыгы Ошко чейин жеткендиги тууралуу уламыштар абдан көп айтылат. Ал тургай эл оозунда Сулаймандын өзүнүн Ошко келип, тоого чыгып, Кудайга сыйынганы тууралуу аңыздар бар.[198]

## Аюб пайгамбардын булагы

Бүгүн саякатчылар Сулайман Тоодон анча алыс эмес жердеги Аюбдун булагына барып чайынса болот. Аюб болсо пайгамбарлардын жазууларындагы өзгөчө китептин аталышы. Окумуштуулар Аюб китебинин жазылган убагы менен тарыхы тууралуу ар түрдүү пикирде. Ыйык китеп боюнча Аюб пайгамбар Өз (Ус) деген шаардын жанында жашайт. Кыргыздын элдик чыгармаларында болсо Аюбдун булагы Кыргызстандын түштүгүндөгү Жалалабаддын жанындагы Өз менен башталган эки жайдын – Өзгөн менен Өзүбекстан – жанында жайгашкан.

---

[198] Бул изилдөөгө тиешелүү Сулайман тууралуу эл арасындагы уламыштарга караганда: Сулайман падышанын тактысы Кыргызстанды Ош жергесинде болгон экен. Бир еврей кул баласы болуптур. Сулаймандын карылыгы жетип, өлөр кези келгенде тууган-туушкандары менен кеп-кеңешчилерине ошол еврей өспүрүм кулга тиешелүү мурасын бергиле дейт. Сулайман көз жумган соң кеңешчилери баягы еврей кулдан эмнени кааларын сурашса, ал тактынын алдындагы кичинекей жерди берсеңер эле болду деген имиш. Ошондо тигилер: "Эмне үчүн Сулаймандан калган алтындан жана башка дүр-дүнүйөдөн алгың келбейт?" – дешсе, алиги бала кайрале баягы алакандай жерди сурап тура берген имиш. Анан тигилер анын сураган жерин бериптир. Кул болсо баягы алакандай жерди чукулап отуруп, акыры 70 метрдей тереңге жеткенде Инжил табылат. Табар замат аны койнуна катып качат. Качып баратканда капыстан Инжилдин эки барагы түшүп калат. "Ошол күндөн ушул күнгө чейин кыргыз эли ошол эки баракта жазылган акыл менен жашап келатабыз" деп айтылат. Албетте, бул уламыштын көп жерлери библиялык хронология тургай тарых менен дал келбейт,[198] бирок ошондой болсо да уламышта кыргыз деген сөз айтылып, анын ыйык китептерге байланышы болгону билдирилет.

## Теңири Ата

Кыргыздарда Жаратканды “Теңири Ата,” же “Теңир Ата” деп атаганы көп кездешет. Исламда кудайды мындай деп атоого болбойт. Кыргыздардын кудайды мындай аташы пайгамбарлардын жазуусунун концепти менен үндөш:

> Бирок эми, оо Эгедер, сен биздин атабызсың; биз жөн
> эле ыйлайбыз, сен болсо биздин карапачыбызсың;
> баарыбыз тең сенин колуңдан чыкканбыз.[199]

Ошондой эле Исанын белгилүү сыйынуусуна көңүл буруңуздар:

> “Оо, Кудай Ата!
> Сенин атың урматталсын.
> Сенин падышачылыгың келсин...”[200]

## “Эге” же “Эгедерим”

“Эге” деген кыргыздын кудайга карата айтылган байыркы сөздөрүнүн бири. Бул сөз кыргыздын Эгедерим деген сөзүнүн уңгусу (ЭГЕ–ДЕР–ИМ). Бул аябай кызык:

| | |
|---|---|
| ЭГЕ - | Кудайга берилген наам |
| -ДЕР | көптүк санды билдирген суффикс |
| -ИМ | биринчи жакты билдирген таандык мүчө |

Демек, “Эгедерим” дегенди сөзмө сөз которсо “кудайларым” болуп калмак, бирок анын мааниси “Кудайым” дегенди билдирет.

---

[199] Ишаия 64:8

[200] Улукман 11:2-4

“Элохим” – Тоораттагы бир Кудайды билдирген еврейче сөз. А бирок “Элохим” деген сөздөгү “-им” деген уланды көптүк түрдү билдирет да бул сөздү сөзмө сөз которгондо “кудайлар” кылып салмак. Пайгамбарлардын жазуусун изилдеген окумуштуулар Бир Кудайдын мындай көптүк түрдөгү айтылышы боюнча ар кандай пикирде. Бул талаш-тартыштар кыргыздар жана Тоорат-Забур-Инжилди изилдеген окумуштуулар менен гана чектелбестен, Курандагы Аллахка да тиешелүү. Анткени Аллах да көп жерде өзүн “Биз” деп айтат.[201] Кыргыздар да, еврейлер да, христиандар да, мусулмандар да бир жаратканга ишенишет, бирок көп учурда ошол бир кудайга көптүк түрдө кайрылышат.

## Кыргыздар арасындагы кээ бир сөздөр

Кыргыздар менен пайгамбарлардын жазуусу баалуулуктардын айкалышкан жерлери көп. Бул жалпылыктар таңкаларлык эмес жана биздин анализибизге жардам бербесе да ошол жазуулар ойлорго айкаш келген айтымдар менен учкул сөздөрдү ушул жерден келтирип коюу кызык болот.

“Кагылайын, балекетиңди алайын!” Эл арасындагы кеңири белгилүү кыргыздын бул лакабын айтпай кетсек болбос. Эми *кагылайын* деген бул сен үчүн кагылып калайын деген эмеспи. Бул сөздү кыргыз эненин баласына ичи элжиреп сүйгөндө айтылчу сөзү. Исанын айкаш жыгачка кагылышы да кудайдын миллиондогон адамдарга төккөн мээриминин белгиси деп Инжилде жазылган.

Кыргыздын “Кагылайын, балакетиңди алайын,” деген сөзү да бирөөнүн ордуна курман болуунун асылдыгын сүрөттөйт. Пабыл элчи Тоораттан цитата келтирип, мындай деп жазган:

---

[201] Куран Сүрөө 2:53

> Биздин ордубузга каргышты мойнуна алып, Төөрат мыйзамындагы каргыштан машаяк бизди бошотту – анткени “даракка асылган ар ким каргышка калган...”[202]

“Кагылып, балакет-салекетиңди алып кетейин!” деген кыргыздын фразасы Пабыл элчинин жарыялоосун абдан сонун түшүндүрө алат.

“Өлүк, тиригиңди гана көрөйүн!” Кыргыздар сүйүктүү адамдарын эмес, алардын жоругун жек көргөндө ушинтип каргап-шилешет.  Кыргыздар, бирок, муну оңду-солду айта бербейт. Тигил оңолсун, жоругу жолдо калып, толугу менен кайра жаңыланып, тазарсын деген ниетте ушундай дешет. Инжилдеги чөмүлдүрүү расмисиндеги негизги ой да ушуга окшош:

> Анткени чөмүлдүрүү аркылуу биз өлүп,  Машаяк менен кошо көмүлдүк. Анан атабыздын улуу кудурети менен Машаяк ошол өлүмдөн тирилгендей эле, эми биз да жаңыча өмүр сүрө алабыз. [203]

“Кудай деген кур калбайт!” Кыргыздын бул лакабы Чаар китептеги негизги темалардын бири. Мисалга Исанын таалиминин бирөөсүн алсак болот: “Мен силерди жетимдердей томсортуп таштап кетпейм. Мен силерге кайра келем.[204]  Мындай мисалдар толтура жана алар Израиль элинин туш-тарапка кубаланып, чачырап кеткен урууларына карата берилген убадаларда кездешет.

---

[202] Галатиялыктарга 3:13

[203] Римдиктерге 6:4 жана Римдиктерге 7:4 дагы ошол эле ойду камтыйт.

[204] Жакан 14:18

“Кудай сактайын десе, кыпкызыл чоктон сактайт!” Бул лакап кудайдын Данияр пайгамбар менен анын досторун оттон сактап калгандагы окуясын элестетет.[205] Ошондой эле Кудайдын тозоктон куткаруусун, же акыркы мүнөттө Кудайдын сактап калуусун сүрөттөйт.

“Таш менен урганды аш менен ур!” Кыргыздын бул лакабы так эле Ыйык китептеги белгилүү накыл сөздөй: “Эгерде душманың ачка болсо, ага нан бер; суусап турса, суу бер…[206]

“Молдонун айтканын кыл да, кылганын кылба!” Бул накыл сөз так эле Исанын айтканындай:

> …алардын (диний устаздардын) силерге айткандарын аткаргыла жана баш ийгиле, бирок алардын кылгандарын силер кылбагыла, анткени алар оозу менен айткандарын өздөрү аткарышпайт.[207]

“Кыздын баласындай таза.” Бул лакап Исанын кыздан төрөлгөнүнө тиешеси бардай.  Балким бул лакап кыргыздарга Ислам аркылуу кириши да ыктымал, анткени Куранда Аллахтын деми менен Мариямдын боюна бүтүргөнүнөн Исанын төрөлгөнү айтылат.:

> ... намысын сактаган Марияи Имрандын кызы, Биз Өз тарабыбыздан болгон рухубузду ага дем салдык. Жана ал Эгедеринин сөздөрүнө жана анын китептерине ишенди, жана моюн сунду.[208]

---

[205] Данияр 3

[206] Накыл сөздөр 25:21

[207] Матай 23:3  Кашааларды автор койду.

[208] Куран, Сүрөө 66:12

“Кабыргам менен кеңешейин.” Кыргыздын бул кызыктай сөзүнүн төркүнүн “аялым менен акылдашайын” деген мааниде.  Кыргыздын бул макалы Тоораттагы окуяга түзмө-түз байланышы бар: Кудай Обо энени Адам атанын кабыргасынан жаратты.

Эми, мындай изилдөө үчүн материалдар кыргызда айта берсе түгөнбөйт. Жогорудагы айтылгандар ошолордун чокусу гана.  Бул айкалыштар, жалпылыктар жана окшоштуктар Ыйык жазуулар менен Манас эпосунун булагы бир экенинин акыркы далили боло албашы да мүмкүн, анткени бул үрп-адаттардын көбү, мисалы маркум агасынын аялына үйлөнүү сыяктуу салттар башка элдерде кездешет.[209]

[209] Олуя-пайгамбарлардын маданияты менен көчмөндөрдүн дүйнө таанымы менен таанышкысы келгендер жайлоолорго чыгышы керек. Менин жекече тажырыйбамда байыркы жазмалардагы мен үчүн түшүнүксүз “өлүк” салттар кыргыздардын арасында жүргөнүмдө тирилип кетишти.



**<u>Чаар китеп</u>**

*Бул эмгекте, кыргыздын жана чаар китеп (библия) булактарынын ортосунда коштолгон көптөгөн тийиштүү статьялардын биринин темасы, Тоораттагы «Жакыптын уулу Манасе»[210] менен кыргыздын «Манас» эпосундагы «Жакыптын уулу Манас» жөнүндөгү табылганын негизинде салыштыруу анализи козголот.*

Киришүү

Көчмөндөр өздөрүнөн кийин көптөгөн колжазмаларын калтырган эмес, бирок, бул кыргыздардын адабияты же өздүк жазмалары жок дегендикке жатпайт. «Манас» эпосунун бир нече вариантында китептер тууралуу далай

[210] Священная писание: Смысловой перевод Таурата, Книги пророков, Забура и Инжила. (Издателство “Стамбул” 2003). Башка котормолордо “Манассия” “Менаше” же “Манас” болот.

көрсөтмөлөр бар. Биздин иликтөөлөрүбүз эпос же, сырдуу «Чаар Китеп» менен эмес, Орхон жазуулары болгон байыркы алфавиттен башталмакчы.

## Орхон жазуулары

Орхон жазуулары тамгалардан туруп, аны VIII-XIIIк.к. Сибирь жана Ортоазиянын айрым бөлүктөрү колдонгон. Енисейлик варианты IXк. Кыргыз жазмалары менен белгилүү, кыргыздар аны, династиясы гүлдөп турган мезгилде211 колдонгондугу чындыкка көбүрөөк жакын, ошондой эле аларга Талас алфавити да байланыштуу. Орхон жазуулары Жакынкы Чыгыш менен Персиянын арамейлик жана байыркы сириялык тамгаларынан келип чыккандыктан, кыргыз аймагындагы Орхон жазууларынын болушу Тоорат менен Жакыптын «жоголгон уруулары» тууpасындагы аңызга дагы бир байланышты кошуусу мүмкүн, анткени, бул семит группасына таандык «жоголгон уруулар» арамей тилин колдонушкан.

## Байыркы сириялык тил

Кыргыз орхон тамгалары байыркы сириялыктардан келип чыккан, ал эми Жакыбдын уулу Манасенин тукумдары качандыр бир мезгилдерде азыркы Сириянын аймагында жайгашышкан. Бирок, арамейлик жана байыркы сириялык арипттердин Орто азияга келүүсүнүн башка дагы жолдору бар. Байыркы сириялык тил несториандардын же манихейлердин аркасында кыргыздар арасына бекемделгендир. Алар да, булар да байыркы сириялык тилдин формаларын колдонушкан.[212] Ошол эле убакта, арамей алфавити

---

[211] Thomsen, V. Inscriptions de l'Orkhon dechiffrees, Suomalais-ugrilainen seura. – Helsinki: La societe de literature Finnoise, 1893.

[212] Бул тема боюнча терең маалымат алуу үчүн «Рубрукалык Вильям» китебине кайрылыңыз, редакцияланган жана орусчага которулган Питер Джексон менен Девид Моргандын «Миссия Монаха Вильяма из Рубрука» китеби (Лондон, 1990).

Дарийдин башкаруу учурундагы персия империясынын лингво-франкыясы болгон.

<u>Жусуп тууралуу оозеки айтымдар</u>

Жакынкы Чыгыштан ыраак Манасе (Манассия) тукумдары чачыратылган баардык жерлерде, семит үйбүлөсү алдындагыларга тийиштүү байыркы еврей тили менен Манасе тукумунун байланышын калыбына келтирүүнү каалаган аракеттер жүргүзүлдү. Жусуптун тарыхынын оозеки айтылыштары бүткүл мусулмандар дүйнөсүндө кездешет. Бул аңгемелер Библия менен Курандын көрсөтмөлөрүн аныктайт жана байыркы еврей (арамей) тилдүү Манасени өзгөчө баса белгилейт:

> … алар (Жусуптун биртуугандары) еврейче сүйлөшөт, жана айланадагылары (египеттиктер) алардын эмнелерди сүйлөшкөнүн бир гана Манаседен башкалары билишкен эмес.[213]

Байыркы еврей тилин билген Манасе боюнча эске түшкөн аңгеме, чамасы, бир гана максатка: этникалык идентификацияга (ата-тегин билүүгө) кызмат кылат. Анын атасы Жусуп Египеттин (Мисирдин) премьер-министри болгон. Жана апасы египеттик болуп, Манасенин өзү дагы ошол жерде туулган. Анын жарым уруусу бүгүнкү Израилдин сыртындагы Иордан дарыясынын чыгыш жээгинде отурукташкан. Б.з.ч. VIIIк. Израил чегарасын  каптап, бөтөн күчтөр тарабынан каршылык көрсөтүп, биринчи багындырылган Манасенин тукумдарынан эле. Б.з.ч. 732-жылы ассириялыктар кол салганда, Манасенин тукумдары Жибек Жолундагы алыскы жерлерге чачыратылгандардын алгачкысы болгон. Балким, айтуучулардын арасынан кимдир бирөө Жакыб

---

[213] Bernstein, M., *Stories of Joseph: Narrative Migrations between Judaism and Islam.* – Detroit: Wayne State University Press, 2006. – 121-б.

менен Жусуптун мурдакы байланышы жөнүндөгү Манасенин тукумдарын атайын эскерип айткысы келгендир...

<u>СНМ</u>

Сириялык жазууларда 22 тамга, алардын ичинен баары үнсүз ачык эмес үндүү. Бул жазмаларда «Манас» деген сөз минтип жазылган «МНС» (алсак, Сирия жазууларында текст оңдон солду карай жазылат, ошонүчүн ысым тескерисинче берилди, «СНМ»). «Манас» эпосунун кийинки бөлүкчөсүндө олуя жан же думана эл алдына пайда болуп, наристеге Манас деген ысымды ыйгарды.

Пайда болду думана
Отурган элдин жанына
Берсеңер эгер уруксат,
Мен койойун атын – деп,
Думана айтты бу кепти.
Ат коюңуз макул деп,
Адамдын баары чуу этти.
Пайгамбардын сүрөтү –
Баш жагына "мем" келсин.
Олуянын сүрөтү –
Ортосуна "нун" келсин.
Арыстандын боруму –
Аягына "сен" келсин.
Ал үчөөнү кошкондо,
Аты болсун «Манас»! – деп,
…Көздөн кайым жок болду
Эми эле турган думана.[214]

Тамгалардын аттары (*мем*, *нун*, *сен*) семит тилдерден.  Тооратта анын аты *мем*, *нун*, *син* (же *шин*) анан жумшак *һе* деген тамгалар менен жазылган. Манастын аты сириялык жазууларда бир гана мүмкүн болгон үндүү эмес

---

[214] Жакиев, Б. «Манас – кыргыздын баатырдык эпосу». – Бишкек: Бийиктик, 2007. – 30-б.

тамгаларда айтылган. Бул «Манас» эпосунун орхон-энесай жазуусу келип чыкканга чейинки «Аллаһтын эң алгачкы ачылышы» менен бирге жаралгандыр дегенге алып келген дагы бир күбөсү.[215]

## Ыйык жазуу

Кыргыздын өзүнө таандык китеби же жазуусу болгонбу? Казакстан илимдер академиясынын чыгыш таануу кафедрасынын директору, профессор Меруерт Абусейитова кытай булактарынан казак менен кыргыздардын өздүк жазма маданиятын өркүндөткөнүн көрсөтүп, көптөгөн документерди ачкан. Ал жалпы кабыл алынган ойго карабастан, китептер жана жазуулар көчмөндөргө чоочун болгон эмес деп баса белгилейт.[216] «Манас» эпосунун бир нече версиясында кыргыздарда болгон түрдүү китептер жөнүндө эскерилет. Сагынбай Орозбаков дагы вариантында илгерки автор Молдо Осмон тууралуу айткан:

Инжил менен Тоорат
Жазуусун билип төбүрөөк,
Ырайдын билип алибин,
Окуган экен көбүрөөк.
Азирети Жебрейил
Айтып кабар салыптыр,
Ак пайгамбар Мустапа
Айтканынын баарысын
Акылына салыптыр.
Ал сөздүн баарын молдо Осмон

---

[215] Уйгурлук жана руникалык сыяктуу арамейликтердин кийинки диалектикаларында үндүү тамгалар бар. Байыркы сириялыктардыкын колдонуу же Борбордук азияга сириялык жазуунун келиши мүмкүн эпостун пайда болуу убактысын аныктоого жардам берет. Бир чети байыркы сириялык жазуулар пайда болгондон кийин бир канча мезгилден соң несториандык-христиандар аны колдонушкан сыяктуу «Манас» эпосунун кээ бир аспектилери алынып келингендир.
Курандагы «Алланын эң алгачкы ачылышы» - деген термин, Тооратты, Забурду жана Инжилди белгилөө үчүн колдонулган.

[216] Абусейитова, М. Ортоазия тарыхын окутуунун жаңы мамилеси. «Көчмөндөр дүйнөсү: өткөнү жана келечеги» Конференциядагы лекция. Бишкек дипломатиялык академиясы. – 13-14 – баш оона айы 2008-ж.

Китеп кылып калыптыр…[217]

Бул Молдо Осмон деген автор Туурат менен Инжилди окуп, анан өзүнүн жеке китебин калтырган. Саякбай Каралаевдин кийинки бөлүкчөсүндө эларалык күчтүү сайыппуруштукка[218] (лидерликке) татыган, кыргыздын бабасы туурасында кеп козголот. Алардын кабылданган атак-даңкы, түздөн түз аян-каттар менен байланыштуу болгон:

Түп атасы Түгөл кан
Башкы атасы баары кан
Башынан кыдыр даарыган…
Муну, башынан кудай оңдогон,
Он эки пирге кол берип,
Калайпадан кат алган,
Муну менен сайыппуруш аталган.[219]

Демек «Манас» эпосунда чагылдырылгандай ыйык аяндарга ээ болуу түздөн-түз бата менен сыйга байланыштуу болгон. Кыргызстандын эң атактуу *сахиби* Чыңгыз Айтматов, Библиялык принциптер боордош ортоазиялыктардын кыжырдануусун келтирсе дагы, ал буга карабастан аны өз чыгармаларында пайдаланып, адабияттагы *сайыппуруш* наамына жетти. Бул *сайыппурушта* болгондой, анын даңкы менен ыйык жазууну билүүсүн байланыштырсак болобу? “Калайпа” деген затты ыйык жазуулардагы “керуп” менен салыштырсак болот.  Керуптар теңирдин сандыгындагы жазууларды коргогон жогорку периштелер.  “Керуп” кыргыз тилинде “калайпа” болуп калдыбы?  Кыргыз алар тараптан кат алган беле?

---

[217] Орозбаков, С. Манас кыргыз элинин баатырдык эпосу/ КР ИА. (Бишкек: Шам, 1997-ж) Т. IV, б. 173, саптар 7597-7607

[218] Сайыппуруш же зайыппуруш – дүйнөнү багындырган адамдын наамы.

[219] Каралаев, С. Манас. – 1-том. – Бишкек: Кыргызстан, 1987. – 27-бет.

Жусуп Мамайдын вариантындагы «Манас» эпосунда да, Манас туулаардын алдында ушундай эле башка китеп эске алынат.

> Жамгырчы менен балта дөө,
> «Ыстырлаптын» китебин,
> Жакшы билет ал экөө.
> Кыйналганын эске алып,
> Кызыл китеп колго алып,
> Кыйла окуп алыптыр.
> Кыргыздан Манас чыгат – деп,
> Жазылып катка калыптыр…[220]

Алдыңкы бөлүкчө ыйык китеп менен тааныштар үчүн кошумча кызыгууну пайда кылат, анда минтип жазылган:

> Ошондо Ирод башкы ыйык кызмат кылуучулар менен элдик мыйзам окутуучулардын баарын чогултуп алып алардан: «Машайак кайсы жерде төрөлүшү керек эле» - деп сурады. Алар ага мындай деп жооп беришти: «Жөөттүн Бейт-Лехем деген шаарында төрөлүшү керек. Анткени, бир пайгамбар аркылуу мындай деп жазылган…[221]

Кыргыздар да, байыркы еврейлер да баатыр-куткаруучуну күтүшкөн жана кандайдыр-бир ыйык китептеги анын төрөлүүсү жөнүндөгү алдын ала айтылган окуянын ичинде жүрүшкөн. Ироддун китеп билгилери кайсыл пайгамбарга таянганын биз билебиз, бирок кыргыз окумуштуулары кайсы жазуу же пайгамбарга таянышкан? Мүмкүн алар бирөөнө эле таянып

---

[220] Mamai, J. The Kyrgyz People’s Historical Epic – MANAS, told by Jusup Mamai. Urumqi: XingJian People’s Publisher, 1995. – 8-бет.

[221] Матай2:4-5

жатышкандыр, анкени ыйык китептеги Манасе Жусуп уулу болгон, бирок чоң атасы, Жакыб аны асырап алгандыктан “Жакыб уулу Манасе” болуп калды. Жусуп атасы деп эсептелген эмес. Бир нече кылым өткөндөн кийин Матайдын варияныида Исанын санжырасы мындай жазылган: Иса - Жакыб уулу Жусуптан төрөлгөн, бирок аны Жусуп уулу деп эсептелген эмес. Айрымдар “Мариам уулу Иса” дешет, башкалар “Теңирuул” дешет. Ошондой эле Иса Айкөлдүн кебетесинде.

<u>Бакай чаты</u>

Индиянын түндүк чыгышындагы “Тибеттин артында”[222] жашаган Куки уруусу өздөрүн “Бакай чаты” деп эсептешет, тактап айтканда, Бакайдын тукумдарыбыз дейт.[223]

Мен Индиядагыдай Бакай чатын Израилден да учураттым. Библиядагы Манасенин тукумдары болобуз деп эсептеген Израилдин тургуну Цви Хауте, Куки уруусунун мүчөсү, ал эми доктор Куплам, Индиянын Манипур штатындагы Куки уруусунун мүчөсү, экөө тең өздөрүн Бакай же Пакай аталган кудай сыяктуулардын тукумдары экенин моюнга алышат. Антсе да алар өз уруусундагы диний-саясаттын талашына түшкөн карама-каршылыктуу тараптардын өкүлдөрү. Ошентсе деле Хауте дагы, Куплам дагы мага берген өз-өзүнчө интервьюсунда алардын уламыштарында кытай иттери кукилердин ыйык жазуусун жеп салгандай көрүнөт – деп айтышты. Мага экөө тең бирдей кытай иттери - бул кытай ханы, желген кат - Тоорат деп түшүндүрүштү.

---

[222] Орозбаков, С. Манас. Кыргыз элинин баатырдык эпосу. – 4-т. – Т.1./Башкы ред. Петросян А.А. – М.: «Наука» чыгыш адабияттары басмасынын башкы кеңсеси, 1984-ж. (1266-1270-саалтар).

[223] Доктор Милуи Лентанг Куплам менен болгон жеке интервью. (Индия. Гвахарти, 2006-ж).

<u>Кыргыз каттары</u>

Эгерде кыргыздар Куки уруусу сыяктуу Манасе урпактары болсо, анда «Манас» эпосундагы жоголгон ыйык китеп жөнүндөгү тарыхтан окшош окуяны күтүүгө болот. Чындыгында эле Ашым Жакыпбековдун «Теңири Манас» аттуу эпосунда да кытайдын жолбашчылары кыргыздын колжазмаларын өрттөгөндүгү туурасында эскерилет.

> «Билимдүү эл дүйнөдө бир гана биздин эл болот» деп
> кытай кечилдери Ордонун казынасын талаганда,
> андагы бичик жазмаларды өрткө салды: «Кыргыздын
> башына түшкөн каран түн мээсине да түшсүн, эгерим
> экинчи жазуу билбесин» деген бүтүм болду.[224]

Кыргыздын бул өрттөлгөн кол жазмаларында Тooраттын үзүндүлөрү болгонбу? Кытай, Куки уруусунун Тооратын талкалагандай, кыргыздын дагы ыйык жазууларын жок кылды. А. Жакыпбек менен макул болсок, кыргызда туңгуюкка каршы туруп жарыкка умтулган “ыйык жазуусу” болгон. Ыйык китеп дагы бат-бат жарык чачуучу эсептелген. Куранда минтип айтылат:

> Биз Мусаны өзүбүздүн атагыбыз менен жөнөттүк
> жана ага айттык: өз элиңди караңгылыктан жарыкка
> алып чык…[225]

Албетте, баардык билим менен китепти жарык аташат. Адамдарды сабаттуулуктан ажыратуу – бул аларды башкарып туруудагы тез-тез колдонулган ыкма. Манмастын (же Манасенин) урпактары Куки уруусу дагы, Манастын урпактары кыргыздар дагы каардуулукту жасаган тирандарды кытайларды эстешет.  Окшош кейипте алсак, Куки уруусу менен кыргыздар

---

[224] Жакыпбек, А. Теңири Манас. – Бишкек: Кыргызстан, 1995-ж. – 20-бет.

[225] Куран. 14:5 сүрөө. Транскрипциясы менен арабча текст. Д.Н.Богусловскийдин орусча котормосу (1871-ж.) – Бишкек, 2004. – 249-бет.

лингвистикалык, миграциялык, тарыхый жана маданий жалпылыкты алып жүрүшөт.[226] Эки этникалык группа тең эки жакка бирдей ээленген, бир эле жоголгон жазуу тууралуу эстешеби? Бул суроо узак изилдөөлөрдү талап кылат.

## Чаар китеп (Буурул китеп)

Мен интервью алган улгайган кыргыздар «Төрт-китеп» же «Көп-китеп» дегенди билдирген, «Чаар китеп» (же Буурул китеп) аталган ыйык китепти эскеришти.[227] Интервьюга катышкан көптөгөн аксакалдар «Чаар китепти» көрүшкөн, бирок эч кимиси мага көчүрмөсүн берген жок. Алар мага байыркы ыйык китеп экенин айтышат. Кээ бирөөлөр анын түшүнүксүз тилде жазылганын, бирок арабча эместигин айткан. Дагы башкалары ал деген арабчадан айырмаланган, байыркы тилде жазылган Куран дешсе, үчүнчүлөрү ага кошулбайт. Оштук бир элүү жаштагы Баатырбек Ишмаилов аттуу кыргыз «Чаар китеп» - бул мусулмандардын төрт ыйык китебинин жыйнагы, алар: Тоорат, Забур, Инжил жана Куран.[228] Кырк жаштагы нарындык аял Перизат Идрисова мага: "«Чаар китеп» – ар кыл пайгамбарлар тарабынан ар кайсыл кылымда жазылган «көптөгөн» майда ыйык жазуулардагы китепчелерден жыйналган китеп" – деген эле. Анан ал мага Библияга топтоштурулган, толтура китептерди көрсөттү.[229] Кытайдын батыш аймактарына несториандар олуя-пайгамбарлардан алынган өзүнчө китепчелерди таркатышкандарын

---

[226] Hewitt, R. Samaria, Samarkand, Samakai. – 2008.

[227] Персиче "Чаар" деген так эле "төрт" дегенди билдирет, бирок, кыргызча бул деле "көп" дегенди туюндурат.

[228] Жеке интервью (Бишкек, 2007-ж. Жетинин айы).

[229] Жеке интервью (Бишкек, 2006-ж).

тарыхчылар баса белгилешет.[230] Борбордук Азиянын жашоочулары кылымдар бою библиялык тексттерге кызыгышканы Питер Голден талдаган Codex Cumanicus сөздүгүндө белгиленет.

Профессор Зина Караева «Чаар китеп» менен ыйык китептин оросунда кандайдыр бир байланыш бар деген ойду четке каккан, анын мындай көзкарашы «Чаар китепти» сыйкырдуу деп эсептөөсүндө болгон.[231] Бирок Библиянын колдонулган бөлүгүндө литургиялык (көөнө) тилде жазылган мисалы, сирия тилдериндеги кээ бир көрүнүштөр сыйкырдуу китеп катарында саналбайт. Курандан айрым аяттар доскага бор менен жазылып, анан чыныда жуулган кейипке окшойт. Андан соң Ыйык аралашма оорулуу же каргышка калган адамга берилет. Буга окшогон ыйык жазууларды кээ бир адамдар тумар катарында колдонушат. Эгерде «Чаар китеп» менен аткарылса, анда бул сыйкырчылык же оккультизм катары каралмак.

Вильям Рубрук несториандар негизи библиялык китепти сирия тилинен жергиликтүү тилге которбогонун көрсөткөн. Ал несториандык поптор бат-баттан сыйынуу кызматын өткөрүшкөнүн көрсөтөт.[232] Ошондуктан «Чаар китеп» сыйкырдуу китеп сыяктуу жазылса, анда ал төрт исламдык китеп же көптөгөн майда библиялык китептердин жыйнагы болушу мүмкүн. Так эле куранда жана библияда өткөрүлгөндөй, ар башка диний аракеттер же табынуу жөрөлгөлөрү чаар китепте дагы колдонулган болуш керек.

---

[230] Бул тема боюнча терең маалымат алуу үчүн байыркы латын-персид-кыпчак сөздүгү жөнүндө Codex Cumanicus макаласына кайрылууңузга кеңеш берем. Жана дагы эң сонун эки изилдөөчү Марк Дикенс менен Питер Голдендин эмгектерин карасаңыздар болот.

[231] Жеке интервью (Бишкек, 2008-ж).

[232] William of Rubruck. The Mission or Friar William of Rubruck/Jackson, P., Morgan, D. – London: Hakluyt Society, 1990. – 151-б.

«Чаар китеп» ар кайсыл диний материалдарды өзүнө сиңирип алышы мүмкүн. Кытайдын Синьцзян провинциясындагы турпандык, дунгандык жана каракотондук райондордон ишенимдин, сыйынуунун, гимндин, манихейлик жазманын символдорун ошондой эле Библиянын бөлүктөрү менен Куранды издесе болот.[233]

Китепкана

Бул эмгектин темасына кайтып келсек: чаар - «көп» же «төрт» дегенди билдирет. Бул аталыш «көп китептүү китеп» Библия үчүн ылайык келмек. Азыркы кыргыз христиандары Библияны bibliotheca, тактап айтсак «библиотека» (китепкана) деп аташат, себеби, ал көптөгөн кылымдардын ичинде бир нече авторлор тарабынан жазылган арбын китептерден турат. Жогоруда айтылгандай, бул чаар китептин айрымдары борбордуказиянын Турпан бөксөлөрүндө табылган.

«Чаар китеп» балким Ыйык жазуулардан келип чыкты деген көзкарашка бир аз гана адамдар макул болсо, бул ислам аймактарында андан көптөр чоочулашат. Антсе да бул тыйуу салынган китеп кыргыз этнологиясын ошончолук таамай чагылдырат, андыктан, биз эми жалпы кабыл алынган ойду ашыкча кайталап же кыргыздар үчүн «бөтөн» дүйнөгө белгилүү бул адабий жыйнакка көңүл бурбай кой албайбыз. Ортоазия илимий биргелешкен коому төмөнкү Жакыб (Иаков) менен Жакыптын, Манасси менен Манастын, Ребекка менен Рабийганын, Ханаан менен Намаандын, Мамыр менен Мамренин, мекенин таштап кеткендердин жетимишин жана Тоорат менен эпостогу 600000 аскер миграциясынын окшоштуктарын карап өтүүсү зарыл. Ушулар анан дагы эсепсиз Библиялык салттар кыргыздар арасында сакталган

[233] Golden, P. The Codex Cumanicus, Central Asian Monuments. – Istanbul, 1992.

Эсенгулдун генеалогиясы, Ысык-Көл менен Халахтын байланышы (куугунтукталган жер), Жусуп менен Жакыбдын биртуугандарынан ажыраган учурундагы курактарынын төп келиши, Самария менен Самарканд, ДНКнын жаңы анализдери, ж.б. ж.б. Жакыб (Jacob) менен Жакыптын ортосундагы күчтүү байланыштар көрсөтүлөт. Бул архетип же жамааттык бейэс аң-сезим эмес. Бул чоң байланыш. Кыргызда китеп болгонбу, болсо кайсыл мезгилге чейин деген суроо койсо болобу?

«Чаар китепке» француздук антропология мектебинин көзкарашы менен каралган мамиле төмөнкү суроону берүүгө мажбурлайт: «Жок болгон китептин же болбосо анын бир бөлүгүнүн кыргыз этнологиясына болгон таасири кандай? Жоголгон бөлүктөр кайсыл-бир функцияны аткарганбы? Анын жок болуусу кандайдыр-бир жетишпегендикти чакырабы?»[234] олуя-пайгамбарлардын колжазмасындагы тарыхый китептерде Жакыптын он эки уруусунун гүлдөөсү менен кыйроосу каралып, жана алардын ишенимдүү жазылган мыйзамдарын туура көрөт. Алардын дүйнөтаанымы жөнөкөй болгон: Кудай алдында ишенимдүү жүрсө алкышка ээ болот же жазууларга каршы жасалган иштин жыйынтыгы да бар дешет. Женеванын эларалык атакка чейин гүлдөп-өсүшүн көпчүлүк учурларда, шаардык тургундарды олуя-пайгамбарлардын принциптерин сактоосуна болгон Джон Кальвиндин өтүнүчү менен бат-бат байланыштырышат. Тарыхты ушундай көзкараш менен талдоо примитивдүүбү? Же мындай көзкарашка азыркы берген баабыз артыкчылык жаратабы?

Бул жерден муну айткым келет, библиялык тексттерге катышуулар сөзсүз эле кыргыздар жөөттүк-христиандар коомунун мүчөсү болгон дегенди

---

234 Menget, P. Histoire de l’anthropologie/ Bonte, P., Izard, M. Dictionnaire de l’ethnologie et de l’anthropologie. – Paris: Presses Universitaires de France, 1991.

билдирбейт. Чынгыз Айтматов жазуунун өлбөс темаларына жарык чачууда өз динин алмаштырган жок. Борбордук Азиянын көпчүлүк тургундары өздөрүн бул китепти чыгыштан  тартып келип эми анын казынасынын жападан жалгыз ээси катары сезген так эле батыштын жашоочуларындай алып жүрүшөт. Бул көзкараш жөн гана чындыкка коошпоойт. Ыйык китептер чыгыш көчмөнчүлүктүн контексттинде жаралып, жөөт ичиндеги көрүнүш катарында гана каралып, христианчылыктын төрөлүүсүнө жардам берди, ислам түзүүчүлөрү үчүн негизге айланды, Кыргызстандагы Теңирчилик дини менен өтө окшош жана өз мезгилинде улуу Ганди индуизмин эргүү шарапатына бөлөдү. Мусулман жана индуисттик группаларды кошкондо ушул китепти бул же тигил формасында моюнга алган, иудалык жана христиандык эмес башка көптөгөн коошуундар кезигет. Тарыхый, археологиялык, антропологиялык, адабий жана юридикалык коомдордон сырткары ыйык китеп маалымат булак катары көп колдонулат. Библия бат-баттан адамзат тарыхын көбүрөөк көрсөтүп өткөн жана цитаталаган китеп катары иштеген. Иудалык-христиандык дүйнөдөн алыс, байыркыдан сырткаркы Ортоазия маданиятынын тереңинде эң эле сонун Библиялык темалар жүрөт, бирок бул өтө таң калыштуу болбош керек.



## Кыргызстандын Ысык-Көлү

Мурунку макалаларымда кыргыздардын «Манас» эпосу менен Библиянын китептерин салыштырып адабий иликтөө жүргүздүм эле. Биздин салыштырма иликтөөбүздүн арасында Жакып менен Жакыбдын, Манас менен Манассиянын, Рабига менен Ребекканын, Самаркан менен Самариянын, кыргыздар менен Ыйык китептеги бозгундарынын, салт, сүйлөм жана сөздөрүнүн ортосундагы окшоштуктары талкууланган. Эмнеге бул бирине бири айкашпагансыган баяндардын ортосунда андай

окшоштуктар бар деген маселени чечкенде гана бардыгы түшүнүктүү болот. Бул макалада ошолорго окшош маселелердин бири каралат: 10-кылымда Кыргызстандын Ысык-Көл боюнда жашаган уруулардын бири Палестинадан келиши мүмкүн, дал ошолор анан акыры «Манас» эпосуна кирген олуя-пайгамбарлардын жазуусундагы маалыматтарды алып келиши ыктымал.

Ошол байыркы Ортоңку Чыгыштын өкүлдөрү (диаспорасы) азыркыга чейин кыргыздардын улуттук аң-сезимине, динине жана коопсуздугуна таасир этет. Байыркы пайгамбарлардын байланышын эске албаган белгилүү багыттар кыргыз улутунун арасында чайкоочулуктукту (когнитивдүү калпыстыкты) жаратат. Эгерде эске албаган чайкоочулук (когнитивдүү калпыстыкты) жеке адамга таасир эткендей мамлекеттерге да ишин аткарса, анда Кыргызстандын өнүгүшү жакында күтүлбөйт. Өзгөртүлгөн чындык (когнитивдүү калпыстыкты) Үчүнчү Рейхтин арийлик жаңылыштыгы менен Түндүк Кореянын Чуче окуусу сыяктуу эле туура ой түзүүгө тоскоолдук кылат. Чектелүү аң-сезим жеке адамдарды көзүн боёгондой эле, элди да алсыздандырат.[235]

Эгерде дүйнө тутумду калыбына келтирүү (Когнитивдүү психотерапия) жеке адамды айыктыргандай эле маданияттарды да ордуна келтире алса, анда биз Кыргыздардын оңолуп кетишин же көзкарашы азыркы туңгуюктан чыгарын күтсөк болот. Швейцариядагы Женева шаары ушул күнгө чейин Жан Калвиндин аларды тарбиялап, аң-сезимин өзгөрткөнүн ушул күнгө чейин колдонуп келет.  Кыргыздардын пайгамбарларга жакындыгын жакшылап үйрөтүп, маалыматты туура таратса, анда бул элдин өзгөчөлүгүн (улут катары

[235] Cohen, P. *'Culture of Poverty' Makes a Comeback;* New York Times, Oct. 17th 2010

бөтөнчөлүгүн) дагы, анын эларалык коомдордо өз бөтөнчөлүгүн түшүнүүгө өбөлгө түзөт эле.

Ысык-Көлдүн атактуу манасчылары

Биз Кыргызстандагы көл боюн изилдеген атабыз, анткени ал жак манасчылардын мекени катары белгилүү. Бул жерде Ыйык китептерден эң көп маалыматты камтыган «Манас» эпосунун түрлөрүн айткан Саякбай Каралаев жана Сагымбай Орозбаков сыяктуу манасчылар жашаган. Ошол маалыматтардын көлөмү жана мазмунунан биз бул жайнаган үлгү, окшоштук же жалпы эле көчмөндөрдүн турмушунан окуяларды жөн эле Чаар китеп менен «Манас» эпосундагы кокусунан шайкештик катары түшүндүрө албайбыз.[236] Зияратчылар жана өз динин алмаштыргандар, балким, пайгамбарлар жазмасындагы айрым окуялардын келишине себепкер болгон, бирок биз изилдеген маселеде дагы башка бир себеби болушу керек: ал Ортоңку Чыгыштагы уруулардын бозгуну.

Бугу уруусу

Улуу манасчы Каралаев Ысык-Көлдүн боюндагы бугу уруусунан болот. Ааламга атактуу Чыңгыз Айтматовдун «Ак кеме» чыгармасындагы уламышта бугу уруусу бир ак бугудан тараган деп айтылган.  Аталган чыгармада бугу кыргыздын эки баласын катуу салгылашуудан кийин таап алат. Ак бугу эки баланы Сибирден аман-эсен Ысык-Көлдүн боюна жеткирет. Ысык-Көлдөгү Барскоондо жайгашкан азыркы бугу уруусу, жалпы элдин айтымында, ошол эки баладан тараган имиш.

Ушул уламыш боюнча алардын ата-бабалары Ортоңку Чыгыш эмес, Сибирден келиптир. Бул уламыш кызык болгону - жергиликтүү эл

[236] Hewitt, R. “Bridging Divided Religions: a comparative analysis of Kyrgyz Jakyb and Biblical Jacob” (2009)

Барскоондуктар башка кыргыздарга окшобойт деп көп айтат.[237] Жада калса, орто кылымдардагы Махмуд Кашгары деле Барскандыктар Ысык-Көлдөгү Барскан шаары чордон болуп калган бир дубан калктын тилдик өзгөчөлүгүн айырмалап белгилейт деп жазган Т. К. Чоротегин.[238] Балким, бөтөнчөлүгү биз мурунку макалаларда талкуулаган Жакыб-Жакыпка тийешелүүдүр.

Мидиядагы шаарлар

Чаар китепти жазгандар Ысык-Көлдөгү Барскан тууралу эч бир кеп кылбайт, бирок алардын эки жылнаамачысы Израилдин түндүктөгү он уруусуна каршы ассириялыктардын алгачкы жортуулу жөнүндө баяндайт. Ал баянда Жусуп аттуу белгилүү болгон Манасе (Манассия) уруусунун жарымысы туткунга түшкөндүгүн тастыктайт.[239] Ошол тарыхый баскын биздин доорго чейин 732 – 721-жылдарда болгон. Ыйык жазуунун эки санжырасында тең ошол байыркы ассириялыктар өз туткундарын түндүк тарапка кууганын айтат: Халах ошол он уруунун айдалган бир жагы.[240] Санжырачылар түндүк уруулар куулган башка жерлерди айтат: Хара, Хабор, Гозан суусунун бою жана Мидиянын шаарлары.[241] Биздин доорго чейинки 8-кылымда мидиялыктар азыркы күндөгү парс тилинде сүйлөгөн өлкөлөрдүн айрым

---

[237] Чоротегин, Т.К.; “Махмуд Кашкари (Барскани) жана анын «Дивану лугат-ит-Түрк» (1072-1077)”, Кыргыз тарыхый коому, Бишкек, 1997) бб. 91-96;

[238] Чоротегин, Т.К.; “Махмуд Кашкари (Барскани) жана анын «Дивану лугат-ит-Түрк» (1072-1077)”, Кыргыз тарыхый коому, Бишкек, 1997) бб. 95-96;

[239] Бул «он уруу» кээде «тогуз уруу» деп дагы колдонулат анткени Левийдин уруусунун көпчүлүгү түштүктөгү жөөттөр менен чогуу калышы ыктымал. Бул тактама «тогуз огуз» (тогуз өгүз же тогуз уруу) деген Борбордук Азиянын 6-8-кылымдардагы улуттук тобун изилдегендер үчүн баалуу болуп калышы ыктымал.
Ваң Хийафунун (1992) айтымында, 7-кылымдагы кытай булактары батыш түрктөрдү «он ок» же он уруу деп атаган экен. (Political Relationship Between the Chinese, Tibetan and Arab. Beijing: Peking University Press. 1992. p. 29)

[240] Халах еврейче «Халак» деген сөзүнө окшоп кетет. Ал сөз «басуу, жүрүү же кетүү» дегенди билдирет.

[241] II Падышалар 17:6; 18:11 & I Жылнама 5:23-26

жерлерин ээлеп алган. Алардын ичинде Ооганстан, Самарканд жана Тажикстан да бар.

## Оогандар

Ыйык китепте айтылган Хара, Хабор, Халак жана Гозан суусунун жайгашкан жерлери тууралу бири-бирин жокко чыгарган көптөгөн божомолдор бар. Кээ бир социологдор азыркы күндө ал шаарлар Иракта дейт, дагы бирөөлөрү Жакыбдын урпактары Кавказга же түндүк Эренге жеткирилген дейт, калгандары болсо Хара, Хабор, жана Гозан суусу Ооганстандагы Герат, Кыбер (Хайбер) жана Газни деген аттарга окшоп кетет дейт.[242] Оогандарды Исраилдин урпактары деген уламыштар ооган назариятына (теориасына) ынандырат да, ал урууларды байыркы Мидиянын парс тилинде сүйлөгөн аймактарга жайгаштырат. Ооган назариятынын эске ала турган негизги бир бөлүгү - бул пайгамбарлардын жазуусундагы Халах деген жерге көчүрүлгөн эл Ооганстандын бир да аймагында табылбайт. Эгерде биз табылбаган Халахты Ооганстанга жакын Орто Азиядан издесек, бир нерсе табабызбы?

## Он Ок

Биз ириде айта кете турган нерсе: азыркы Кыргызстан «Израилдин жоголгон он уруусу» деп аталган эки улуттук топтун биримдиги болуп калган. Уйсун (Үшүн) деген эски түрк тизмесинде «он урук» деген биздин доорго чейинки 2-кылымдан биздин доордун 5-кылымдарында жашап келген эл. Ал эми *Он Ок деп Тян-Шань тоолорунда 581-746-жылдары турган он уруудан түзүлгөн элди айтат.*[243] Болжол менен айтканда, Самариянын чачыратылган он уруусу бул жерде өздөрүнүн биримдигин түзүп алса керек, же болбосо айрым

---

[242] Jacobvichi, S «Quest for the Lost Tribes» DVD, 1998

[243] Асанканов А.А.; Асан, Ү.А., Кыргыз тарыхы. Энциклопедия (Бишкек, 2003), бб. 10, 14, 312, 395;

уруктар мурунку он уруунун ордуна өз бөтөнчөлүгүн сактап калыш аракетин кылган.

Халах (Каллак же Каллук)

Орто кылымдардагы жаарапилер Ооганстанга жакын жердеги Каллак деген табышмактуу жер жөнүндө жазган.

Байыркы жаарапилер

16-кылымдагы перс акындарынын бири Акбар деген могул башчынын саякаты жөнүндө баяндайт. Анын дастанында жыпар жыттуу «Каллак» деген жер тууралу айтылат:

> Бүчүр толо илегендин ичинде таң заар аңкыйт Каллак
> жыты сыңары.[244]

Өзүнүн атактуу аңкыган жыты менен ал Каллак кайсыл жерде жайгашкан? Тигинден да мурунку 12-кылымдагы акын Низамий биздин издөө салган жолубузду тактайт:

> Падыша тулпарынан түшүп келди,
> Акыйкаты, аскери да ошол замат жетип келди.
>
> Өкүм сүрдү бейпил жерде машыгып,
> Чымчык учпайт эми айланып ушул жерди.
>
> Йагма аялы (таңкы шоола) бутундагы алтын
> билерикчен (жаркыраган нурлары менен)
> Каллактын чатырынан (чыгыш тараптан) чыгып
> келгенде,

[244] The Akbarnama of Abu-L-Fazl, chapter CXIX (1594) from bibliotheca Indica: A Collection of Oriental Works Translated from Persian by H Beveridge, I.C.S., (Calcutta, India, The Baptist Mission Press & Asiatic Society, 1897 – 1939).

Аалам инди түтүнүндөй (караңгыда) оозунан
ажайыпты чачыратты,
Таң шоолада кереметтүү Йагма менен Каллактай
жаркырап.

Падышанын добулбасы даңгырап
Ызы-чууну салды Йагма менен Каллакка (ошончолук
алыстыкка)…

Йагма менен Каллак – Түркстандагы эки шаар,
Сүйкүмдүү өтө аялдары жашайт бейкапар.[245]

Низами Түркстандагы Йагманын жанындагы Каллак деген татынакай жер бар экенин билчү. Анын мекени Перс өлкөсүнөн алыскы чыгышта сулуу аялдары бар татынакай жер болчу.

Биздин доордун 982-жылы бул табышмактуу жердин кайсыл тарапта экенин баяндаган эми дагы бир перс өкүлүнүн жазганы бар. Белгисиз саякатчы азыркы Кыргызстандын аймагында жайгашкан «каллук» (батышта «халлух» же «каллук», бул жерде да «карлук») эли орто кылымдарда йагма деген элдин түндүк жагында жашаганын эскерет.[246] Саякатчы каллуктарды Кыргызстандагы Ысык-Көлдүн түштүк жээгине жайгаштырат. Каллуктардын 10-кылымдагы борбору Барскоон болгон, ал табышмактуу бугу уруусунун мекени. Балким, «каллак», «каллук» деген аялдары сулуу эл Тоораттагы Манасе уруусу куулган «Халах», «Халлух» жери болуп жүрбөсүн?.. Бирок андай болбой калышы да мүмкүн. Манасе куулган биздин доорго чейинки 8-

---

[245] “Nizami” Ganjavi, Jamal al-Din Abu Muhammad Ilyas “The Life of Alexander” by Canto XLVII – Sikandar’s Journeying from the Country of Hind to Chin (1197). Translated by H. Wilberforce Clarke. April, 1880. Calcutta, East India.

[246] 10-кылымдагы «Худуд ал-алам» Каллук каганатын эфталиттерге байланыштырат (бб. 347, 348). 5-кылымдагы ал уруу Тоораттагы дагы бир нефтали деген уруудан тарашы мүмкүн. Нефталилер Манассиядан түндүк-батышта жайгашкан. Кийинчерек эки уруу тең куулган, алар талаадагы жайнаган душмандарга каршы бириккен болушу керек.

кылымдан (Халах) 10-кылымдагы перс атласындагы Каллуктун ортосунда он жети кылым дайынсыз жоголуп кетти.[247]




«Худуд ал-аламдагы» картада ( 299-б.) Ысык-Көлдүн түштүк бетиндеги каллуктардын тараганы көрсөтүлөт.




Hudud al Alam (map v) p. 279 shows 10th century Khallukh and Yaghma south of Issyk Kol (Issikul).

---

[247] Тарыхчылар каллуктардын (карлуктардын) жылышын Түштүк Сибирге 7-кылымга артка жылдырат. Ал жерде алар кыргыздар менен жанаша жашоосу мүмкүн. Демек, кыргыз-каллук маданий байланышы Ысык-Көлдө эмес, андан мурун Сибирде болушу ыктымал. Ага карабастан демейдеги улуттук жер аттарынын бири-бири менен катнашуусу биздин учурда деле туруктуу бойдон калышы мүмкүн. Карлуктарды изилдегендерге айта кетерибиз: Аласкадагы Кодиак аралында жергиликтүү америкалыктардын Карлук деген шаары бар.

Байланыштар

Хара, Хабор, Халах жана Гозан суусун Мол Айчыктын (Плодородный полумесяц) тегерегине жайгаштырган тарыхчылардыкы деле бир жагынан туура болушу мүмкүн. Эгер ошондой болсо, анда Манасенин уруусу мурунку бозгундан кийин чыгышка тереңирээк кетип, Ассирияны басып алган Бабилон, Мидия, сак жана киммерийлерден кийин дагы бир көчүшү мүмкүн.[248]

Жусуптун бозгон тукуму, балким,  Халах деген ошол атты өздөрү менен кошо Орто Азияга ала келсе керек. Бүгүнкү күнү көптөгөн АКШ шаарлары деле бөтөн жерлердин аттарын кошо ала жүрөт: Мичиган штатындагы Голландия жана Индиана штатындагы Варшава – мына ушул эле эки мисал. Жаңы жерге көчүп барган эл өздөрүнүн мурунку жериндеги аттарын колдонгон. Чаар китептеги халахтар дагы ошондой кылышы ыктымал, алар мурунку мекенинен Ысык-Көлдүн боюна Халах же Каллак деген атты ала келген.

«Карлук» деп жергиликтүүлөрдүн атаганы ушул жерде табылган тыйындардан улам болушу керек. Каллук, Каллак, Халах жана Халлух деген аттар перс, араб, могул жана Библия жазмакерлери тарабынан колдонулган. Кыргыздар алигиче Ысык-Көлдүн илгерки тургундарын өздөрүнүн аттары менен «карлук» деп атайт.

Биздин заманга чейин 8-кылымдагы Манасенин туткундагы кишилери ат койгондо, анда алардын Халах деген өз аты бойдон калмак (мындайча айтканда, кыргыздар Кыргызстанда, орустар Орусияда). Алардын коңшулары

---

[248] Исаак пайгамбардын туткундалган эли сактар болуп калышы ыктымал деп мурун жаздым.  Ошондой болсо алар ушул согушта Бабилондорго кошулуп өзүн басынткан элге каршы чыккандыр.

бозгундагы Манасенин уруусун жана алар жашаган жердеги элди «халах» же «калак», азыркыча «карлук» деп билмек.[249] Албетте, бул болгону божомол, муну биздеги маалымат катары айтып болбойт. Ушул көзкараш туура болсо, Манасе уруусу ата-бабаларынын уламыштары менен кыргыздардын улуттук-тарыхый агымына кошулганынын себептеринин бири окшойт.[250]

Мифпи же тарыхпы?

Көпчүлүк тарыхчылар жана илимпоздор Исраилдин чачыраган уруулары түбөлүккө жоголду дейт. Лондон университетинин профессору Тюдор Парфиттин айтуусунда, биздин доордун 8-кылымында чачыраган уруулардын тарыхы аяктап, алар жөнүндө жомоктор башталган экен.[251] Бирок Парфиттин миф назарияты чала илимпоздор менен диний жоромолдорго таянган. Тилекке каршы, алардын тар көзкарашы салыштырмалуу улуттук иликтөөнү эске албайт. Парфиттин корутундусу көбүнчө маектешкен кишилердин диний сезимин ичинен терс кабылдагансыйт. Андан тышкары ал Сулайман пайгамбар менен шинто дининин ибадатканаларынын ортосундагы окшоштукту башка бирөөнөн алып колдонгонсуйт, бирок ошол ибадатканалар тууралу дагы өз байкоолорун айтпайт. Ал Израил менен Жапан өлкөлөрүнүн ортосундагы байланышты тапкан илимпоздорду мисал келтирет, бирок кайра тигилердин Батыштан окуп же башка динге өткөндөрүн айтып ашкерелейт. Ал эмес өзү далил катары бирин-экин иликтөөнү мисал келтиргеним оң. Парфитт бир нерсени эсине алган эмес:

---

[249] Ушул изилдөөмдү жүргүзүп аткан маалда көптөрү мага кыргызча «калк» же «халк» деген сөз эл же улутту билдирет деп айтты.

[250] Күчтүү карлуктардан калгандар 11-кылымда Карахан мамлекетин негиздөөгө катышкан. Анын борбору Кыргызстандын түндүгүндө Токмок (Баласагун), түштүгүндө Өзгөн шаарлары болгон. (Асанканов А.А.; Асан, Ү.А., Кыргыз Тарыхы. Энциклопедия. (Бишкек, 2003), бб. 15-18

[251] Parfitt, Tudor; “The Lost Tribes of Israel, The History of a Myth” (London, 2002) p. 4
Азыркы Батыштын жана советтик билим берүү тармактары аалам, жылдыздар, тирүү жандар жана тарыхтын бардыгы эч кандай максатсыз эле өнүгүүдө деген божомолго негизделген. Башкача божомолду кабыл албагандык азыркы илимий коомчулук үчүн чоң тоскоолдук түзөт.

дал ошол бираз гана кишилер өздөрүнүн жергиликтүү салттарын да, Библиядагы үрп-адаттарды да билгендиктен алар чындап иликтөө жүргүзө алат. Андыктан Парфиттин чоркок жазылган бир бөлүгүндө баяндалгандай, ал байыркы жапан ырларынан еврей тили менен байланышты байкаптыр, бирок ал бүт шайкештиктерди четке кагат, анткени жапандардын салттуу чыгармаларын аткарган бир да ырчынын еврей тилин түшүнө албай койгон имиш. Мен деле англисче сүйлөгөн жапандарды түшүнө бербейм, бирок алар баары бир англисче сүйлөй берет.

Парфитт окурмандарына жапан ырларынын семит тили менен байланышын изилдеген түп нускасын эч качан көрсөтпөйт. Ал ошондой эле Аримаса Кубонун аң-таң салгыдай иликтөөсү менен Жозеф Эйделбергтин жапан жана еврей тилдери боюнча изилдөөсүнөн толугу менен качат. Парфитт сыяктуу илимпоздор Исраилдин жоголгон уруулары тууралу назарияттар диний жоромолдон ашпаган нерсе деп өкүнтөт. Өтө кылдаат жана анчалык тийешеси жок антропологиялык ыкмалар менен ушул жыйынтыктарды издеши гана Орто Азиянын өткөндөгү тарыхын түшүнүүгө өбөлгө түзөт.

## Ырдаган тарых

Муса пайгамбар келечек муундар үчүн негизги окуяларды айтып тургула деп элине кайрылганда, ал маданиятка шыктандырышы мүмкүн эле:

> Болгону сак бол жана өз дилиңди таза карма, себеби көздөрүң көргөндү унутпашың керек, өмүр бою аларды жүрөгүңдөн чыгарбашың кажет. Аларды балдарыңа үйрөт, балдарыңдын балдарына жеткир...[252]

[252] Мыйзам кайталоо 4:9

Эгерде ушул буйрук Жусуптун уруусу жана анын маданиятына таасир калтырса, Библия менен Ассириянын окуялар жана жерлер жөнүндө жазгандары туура болсо, анда Жусуптун урууларынын улуттук издери Жибек Жолунда сакталып калды деп күтсө болот.

## Улуттук эстутум

Оозеки салт жашоо үчүн негизги муктаждыктар менен күрөшкөн көптөгөн муундардын мажес эстутумуна таянат. Алардын алгачкы аракети эле өз маданиятын, уламыштарын жана тарыхын өткөрүп берүү эмес, аман калууга күч жумшоо. Бирок антропологдор Климо менен Каттелл дегеле башканы айтат:

> Эстутум жеке адамдын жана коомдун негизи… ансыз жеке адам дагы, инсан дагы болбойт… Эс тутумсуз топтор өздөрүн башкалардан айырмалата албай калмак…[253]

Муса пайгамбар элинин тарыхын ырдап жүрүп ушул буйрукту түзгөн. Ушул күнгө чейин «Манас» эпосун ырдап жүрүп кыргызчылыгын сактаган кыргыздарды улуттук эстутум башка элдерден айырмалаткансыйт. Балким, эпосту сактоо – улуттук өзгөчөлүгүн сактоого барабар болгондур. Бул социологиялык керемет кайсыл бир жерде, Евфраттан чыгыш тарапта «жоголгон» Манасенин урпактарына дагы тийешелүүдүр...

## Эпос түрлөрү

Кыргыздар «Манас» эпосунун бир нече түрүн айтат. Алардын бирөөндө Орозду Жакыптын агасы болот, дагы бирөөндө Орозду Жакыптын атасы. Бир түрү Жакыпты төрт биртуугандын бири дейт, дагы бирөө сегизден бирөө,

253 Climo, J.J and Cattell, M.G Social Memory and History. (Walnut Creek, CA: AltaMira Press, 2002) p. 1

үчүнчүсү ондон бирөө деп жарыялайт. Биз «Манас» эпосундагы өзгөрүүлөрдү байкап жүрүп отурдук. Кытайдагы атактуу манасчы Жусуп Мамай өзү айткан эпосту бир нече түрдө айтат. Ал деле ар бир айткан сайын бир өңчөй бойдон кала бербейт.[254] Эгерде бир эле эстутумда ушунчалык өзгөрүүлөр болсо, анда сансыз муун алмашууда, жайнаган манасчылардын арасында, жыйырма жети кылымдын ичинде эмнелер гана болмок эмес?

Кызыгы, ушул иликтөөдө талкуулангандай, кыргыз антрополог, тарыхчы, аалым, тилчи, окутуучу жана адабиятчылары кыргыз эпосторунан, маданиятынан, тилинен жана тарыхынан додо-додо кылып маалыматтарды топтоду. Маалымат чогулган сайын Тоораттагы Жакыб уулу Манасеге чейинки өзгөчөлүк байланышты таануу уламдан-улам татаал болот.

Бүгүн артыбыздагы тарыхка кайрылабыз. Көп кылым мурун маданиятты жаратуучу Муса пайгамбар келечекке карап, Манасе менен башка урууларга кайрылып айткан:

> Ушул ырды өзүңөр үчүн жазып алгыла да, Исраилдин балдарына дагы үйрөтүп койгула: бул ырды алардын тилине салып койгула, анткени ал мага күбөлүк болот.[255]

Муса пайгамбардын акылмандыгы ушуга жеткен: ал улуттук өзгөчөлүк Жакыбдан тараган ар кандай уруулардын топторуна өзүнчө бир маселе болорун билген. Ал эл үчүн ыр күбөлүк болорун, аларга өткөн күндү эстөөгө жардам берерин түшүнгөн.

---

[254] Ong, Walter “Orality and Literacy” (Routedge, London & New York, 2002) p.42. Оңгдун ою боюнча, эпостун канча түрү болсо, ошончо айтылышы бар.

[255] Мыйзам кайталоо 31:19

Эпостун оозеки түрдөгү мукамдуу үлгүлөрү кыргыз окурмандарынын көптөгөн саптарды жаттап калуусун жеңилдетип, эпостун ыргагын, кыймылын, кыраатын, сөздөрдүн агымын жана мазмунун бара-бара келечек муундарга өткөрө берет. «Манас» - бул тирүү эпос.

## Кыргыз санжырасы

Кызыгы, Кыргызстандын атактуу санжырачысы Эсенкул Төрөкан уулу да Манасенин пайгамбар ата-бабаларынын изин Ысык-Көлдөн тапкан. Э.Төрөкан уулу 1940-50-жылдары Ысык-Көлдүн боюндагы үч жүздөн ашык аксакал менен сүйлөшүп, изилдөө жүргүзгөн. Ал өз изилдөөлөрүн «Кыргыздардын кыскача санжырасы» аттуу эки жыйнак чыгарган.[256] Бетачар бабы Нух пайгамбардын урпактарынан башталат да, Ыйык китептин айрым ысымдары да аталат, бирок анын санжырасы Тообраттын санжырасын кайталабайт.

«Кыргыздардын кыскача санжырасында» Тоораттагы эки башка аталар Ибраим менен Исаак кыргыздардын аталарынын тизмесин түзөт.[257] Эң атактуу үч монотеисттик диндер – жөөт, тарса жана ислам – Ибраимди өз атасы деп тааныйт. Кызыгы, Эсенкул Төрөкан уулу да аны кыргыздардын атасы деп жарыялайт.[258] Бүгүнкү күнгө чейин кээ бир көлдүк карылар “биз Ыбрайымдын байбичесиненбиз, арабдар болсо токолунан” дегендей д-р

[256] Төрөкан уулу менен маек, 2005.

[257] Төрөкан уулу, Эсенкул; “Кыргызча кыскача санжыра” (Бишкек 1995)

[258] Айрым учурда маектештер мага алардын чоң аталары өздөрүн (кыргыздарды же бир урууну) Ибрагимдин балдары деп атаганын айтышчу. (Жаңыл Жусупова, Нарын, жеке маек, 2008). Ысык-Көлдөн сырткары башка жерден алынган мындай жергиликтүү маалымат Төрөкан уулунун санжырасын тастыктайт.

Хенри Лансделл да ошондой санап, Ибраим пайгамбардын чөбөрөлөрү деген кыргыздардын оозеки сакталган салтын эскерет.[259]

Мен Эсенкул Төрөкан уулу менен кийинчерээк 2005-жылы маектешкем. Ал мага өзүнүн изилдөөсүн жана санжырасын акы-чүкүсүнө чейин түшүндүрүп, жүздөгөн аксакалдар ага айтып бергенин баяндады. Анын изилдөөсү ушул күнгө чейин санжырачылар үчүн үлгү бойдон калды.

Кыргыздардын Ибраим жана Исаактардан тараганы тууралу Э. Төрөкан уулунун тыянагы ислам же тарса зияратчылары тарабынан же жөөт соодагерлери тарабынан таркатылганбы? Анын кыргыздар жөнүндө санжырасы Чаар китептеги башка дагы белгисиз аттарды (Шалык, Арпакшат, ж.б.) дал Тоораттагыдай атаганы анын китептен көчүрүп алганынан шектендирет. Балким ошенткендир, бирок Эсенкул Төрөкан уулу өзүнүн жөнөкөйлүгү, чынчылдыгы жана мыкты изилдөөчүлүгү менен элинин жүрөгүн ээлеп алган киши. Анын мүнөзүнө мындай калп дегеле туура келбейт. Көбүрөөк чындыкка жатканы – ал «Кыргыздардын кыскача санжырасын» Ысык-Көлдүн карыялары кандай айтса ошондой кылып жазып алган. Ал эми ошол карыялар болсо, балким, санжыраны мурунку муундардан кандай укса, ошондой кылып айтып берген болушу керек…

Эсенкул Төрөкан уулунун санжырасын жакындан карап көрсөк, биз анын Библиядагы аттарды билбей же билмексен болгонун түшүнөбүз. Эгер кол алдында Тоорат же Библия болгондо, адис эмес, жөнөкөй изилдөөчү байкай турган кыргыздардын ата-бабаларынын жана Ыйык китептеги аттардын ортосундагы байланышты өткөрүп жибергени айдан ачык көрүнүп турат.

---

[259] Lansdell, Henry “Russian Central Asia, Including Kuldja, Bokhara, Khiva, and Merv” (Boston, Houghton, Mifflin, and Compny, 1885; Elibron Classics Replica Edition, 2003) vol. 2, p. 305

Жогоруда берилген тизмеге көңүл бурса, Э. Төрөкан уулу Ыбрайым пайгамбарды “пайгамбар Ибрагим (Искак)” - деп билет. Ал «пайгамбар» деген сөздү бирдикте колдонот, анткени Тоораттагы эки пайгамбарды бир кишидей көрөт:

Тарак – Азар – пайгамбар Ибрагим (Искак) – Сакак -

Анын Библиядагыдай иретте жаза турган ал китеп тууралу жетиштүү билими же маалыматы жок экени айкын көрүнүп турат:

Терах – пайгамбар Ыбрайым – пайгамбар Исаак

Эсенкул Төрөкан уулу дагы бир нерсени байкабай калганы айгинеленет: Ибрагимдин уулу, чыныгы Искак (Исаак) ошол эле санжырада бар, ал – Сакак. Эгерде Төрөкан уулу кыргыздардын пайгамбарлардан тараганын далилдегиси келсе, Нух менен Ыбрайымдар жөнүндө жазгандай кылмак: Ибрагим (Искак) дегендин ордуна Сакак (Исаак) дагы пайгамбар болгон демек.

Тоорат санжырасында Исмаил Ажардын (Хагардын) боюна Ыбрайымдан бүткөн деп айтылган.  Э. Төрөкан уулу Исмаилди “Смагулду” атайт, бирок Исмаилдин апасы Ажарды унчукпайт.  Же Төрөкан уулунун санжырасындагы түшүнүксүз “Азар” ошол аталбай калган Ажар болушу да ыктымал. Байкаган кишиге Азар Ибрагимге жакын жайгашкан. Азыркы кыргыз тилиндеги Тооратта Хагар «Ажар» деп берилген, тыбыш жагынан өздөрүн Тооратгагы Манассиядан тараганбыз деген кукилерде дагы Азар деп аталган.  Кукилер

«ж» тыбышын айтабыз дегенде эле анысы «з» тыбышына айланат. Кукилердин санжырасындагы Закип дагы Жакып экени ачыктан ачык.[260]

«Азар» деген «Кыскача кыргыз санжырасында» Ажар (Хагар) болушу ыктымал. Кийинчерээк эки санжырадагы ошондой эле бир окшоштуктарды дагы карап көрсө болот: Манасенин «Жайири» жана кыргыздын «Жайдары» же Төрөкан уулунун «Жайылганы» болушу мүмкүн. Төрөкан уулунун «Халит» дегени Тоораттагы Манасенин небереси «Гилат» болушу ыктымалбы? Мен аттардын тегин айтып берүүчү тил таржымалы боюнча адис эмесмин, бирок Төрөкан уулунун санжырасында да, «Манас» эпосунун түрдүү санжырасында да Манасенин чыгыштагы уруусунда айтылуучу окшош аттарды арбын тапса болот.

Ошондой эле кыргыз санжырасында айтылбай калган Тоораттагы эки маанилүү ысым бар, алар – Сара менен Жусуп. Эгер Ысык-Көлдүн кыргыздары Чаар китептеги уруулардан тараса, анда эмнеге алардын санжырасында мындай орчундуу каармандар жок? Андан тышкары Кыргызстандын башка тарабындагы бир нече санжырачысы Төрөкан уулу менен макул эмес. Көпчүлүгү кыргыздар Нух пайгамбардын уулу Сам эмес, Йафастан (Жепеттен) тараганын айтат.[261] Эгерде кыргыздар бир кезде ар кайсы уруулардын биримдигин түзгөн болсо, анда эки санжырадагы тең туура болушу мүмкүн.

Ошондой эле кыргыз окумуштуусу д-р Т. К.Чоротегин Барскоондун эли өздөрүнүн ата-тегин элес-булас билген жана алар жөнүндө мүнөздөмөлөрдүн

---

[260] Halkin, Hillel “Across the Sabbath River” (Houghton Mifflin Company, New York, 2002) p. 314

[261] Иманалиев, Мусалы; «Кыргыз санжырасы». («Шам», Бишкек, 1995), бб. 6-7.

изин миң жыл бою, балким, Карлук каганатынан бери сактап келген ар кандай уруулардан түзүлгөн деген тыянак чыгарат.[262] Мүмкүн, Карлук (Каллак) каганатынан тараган дал ошол Ысык-Көлдүн тургундары Исаак, Ыбрайым, Сам жана Нух пайгамбарлардан бери өз жолун байкап келгендир.

Корутунду

Эми жыйынтыктайлы: Халахка куулган Манасенин уруусун табабыз деп күткөн байыркы Каллактын так турган жеринде кыргыз карыялары 1940-50-жылдардан бери Чаар китептеги окуяларды улут дастанында ырдап жана чагылдырган санжыраны айтып келет.

Матайдын күрөөсү

Дагы бир нерсе: Ысык-Көлдүн түндүк өйүзүндө Абрахам Крескестин 14-кылымдагы чыгыш тууралу Каталон атласында тарсанын олуясы жаткан жай көрсөтүлгөн. Жергиликтүү уламыштар боюнча бул жай «Матайдын күрөөсү» деп аталат да, ушул жерде Иса пайгамбардын шакирти ыйык Матай (Мэттью) көмүлгөн дейт.[263] Ар кандай диний топтор ошол жайды өз мазабына тийешелүү деген, ал эми ошол олуя жөнүндө уламыштар көбөйгөндөн көбөйүп келатат. Ыйык Матайдын Ысык-Көлдө көмүлгөндүгү тууралу уламыш анын мүрзөсүн Себастополиске жайгаштырган Доротеустун кыскача баяндамасы баш болуп бөлөк уламыштарга каршы турат:

Маттиас Эфиопиянын ич жагындагы Хиссус

---

[262] Чоротегин, Т.К. Махмуд Кашкари (Барскани) жана анын «Дивану лугат-ит-Түрк» (1072-1077). («Кыргызстан», Бишкек, 1997), б. 96.

[263] Ысык-Көлдөгү күрөө тууралу көбүрөөк маалымат үчүн ушул маселе боюнча негизги изилдөөчү В. М. Плоскихтин макалаларына кайрылыңыздар. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы жана Кыргыз-Орус славян университети. Анын «Суу алдындагы табышмактар» деген чакан китеби (Бишкек, 2008) англис тилинде бар. Плоских менен анын тобу Ысык-Көлдөгү суунун астынан шаар таап, андан салиптер жана жөөттөрдүн «Дөөтүнүн жылдызы» аттуу алты учтуу жылдыздардан үлгүлөрдү чогулткан (7-14-кылымдар).

> булуңунун боюнда, Фазис суусу куйган жерде жапандарга жана эт жегендерге Инжилди жайылтып жүргөн. Ал Себастополисте дүйнөдөн кайтып, ошол эле жерге, Күн ибадатканасынын жанына коюлган.

Жогоруда айтылгандай, Ыйык Матай тайманбас саякатчы жана бөтөн жерлерде дин тараткан киши катары белгилүү болчу. Анын устаты Иса: “Бутпарастардын жерине барбагыла, самариялыктардын шаарларына кирбегиле.  Адегенде Ысрайыл элинин адашкан козуларына баргыла” - деп буйругун айткандай кылган.[264]  Биздин доордун 1-кылымында Матай Ысык-Көлдөгү Карлук; «Манас» эпосундагы он эки уруу жөнүндө; Флавиус Жозефустун Евфраттан алыс 10 уруу бар деген Ортоңку Чыгыштагы маалыматын угушу мүмкүн беле?[265]  Эгер ошондой болгондо, ал өзүнүн эр-жүрөк шакирттеринин бирин Нух пайгамбар, Сам, Ибраим, Исаак, Жакып жана Манастын даңазалуу урпактарына жөнөтмөкпү?

Матайдын жакын досторунун бири «чет өлкөлөргө таратылган он эки урууга» кат жазган.[266]  Ыйык Матай сыяктуу саякатчы ошол катты он эки чачыраган урууга жеткирүүнү мойнуна алмак. Матайдын тегерегиндеги же башка алыскы бир масаптагы киши Чаар китептеги ошол катты Манасенин чачыраган уруусуна жеткирип берип, анан Ысык-Көлдүн боюнда Матайдын масабын уюштурушу мүмкүн эле.

Кыргыз улутунун тарыхын кайрадан чогултуу кыйын. «Манас» эпосу менен олуя-пайгамбарлардын жазмасынын ортосунда ушунчалык көп адабий жакындык эмнеге болгонун билүү үчүн маалыматыбыз жетиштүүбү? Ошону

---

264 Матай 10:5,6.  “Койлоруна” деген сөздүн ордуна “козуларына” деп жаздым.

265 Josephus, Flavius “Antiquities of the Jews” (Book XI, Chapter 5, Section 2)

266 Инжилдеги Жакыбдын каты 1:1.  Биринчи кылымда он эки уруунун баары чачыратылган.

менен бирге муну сиңирип алуу кыйын болсо да, чана тургандай чындыкка жакын ушул гана себептер бар.  Кыргызстанда жактырылбаган Ыйык китеп кыргыз тарыхынын баш тартпай турган бир бөлүгү.



## <u>Тарыхый из</u>

Кыргыздарды көчмөн пайгамбарларына байланыштырган тарыхый далилдер Ысык-Көлдүн боюнан тышкары жактарда жатат. Самария жана Самарканд сыяктуу ар кыл жерде чачылган маалыматтар Манасени Ассирия басканы менен "Манас" эпосунун алгачкы саптарынын ортосундагы жакындыгын билдирет.

Бир уруу

Хиллел Халкин деген "Жерусалем пост" гезитинин кабарчысы өздөрүн Манасе тукуму катары кабыл алган түндүк-чыгыш Индустандагы Куки-Чин-Мизо элинин миллиондогон кишилерин изилдеп чыкмак болду. Кылдат изилдөөдөн кийин күмөн санаган Халкин Куки-Чин-Мизо биримдигиндеги уруктардын бирөө Жакып пайгамбардын тукумунан болот деген тыянак чыгарды.[267] Халкиндин айтымында, Израилдин бир нече уругу аман калып, бозгунга кеткен да, чоңураак урууларга же биримдикке (конфедерацияна) барып кошулган. «Ми луи» (байыркылар) деген ат менен белгилүү чакан уруу окуяларды таза баяндагандыгы жана диний ишеними менен чын эле пайгамбардын тукуму болушу мүмкүн, дал ошолордун уламыштары жана дүйнө тутуму кийин коңшуларына таасир эткен. Халкиндин жоромолунда калган уруулар акыры барып ми луи уругунун динин жана санжырасын камырга бир ууч ачыткыны аралаштыргандай өздөрүнө кошуп алган.[268]

Ошол сыңары этнограф С. М. Абрамзон дагы кыргыздар башка урууларды өз биримдигине кошуп алган дейт.[269] «Манас» эпосунда ошондой биримдик жөнүндө айтылат:

Жан жабыла Жакыптын
Маңдайына келгени:
“Ачсаң ал алаканыңа,
Абийир берсин баарыңа,
Жутсаң жумуруңдабыз,
Журт болуш мындан артыкпы,

[267] Халкиндин кызыктуу, шайыр жана көпчүлүк учурда мазак толо саякаты тууралу көбүрөөк маалымат алгысы келгендерге мен анын «Шаббат дарыясынын өйүзүндө» аттуу китебин сунуштайм. (Нью-Йорг, 2002)

[268] Halkin, Hillel; “Across the Sabbath River” (Houghton Mifflon Company, New York, 2002) p. 317-332

[269] Абрамзон С. М.; «Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи» (Москва, 1971) с. 30

Этегиңдин алдында
Эл кылыңыз бизди деп….”[270]

Манасенин көчмөн урпактары кошуп алуусун суранып кыргыз урууларына ушундай кайрылгандыр: «Мындан нары бизди өз элибиз деп эсептегиле.» Тарыхчы А. Асанкановдун сунушунда азыр тарыхта жоголгон карлуктар ошондой болуп кыргыздардын арасына сиңип кеткендир.[271]

## Шумер

Кыргыздар кандай болбосун өздөрүнүн кайдан чыкканын билүү үчүн далилдерди издөөдө. Өздөрүнүн каерден экенин изилдөө улуттук дартка айлангансыйт. Бир нече көрүнүктүү жазуучу тил жагынан да, өң-келбети жагынан дагы окшоштуктарды белгилеп, кыргыздардын Месопотамиядан (Шумерден) келгенин айтууда. Алардын сөзүн бекемдеп Ыйык китеп дагы Жакыб уулу Манасенин ата-бабалары Шумердин белгилүү бир Ур деген шаарында туулганын баяндайт.[272]

## Бехистин аскасы

Айрым кыргыз жазуучулары Эрендин түндүк-батышындагы Заргос тоолорунан табылган Бехистин аскасы жөнүндө да жазат. Парстардын падышасы I-Даранын (Дараявауш же Дарий I – биздин доорго чейинки 6-5-кылымда жашаган) буйругу менен ташка чеккен сүрөттөрдө анын басып

---

[270] Сагымбай Орозбаков; Манас, кыргыз элинин баатырлык эпосу (СССР Академия Наук, Москва, 1984) Т. I, 7253-7260

[271] Асанканов А.А.; Асан, Ү.А., Кыргыз тарыхы Энциклопедия. (Бишкек , 2003) бб.. 15-18
Бир нече кылым мурун биздин доорго чейин 600-жылга жакын Жеремия пайгамбар Бабилондогу Израилдик туткундарга «Кудайдан кабары» менен кат жөнөткөн. Элчилер аркылуу жеткирилген катта төмөндөгүдөй нускоо бар эле: «… Кайсыл жерге туткунга түшсөңөр, ошол шаардын тынчтыгын тилегиле, аныңар үчүн Кудайга сыйынгыла, анткени алардын тынчтыгынан силер дагы тынчтык табасыңар…» Эгерде Самариядан көчүрүлгөн уруулар ушундай биригүү саясатын жүргүзсө, анда Ыйык китептин окуялары Орто Азиялык уламыштар менен эпосторго ошол жаңы келгиндер аркылуу киргизилиши мүмкүн. Албетте, мунун баары божомол. Анткен менен кыргыздардын теги азыркы учурда так чечилбей турганда, мындай көзкараштарды да чанып болбойт.

[272] Башталыш 11

алган элдери жана улуттардын аттары үч тилде жазылган. Сактар да ошол тизменин ичинде бар.

<u>Сак-скүтхүлөр (Скифы)</u>



"Сака" же "Саке" деген ат Орто Азияда "Сак" деп белгилүү жана Исаак дегенден келип чыгышы мүмкүн. Бул ой Исаактын урпактары чыгыш тарапка куулгандан бир кылымдан кийин Орто Азияда пайда болгон деген сөздү эске салат.[273] Ошондуктан Бехистин сүрөтүндөгү сак туткун башына, мындайча айтканда, еврей баш кийимин кийип калышы таңгалдырбайт деле[274]: андай кийим Лондондогу Кара мунара эстелигинде Израил падышасынын башында да кийилген. Ал сактын баш кийими кыргыз калпагына окшош болгондугу жазуучуларды кызыктырды.

Бехистинда мындай деп жазылган:

> Дара падыша минтип айтат: "Анан мен аскерим менен баштарына шиш калпак кийген сактардан кийин Скүтхү жерине бардым. Ал скүтхүлөр менден качты. Дарыяга жеткенде, мен андан өттүм, мен

---

[273] Rawlinson, George; note in his translation of History of Herodotus, Book VII, p. 37
Закиров Сапарбек. «Кыргыз санжырасы» (Бишкек, «Ала-Тоо», 1994) б.7
Төрөкан уулунун «Кыскача кыргыз санжырасындагы» Сакак деген атты эстен чыгарбагыла.

[274] Еврейлердин баш кийими 12-кылымдарга ашкенази жана перс жөөттөрүнүкү деп айырмаланып калган. Профессор Норман Рот: «ал учу шиш жумшак баш кийим, бирок ошондой эле калың кездемеден дагы жасалат, юолгону башы шиш болушу керек», - деп белгилеген. (Roth, Norman; “Was there a Jewish Hat?” www.myjewishlearning.com, 2003)

> аскерим менен толук өттүм. Анан мен скүтхүлөргө
> катуу сокку бердим. Ал скүтхүлөр дини кайыр болчу,
> алар Ахурамаздага сыйынчы эмес.[275]

Азыркы генетика доорунда биз билгендей, сам уулдарына каршылар (анти-семиттер) адамдарды дини жана улутунан баш тартууга мажбурлаган. Жада калса Жаарупа жана Латин Америка католиктери да алардын ата-бабалары инквизицияга чейин жөөт днинде болгонун билишти. Эгерде Израилдин аты Б.Д.Ч. 8-кылымындагы көпчүлүк топко жакпай келсе, (мына жакында эле ар кандай инквизиция, талкалоо, кыйратуу жана холокосталар болуп өттү) анда Израилден Исаакка чейинки, сак же сакага чейинки айрым отурукташкан туткундар, албетте, өз улутун алмаштырып же кулакка уккулуктуу кылып өзгөртүүгө аргасыз болгон. Кайталайм, бул азырынча жорума эле, бирок окурмандар байкагандыр: скүтхү-сактар пайда болгон б.з.ч. 8-кылымы Израилдин түндүк урууларынын жоголушу менен тушташ келет.

<u>Кара мунара эстелиги</u>



Кара мунара эстелиги Тигр дайрасынын боюндагы Нимруд шаарында табылган жана азыркы учурда Лондондогу Британиялык ажайыпканасында коюлган. Ал биздин доорго чейинки 842-жылы Ассирия падышасы II-Шалманесер тарабынан чектирилген.

[275] Behistun Rock, Column five, 74. Translated by L.W. King and R.C. Thompson. Автордун белгилегени кошулду.

## Жеуй

Кара мунарадагы жана ошол эле маалдагы дагы эки жазмада «Омринин уулу Жеуйдун тартуусу» тууралу айтылат. Ыйык китептерде баяндалгандай, Самариянын падышасы Жеуй Ассирия падышасынын алдында таазим кылып турат.[276] Анын баш кийими Бехистун сүрөтүндөгү сактардын калпагына окшош жана азыркы кыргыз калпагынын бир түрү болушу мүмкүн.

## Эссиз чабендес

Кара мунарадагы киши тууралу саптар сак-скүтхүлөрдүн чабендеси жөнүндө баянга абдан окшош: «Ошондо жесекчи айтты: «Чаап бараткан Нимшинин уулу Жеуйга окшош экен, анткени ал атын албууттанып чаап бара жатат!»[277] Көчмөндөрдүн пайгамбары менен сактардын ортосундагы байланыштар жайнайт.

## Сынган кылыч

Төлөгөн Касымбековдун атактуу «Сынган кылыч» романы Жошуа, Соттор, Самуэл, Падышалар жана  Жылнамалар сыяктуу Библиянын тарыхый баяндарындай окулат. Төмөндөгү үзүндү кыргыздар жөнүндө кызыктуу окуяны айтып берет:

> Искак аны кандыкка көтөрүп жатканда, адамды курмандыкка чалганга каршы болот. Салтты жактоочулар жана аярлар ага ошол тууралу айтканда, Искак минтип жооп берет: «Ибраим пайгамбар уулу Искакты курмандыкка чалууга даяр болгондо, периште анын колундагы бычакты кармап токтотуп калып, баласынын ордуна козуну сой деп буйрук

---

[276] Ball, C.J.; Light from the East, (London, Eyre and Spottiswoode, 1899) p.166

[277] Падышалардын 2-китеби 9:20

кылган.»[278]

Т. Касымбековдун тарыхый романдары боюнча далай диссертация жасылмак, бирок биз азырынча үстүртөн гана көз жүгүртүп туралы.

## Искак

Тооратын окуясындагыдай эле, Касымбековдун айтымында да, Исаак (Искак) деген курмандыкка чалынуучу уулунун аты болчу: «Ибраим пайгамбар уулу Искакты курмандыкка чалууга даяр болгондо…» Мусулмандардын көп аалымдары муну кабыл албай, Ибраим Исаакты эмес, Исмаилди тартуулаган дейт.  Эмнеге Касымбековдун айтып берүүсүндө мусулмандык салтуу-сезим өкүм сүрбөйт да, Тоораттагы окуя чагылдырылат? Илимпоз катары ал Куранды өз оюндагыдай окуп чыгышы ыктымал, ошондуктан, жазууда айтылгандай, Куран Тооратты тастыктайт.

> Ал сага өзүңдөн мурун түшкөн Китептерди таскыктоочу-ырастоочу болгон бул Китепти акыйкат менен түшүрдү.  Илгери адамдарды Туура Жолго баштоо үчүн Тоорат жана Инжилди түшүргөн эле…[279]

Андан тышкары да Касымбеков Исаак-Исмаил талашын айкындоо үчүн Курандын төмөнкү саптарына таянгандыр:

> … эгер Биз сага түшүргөн нерседен шектенген болсоң, анда өзүңдөн мурдагы Китеп окуй турган адамдардан сура![280]

---

[278] Англисчесинен которулган.   Kasimbekov, Torogon “Broken Sword” Translated by David Foreman and Sergei Sosinsky. (Progress Publishers, Moscow 1980) p. 382. Касымбеков Төлөгөн; «Сынган кылыч»

[279] Куран 3 сүрө; 3,4 аят.  Котормочу Мансур Алауддинж; “Курани Карим” (Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармасы, Бишкек, 2004)

[280] Куран 10:94.  Котормочу Мансур Алауддинж; “Курани Карим” (Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармасы, Бишкек, 2004)

Бирок көпчүлүгү Касымбековго окшоп укканын уккан бойдон Ибраим пайгамбардын курмандыкка чалганын эле баяндап салат. Бизге маалым болгондой, кыргыздар Тоораттын окуяларын миңдеген жылдар бою бир муундан экинчисине өткөрүп берип отурган, бирок аң-сезимдүү түрүндө эмес, бейаң тейде болушу мүмкүн. Ошол Исаак тууралу мисал үлгүнү кайталайт. Андан кийинки мисал дагы ошондой кылат.[281]

Буудай

«Сынган кылычта» ыйык китептерден дагы бир окуя бар. Касымбековдо ал мындайча баяндалат:

> Анан буудайды Нармамбет датканын бетине өтө жакын кармады:
> - Кана, энди сиз айтыңчы...
> Нармамбет датка итиркейи келгендей:
> - Көрүп турасыз эмне өзү?» - деди. Нияз-кушбеги көздөрү сууп кетти:
> - Мен сизден сурап турам, датка. Сизден укканыбыз кызык...
> - Бийдай!
> - Бийдай! - деп такмазалады Нияз-кушбеги мыйыгынан жымыйып. Гм… Бийдай… Кыпчакты ушул сөздөн тутуп алса болот а, датка?..[282]

Ушул окуядан кийин кыпчактар мыкаачылык менен союлган, мунусу Чаар китептеги “Соттор” китебинин он экинчи бабын элестетет:

---

[281] Кыргыздар исламдын борборунан өтө алыс болгондуктан Куран тууралу өз оюн өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүгү көбүрөөк болчу, ошондой эле тарсалардын Виклиффи жана Ирландиянын Ыйык Патриги дагы Урумдан (Римден) алыс болгондуктан ыйык папасынын буйруктарын өркүндөтүү мүмкүнчүлүгү арбынырак эле. Мен аалым-теолог эмесмин, бирок менимче, Куранда Ыбрайым Исаакты курмандыкка чалмак болгону айтылган сыяктуу (Куран 37:101 жана Башталыш 22). Кыргыздар динге анчалык берилген эмес, ошондуктан алар өз корутундуларын өздөрү чыгара алса керек.

[282] Касымбеков Төлөгөн; «Сынган кылыч» (“Кыргызстан”, Бишкек, 1998) б. 176

> Эми Жефтах Гилаттын бүт элин чогултту да, Ефраимге каршы чыкты. Ефраимдиктер: «Силер Ефраимдиктерден качкынсыңар. Гилат Ефраимдин да Манасенин да арасында турат» деп айтышкандыгы үчүн гилаттыктар аларды кырып салышты. Жордандын кечүүсүнөн ефраимдиктерди өткөрбөй тосуп алды. Анан ефраимдик качкын: «Мени өткөрүп койгулачы» - деп суранганда, гилаттыктар: «Сен ефраимдик эмессиңби?» - дечи.  Тигил жок десе, анда беркилер: «Эмесе «шибболет» деп айтчы» - дечи. Ошондо эгер ал «сибболет» деп алса, анда анысы туура эмес болчу. Ошондо беркилер аны кармап, Жордандын эле боюнда дароо союп салчу. Ошентип ефраимдиктерден кырк эки миң киши өлдү.[283]

Айрым окурмандар байкагандай, Чаар китепте да Манасе уруусунан гилаттыктар өздөрүнүн кечеги шериктери ефраимдиктерди союп кирет. Касымбековдукунда да кыпчактар жакында эле кыргыздар менен шериктеш болчу. Эки баянда тең буудай же дагы бир дан душмандарын ажыратууга жардам берет. Касымбеков бул жерде Манаседеги ата-бабалары бир кезде урууларды айырмалатуу үчүн буудайды колдонгонун эстеп жатабы же ошол жөнүндө укканбы?[284]

## Өзгөрүлгөн сапаттар

Байыркы кытай жана мусулман булактарынын айтымында, кыргыздардын чачы кызгылт же ак чулаң, көздөрү көк, өңдөрү ак жумал болчу.  Тяң-ши жылнаамасында кыргыздардын «узун бойлуу, кызгылт чач, иреңи кызгылт

---

[283] Соттор 12:4-6

[284] Жеремия 25.  11-кылымдагы атактуу тилчи Кашгарий дагы «буудай» деген сөз калкты Барскоондун сараң жарандарынан айырмалатуу үчүн колдонулган деп белгилейт, анткени тигилер «бугдай» дечү. Каллуктардын Барскоону Манассия уруусу менен аралашкан шаар болгонун эстен чыгарбагыла. «Махмуд Кашкари (Барскани) жана анын «Дивану лугат-ит-түрк» (1072-1077): редакторлогон Чоротегин, (Т.К. Кыргыз тарыхый коому, Бишкек, 1997) б. 95

жана көздөрү көк» экени белгиленет.[285] Ушул сүрөттөөлөргө окшогон момдор бүткүл Борбордук Азия боюнча табылган.[286] Азыркы кыргыздар көк же жашыл көздүү, ак чулаң чачтуу туулгандарды «илгерки кыргыз» деп коёт. Андай келбет бүгүнкү көпчүлүк учурда моңол өңдүү кыргыздарды сүрөттөгөнгө туура келбейт, бирок Ыйык китептеги Дөөт падышанын «бетин кызыл тарткан ак жумал, сулуу өңдүү» дегенине окшоп кетет.[287] Эң кызыгы, Тяң-шинин сүрөттөгөн кыргыздары орто кылымдардагы Жаарупанын (Европанын) уламыш жана айың-кептериндеги "кызыл жүздүү жөөттөр" жана "Борбордук Азияда жоголуп кеткен Израилдин урууларына" шайкеш келет.[288]

Тарыхый далилдер кыргыздардын сырткы келбетинин кылымдар бою өзгөрүлүп келе жатканын аныктагансып Манасе менен Манастын ортосундагы таңгалыштуу байланышты табууга өбөлгө түзөт. Ушундан улам Манасенин окуясы кылымдардын аралыгында өзгөрүлүп отуруп, биз азыр билген Манаска айланды десек болобу?

## Кыргыздардын теги

Мен кыргыздардын теги жөнүндө сураганда, Бишкектеги Манас атындагы кыргыз-түрк университетинин ректору, илимпоз Сулайман Кайыпов «Манас» эпосун кыргыздан башка бир да башка түрк эли айта албайт деди. Ошол эле

---

[285] Golden, Peter B.; An Introduction to the History of the Turkic Peoples: Ethnogenesis and state-formation in medieval and early modern Eurasia and the Middle East (Wiesbaden: O. Harrassowitz. 1992) p. 178, жана Абрамзон С. М.; «Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи» (Москва, 1971) с. 30 Ошондой эле өңүттө узун бойлуу, сары кыргыздар кыска бойлуу жана ай бет, кара чач түрктөрдөн айырмаланганы айтылат.

[286] Barber, Elizabeth W. The Mummies Of Urumchi (Natural History, July, 1999)

[287] Тарыхчылар кыргыздардын сырткы келбети Чыңгызхандын аскери басып алгандан кийин өзгөрүлгөн дейт.

[288] Gow, Andrew C. The Red Jews: Antisemitism in an Apocalyptic Age, 1200-1600. (Brill, 1994)

маалда Борбордук Азиядагы башка түрк элдеринин эпосторун кыргыздар билбейт. Кайыпов кыргыздардын тегин так айтып бералган жок, бирок эпостор тууралу ою кыргыздардын башка түрк тилдүү элдерге канчалык жакындыгын билдирет. Эӊ кызыгы, илимпоз Кайыповдун жарыясы да бир суроону туудурат: байыркы түрк урууларынын эпосторунан алынбаса, анда «Манас» эпосу кайдан келди?[289]

## Тукум куучулук (ДНК)

Адабий салыштырууларым боюнча жолугушууларда дайыма бирөө кыргыздардын тукум куучулук касиеттери (ДНКсы) Ортоӊку Чыгыштанбы деп сурайт.

## R1a (M17)

Мен мурун доктор Спенсер Уэллстин Орто Азиядагы тукум куучулук касиеттерин изилдегени тууралу кыскача айткам. Уэллстин изилдөөсү боюнча кыргыздардын Y-хромосом гаплотип R1a (ал M17 деп да аталат) эркек кыргыздардын 63%нан табылган.[290] Негизинен Жакыптын урпактары деп таанылган улуттук топ Ашкенази Левиттеринде дагы R1a гаплотип көп учурайт.[291] Тукум куучулукту изилдөөчү Улуттук жаарапыя долбоору R1a Y-хромосомдорун Ортоӊку Чыгышка алып барып такайт.[292] Айрым адамдар үчүн «тукум куучулук байланыштары» далилдин негизги өзөгү болгону менен ал баарыбир кыргыздардын көчмөн пайгамбарлар менен байланышын тастыктабайт. R1a көптөгөн улуттук топтордо бар, мисалы, украин, индус

---

[289] Д-р Сулайман Кайыпов менен 2008-жылдын 17-августундагы жеке маек.

[290] Spencer Wells, The Eurasian Heartland: A continental perspective on Y-chromosome diversity, (2002)

[291] Behar DM, Thomas MG, Skorecki K, et al. “Multiple Origins of Ashkenazi Levites: Y Chromosome Evidence for Both Near Eastern and European Ancestries” (The American Society of Human Genetics, 2003) Vol 73, p. 768-779

[292] https://genographic.nationalgeographic.com/genographic/index.html

браминдери ж. б., алар өздөрүн пайгамбардын тукумуна эч качан кошпойт. Анын үстүнө, ашкеназилер да жөөт динине кийин өткөн болушу мүмкүн. Ал эле эмес айрым жөөттөрдүн тукумунда да R1a гендери учурабайт. Муну айтканым, Жааразияда R1a тукумунун көп кезигиши илгери жазылып калган аянды эске салат. Кудай Жакыбга кайрылып мындай дейт:

> «Сенин урпактарың тоз-топурактай жайнайт, ошондо
> сенин тукумуң батыштан чыгышка, түндүктөн
> түштүккө чейин чачырайт.»[293]

Ошондой эле Жакыб дагы Жусупка төмөнкүлөрдү керез катары айтат:

> … анын бекемдиги жаңы төрөлгөн букачардай,
> Мүйүздөрү  жапайы өгүздүкү сымал;
> Мүйүздөрү менен ал
> Бүт элдерди сүзүп кирет,
> Кууп аларды жердин түбүнө;
> Алар Ефраимдин түмөндөрү,
> Алар Манасенин миңдегени.[294]

R1a Жааразияны тоздой каптаган эң чоң топ. R1a тукумунун ушундай үстөмдүгү генетиктерди таңгалдырат: эмнеге жалгыз R1a тукумунун урпактары жер үстүн бүт каптаган да, ошол эле маалда башка тукумдардын мураскорлору же сейрек, же биротоло жоголуп кеткен? Ошол R1a тукуму Жусуптан тараганбы же Жакыптанбы, аны биз айкындай албайбыз, бирок билишибизче, R1a тукуму ошол эки кишиге тең тийешелүү.

Библияны жактоочулар Жусуптун уулдары Манасе жана Ефраим жоо салып, бүт башка элдерди «сүзгүлөгөн» дейт. Албетте, мындай түшүнүк Борбордук

---

[293] Башталыш 28:14.  Ошондой эле көңүл буруңуздар: Башталыш 22:17; 26:3,4; 28:14

[294] Мыйзам кайталоо 33:17

Азиянын Индустан, Жаарупа жана Манжуга көптөгөн жортуул жана баскынчылыгына туура келет; Борбордук Азиянын R1a Y-хромосомдору, индожаарупалык (Индоевропе́йские) тилдердин  Америкага тараганы менен бирге ошондуктан үстөмдүк кылат.

<u>Ашкеназилер</u>

Профессор Давид Б. Голдстейндин укмуштуу изилдөөсү байыркы жөөт динчилеринин тукум куучулук белгиси болгон Гаплотип Үлгүлөрүнүн Коэнинин (Cohen Modal Haplotype (CMH)) эң жогорку деңгээлин ашкеназилердин R1a гаплогенинен тапкан.  Голдстейндин табылгасы R1a өзгөчө тобунунун оозеки салттары менен көчмөн сам уулдарынын тууганчылык байланышын күчөттү.[295] Кыргыздардын арасында да Гаплотип Үлгүлөрүнүн Когени (CMH) барбы?

<u>Шайкештиктин жоктугу</u>

Эгер мурун айтылган Библиянын аяндарын тукум куучулуктун белгиси катары кабыл алган күндө да, биз так убакыт маселесин чече алмак эмеспиз. R1a мезгилин белгилеген Спенсер Уэллстин убакыт өлчөмү Ыйык китептеги мезгил менен шайкеш келбейт. Уэллстин «эң так убак өлчөмү» R1a гаплотоптун атасын 35, 000 жыл артка алып барып жайгаштырат. Тоораттагы эсеп боюнча, Жусуп 3, 500 жыл мурун жашаган.

Байкасаңар, Уэллстин ата-бабалардан алдыга жылышы M89дан M9га чейин (Ортоңку Чыгыштын белгиси), ал эми кыргыздардыкы болсо M45тен (R1a) M17ге чейин өсөт:

Жогорку палеолит (таш доору) адамдарынын негизги

[295] Goldstein, David B; Jacob’s Legacy, a Genetic View of Jewish History (Yale University Press, New Haven & London, 2008) p. 31

> бөлүгү чыгышты карай Ортоңку Чыгыштан тарай баштаган. Алгачкы адамдардын жылганындай эле бул көч да атайылап бир жерден экинчи жерге жылганы эмес болчу. Тескерисинче, Жаарaзиянын жайкалган талаалары айбанат издеп, улам алысыраак узап кете берүүгө өбөлгө түзгөнсүйт. Дал ошол маалда M89дун катарында кийинчерээк M9 аталган жаңы белги пайда болот. Так ошол 40, 000 жыл мурун, балким, Эрен өрөөндөрүндө же Борбордук Азиянын түштүгүндө туулган M9дун урпактары кийинки 30, 000 жылдын ичинде жердин түбүнө чейин тараган. Биз ошол M9 белгисин алып жүргөн адамдарды Жаарaзия уругу деп атайбыз.[296]

Кийинчерээк – дейт Уэллс,– M9дөн M45 деп аталган бир урпагы Борбордук Азия уругунун атасы болуп калган.

> Көчкөн Жаарaзия топтору жалаң эле Индустанга жеткен эмес, алардын айрымдары Хиндукуш тоолордун түндүгүнө, Борбордук Азиянын так ортосуна да барган. Тянь-Шань балким, Хиндукуштан дагы бийик тоскоолдук болсо керек, ошондуктан ал жогорку палеолиттин аңчыларын батыш Кытайга өткөрбөй койгон. Дал ошол маалдын тегерегинде Жаарaзия тилкесинде дагы бир өзгөрүү болгон. Ал M45 деген ат менен белгилүү, аны менен кийинки дагы эки маанилүү агымды белгилегенибиз оң. Так жылды белгилөөчү ыкмасын колдонуп биз Борбордук Азиядагы 35, 000 жыл мурунку M45 өзгөрүүсүн байкасак болот. Азыркы күндө M45 жалаң гана Борбордук Азияда табылат, ошондуктан бул аймактагы ошол аталардан тарагандардын тукумун Борбордук Азия уругу деп атайбыз.[297]

---

[296] Wells, Spencer; The Journey of Man, a genetic odyssey (Random House, 2003). p111.  Автор тарабынан кашаага алынган.

[297] Wells, Spencer; The Journey of Man, a genetic odyssey (Random House, 2003) p. 113, 114

Мурда айтылгандай, Уэллстин М45нин (анын да бир аты R1a) ата-бабалары 35, 000 жыл мурун жашаган, ал эми Жусуп 3500 жыл мурун төрөлгөн. Көч жолдору окшош, бирок жыл өлчөө ыкмалары менен Тоораттын санжырасынын ортосунда он эсе аралык бар. Уэллстин так жылды белгилөөчү ыкмасы да, Ыйык китептин санжырасы да өз сынчыларын табат.[298] Биздин изилдөөнү тынч улантуу үчүн биз көч жолдоруна гана токтой берели. Мен Спенсер Уэллстин изилдөөсүнөн R1a тегинин жол жүрүү сүрөтүн сызып алдым:




<u>Аалымдарбы (теологдорбу) же манасчыларбы?</u>

«Манас» эпосунун арасында терең катылган сырлар жатат. Маселен, манасчылар диний көзкараш менен баяндаган бир нече ишарат сөз бар:

---

298 Hanok ben Galatyah; Israelite and Noahic Haplogroup Hypothesis; Jews and Joes (February 25, 2008) www.jewsandjoes.com
Жакынкы он жылдыктардын ичинде илимий коомчулук адамдын пайда болушун улам жакындатып келатат. Мен Жерусалимдин эски шаарында маектешкен бир зияратчы эгер илим өзүнүн маалыматтарын ушундай эле багытта уланта берсе, анда жакында ал мезгил Библиянын маалына келип калат деген (2005). Генетик Спенсер Уэллс өзүнүн даректүү чыгармасында да ошондой тыянакка келген. Ал диний ишеним менен илимий коомчулуктар өтө жакын болууда деген корутунду чыгарган. (“Search for Adam”; National Geographic Channel, 2005).

Манас да, Муса пайгамбар да көч алдында дөөлөр менен салгылашат. Чаар китепти окугандар ошол дөөлөр Топон суу маалында жок болгон деп түшүнөт. Бирок алар кайра Муса пайгамбардын Канаанга көчкөн маалында, андан соң Дөөтү пайгамбардын салгылашуусунда да пайда болот. Пайгамбар жазмасында алардын кайсыл жерден келгени айтылбайт. Кийинки дөөлөрдүн маселеси да алардын ата-теги дагы аалымдарга деле, кызыккан балдарга деле табышмак бойдон калууда.

«Манас» эпосу бул Тooраттагы айкын кемчиликти толуктоого далалат кылат: анда 900 кытай үйбүлөсү топон суу маалында тоонун чокусунда аман калган деп баяндайт:

Топон суу толкуп ашканда,
Жердин жүзүнүн басканда,
Топон суу жете албай,
Бээжинди каптап кете албай
Чынмачын деген жер калган,
Тогуз жүз түтүн эл калган.[299]

Ошол аман калгандар кыргыздарга каршы согушта дөөлөрдү жаратышы мүмкүн. Алардын Манас менен салгылашуусу минтип баяндалат:

Алөөкөнүн алдында
Албан түрдүү алпы бар,
Алпын алып Бээжинден
Атайы “бурут, сени” - деп -
Бул аттанган экен каркыбар.[300]

---

[299] Жакиев Бексултан; “Манас - кыргыздардын баатырдык эпосу» («Бийиктик», Бишкек, 2007) б. 37

[300] Karalaev Saiakbai (1995), с. 270-274.

Эгерде мурунку манасчылар диний маселе менен алпурушпаганында, анда эпостогу бул маалыматтын кереги деле жок болмок.  Тоораттын дөөлөр тууралу маалымсыздыгын манасчылар толуктоого мажбур болгондой ой калат. Эгер кыргыздарда Тоорат болбогондо, анда мындай маселе менен түйшүктөнүүнүн эмне кажети бар эле? Демек, биз мурунку берилген сурообузду кайталасак болот: кыргыздар качан Тооратка ээ болгон?

## Тоолуктар

Кыргыздар негизинен тоолуктар. Түз жерге алымсынбай, Манас «ата-бабалары бозүйдө жашаган тоолорго» көңүлүн бурган.[301]  Жакып пайгамбар да Жусупка тоолорду мурастаган:

> Анан Израил Жусупка минтти: «Бери кара, мен өлүм алдында турам, бирок кудай сени менен болот да, сени кайрадан ата-бабаларыңын жерине жеткирет. Ал эле эмес, мен сага биртуугандарыңа караганда көбүрөөк бердим, амориттерден кылыч-жаа менен тартып алган тоонун бетин бердим.»[302]

Жакыптын Жусупка калтырган керезинде тоо байлыктары да бар:

> … Өлбөс тоонун тээ четинде
> алар калсын Жусуптун бетинде.[303]

Жусуптун элине, арасында Манасеге да, тоо бети менен тоо керези мурасталган. Ушундай «керездер» менен «тартууларды» изилдөөмө кошконум кыргыздар үчүн чоң мааниге ээ, анткени алар ушул күнгө чейин өздөрүн «тоолукпуз» деп келет дагы, ошол керездерге өзгөчө баа берет.

---

[301] Жусупов Кеңеш «Манас». Бишкек, 1995

[302] Башталыш 48:21, 22

[303] Башталыш 49:26

Жүздөгөн жылдардан кийин Жакыпка окшоп Муса пайгамбар дагы Жусуптун тукумуна ошондой эле керезди тартуулайт:

Анда Жусуп тууралуу минтип айтты,
«Жараткан өз жерин мурас кылсын,
Көктүн берекесин тартуу кылсын,
Шүүдүрүмдү, терең жаткан байлыкты,
Күн нурунан жаралган мыкты мөмөнү,
Ай жарыгынан жаралган мыкты жемишти,
Байыркы тоолор тартуулаган белекти,
Өлбөс кырлар тартуулаган кендерди…[304]

Жусуптун азыркы урпактары кайсыл жерде жайгашканы талаш маселе. Ошондуктан биз жөн гана «Жакып уулу Манас» деген "мифтик" атты алып жүргөн кыргыз жамаатынын түндүк-түштүк тоо кыркаларындагы Алтай тоолорунан баштап Тянь-Шань жана Памир тоолоруна, азыркы Кыргызстанга чейин анан Гималай тоолорунун бооруна, Тибеттин жака белине чейин жайгашканын айтсак болот.[305] Биз билгенден өздөрүн Жусуптун тукуму деп эсептеген Юсуфзай (Жусуп заадалары) уруусу так эле Ооганстандын түбүндөгү тоолоордо жашайт. Анан да Манасенин урпактарыбыз деген кукилер Индустан-Бирма чегиндеги Гималай тоолорунан аккан Манас дарыясына жакын аймакта жайгашкан.

## Скүтхүлөрдүн (Скифтердин) шаары

Мурда белгиленгендей, көпчүлүк кыргыздар өздөрүнүн скүтхү/сактардан тараганына ишенет.[306] Эгерде скүтхүлөр чынында эле Манаседен

---

[304] Мыйзам Кайталоо 33:13-15

[305] Асанканов Абыл; «Көчмөндөр дүйнөсү: илгери жана бүгүн» жыйнагындагы «Бүгүнкү Кытай Синцзяныңдагы көчмөндөрдүн маданияты» макаласы. (Бишкек, август, 2008)

[306] Абдырахманов Нурак; «Улуу Баян» (Бийиктик, Бишкек, 2007) бб. 83, 84 жана Сапарбек Закиров "Кыргыз санжырасы" (Ала-Тоо редакциясы, Бишкек, 1994)

(Манассиядан) жана Ассириянын башка туткундарынан тараган болсо, анда биз Ассирия жоголгондон кийин скүтхүлөрдүн өз мекенине кайтып келишин күтсөк болмок.

Акыйкаты, Парсон Библия сөздүгү белгилегендей, Манасенин аймагындагы шаар Ассирия Манасе тукумун куугандан бир кылымга жакын убакыттан кийин скүтхүлөргө мекен болуп калган:

> Бет-шан – Иорданиянын батышындагы Манассиянын шаары (Жылнамалар 7:29), ал «коопсуздук же эс алуу үйү» дегенди билдирет. Саул менен анын балдарынын денеси ошол дубалдарга байлануу болчу. Сулайман пайгамбардын маалында, анын атынан бир аймак аталган (1-Падышалар китеби 4:12) … Басып алгандан кийин ал Скифополис аталган, мындайча айтканда, биздин доорго чейин 640 жылы Орусиянын түштүгүндөгү талаалардан келип, Шамстын (Сириянын) ар кайсы жерине жайгашып калган скүтхүлөрдүн (скифтердин) шаары дегенди билдирет.[307]

Нак эле биз ойлогондой болуп чыкты! Сактар Исаак элинен тарагандай эле скүтхүлөр Манасенин куулган тукумунан чыгып, Бет-Шан менен Шамстын бир бөлүктөрүнө, ошол тегеректеги ата-бабаларынын жерлерине кайтып келди.

<u>Манассия</u>

Сайпидин Ахсикентинин 16-кылымдагы «Мажму ат-таварихинде» Манас жөнүндө бөлүк бар. Ал китепте Токмош-хан Манас үчүн Манасия шаарын кургандыгы айтылат. Манас ал шаарда акыркы салгылашуудан кийин кала берген. Ошол Манасия деген шаар Манассиянын Скифополиси аттуу калаасы

---

[307] Parsons Bible Dictionary, Electronic Edition STEP Files 2005, QuickVerse, Inc.

беле?[308] Скифополис албетте, бөтөн элдер тарабынан берилген ат. Шаар тургундары аны кантип атаган? Манасия деппи?[309]

Дагы бир суроо туулат: эмнеге Манаска арналган шаарга арамей тилиндеги «Манасия» деген ат коюлган, эмнеге алтай-түркчө «Манас» деген эмес? Сайпидин Аксикенти Манассия менен Манас деген аттардын тегин бирге байланыштырат.

## Корутунду

Кыргыздар Шумерден тарап, ошол эле жерден көчмөн пайгамбарлар да тараган, ошондуктан кыргыздар өздөрүн Исаактын түндүктөгү уруулары жоголору менен пайда болгон "сактардан болобуз" - дейт. Биз Исаактын сактарын ээрчип отуруп ар жерде орнотулган дүрбүлөр аркылуу бир кишинин кайсыл жерде баратканын байкап тургансып, алардын жолдогу окуяларынан ар кандай «үзүндүлөрдү» көрдүк. Ар кандай кырсыктар, салгылашуулар, кыргындар, соода-сатыктар же өзгөчө баскынчылыктар биздин байкообуздагы кишибизди башка жакка буруп жибериши мүмкүн, бирок тынымсыз бир жерден экинчи жерге жылып отуруп, кыраакылыгыбыз менен жалпы көрүнүштүн өзөгүн аңдап калдык. Биздин учурда калпак, атчан жүрүү, окуяларды айтып берүү аркылуу Жусуп пайгамбар менен азыркы кыргыздардын ортосундагы баскан жолду мурункудан да айкынырак баяндап бердик.

[308] «Тарых жыйнагында» айтылган Багдад сыяктуу калган Ортоңку Чыгыштын шаарлары Манастын аскердик жана диний кызыкчылыгында болчу. Багдаддын жанындагы Сирия да албетте, Манас жете тургандай аралыкта эле.

[309] Aksikenti, Saif al-din ibi da-mullo Shakh Abbas; Majmu stut-Tavorix (1503); жана Сооронов, Омор; "1503-жылы жазылган «Манас»". Бишкек, 2003

Кыргыздардын уламыштары Жусуптун урууларынын миң жыл мурунку тарыхына окшош.  Исаактын окуясына байланыштуу талаш жерлерин айтсак, кыргыздар өздөрүнүн гана тарыхый мурасына байланыштуу таржымалда так турат.  Бизде Кара мунара эстелиги менен Бехистин аскасындагы сүрөттөр бар, Тяң-шинин "сүрөттөрүндө" да кыргыздардын сырткы келбети пайгамбарлардын өңүнө окшош. Тукум куучулугу, тили жана адабий окшоштуктарын карасак, анда Жакынкы Чыгыштын тоолорун 2700 жыл мурун таштап кеткен Жакыбдын уулу Манасе менен азыркы тоолуу Кыргызстандагы Жакып уулу Манастын бирдей экенин байкайбыз.



**Жакыптын урууларын издеген мекемелер**

Биз «Манас» эпосунда айтылган жалгыз көздүү дөө менен учуп жүргөн күлүктөрдүн маалында жашап аткан жокпуз.  Андай нерселер бүт эле уламышты укмуштуу жомок сыяктуу кароого туура эмес өбөлгө түзөт. Бирок бүт эле берметти жокко чыгара бербейли: кыргыздардын тарыхы «Манас» эпосу менен тыгыз байланышта турат.

Израилдеги бир нече мекеме тарыхка өзгөчө багытта карайт. Ал мекемелер түндүктөгү "жоголгон" он уруу дагы эле бар деп ишенет, ошондуктан алар

Жусуптун чачыраган тукумун чогултууга тынымсыз аракет кылат. Алардын ишеними Библиянын баяндары жана тарыхый маалыматтарга таянат. Ал мекемелердин көпчүлүгү динге байланышкан, алар Ыйык китепте айтылгандай, Жакыбдын жоголгон он уруусу кайтып келгенде гана машаяк өзүнүн келгенин жарыялайт дейт.  Башка саясий топтор израилдиктер душман күчтөргө каршы Израилдин туруктуулугуна жардам берерине көбүрөк ишенет. Башка топтордун айрым кишилеринин жөн эле өз туугандарын тапкысы келет, ал эми калгандары алардын өңү-башы, тарыхы жана билими жагынан жакындыгына карайт. Себептеринин ар кылдыгына карабастан ошол мекемелер Жакыбдын уруусун издеген көп иштерман изилдөөчүлөрдөн турат. Алар маалыматтарды Жибек Жолу жана анын жамааттарынан топтойт.[310] Төмөндө жоголгон урууларды издеген мекемелердин тизмеси берилет:

## Шавей Израил

Шавей Израил деген жөөт тилинде «Израилдиктердин кайтуусу» дегенди билдирет. Бул мекеме 2004-жылы Майкл Френд тарабынан уюшулган. Алардын негизги максаты – Израилдин жоголгон он уруусунан деген чачыраган жөөттөрдү бир жерге чогултуу. Теги жагынан мен Шавей менен макул эмесмин: жоголгон уруулар Жөөттөн болгон эмес, демек, алар жөөт эмес. Алардын тарыхы, маданияты жана дини миңдеген жылдар бою бири-биринен алыс жерде өнүккөн. Эгерде Чаар китептеги эскертүү чын болсо жана Жусуптун тукуму качандыр бир кайтып келсе, анда алар азыркы жөөттөрдөн башкача болуп келет.

[310] Израилдеги мекемелерди издегенде биз Сам уулдарына каршы (анти-семит) Ку-Клукс-Клан сыяктуу расисттик топтордон тандаган жокпуз. Алар «жоголгон уруулар» назариятын өздөрүнүн кызыктай, сырдуу иш-чараларына пайдаланат.

## Амишав

Амишав деген еврей тилинде «Менин элим кайтууда» дегенди билдирет. Ал 1979-жылы рабби Элиаху Эйвихайл тарабынан түзүлгөн. Бул мекеме Израилдин жоголгон урууларын табуу, аларды кадимки жөөт динине өткөрүү жана аларды Израилге алып келгенге жардам көрсөтүү үчүн түзүлгөн. Рабби Эйвихайл көптөгөн кукилерди Израилге кайтарууну уюштурган. Анын Индустандагы иштери өтө шектүү. Кадимки өктөмдүк кылган кишилер сыяктуу Эйвихайл дагы бөтөн диндеги кукилерди өз динине каратып салган.

## Кулану

Кулану деген Израилдин тукумун издөөгө арналган дагы бир мекеме. Анын вебсайты (http://www.kulanu.org) мына ушундай маалымат берет:

> Кулану – жоголгон жана чачыраган жөөт элинин калдыктарын таап, жардам берүүгө арналган ар кыл маанайдагы инсандардын жана диндердин кызыкчылыгын чагылдырган жамааттык уюм. Жөөттөрдүн биртоп бөлүктөрү өз тарыхында согуш, куугунтук жана кыстап башка динге айландыруунун кесепетинен «жоголуп» кеткен. Жөөттөрдүн көпчүлүк бөлүгү биздин доорго чейинки сегизинчи кылымда «жоголгон», ал кезде Израилдин түндүгүндөгү он уруу Ассирия тарабынан басып алынган жана туткундар зордоп көчүрүлгөн. Азыркы күндө жоголгон он уруунун урпактары Индустан, Бирма, Ооганстан, Пакистан жана Кытайдан табылышы мүмкүн…[311]

## Бен Тсви мекемеси

Бен Тсви деп Израилдин экинчи президенти Ицхак Бен-Цвинин (1884-1963) атынан коюлган. Мекеме башкалардай болуп жоголгон урууларды издебейт,

[311] Май, 2008

бирок мен Жерусалимге барганда айтышкандай, алар биз кеп кылган маселени изилдеген негизги мекемелерден. Алардын вебсайты мындай дейт:

> Бен Тсви мекемеси Йад Бен Тсви жана Жерусалимдеги Еврей университетинин биргелешкен колдоосу алдында мусулман өлкөлөр, Африка жана Азия мамлекеттериндеги жөөттөрдүн маданиятын изилдейт. Бул жер жалпы Израилден жана чет өлкөлөрдөн келген аалымдардын чогулуучу жайы.

## Корутунду

«Израилдин чачыраган уруулары» деген ой жүздөгөн жылдар бою ашынган динчилдердин башын айлантып келүүдө. Ошентсе да бул тармакты изилдеген чыныгы илимпоздор ушундай укмуш табылгаларга өз салымын кошууда. Алар Жакыбдын урууларынан тараган таңгалычтуу түйүндү түзүүчү жамааттарды иликтеп турат. Ал жамааттардын көпчүлүгү Кыргызстанга жакын. Куки жана жапандарга окшогон башка улуттар мүмкүн, Борбордук Азия аркылуу өтүп же жалпы биримдикте чогуу болгон. Мен ушул мааниде дарстарды өткөргөндө, бул аймакта андай түйүндөрдөн өтө көп деп мага дайыма айтышат. Жоголгон уруулардын аңчылары “жыты бар экенин” билип калды. Мен бул ойлорумду кыргызча биринчи жайылтып жатканымдын себеби эл дагы бул жазмаларга өзүнүн салымын кошсо дурус болор эле. Жакында пайгамбарлар жазмасындагы жөрөлгөлөрдү жактоочулар кыргыздарды өз диний жоболору менен каптап кирет. Кыргызым, силер ошолорго руханий жана оорундуу жооп бергенге даярсыңарбы?



## Эларалык желе байланышы

Жеке изилдөөлөрүм мени ар жерде жашаган биртоп кызык элдерге алып келди.

### Куки

Ушул рисалада бир нече жолу кеп кылынган Куки эли Тибет-Бирма тилинде сүйлөгөн моңол өңүндөгү адамдардын тобу. Алар алгач  Индустандын түндүк-чыгышында жайгашкан Манипур жана Мизорам аймагында жашачу. Аларга тектеш уруулар Бирма (Мйанмар) жана Бангладеш өлкөлөрүнө тарап кеткен.  Британиянын бир кызматкери «Куки – тоо адамдары» дегенди

билдирет деп жазган, бул Бирма менен Индустандын ортосунда жашаган элдин түздөн-түз мүнөздөмөсү.[312]

Кээ бир генетиктер кукилердин энеси тарабындагы хромосомдорунда Жакынкы Чыгыш жана ортазиялыктардын митохондрия ДНКсы бар деп жарыялайт.[313]  Ушул тыянак кичинекей калкты түзгөн куки аялдары Жакынкы Чыгыштан Орто Азия аркылуу өтүп, акырында түндүк-чыгыш Индустанга келгендигинен каңкуулайт да, доктор Купламдын пикирин тастыктайт.  Бирок кукилердин эркек тарабынан хромосомдорунан  Жакынкы Чыгыштын изи табылган эмес.  Албетте, аялдар жалгыз саякат кылбаса керек, бирок кандайдыр бир себептер менен эркектери саякаттын аягына чыкпай калган. Айрым көзкараштар боюнча, эркектери жолдо калып же өлтүрүлгөн, ошондуктан биз аялдардын тобун Ассириянын баскынынан, бозгунунан, туткунунан, кылымдар бою согушунан, аялдарды олжолоосунан кийин аман калган деп божомолдойбуз. Ал тарыхынын баары уламыш жана ооз-эки түрүндөгү табынууларында сакталып калган. Таңгалычтуусу, ошол уламыштар менен табынуулардын бардыгы абдан жакшы сакталып, Израилдин башкы раббиси Шломо Амар 2005-жылы куки урууларын Манассия уурусунун урпактары деп расмий түрдө тапкан.

Бүгүнкү күндө жүздөгөн кукилер ата-бабаларынын жери деп эсептеген Израилге көчүп кетти. Кукилердин окуясы кызык, көп жеринен чаржайыт, бирок ушул изилдөөдө көңүл буруугa татыктуу.

---

[312] Elly, EB, “*Military Report on the Chin-Lushai Country*” (Firma KLM Calcutta 1978) p. 1 (first published in 1893))

[313] Maity, Sitalaximi, Trivedi, and Kashyap “*Tracking the genetic imprints of the lost Jewish tribes among the gene pool of Kuki-Chin-Mizo population of India*” (Genome Biology 2004 6:P1)

Кукилердин Кызыл деңиздеги окуясы

«Манас» эпосунда дегеле айтылбаган Кызыл деңиз окуясы кандайдыр бир жолдор менен кукилердин табынуу жана сыйынууларында орун ээлейт:

> Улуу падыша өкүм сүргөн маалда кызыл суу соолуп калган.
> Күндүзү булут, түнкүсүн от адамдарга жол көрсөтүп турган.
> Көптөгөн күн-түнү бою тегерегиндеги душманы менен
> Үйүр-үйүр жырткыч сыңар, суу аларды жутуп салган.
> Ташдан атып чыккан сууга жеттик,
> кишиден да, малдан да калбады суусуну канбаган.[314]

Кукилердин ушул чакан ыры Тоораттагы улуу көчтүн укмуштуу төрт окуясын эске салат: 1) Кызыл деңизден өтүү, 2) күндүзү булут, түнкүсүн от, 3) душмандын суу жутулушу, 4) аскадан аккан суудан ичүү. Антропологдор кукилерди Моңголиядан келген дейт. Анда куки уруусу ушул тоораттагы маалыматтарды кайдан алды?[315]

Манмаси

“Манмаси” кукилердин кудайы же атам замандан берки байыркы бабасы. Зилзаладан кийин кукилер үйүнөн чуркап чыгып, көккө кайрылат: «Биз Манмасинин балдары аманбыз.» Менимче, алар чынында минтип айтат болушу керек: «Кудай, биз Манмасинин балдары аман турганыбызда дүйнөнү кыйратпай тура көр.»[316] Манаседен тараган кукилер аттары Манаседен Манмасиге өтүп айтылып калган дейт, анткени кукилердин тилинин

---

[314] Khuplam, Milui Lenthang “*Reports of Seminar on Manmasi Identity*” (LB Printers, Manipur, India) p. 17

[315] Оозеки чыгармачылыкта жаңы нерселерди кабыл алганда, жагымсыз же кереги жок жерлерин алып салмайы бар (Ong, 2002). Ошондуктан улам кукилер өздөрүн Манасенин тукуму дейт, аларда Кызыл деңиз айтылат, бирок кыргыздарда андай жок.

[316] Жеке маектен.

тыбыштык жана этимологиялык эрежеси ошондой.  Манас эпосунда Үсөндүн аты да өзгөрүлгөн.[317]

Самакай

Кукилер Самакай тоолорунда кытайлыктар тарабынан  бир туугандарынан айрылып калганы жөнүндө ырларында баяндайт. Алар Самакай тоолору кайсы жерде экенин билбейт, бирок алар ошол илгерки  ажырашуу тууралу алигиче төмөндөгү кошогунда айтат:

> О менин калайык-журтум, биз ажыратылган жер -
> Улуу тоолорунда Самакай.
> Кайгым тарайт түндүктөн түштүктү карай,
> Агып мен жүрөм аккан суудай.[318]

Бул талкалап ажыратканы мен мурунураак айткан Самаркандагы окуяга окшош: анда кытайлардын ханы Алооке Жакыптын биртуугандарын биринен бирин  ажыратат. Эки баянда тең Самараны талкалап, элди чачыратканын эске салат.  Пайгамбарлардын жазмасынан:

> Ашур падышасы бүт Ысрайылга согуш ачып,
> Самарияга келип, аны үч жыл бою курчап алды.
> Ошуянин падышачылыгынын тогузунчу жылында
> Ашур падышасы Самарияны ээледи.  Аларды Халах
> менен Хабордун жанына, Гозан суусу жана
> Мидиянын шаарларына жайгаштырды.[319]

---

317 Орозбаков Сагымбай; “Манас: кыргыз элинин баатырлык эпосу” Т. 1, 3774-3780 (1984)

318 Halkin, Hillel “*Across the Sabbath River*” (Houghton Mifflin Company, New York, 2002) p. 272

319 Экинчи падышалар 17:5,6

Доктор Куплам ыйык китепти билгени менен ал эч качан Самакай Самария болушу мүмкүн деп ойлогон эмес. Ал дагы эле Самакайды Тибеттин бир жеринен издеп жүрөт.[320]

**Тибет**

Кукилер «Тибеттин наркы бетинде жашайт.» «Манас» эпосу Жакыптын туугандары Манжу жана «Тибеттен дагы нары» башка жерлерге куулганы тууралу бир аз баяндайт.

> Баскан-жүргөн жерлери -
> Манжурия талаасы,
> Тибеттин аркы тушунда,
> Тырп чыкпай калган ушунда.[321]

Орозбаковдун айтканы боюнча Тибеттин нары жагындагы калың токойлор, ар кандай азоо айбанат жана жапайы турмуш так, ынанымдуу сүрөттөлөт.[322] Ошол эле Орозбаковдун айтканында Жакыптын биртууганы Үсөн Даңгирде (Даңгытта) жашаганы тууралу баяндалат. Даңгир дегени кукилерге окшош дагы бир Тибет менен Бирманынортосундагы таңгут тобу болсо керек. Таңгуттар менен кукилер экөө тең бир кезде Түндүк Кытайда жана Моңголияда жашаган.[323] Дал ошол даңгирлер Үсөндүн тукумундагы эркектерин кырып, аялдарын алып кетиши мүмкүн эмеспи? Ушул нерсе

---

[320] Жеке маек (Guahati, India, 2006).

[321] Орозбаков Сагымбай; “Манас: Кыргыз элинин баатырлык эпосу” Т. 1, 1267-1270 (Москва, Главная редакция Восточной Литература, “Наука”, 1984)

[322] Орозбаков Сагымбай; “Манас: Кыргыз элинин баатырлык эпосу” Т. 1, 3760-3774 (Москва, Главная редакция Восточной Литература, “Наука”, 1984)

[323] Орозбаков Сагымбай; “Манас: Кыргыз элинин баатырлык эпосу” Т. 2, б. 672 (Москва, Главная редакция Восточной Литература, “Наука”, 1984)

кукилердин канындагы Ортоңку Чыгыштан келген  аталык Y-хромосомдордун жогун, бирок энелериники барын  түшүндүрүшү ыктымал.

<u>Кыргыздын кырк кызы</u>

Кыргыздын бир уламышындагы окуя кукилердин  ДНКсынын сырын ачып бериши мүмкүн. «Кыргыз» деген аттын пайда болушун бирөөлөрү «кырк кыз» сөздөрүнө байланыштырат:  Байыркы кыргыздар бүт кырылып, болгону кырк эле кыз калган имиш. Моңгол баскынчылары ал «кырк кызды» туудуруп, ошондон кийин  узун бойлуу, көк көз, кызыл же ак жумал кыргыздардын урпактары азыркы күндө  көбүнчө моңголдорго окшоп кеткен.

Ушул уламышта кандайдыр бир чындыгы барбы? Биздин билишибизче кыргыздар ак жумал, чачтары кызгылт, көздөрү көк болгон. Анысы ошол Манассия тукумунан тараган эркектеринде түздөн-түз сакталышы мүмкүн, бир бөлүгү Түндүк-Чыгыш Индустан аркылуу келатканда кырылган. Аялдардын биртобу кыргыздардан бөлүнүп калган. Ошолордун урпактары кийинчерээк кукилер деп аталат.[324]

<u>Бакай</u>

Доктор Куплам менен сүйлөшкөнүмдө, мен көп жолу Бакай деген атты уктум. Бакай деген эпостогу негизги каармандарынын бири. Ал Жакыптын иниси жана Манас менен аталаш агасы, өзү түштүктөгү алыскы тоолордон келген.[325]  Бир эсептер боюнча, ал үйүнө кырк күн бою жол жүрүп, анан жеткен. Бакай Манаска жана алтайлык кыргыздарга жолукканы келген. Ал эпосто акылман катары көрсөтүлөт, элине адилеттүү акылмандыгы менен

---

[324] Бул назарияттын бир гана кемчилиги – кукилер анда кыргыз эмес, кырк кыз деп аталышы керек эле. Анткени менен ушул уламыштын өзү эле эркектери жок кыргыздардын бир бөлүгү жөнүндө баянды сунуштайт.

[325] Орозбаков Сагымбай; “Манас: Кыргыз элинин баатырлык эпосу” Т. 1, 3753,3754 (Москва, Главная редакция Восточной Литература, “Наука”, 1984)  жана «Манас» энциклопедиясы, Бишкек, Т. 2, б. 141 (1995)

жардам берет. Бирок кукилер «Манас» эпосун билбейт, анда эмнеге доктор Куплам Бакайдын атын айтып атты?

Куплам менен анын кишилери мага кукилер өздөрүн «Бакай чате» деп атаганын айтты, анысы «Бакайдын балдары» дегенди билдирет. Бакай деген сөз кээде «Пакай» болуп да айтылат, анысы кукилердин кудайынын, арбабынын же ээсинин (эгесинин) аты.

«Манас» эпосундагы акылман Бакай менен кукилердин ырларындагы арбап Бакайдын ортосунда кандайдыр бир байланыш бар болду бекен?[326]

## Манас багы

Мен Индустан жана Бутандын ортосундагы Ассам аймагында жайгашкан Манас багын көрүп келдим.  Бутан тоолорунан агып келген Манас дайрасы бакты айланып өтөт. Мен барганда, ассамдыктар майрамдап атыптыр. Алардын бийлери кыргыздардыкына окшош жай экен, алар колдорун калкытып бийлейт. Алардын жайкалган кыймылдары индустандыктардын же индилердин тез-ылдам салттык бийлеринен айырмаланып турат.

Манипурдагы аял бийчилер кыргыздардын улуттук бийиндеги кыздардын баш кийимине окшош кийинет экен.  Манипур бийчилеринин белдемчиси

---

[326] Балким, Бакайдын өзгөрүлүшү Манастыкына окшоштур. Манассия мүмкүн, Ыйык жазмаларында белгиленгендей,  Жусуп пайгамбардын Мисирде төрөлгөн тун баласы, жана эки чоӊ уруунун жана көптөгөн майда уруктардын атасы болгон. Көп кылымдардан кийин анын урпактары ага алп баатырдык наам берип, аны ыйык деп сыйына баштаган.  «Тибеттин нары жагында» ал Манмаси деген ыйык сөрөй бирөө катары белгилүү.

Кукилердин мурунку муундары балким, Бакайдын акылмандыгы карапайым адамдан же аталык парздан экенин унутуп койгондур. Кандай гана болбосун алар ага кудай деп сыйынып жүрөт. Же мүмкүн, тескерисинче болгондур: Бакай деген кудайдын аты кыргыз эпосунда кыргыздарга жардам бергени келген бир акылмандын ысмы болуп калгандыр?

Элестетип көргүлө, кыйналып жүргөн кыргыздарды тапканы Индустандан Алтайга Манасенин урпактарынан бирөө келет. Түштүктүк алардан: «Бакай силерге акыл, жардам жана кеӊеш берсин» - деп бата берет. Кыргыздар анда Бакай деген ким экенин сурайт. «Ал Жакыбдын балдарын колдогон улуу көсөм, чыныгы жолбашчы жана акылман кеӊешчи», - дейт конок. Ошондо манасчылар Бакайды улуу даанышман же акылман жолбашчы катары эпоско кошуп коюшу мүмкүн эле.

бир башкача, бозүйдүн керегесине окшоп оймолонгон. Бул дагы мага кыргыздардын бир макалын эстетти, анда: «Керегем сага айтам, келиним сен ук» - дейт.

## Моңголияга карай түндүккө

Доктор Куплам мага айткандай, кукилер Кабулдан (Ооганстандан) Моңголияга карай түндүккө жылып отурган, анан айрымдары Корея менен Жапанга кетип, калганы Тибетке кайтып келген. Ал кукилердин бир нече ырларын изилдеп, анан ушул тыянакты чыгарган. Кыргыздар да ошол жол менен ириде Самаркандан (Ооганстандын эле түндүгүнөн) Алтайга (Моңголияга жакын) барып, анан кайра артка Кыргызстандын түштүгүнө Алайга, (Тибеттин мурунку чегине чейин) келгенин укканда, Куплам таңгалды. [327] Орто Азиядан түндүккө карай, анан кайра түштүккө кайткан ушундай окшош «көрүнүш» кылымдар бою көрүшпөгөн эки улуттун оозеки чыгармаларында сакталып калганынын өзү, өзгөчө алардын Жусуп менен Манасеге байланышын эске алсак, таңгалычтуу нерсе.

## Курмандык

Тоолук кыргыздар жылына жаздын аягында «төлөө» (түлөө) деп аталган курмандык өткөрөт. Алар эгин жакшы болсун деп кудайга арнап жаңы төрөлгөн козуну соёт. Кукилер дагы жылына «хун» деген ушул сыяктуу курмандык чалат, анысы деле кеч жазда же эрте жайда өтөт.[328] Алар козунун ордуна таза ак тоокту соёт. Эки эл тең союп атканда сөөктөрүн чакпайт. Эки эл тең бүтүн жиликтерин таза мүлжүйт.

Рабби Элиаху Эйвихайл кукилер менен жөөттөрдүн салттарын салыштырып көрүп, кукилердин курмандык чалганы жөнүндө төмөндөгүлөрдү жазган:

---

[327] Minorsky, V. translated and explained. *Hudud al-Alam*, (Cambridge, 1982) p. 97

[328] Halkin, Hillel “*Across the Sabbath River*” (Houghton Mifflin Company, New York, 2002), p. 344

> … Курмандык күн баткандан кийин чалынды. Алар төрдүн төрт бурчуна кан чачты. Бөтөгөсү курмандыкка берилип, этин эл диний жетекчиси менен чогуу жеди. Түлөө этин түнү менен жеп коюу керек эле. Эгер ал жээлбей калса, анда аны өрттөп салуу керек болчу. Алар түлөө этин бир да сөөгүн сындырбай жеди.[329]

Адатта кыргыздар да күн баткандан кийин курмандыкка чалат, түнү менен жейт да, эртеси күнгө эч нерсе калтырбайт.

<u>Тил таануу</u>

Тил жагынан эки эл өтө алыс болгону менен кыргыздарда да, кукилерде да бири-бирине окшош сөздөр бар. Кыргыз тили Алтай-Түрк тобуна кирет, ал эми кукилердики болсо Тибет-Бирма тобунда.

*«Тыйын»*

«Тыйын» – кыргыз тилинде майда акчаны билдирет.  Ал сомдун жүздөн бир бөлүгү.

Куки тилинде «тыйын» деп үлүштү айтат.  Менин угушумча, эгиндин бир үлүшү (тыйыны) кудайга арналышы керек, дагы бир үлүшү түлөө катары диний жетекчиге тартууланышы керек.[330]

*«Кут»*

«Кут» деген кыргызча кудай берген буюм, бата же дагы бир жакшы нерсе.

«Кут» деген кукилерче диний тазалануу күнүн белгилөө.

---

[329] The Shinlung tribe (Menashe) on the India-Myanmar border from "*The Tribes of Israel*" Rabbi Eliyahu Avichail, Chairman & Founder of Amishav. www.shavei.org

[330] Жеке маек: Tsvi Khaute, Jerusalem, 2005

*«Булак»*

«Булак» кыргызча жерден оргуп чыккан суу же арашанды билдирет. Кукилерде «бул» деп арашан же башатты айтат.

*«Мыйзам»*

«Мыйзам» деп кыргызча буйрук же заңды айтат.
«Бул-пизам» деген кукилердин тилинде «байыркы жазма» же «жазмалардын башаты» деп которулат. Кукилер «Тоорат» китебин бул-пизам болчу деп эсептейт, аны китептердин башаты же чыныгы мыйзам дешет.

Ушул нукта дагы көп нерсени изилдесек болмок эле, бирок ушундан эле көрүнүп тургандай, эки элдин ортосундагы окшоштуктар биртоп...

## Алтай

Кыргыз жана Алтай элдеринин ортосунда абдан тереӊ тарыхый жана тилдик байланыштар бар.  Көпчүлүк кыргыздар алтайлыктар бир кезде Кыргызстанга кетпей калган кыргыздар деп эсептейт. Көпчүлүк алтайлыктар буга макул эмес, алар өздөрүнүн илгертен эле башка уруу болуп келгенин айтат. Чындык, балким, теӊ ортосунда жатат, алар мүмкүн бир уюмда чогуу болгондур. Кыргыз менен алтайлыктарда бир нече уруулары окшош келет: дөөлөс, саруу, мундуз, найман, ж.б.

Алтайлыктардын «айыл» деп аталган улуттук үйлөрү бар, ал навахо индейцтеринин хоганына окшош.  Алардын кийиз-айыл кыргыз бозүйүнө окшоп, эшиги чыгышка, аялдар тарабы бар, эркектер тарабы бар, ал эми төр

жак каалгадан эң алыс жайгашып, батышка каратылып орнотулат.[331] Айылда да, бозүйдө да төрүндө кооздолгон сандык турат. Айылда да, бозүйдө да тең ортосунда от жага турган коломто казылган, так үстүндө түтүн чыгып, жарык кире турган түндүгү да бар.[332]

Алтайлыктар дагы байыркы кыргыздарга окшоп таң азандан чыгышты карап сыйынат.[333] Кыргыздардан айырмаланып алтайлыктар жылына бир гана жолу Чага-байрам учурунда сыйынганы чогулат.

Алтайлыктар кыргыздардай эле көчмөн пайгамбарлар менен тыгыз байланышта сыяктуу. 2006-жылы ЮНЕСКО тарабынан өткөрүлгөн Алтайдагы салтанатта катыштым, ал жерде ыйык жер саналган мазарларды сактоо тууралу ийри отуруп, түз кеңештик. Мен ал жерде Алтайдын тарыхчылары менен ыйык китептеги салттар тууралу маектештим. Маектештердин ичинен жалгыз гана Алтайчы Санашкин өз атын ошол маектерде жана төмөндөгү маалыматтарда атаганга макулдугун берди. Калгандарынын бардыгы өз аттарын Библияга байланыштыруудан коркту, бирок Библия жана Алтай салттарынын ортосунда бекем байланыш бар экенине алардын бүт макул болду. Төмөндө мен ар кандай маектен чогулткан маалымат бар, анын баарын Алтайчы Санашкин тастыктайт.

<u>Алтын сандык жана анын ичиндеги Алтын китеп</u>
Алтайлыктардын бир кезде Муса пайгамбардын сандыгына окшогон ыйык алтын сандыгы болгон. Алтын сандыктын ичинде улуттун унутулган тарыхы жана белгисиз келечеги жөнүндө жазылган алтын китеп сакталчу. Алтын

---

[331] Бозүй менен айылдын сырткы көрүнүшү дагы, орнотулушу дагы навахолордун хоганына абдан окшош. Навахолор (динелер) негизинен Аризона, Юта жана Жаңы Мексикодо турушат.

[332] Алтайлыктар навахолордой эле айылын жыгачтан, ылайдан же кыргыздар сыяктуу кийизден курат.

[333] Башталыш 2:8 жана 3:24

сандык да, алтын китеп да көп кылым мурда жоготулган, бирок салтык уламыштарда айтылгандай, алар акыры табылат. Качан сандык менен китеп табылганда, байыркы жазмаларды окуп, которуп берер таржымачы керек болот.

Бул ыйык китепте айтылган «жоголгон сандык» тууралу атактуу уламышка окшош:

> Бул Мыйзам китебин алгын да, аны Арбабың
> Кудайдын берген ыйык сандыкка салып кой, ал сага
> күбө болушу мүмкүн…[334]

Ал сандыкта белгилүү ташта жазылган «он осуят» болушу мүмкүн, бирок аны эч ким билбейт, анткени сандык кылымдардын арасында жоголгон. Алтайлыктар жоготууну өздөрүнө тиешелүү дейт көрүнөт.

Ыпылас

Мен бир жолу алтайлыктардын арам деп эсептеген жылан балыктын бир түрү жөнүндө бүдөмүк кебин уккам. Жылан балык Муса пайгамбардын дагы мыйзамдарында ыпылас деп айтылат:

> Силер суудагынын бардыгын жесеңер болот: канат
> менен кылкан-кабыгы бардын; деңиз менен
> дайрадагынын бардыгын жесе болот. Бирок деңиз
> менен дайрадагынын канат менен кылкан-кабыгы
> жок болсо, анда сууда кыбыр эткендин бардыгы,
> суунун астында жагандын бардыгы силер үчүн арам
> болот.[335]

---

334 Мыйзамды кайталоо 31:26

335 Лебилер 11:9-13

Тооратта ыпылас деп айтылган бардык жаныбар жана буюмдардын ичинен бүткүл дүйнөнүн континенталдык аймагында эмнеге алтайлыктар ошол жылан балыкты ыпылас деп эсинде сактап калган?

Ысык мекен
Алтайлыктар мага өздөрүнүн кыш болбогон ысык жерден келгенин айтышты. Манасенин Сириясы, Жусуп пайгамбардын Мисири жана Ибраим пайгамбардын Шумери түштүк Сибирде жашаган эл үчүн кышы жок, ысык өлкө көрүнсө керек.

Көптөгөн элдин атасы
Алтайлыктар өздөрүн ар кандай улуттан чогулган эл деп ишенет. Тоорат китебинде Кудай көп элдин атасы болгон Ибраим, Исак жана Жакыбдарга минтип айтат:

> Мындан нары сенин атың Абрам эмес, Ибраим болот, анткени мен сени көптөгөн элдин атасы кылып буйруйм.[336]

Маанилүү күбөлөр көптөгөн элдер жана улуттар Алтай менен Орто Азиядан тараган деген ишенимди бекемдеп тургансыйт.[337]

Ыйык жерлер
Мазар деп аталган ыйык жерлер менин ошол өзгөчө саякатымдагы изилдөөнүн негизги өзөгүн түздү.  Кыргыздар менен алтайлыктар (алардын арасында пайгамбардын жазмасынын бир нече каарманы да бар) диний жактарынан бир кыйла окшош жана руханий үмүттөрү менен ыйык жерлерге табынып келген. Мен мурун кеп кылган Мамре деген жер Ибраим пайгамбар

[336] Башталыш 17:5

[337] Байыркы кавказдыктардын тукум куучулугу (92R7-T) барып 70%  Түштүк Алтайга такалат.

көп жолу барган мазарлардын бири болчу. Мазардын дайыма болчу белгилери бул – суу, тал, төлөө жана менин алтайлык досторум айткан сый.[338]

Алтайлыктардын динден баш тартуусу

Мен сүйлөшкөн кишилердин көбү сүннөткө отургузуу, ишембилик эс алууну же Жакып сыяктуу атты билбейт дагы экен. Кыргыздардан айырмаланып алтайлыктар курмандыкка чалынган малдын канын ичет. Ал кыргыздарда дагы, Тооратта дагы тыйылган.

> «Андан тышкары куштун болобу, малдын болобу канын бир да үйдө ичпейсиңер. Кимдир бирөө кан ичсе, ал киши өз элинен бөлүнүп ташталуусу керек.»[339]

Жана дагы:

> … Жөн эле канды ичпей койбостон, аны жерге суудай төгүп таштагыла.[340]

Мен Кыргызстандын жарды жерлеринде ую, жылкысы же коюу өлгөн маалда да болдум. Жакырчылыкка карабастан союлуп, каны чыгарылбаса, кыргыздар малдын этин жебей коёт. Алтайлыктар андай кылбайт.

Синкретизм

Болжогон элдерде Тоорат китептин айрым мыйзамдары жок болгону менен ал Жакыб пайгамбар менен бай Жакыптын ортосундагы байланышты жокко чыгаралбайт. Пайгамбардын жазмасы өзү миңдеген жыл мурун өз

---

[338] Алтайдагы мазарлар оор абалда, алар саякатчылар тарабынан тепселенип жана булганып, булактары соолуп баратат.

[339] Лебилер 7:26, 27

[340] Мыйзамды кайталоо 12:15,16

мыйзамдарын жана салттарын сактабаган уруулар кантип аларды чанганы жөнүндө баяндап берет:

> Башкы ыйык кызмат кылуучу Хилкия катчы Шапанга мындай деди: “Мен Теңир үйүндө мыйзам китебин таап алдым”. Хилкия китепти Шапанга сунду, ал аны окуду. Ошондо падыша «Мыйзам китебинин» сөздөрүн угуп, кийиминин бүт тытты. Анда падыша минтип буйрук кылды: «Баргыла, мен жөнүндө, эл жөнүндө, бүткүл Жүйүт жөнүндө ошол табылган китепте эмне жазылгандыгын Теңирден сурагыла. Бизге каршы чыккан Теңирдын кыжыры абдан күчтүү, себеби биздин ата-бабаларыбыз анын бизге жазып жөнөткөндөрүн угуп, ал китептин сөздөрүнө баш ийбей койгон.[341]

Эгерде уруулар чогуу жашап, ыйык китептер жазылып жаткан учурда ошончо нерсе унутулса, анда элдин баары туш тарапка куулуп, китептер жоголгон маалда канчасы унутулмак?

2005-жылдын октябрь айында Иерусалимге барганда өзүнүн Жакыб пайгамбардан таралган Дан уруусунан экенин айткан бир эфиопиялык киши Эфиопиядагы өз уруусу жөөттөргө караганда Тоораттын мыйзамдарын көбүрөөк сактай турганын бежиреди. «Жөөттөр, - деди ал мага. – Раббинин үйрөткөнүнө гана таянып, Тоораттын өзүнө түз баш ийе албайт.» Анан ал мага эфиопиялыктарда сакталган, бирок жөөттөрдө унутулган Муса пайгамбардын мыйзамдарын айтып берди.

---

[341] Экинчи Падышалар 22:8-13

Алтайлыктарга окшогон улуттарда Муса пайгамбардын мыйзамдарынын жоктугу дароо эле алардын Жакыбдын тукумуна тийешеси жок дегенди билдирбейт.

## **<u>Манжу менен Жапан</u>**

Биз куулган Жакыбдын биртуугандарын айтып өттүк, алардын айрымдары Тибетке барып, балким, куки эли болуп калгандыр. Мындай дегенимдин себеби – мүмкүн, дагы бир бөлүгү же уруусу чачырап, Кытайдын түндүк жээги менен Жапанга жакын Манжуга жетип калгандыр.

Башка өсмөк болду баласы
Баскан-жүргөн жерлери -
Манжурия талаасы,
Тибеттин аркы тушунда,
Тырп чыкпай калган ушунда.[342]

Тарыхчы Табылды Акеров кыргыз уруулары XIII кылымда моңол ханы тарабынан Манжуга дагы көчүрүлгөнүн белгилейт.[343] Моңолдордун көчүрүү саясаты эки миң жыл мурун Манасе (Манассия) уруусун Ассирия падышасы көчүргөндөй эле болчу. Дагы бир жолу тарых өзүн кайталап отурабы?

Ашым Жакыпбектин айтуусунда, эпосто Манжу же Камчатка деп айтылган эмес, бирок Жакыптын биртуугандары Бейжиндин түндүгүнө туткунга куулган.[344] Ал жерден анан алар Жапанга өтүп барган го:

Сулаймандын тушунда
Журт бузулган ушунда,

---

[342] Орозбаков Сагымбай; “Манас: Кыргыз элинин баатырлык эпосу” Т. 1, 1266-1270 (Москва, Главная редакция Восточной Литература, “Наука”, 1984)

[343] Akerov, Tabyldy; *Ancient Kyrgyz and the Great Steppe,* (Bishkek, Biyiktyk, 2007) p. 242, 243

[344] Жакыпбек Ашым. Теңири Манас, (Бишкек, «Кыргызстан», 1995) б. 23

Жабырга малын салыптыр,
Кытайдан качып кыйла журт
Жапан болуп калыптыр.
Жайы жакшы болуптур,
Жапан атка конуптур.
Көтөрүш деген эри бар,
Ошол элге айт кабар.[345]

Кыргыз кошундары кантип Жапан аралдар тобуна качып барат? Эң эле оңой жолу Тышкы Манжудан Сахалин аралы аркылуу өтүшү мүмкүн. Дагы бир жолу Сибирден ыраакы түндүктөгү Курил аралдары аркылуу өтүү кыйла алысыраак, бирок ал түндүктөгү жол кыргыздар барган маалда тоңуп калышы мүмкүн.  Курил аралдар тобу Камчаткадан Жапан Хоккайдо аралына чейин 1,300 чакырымга (810 милге) созулат.  Манастын жоокерлери түндүк жолун тандаса, Хоккайдо аралына биринчи конгон жери Жапандагы Менаши аймагы болсо керек. Эмнеге жапандар бул өзгөчө аймакты Манасты байыркы арамейче окшоп «Менаши» деп атап койгон?

---

[345] Жакиев Бексултан. «Манас – кыргыздын баатырдык эпосу» б. 135.  Ошондой эле: Жусупов Кеңеш. Кыргыздардын байыркы маданияты. (Бишкек, «Бийиктик», 2006) б. 66

Раусу айылы, Менаши району, Хоккайдо областы, Жапан.  Курил аралдары көрүнөт.






Раусу айылы, Менаши району, Хоккайдо областы, Жапан.  Курил аралдары көрүнөт.

Мен кыргыздардын жапандар менен байланышы тууралу көп уккам. Кеңеш Жусупов ошол окшоштуктар жөнүндө өзүнүн «*Кыргыздардын байыркы маданияты*» китебинде баяндайт. Кыргыз менен жапандар бир кезде тууган болду беле?  Маданият жана тил жагынан кандайдыр бир байланышы болушу мүмкүн.

Жапандар менен Жакыб байланышы

Эгерде кыргыздар менен пайгамбардын ортосунда байланыш болсо, кыргыздар менен жапандардын ортосунда дагы бөлөк байланыш болсо, анда биз пайгамбар менен жапандардын ортосундагы үч бурчтуктун да бир бутагын табышыбыз мүмкүн деп күтсөк болот. Албетте, айрым изилдөөчүлөр байыркы жапандар менен олуя-пайгамбарлардын ортосундагы байланыш тууралу жазат. Жозеф Эйделберг деген шинто динин изилдеген жөөт студент «*Жапан элинин Библиядагы жөөттөр менен бирге түп-тамыры*» аттуу эмгек жазган. Аримаса Кубо деген жапан тарсасы дагы жапандар менен байыркы израилдиктердин ортосундагы байланышты терең изилдеп чыккан. Анын бөтөнчө бир изилдөөсү дагы дегеле эки башка израилдик жана жапан элдеринин ортосунда ушунчалык көп окшоштук болгонун айтып, окурмандарды таңгалдырат.  Кыргыздар ошол Ортоңку Чыгыш менен Жапандын ортосундагы жоголгон байланышты таап бериши мүмкүн.

Тарыхый бозгундар

Же Карл Юнгдун түшүндүргөнү туурабы? Чынында эле биз дайыма бири-бирине байланышы жок туруп, окшош окуялар жана үлгүлөрдү камтыган бирдей уламыштарды чыгара беребизби?  Же Юнг азыркы генетиктер тарыхый бозгундар жөнүндө билимди кеңейте элек маалда жашап, жөн эле улам кайталанган мурунку окуяларды түшүндүрүү далалатын кылганбы?

Юнгдан айырмаланып, биз колдонуп жүргөн адабий көрүнүштөрдү мындан ары так байкоолорго таянып түшүндүрүү маалы жетти көрүнөт.

<u>Манас шыктандырат</u>

Ыйык китеп менен кыргыздардын ортосундагы окшоштуктарды изилдеп жүргөн Батыштын бир адамы буга мындай жооп тапкан: анын терең ишеними боюнча, Библиянын окуялары кыргыз эпосуна несториандык тарсалар аркылуу келип калган. Анын далилдери абдан кызык, бирок несториандар үрп-адат, санжыра, уламыш, салт, майрамдар жана тилге карабай кыргыз жамаатынын чегин өзгөртө алмакпы? Эгер ошондой болсо, анда несториандардын кыргыз маданиятына калтырган таасири тарса (христиан) маданиятынын Батыш маданиятында калтырган изинен дагы терең болмок.

Кыргыздардан ушул маселеге кайрылган бирден-бир илимпоз, тарыхчы Табылды Акеров несториандар менен жөөт хазарлар кыйла узак кыргыздар менен коңшу жашап, Библиядагы аттардын кыргыз эпосуна аралашып кеткенин мойнуна алат («Кутбилим» гезити, 2008-ж., август). Акеров пайгамбарлар жазмасындагы аттардын эпосто сакталып калганына гана макул, калган окуялар, белгилер, үрп-адаттар, салттар жана инсандарды ал кабыл албайт.

Ыйык жазманын эларалык таасири көп: анын ичиндеги окуя, ыр, аян, акыл-насаат, мыйзамдар дүйнөдөгү карапайым жана диний жамааттардын бир бөлүгү болуп калган.[346] Албетте, Борбордук азиялык жана кыргызстандык манасчылар ошондой эле несториан жана хазар маалында дагы кыйла

[346] Davies, H.; Dorfman, M; et al, “21 Best-Selling Books of All Time” (howstuffworks.com)

таасирленген.[347] Орто азиялык аттар чегилген несториандардын моло таштары бүткүл Кыргызстан боюнча табылган. Несториандардын маалында бир нече уруулар алмашып кеткен. Диний кызматкерлер менен үйрөтүүчү жайлар бар болчу, алар Мерв, Самарканд, Бухара, Ыссык-Көл, Кашкар жана Турфан сыяктуу айрым жерлерде гүлдөп да турган.[348] Несториандар менен хазарлар Орто Азия маданияты жана тарыхында Ыйык китептин терең таасирин калтырды, бирок мурда айтылган Батыштын изилдөөчүсү дагы, Акеров дагы кыргыздар менен ыйык жазмадагы пайгамбарлардын ортосундагы улуттук жакындыкты толугу менен кабыл албайт окшойт.

## Сыр сактоонун жолдору

Темирландын учурундагыдай куугунтук жана көз тазалоолор Орто Азиядагы түрдүү диндерди жок кылууга эсептелинген.[349] Айкын семиттик же Библияга шилтемелер талкаланышы керек болчу. Акеровдун айтымында, андай тарыхый куугунтуктар жалаң мусулман эместерге эмей, кыргыздарга да каршы болгон.[350] Андан тышкары Темирландын тукуму Орто Азиядагы жалгыз баскынчылар болгон эмес. Орто Азия биринин артынан бири келген баскынчылардын таламында калган. Ушундай карактоонун басымдуулугу дагы бир маселеге алып келген: толугу менен кыйрап калбоо үчүн Манасенин урпактары өздөрүнүн түпкү тегин катууга мажбур беле?

---

[347] Орто кылымдагы манасчылар, балким, Библиядагы айрым окуяларды кыргызча уламыш кылып алган. Мисалы, айрым азыркы кыргыз жазуучулары, алардын ичинде Ч. Айтматов, Т. Касымбеков, Т. Мадылбай дагы өз чыгармалырында Ыйык китептен мисалдарды колдонгон. (*Sir Gawain and the Green Knight* from ancient times is one example; movies like the *Matrix* and *Lord of the Rings* are modern example.)

[348] Dickens, M. "*Nestorian Christianity in Central Asia*" (2001)

[349] Gillman, I. and Klimkeit, H.J.; *Christians in Asia Before 1500*; (University of Michigan Press, 1999) p. 234.

[350] Akerov, Tabyldy; *Ancient Kyrgyz and the Great Steppe,* (Бишкек, Бийиктик, 2007) p. 246. Айта кетүү керек: Темирлан өз чөйрөсүндөгү мусулман эмес адистерди калтырган, ал эми анын урпактары болсо кийинчерээк Орто Азиядагы адистерди бүт кырган.

Аян китеп деген катуу куугунтук маалында жазылган ыйык Чаар китептин бири. Бул чакан китептин ичинде мыкаачы өкүмдарлардан жашырын жөнөтүлгөн Тоораттын жактоочуларын колдоп жана маалымдоо үчүн сырдуу белгилер камтылган. Иса пайгамбар да өзүнүн шакирттерине да, калган элге да ар кандай сырдуу белгилер жана ишараттарды колдонгон.[351] Балким, кыргыз сырчылдары Библиянын ишараттарын ыйык жазмаларды окуганга эркин келген болочок муунга жеткирип тургандыр. Ыйык китептеги Жакыб, Манасе, Ребекка, Мамре, Канаан жана 12 уруу, 37 жоокер, 70 көчмөн, 200 өлтүрүлгөн душман жана 600, 000 бозгун аскер сыяктуу нерселерди түшүнгөн кишилер бул сырдуу аттар менен сандар белги экенин билет.

## Табышмактар жана сырлар

Мен мындай теорияга толук кошулуудан бираз күмөн санайм, бирок мурда келтирген мисалдарым «Манаста» катылган сырлар укмуштай адабий керемет экенин айкындайт. Манасчылык өзү ыйык жазманын сырдуу белгилерин жана руханий табышмактарын камтыган «Көкөтөйдүн ашы» сыяктуу көрүнүштөрдү жарата турган өзгөчө өнөр.[352] Манасчылык өнөр пайгамбарлыкка барабар, алар баарлашуу үчүн сырдуу белгилерди, ажайып табышмактарды жана каймана сөздөрдү камтыган көркөм сөздүн бир нече түрүн колдонот. Андан тышкары, ыйык китептердин таржымалы окурмандарга «*Бул сөздөргө акылман адам кулак төшөп, билимин арттырат, акылдуу адам акылдуу кеңештерди табат. Ошондо ал накыл сөздөрдү, нуска кептерди, даанышмандардын сөздөрүн жана табышмактарын түшүнөт*»[353] деп жазып берип турат. Библия, жада калса

---

[351] Марк 8 and Матай 13

[352] «Көкөтөйдүн ашы» деген «Манас» эпосунун негизги бөлүктөрүнүн бири өзүнчө бир эпос же «Семетейден» алынган болушу мүмкүн. («Манас» энциклопедиясы, Бишкек, 1995; т.. II б..43).

[353] Сулаймандын накыл сөздөрү 1:5, 6

сырды катканды билгенге да, аны ачып бергенге да урмат-сый көрсөтөт.[354] Ыйык китептерге жакын Жакыбдын урпактары макал жана каймана сөздөргө эле көмүлүп калмак. Алар тарыхты кандайча сырга катыш керегин билет.

Жусуп пайгамбар түш жоруучу.[355] Жусуптан тараган Манасенин тукуму сырдуу сүйлөп, аны жоюп, табышмактарды тапканды мыкты өздөштүргөн. Орто Азиянын баскынчылары адамдардын башын кыйып, жерлерди басып алып, элдерди кулчулукка айдаган маалда ажайып сулуулуктун устаттары элинин улуттук өзгөчөлүгүн эпостун арасына аралаштырып катат беле? Менимче, алардын анчалык өнөрпоздугу менен ошончолук чыгармачылыгы өтө эле шек туудурат. Ал маал өтө күлпөң болчу: биз доорубузда IX-XI кылымдардагы Борбордук Азия эң мыкты ойчулдары, илимпоздору, алымдары, акындары ж.б. менен гүлдөп-өнүгүп турган.[356] Ушундай чыгармачылык өзөк кыргыз жаратмандарынын илимий шык-чымынын күчөтүп турган.

Корутунду

Бул салыштырмалуу адабий иликтөө Чаар китеп менен «Манас» эпосунун ортосундагы орток мазмундун болгонун тастыктайт. Түркүндүүлүк, көп сандуулук жана дал окшоштуулуктарга таянып, биз айкын байланыш тууралу мындан ары күмөн санабай эле койсок болот. Эки көчмөн маданият бири-биринин турмушу же акыл-эсине байланыштуу окшош окуяларды жөндөн-

[354] Сулаймандын накыл сөздөрү 25:2 (Забур 77). 2010-жылдын июнунда Американын ФБРи орус тыңчыларын кармаган. Алар жөнөкөй көрүнгөнү менен ичинде сыр каткан сүрөттөрдү иштеп чыккан. Анда тиешелүү душмандарды көрсөткөн белгилер сырдуу түрдө бекитилген. Балким, Орто Азиядагы акылман семиттер дагы кыргын маалында өздөрүнүн улуттук өзгөчөлүктөрүн ошентип эпос түрүндө сактаган чыгар. Мурун айтылгандай, кээ бир пикир боюнча, байыркы сак уруулары деп алар Израилди көчүргөндө Исаактын ысмын каткандыр. Бул ысым башкаларга жөн эле ат катары көрүнсө керек.

[355] Башталыш 41

[356] Starr, S. Frederick; *"Rediscovering Central Asia"* The Wilson Quarterly (2009) http://www.wilsonquarterly.com/article.cfm?aid=1441

жөн көчүрүп алмак эмес. Биз бирине-бири каршы коюлган эки баян канткенде чырмалышып калганын түшүнүүгө аракет кылдык. Тилекке каршы, бул маселеге так кесе жообум мен жашаган эл арасында чыр-чатак туудуруп коюшу ыктымал.

Эгерде окуялар жана ысымдар чет элдиктер (тарсалар, манихейлер, мусулмандар, караимдер же жөөттөр) аркылуу келген болсо, анда «Жакып уулу Манастын» каарманы кыргыз эмес - соодагер, зияратчы же диний жамааттар тарабынан таратылган болуп калат.  Алардын көзкараштары жакшы сүрөттөлгөн ишенимдер, окуялар жана адеп-ахлактар менен бекемделген.  Эгер ошондой болсо, анда кыргыздар Манасенин урпактары эмес, болгону атактуу окуяны башкача баяндаган болот. Анда «Манас» эпосу Ортоңку Чыгыштан гана көчүрүлгөн чыгарма.

Мындай бүдөмүк назарияттын болушу да керек эмес, анткени, мисалы, «Жакыбдын уулу Манасе» деген ат илгерки жазмаларда эч качан ачык айтылбай, купуя сыр бойдон гана калчу. Жаңы динге өткөндөр мындай атты өзүнүн улуттук өзгөчөлүгү катары кабыл алмак эмес.

Түзүгүрөөк түшүндүрмө сунушталмайынча, биз ушул ойдогу жок нерсе менен бүтүрүп турмакчыбыз: байыркы пайгамбарлардын бир бутактан таркаган урпактары азыркы күндө кыргыз болуп калган да, ата-бабаларынын окуяларын сактап, төрт миң жылга жакын аралыкта аларды муундан муунга айтып берип келген.

Улут сезимталдыгы

Бардыгы айкын болгону менен каршылыксыз да болбой койбойт: «Окшоштук боло берет, анткени жөөттөр Тооратты биздин уламыштардан алган», - деди жаакка чапкандай бир илимпоз.

Улут сезимталдыгы Кыргызстанда күч. Кыргыздарды жөөт кылгың бар деп мени бул жерде көп күнөөлөштү. Жөөттөр кыргыздардан тараганбы же тескерисинчеби, кеп анда эмес: кыргыз кыргыз бойдон, жөөт жөөт бойдон кала берет. Жөөттөр Жакыб уулу Жүйүттөн Иудеяда жашаган, ал эми менин сунуштаган оюм боюнча, кыргыздар Жусуп пайгамбардан жана Жакыб уулу Манаседен тараган.

Бүгүн араптар Ибарим пайгамбардан тараса да эч ким аларды жөөттөр деп эсептебейт. Ошондой эле, балким, кыйла кылымдар мурун ата-бабалары бир болгону менен кыргыз, куки, алтайлыктар же жапандарды эч ким жөөттөр деп кабыл албайт. Ошол сыңары Y-хромосомдору бир болгону менен кыргыз тажик дагы эмес, ал кыргыз бойдон калат.

Дин сезимталдыгы

Ушул маалымат дин жагынан кандай кабыл алынар экен деп көпкө ойлондум. Диний көзкараштан алсак, бул өтө кылдат нерсе: бул суроого жооп берүү айрым кишинин өмүрүнө да залакасын тийгизип коёт.  Бактыбызга бизге бул суроого жооп берип отуруунун кажети жок, анткени биздин атыбыздан муну мурунку муун жооп берип койгон…

II  International Festival of World Epics
Рысбек (Ричард Хевитт, Richard Hewitt)
07.09.11



# **Семетей**

Акыркы макалалар «Манас» эпосундагы улуттук «энчилердин» топтомун чагылдырат.  Биз үзүндүлөрдү алардын тегин айкындоо үчүн тандадык, анан «Манас» эпосун дээрлик төрт миң жыл мурунку тарыхый доордо жашаган бир урууга алып барып такадык. Кызыгы, ал уруунун түпкү атасынын толук

аты кыргыз баатырынын толук атына биротоло окшош кетет. Эгерде ушундай укмуш окшоштук башка бир байыркы булактан табылса, кыргыздар мындай табылганы сүйүнүч менен кабыл алмак. Бирок биз алгач кайрылган китеп азыркы кыргыздар үчүн «тыюу» салынгандай болуп чыкты. Натыйжада кыргыз илимпоздору мындай изилдөөнү жокко чыгарып салды, ошондуктан айрым кыргыздар алардын тыюу салынган китепке кандайдыр бир байланышын да айткысы келбей, ызы-чуу чыгарды.

Ошол туңгуюктан чыгууга жол барбы? Кыргыздарга өздөрүнүн ата-тегин көрүүгө жардам берүүчү жол ошол «наалаты китептеби»?

Кыргыз акылмандары жалаң эле азыркы туңгуюкту алдын-ала көрө билбестен, ошол татаалдыктан кантип чыгуу жолун да көрсөтө кеткенин жакында көрөбүз.

**«Семетей» эпосу**

«Манас» үчилтигинин экинчи китеби «Семетейде» Манастын уулу Семетей жөнүндө баяндалат. Манастын атын байыркы жазмалардан оңой эле тапса болот, ал эми Семетей дегенге окшош аты бар бир тарыхый баатыр же уруунун жолбашчысы тууралу архивдер эмнегедир унчукпайт. Ошондуктан мындай собол узатсак болот: эгер Манастын уулу Семетей тарыхый инсан болбосо, анда ал эмнени же кимди билдирген?

«Манас» эпосу бир нече доорду камтыйт. Ошентсе да Семетейдин окуялары толугу менен жакынкы орто кылымдагы же андан кийинки бир доорду, Орто Азияны исламдаштыруу доорун гана чагылдырат.[357] «Манас» элдин

---

[357] Көптөр патриархалдык-феодалдык доору (IX-XV кылымдар) деп жазышат («Манас энциклопедиясы» т. 2 – б. 209, 244).

түптөлүп жаралышын ачып берсе, «Семетейдин» максаты – «Манастан» алынган улуттук тыянакты бекемдөөдө тургансыйт.[358]

**Орто кылымдар**

«Семетейди» жакшы түшүнүш үчүн ириде орто кылымдагы Жааразиядагы (Евроазиядагы) окуяларга көңүл буралы. Жаарупадагы (Европадагы) кыргын (инквизиция) маалында 1233 - 1765-жылдары жөөттөрдүн көпчүлүгү же өлтүрүлүп, же зордоп тарсалыкка өткөрүлгөн, же кууп Жаарупадан чыгарылган.[359] Ошол «өткөрүлгөндөрдүн» урпактары жергиликтүү жамааттарга аралашып-жуурулуп, акыры келип өздөрүнүн жөөт экенин унуткан.[360] Тарсалар (Христиандар) Батышта тарса эместерге зомбулук кылган учурда, мусулмандар мусулман эместерге ошондой эле зомбулук көрсөтүп келген.[361] Манасенин (Манассиянын) тукуму өзүнүн улуттук өзгөчөлүгүн жана Чаар китепке тиешесин Орто Азияга көчкөн маалда (соңку кадимде) сактап келсе, кийинки кездеги орто кылымда ийгиликтүү жүргүзүлгөн исламдаштыруу, албетте, алардын алдына жаңы шартты таңууламак.

**Семетейчилер**

Биз төмөнкү кыскача баяндамадан көргөндөй, орто кылымдардагы семетейчилер улуттук тарых, маданият жана нарк-насилди бириктирген дастанды түзгөн. Бирок бул укмуштай эпоско дагы кошумча бар. Бул жерде ар кандай түрлөрүнөн чогултулган топтомо берилет:

---

[358] Ачык эле көрүнүп тургандай «Манас» да, «Семетей» да маданий баалуулуктар, адеп-ахлак, жамааттык түзүлүш, согуштун жүрүшү ж.б. камтыйт. Мунун баары ар бир эпосто белгиленген өз максатына кошумчаланат.

[359] Минтип башка динге зордоп өткөрүү «аутодафе» деген ат менен белгилүү.

[360] Тукум куучулук касиеттерди иликтөө Батыштын жайнаган кишилерине өз ата-бабаларын табууга жардам берет. Тукум куучулукту изилдегендер ар кандай белгилердин тарыхый жөөттөр жамаатына окшоштугун салыштырат. Салыштырма иликтөө сыяктуу.

[361] Алардын ичинде Нестордун тарсалар Орто Азиядан жоголгон. Төлөгөн Касымбековтун «Сынган кылычтагы» 536-538 беттерде бир кызык аңгеме бар экен.

Семетей атасы өлүм алдында жатканда төрөлөт. Манастын жаны чыгары менен эле туугандары бийлик талаша баштайт. Манас өлөрү менен тигилер Каныкейге (Санирабигага) никелешкени аракет кылат. Азалуу аял тигилердин сунушунан баш тартат.

Манастан кийинки башкарган туугандары кыжырланып, «текебер Каныкейдин» сазайын бермек болот да, мураскор Семетейди жок кылышка Манастын бүтүндөй байлыгын талап кетет. Каныкей эптеп баласын уурдап чыгып, туугандарынан келтек жейт. Ал Семетейди токойдо бекинип жүргөн кайненесине жеткирип бердирет.  Артынан өзү жарадар бойдон качып барат.

Картаң Бакай үчөөнүн качуусуна жардам берип, Сыр-Дарыяны экиге бөлүп, аларды өткөрүп жиберет. Ошентип тигилер Каныкейдин биртууганы башкарган Бухарага аман-эсен жетип барат.[362]

Бухаранын улуу ханы Исмаил Семетейдин баатырдык жөндөмүн билип, аны бойго жеткенче багып алууга макул болот, бирок Семетей эч качан өзүнүн ата-тегин, мекенин, дегеле кыргыз экенин билбесин дейт. Каныкей макул болуп, уулунун ата-тегин жашырып жүрөт. Ал өзүн Семетейдин эжеси, Исмаилди анын атасы деп коёт.

Ошол эле маалда Таласта Манастын байлыгын туугандары тоноп, элге кысымын күчөтөт, анын артынан калк биротоло жакырланат. Кыргыз эли туш тарапка тентип, өлкөнү башка элдер басып алат.

Акылман Бакай Семетей он экиге караганда, баланын ата-тегин билдирмек болот. Бакайга Каныкей да жардам берет. Мунун баарын билип калган Исмаил

---

[362] Мен мурунку макалаларымда белгилегендей, Алманбет Орхон дайрасынан өткөн дегенден башка Муса пайгамбардын Кызыл деңизден өткөнү тууралу кыргыздардан уга элекмин.  «Семетей» эпосундагы ушул өтүү ошондон бери менин көңүлүмдүн коңулунда.

Каныкейди өлтүрүп, Бакайдын оюндагысын ойрон кылсын деп Семетейди жөнөтөт.

Ошону менен Бакай каймана иш баштайт: кыргыз жоокери Сарытаз он эки жыл бою токойдо жашап, Бухаранын ак сарайына көмүр ташып жүрүп, капысынан Семетейге жолуккан болот.

Ошол каардуу күнү Семетей өз апасын өлтүрмөк болду. Сарытаз азгырып Семетейдин кушун тузакка кармап алат да, жаш жигитти жаңжалга түрттү. Иш оюндагыдай чыкты. Бухаранын он эки жаштагы ханзадасы Сарытаздан кушун кайтарып берүүсүн талап кылды. Орто Азияга таандык жөндөмү менен Сарытаз кушту кармап туруп, акырындан Семетейдин сырын сурай берди. Семетей Манастын уулу экенин мойнуна албай, чабарманга кол салат. Жарадар Сарытаз өз энесин өлтүргөнү бараткан Семетейди шылдыңдап, сабырдуулук менен тигиге бөтөн элге кантип туткун болгонун түшүндүрүп берди.

Семетей акыры өз ата-тегин билип,
Каныкей менен кеңешет. Ал Исмаилге багып чоңойткону үчүн ыраазычылыгын билдирип, өз элине жол тартты.

Таластагы Бакай ата менен кыргыздар Семетейдин кайтышын той менен белгилеп, аны хан көтөрдү. Бирок журт башкаруучулар ага бийлик бербей, анын Манаска мураскорлугун таанытбай койду. Жада калса, Семетейдин чоң атасы Жакып да аны өлтүрө тургандарга кошулмак болду.

Семетей чыккынчылыктын артынан чыккынчылыкты башынан өткөрдү: агалары, чоң атасы, биринчи аялы, атасынын ишенген чоролору, анан эң акырында өзүнүн жан досу каршы чыкты. Ичара араздашуу, ичи тарлыктарга карабастан ал өз элин чет элдик баскынчылардан сактап калат. Бирок ач көз

коңшулары кыргыздарды ичара чабыштырып отуруп,
акыры Семетейди курчап алды. Эч үмүтү калбаганда,
Семетей көздөн кайым болуп, көк тарабынан кабыл
алынат.[363]

Ушул татынакай адабий бөлүктө көп катмарлуу, ар кандай белги же аяндар көрсөтүлгөн көркөм элестер камтылган.[364] Байыркы пайгамбарлар да кыйытып айтканды жакшы көрчү.[365] Ушул сыяктуу орто кылымдардагы семетейчилер деле Чаар китепти окуп жакшы талдай турган келечек муундар үчүн катылган кепти эпосунда каймана сактагандыр.

**Маселе**

«Семетей» эпосунан ыйык китептердеги бир катар негизги маселелерди тапса болот. Биз айрымдарын белгилей кетели:

Мыкаачы туугандар

Жусуп пайгамбардын мыкаачы туугандары аны өлтүрмөк болот, бирок кийин Мисирге бара жаткан кербенге кул катары сатып жиберет. Күндөрдүн биринде Жусуп Мисирдин ханзадасы болуп калат. Семетейге окшоп Жусуп да өз эли менен жарашып, кийин элин сактап калат.

---

[363] Ириде эле Сапарбек Касмамбеттин оозеки айтымында. Kasmambetov, Saparbek; Singing the Kyrgyz Manas, Saparbek's recitations of epic poetry (SOAS, University of London, 2009)

[364] Бул окуяны жакшы түшүнүш үчүн компьютердеги «стакснет» (Stuxnet) мите курту сыяктуу Эрендин өзөктүү куралына окшоп катылган бир салыштырууну колдоно кетсек. Ал мите куртта Нух уулу Сам же Сем уулдарына каршы (анти-семит) перстерге эскертүү катары сокку колдонгон Чаар китептеги Эстер деген жөөт айымдын аты кыйытып айтылган. Библияны билиши коопсуздукту тескөөчүлөргө кыйытып айтылган шилтемени табууга жардам берет, ошондуктан «стакснеттин» кайдан чыгышын жана анын жоолай максатын ачып турат.
Markoff, John; Sanger, David; "Worm, a Possible Biblical Clue" (www.nytimes.com, Sept. 29, 2010)

[365] Мисалы, биздин доорго чейинки 6-кылымдагы Жезекил пайгамбар кудайга арнап сөз сүйлөп атып, мындай деген: «Менин койлорум бардык тоолордо жана ар бир бийик дөбөдө оттоп жүрөт. Менин койлорум жер жүзү бою эч кароосуз тентип жүрөт.» Көп кылымдардан кийин Иса пайгамбардын дагы ушул элестерди колдонуп, өзүн бир жакшы койчу катары кыйытып айтканы бар. Иса пайгамбардын түшүнүктүү угармандары бул ишаратты туура түшүнгөн.

Кайтуу

«Кайтуу» деген Чаар китепте көп айтылчу нерсе.[366] Семетейдин мекенине кайтышы Чаар китепте айтылган Жакып уруусунун үйүнө кайтканын элестетет, ал ата-бабаларынын кудайына кайткандыгын кыйытып сүрөттөгөнү:

> ...Жакыптын калдыгы, кудуреттүү кудайга
> кайрылат.[367]

Кыргыз баяндоочулары бул ойдун маанисин терең түшүнгөн жана Семетейдин кайтышын атайылап кошо койгон.

Тартылып алынган такты

Тартылып алынган такты пайгамбарлар жазмасынын дагы бир ойлорунун бири: Дөөт пайгамбардын балдары Сулайман пайгамбардын тактысын өзү бар болгондо эле тартып алат.[368] Ошондой эле Манастын туугандары да анын көзү барында эле тактысын талашат. Убакыт жогуна байланыштуу биз азырынча талкуулай албаган Дөөт пайгамбардын тактысы жөнүндөгү ой өзгөчө диний мааниге ээ.[369] Семетейчилердин ушул ойду бизге эскерткиси келгенин гана айта кетсек болот.

Маржан (Мариам) эненин Иса баласын алып качышы Каныкейдин качканына окшоп кетет. Муса пайгамбардын да фараондун ак сарайында чоңойгону Семетейдин Бухарадагы ак сарайда чоңойгонуна окшош. Эки ханзада тең

---

[366] Куранда да ал колдонулгансыйт (Куран 17:104)

[367] Ышайа 10:21

[368] Падышалардын 1-китеби 1

[369] Ышайа 9:7

акыры келип туткундагы өз элин боштондукка чыгарат. Буга кошумча, Муса пайгамбардай эле Бакай ата да сууну экиге бөлүп ажыратып, жол ачат.

Булар байыркы адабий үлгүлөр (архетиптер) элеби? Жок. «Манас» эпосундагы укмуштай окуя-кырдаал андай ойго жол бербейт.

Ыйык жазмадагы башка аяттар да бизге окуянын артындагы окуяны аныктай берет.

Семетейге аталык кылуу

Семетейдин өгөй атасы Исмаил түйүндүү каарман. Ал тарыхый инсан да болушу мүмкүн эле: Исмаил Саманий Бухараны IX-кылымдын аягынан X-кылымдын башына чейин башкарган. Тажиктер аны өз улутунун атасы деп эсептейт. Биздин доордун 893-жылы Исмаил Самани (толук аты Исмаил ибн-Ахмад) Таласка чабуул салып, карлуктарды талкалайт да, көчмөндөрдүн 30 000 түтүн үйүн исламга өткөргөн. Эгерде ошол исламга өткөн карлуктар, мурунку макалаларда божомолдонгон Манасенин урпактары болсо, анда Исмаилдин IX-X-кылымдардагы кол алдындагы кишилер анын аталыгын чагылдырмак.

Орто кылымдардагы семетейчилер Исмаилдин эпостогу элесин өз ойлорундагы башка максаттар менен киргизиши мүмкүн. Тоорат боюнча, Ибраим пайгамбардын эки уулу болгон: Исмаил менен Исаак.[370] Исмаилден тараган Араптар диний шайкештик жана адеп-ахлактык укук деп шариатты мүнөздөгөн. Иса пайгамбардын жактоочуларынын бири, Павел дагы дин мыйзамды Исмаилге окшоштуруп чагылдырат. Павелдин айтымында, нак эле Семетейдин турмушундагы Исмаил сыңары укук тарбиячылык же жумуш

---

[370] Башталыш 21

берүүчү кишидей иш алып барат.[371] Балким, семетейчилер Исмаилге атайын кыстап эле аталык мүнөздү салып койгонбу?

Кыргызстандагы исламдын өзгөчө чыңалуусу чет элдик байлардын каражаттарына тыгыз байланыштуу, тигилер кыргыздар үчүн мечит, академиялык окуу жайларын куруп берип, аша чапкан аракечтикке каршы күрөшөт. Бул иш Исмаилдин камкордугуна Семетейдин ыраазылыгындай эле алкоого арзырлык жана мактоого татыктуу. Бирок Кыргызстандын диний колдоочулары өз иш-чараларында өтө ашынып кетип, акыры байыркы ыйык китептерге, «Манас» эпосуна жана исламга чейинки кыргыз динине каршы чабуул баштаган. Семетейге Исмаилдин өгөй-аталык кылышы кыргыздардын ишенимине, улуттук өзгөчөлүгүнө жана аң-сезимине чет элдик диндердин кандай таасир этkenин эң мыкты чагылдырат.[372]

Маңкурт

«Манкурт» деген сөз башында какчыйып кургаган төөнүн териси кийилүү туткунду билдирет. Бир күнү мээси катуу кысылгандан кийин баскынчылар маңкуртту каалагандай башкарып калат, керек болсо, апасын да аттырганга барат – мындай салыштырманы Чыңгыз Айтматов «Кылым карытаар бир күн» китебинде колдонгон. Семетейге Каныкейди өлтүрсүн деген буйрук Семетейдин толугу менен баш ийип, өз тамырынан алыстап калганын жана Исмаилдин ниетин биротоло ашкерелейт. Семетейдин маңкурттук аракеттери акылынан адашкан кыргыздардын өз ата-тегинин баянын сактап берген китепке каршы чыгышы менен салыштырылат.

---

[371] Башталыш 16 жана Галатиялыктар 4

[372] Бул маданий аталык ислам тарабынан болобу, тарса-християнчылыктанбы, Кыргызстандагы көпчүлүк чет элдик корлорго мүнөздүү. Протестант чиркөөлөрүнүн көптөгөн жактоочуларына да “Манас” эпосун окууга, кыргыз маданиятынын Библияга окшоштугу тууралу талкууларга катышууга тыюу салынат. Жөөт зияратчылар ошондой эле мамилени кукилердин арасынан да белгилейт. Бул дин мүчөлөрү ачыкыраак болсо да, жетекчилеринин көпчүлүгү андай эмес.

Бакай-ата

Мурун белгилегендей, пайгамбарлар жазмасынын аяндары Жусуп пайгамбардын урпактары ата-мекенине кайтып келет деп жарыялайт. Аалымдар (теологдор) экиге бөлүнүп, алмаштыруу оюн (замена теологии, Replacement theology) айткандары аны «Кудай-атага» кайтуусу көркөмдөлүп берилген десе, диспенсационалисттер (Dispensationalists) болсо түз эле мааниде мекенине кайтууну айтып жатат деген.[373] Семетей, мурун айтылгандай жана Бакай тарабынан үйрөтүлгөндөй, Таласка кайтат, ыйык китептеги көптөгөн аяндарга шайкеш келтирсек, кудайдын: «*Силерди элдердин арасынан алып чыгам, бардык өлкөлөрдөн жыйнайм, силерди өз жериңерге алып келем*», - деген өкүмү аткарылат.[374]

Андан да мурун белгиленгендей, кукилер кудайга «Бакай» же «Пакай» деп кайрылат. Кызыгы, кыргыздардын «Бакай» деген аты да көсөмдүк, акылмандык, жана аталык «кудай касиеттерине» ээ. Бакай Семетейдин көздөрүн ачтырат, анан Семетейдин кайтканын күтөт: Иса пайгамбар айтчу атактуу адашкан уул тууралу окуядагыдай эле болот. Олуя-пайгамбарлардын көптөгөн таасирчилери ошол окуяда күткөн ата, Кудай-атанын эле өзүн элестетет дегенге кошулат.[375] Бакайдын күткөнү да чыдамкайлуу кудай-атаны элестетет.

Жакып

Биз аталык орунда Бакай эмес, Жакып болушун күтүшүбүз керек эле. Ошентсе да семетейчилер күткөн атасы катары Жакыпка байланыштуу диний

---

[373] Инжилдеги Улукманда 17:21 Кудайдын падышалыгы кандайдыр бир дайын жер эмес, ишенимдин бир белгиси катары сүрөттөлөт.

[374] Жезекил 36:24.
Айрым Бакай-чателер (кукилер) Библиядагы аяндарды толук аткаруу аракетинде Израилге көчүп баргандан кийин жөөт динин кабыл алган.

[375] Matthew Henry's Concise Commentary, Luke 15:17-24

татаалдыкты түшүнгөн. Кайрадан эле убакыттын жогунан биз бул чакан макалабызда терең маселелерди талкуулап отура албайбыз. Биз жөн эле кайрадан «Манас» эпосундагы Жакып байдын Ыйык жазмасындагы «Башталыш» китебинин Жакыб пайгамбарына окшоштугун айта кетебиз. Эки баянда тең бир эле тарыхый адам жөнүндө айтылгандай сезилет. Жакыб пайгамбарды да, Жакып бай экөөнү тең жалпасынан жакшы же жаман деп айтып болбойт. Бирок «Семетей» эпосунда «Манас» эпосундагыга караганда Жакып дегеле башкача. «Семетей» эпосундагы Жакып мындан ары улут негиздөөчү катары болбой калышы мүмкүн, бирок анын карама-каршысы өз урууларыбы же урпактарыбы? Муну түшүнүү үчүн пайгамбарлардын жазууларынын «Башталыштан» кийинки китептеринде "Жакып" тууралу айткандарына көз салышыбыз керек:

> Муну Теңир угуп, каттуу каарданды. Жакыбга каршы от жалындап күйдү. Кудайдын жини Израилге карата толуп кетти, анткени тигилер Кудайга ишенишкен жок, анын куткаруусуна ишенбей калган болчу.[376]

"Жакыб" бара-бара уруунун же улуттун өкүлү болуп калды. Айрым учурларда Жакыб Жусуптун агасы Жөөттүн ордуна айтыла баштады. Жакыбдын урпактарынын түштүктө Жөөттүн, түндүктө Жусуптун тукумдарына бөлүнгөнүн эске алып,[377] биз Жөөт менен Жусуп жөнүндө төмөндөгүдөй сөздөрдү издешибиз керек эле:

> Бакубат колуң менен өз элиңди, Жакыб менен Жусуптун урпактарын бошотуп алдың .[378]

---

[376] Забур 77:21,22

[377] I Падышалар 12

[378] Забур (76:15) Жакыбды атасы эмес, биртууганы катары сүрөттөйт.

Биз көрүп тургандай улуу биртууганы Жөөт эмес, Жакыб Жусуп менен катарлаш тизмеленет. Жусуптун түндүк биримдигине каршы Жөөт Жакыб деп аталган. Ыйык жазмалар менен шайкеш «Семетей» эпосу дагы Жакыпты «чыр туугандарынын» ордосуна жайгаштырат. Орто кылымдардагы манасчылар менен семетейчилер аалым-теолог болгондору айкын көрүнүп турат, ошондуктан алар Жакыпты «күткөн ата» катары сүрөттөй албайт. Ушул жери өтө маанилүү, анткени семетейчилер Иса пайгамбардын тентиген кичүү уулу тууралу кыйытып айткан сөздөрүн күчөтүп алган. Ошол кичүү баласы акырындап эсине келет да, анан агасына эмес, аны күткөн атасына (Кудайга) кайтып келет.[379] Ошондой эле Семетей дагы Жакыпка эмес, Бакай атага кайтат. Орто кылымдардын семетейчилери келечек муундарга жол көрсөтүп, жакын туугандарыңарга, же улуу агаңарга, же колдоочу динге эмес, атаңарга (алгачкы Кудайыңарга) кайрылгыла дегелери келген.[380]

---

[379] Ушул «атасына кайтуу» маселеси кукилердин көңүл бурбаган маселелеринин бири. Анын ордуна көпчүлүгү ата-бабаларынын кудайына кайтпай эле, алардын Израилге баруусу үчүн жөөт динине өтүүсүн талап кылган «биртуугандарын» колдобостугун билгизип кайтышты. Алардын күдүк көчү Семетейдин Жакып менен Манастын туугандарына кайткандагысындай эле көптөгөн израилдиктерде да шек туудурат. Мен Бене Менашенин бир мүчөсү менен сүйлөшсөм, ал артынан куугунтуктап жатышканын айтты. Ошондой эле Израилдеги жөөт менен сүйлөшсөм, ал дагы бозгундарга наразы. (Жерусалем жана Хеброн, 2005)

Ошондой эле Жакыптын Семетейди жеригени, эгерде кыргыздар өздөрүн жөөт-тарса диндерине аралаштырса, анда өз улуттук милдетин аткаралбайт дегенсип эскерткенидир. Эң жакшы болгон учурда да, жөөт, тарса жана ислам дининдегилер улуу агасы, багуучусу же жумуш берүүчүсү катары өздөрүн көрсөтө алат. Бүгүнкү күндө мисалы, жөөт дини кукилердин да мурунку ишенимин, кыргыздардын ата-бабаларынын ишенимин жана салттарын түшүнүү аракетин кылбайт. Жусуп менен Иуданын бөлүнгөнүнө көп кылым болду. Кыргыздар «Манас» эпосуна жаңы окуяларды кошкондой эле, раббилер да ыйык китептерге Талмуд менен раббилердин көптөгөн укук китептерин кошту. Башка динге өткөн кукилер ата-бабаларынын жолуна карама-каршы башка үрп-адат жана талдоолорду өздөштүрдү да, өздөрүн жазманы бөтөн элдин көзкарашына багындырып, башка элдин талабын аткарган чет элдик болуп калды. Ошондой эле тарсалыктардын маданий аракети кылымдар бою тарыхты өз билгениндей (көп учурда Батыштагыдай же байыркы гректердей) таржымалдап, өз динине кошуп алган жамаатка аталык мамиле жасайт. Башка динге өтүү көзү ачык, пайгамбар жана табышмактуу семетейчилер элестеткен, өздөрүнүн узакка созулган, катуу аракеттериндеги нерсе эмес.

[380] Ал семетейчилер жылыштыруу диний изилдөөлөрүндө кудайдын жери же падышалыгы аталган Израил кудай деп жашаган жалгыз элдин жери катары көркөмдөп кабыл алчу (Инжилдеги Улукман 17:20, 21). Ата-мекенине кайтуу ата-бабалардын кудайына жана ишенимине дили менен кайтканды билдирчү.

Сөздүн түпкү мааниси

Эгер эпостогу каймана сыр бекитилгендиги жөнүндө оюм окурмандарды ынандырбаса, анда мен «кыргыздын өзгөчөлүгүн көрсөткөн ID-карта» катары Семетейдин ысмын таржымалдап берейин.

*Семетей* деген «Семеттей» же «Семиттей» дегенди билдириши ыктымал. «-тей» деген жандооч «окшош» деген маанини берет. Демек, «семиттей» деген сөз «семитке окшош», «семиттик» дегенди билдирет.[381]

Манасенин урпактары Ассирия көчүрүүсүн жана кылымдар бою бүлүк-тополоңдордо көптөгөн улут тазалоолордон, жердешчиликтерден жана ар башка эл менен аралаштыруулардан өткөн. Манасенин орто кылымдардагы урпактарын мындан нары чыныгы семит дегенге болбойт эле, ошондуктан Манасенин тукуму «Семетбек» (бекем семит) же «Семетбай» же эң кур дегенде «Нурсемет» (семиттердин нуру) деп аталбай калган. Анткени менен Манасенин урпактары семиттерге  байланыштуу тамырын жашырып, улут дастанына кыйытып келиштирип гана «Манастын уулу Семетей» деген каймана ат менен кошулган. Эки эпостун тең ичинде аттары «Жакыптын уулу Манасенин семит тукуму» деген ойду камтыйт. Кыйытып айтканда, Семетей – кыргыздар Тоораттагы Жакыб жана Манасенин уруусунан тараганын чанган семит элинен экенин билдирет.

Сынчылар мени жаңыласың деши мүмкүн, «-ей» деген жандоочту Каныкей деген аттан деле жолуктурсак болот, ал эми Семетей деген жеке аттан түзүлгөн эркелеткен ат, зат атоочтон сын атооч дагы ошондой мааниде

[381] Батыш тарапта 1781-жылы Лудвиг Шлозер семит деген сөздү биринчи жолу колдонуп-жараткан. Каныккан билимдүү кыргыздар ал сөздү эртерээк колдонду.

түзүлөт деши ыктымал.[382] Англисче *-y* жана *-ie* жандоочтору да ошондой: Tommy; Susie; birdie; ducky; granny; sweetie; dearie. Каныкейдин «каньк» же «каныккан» дегени «мыкты» деген сөздүн уңгусун түзөт, ошондо «каныкей» деген «мыктым» же «каныкканым» дегендей мааниде дагы кабыл алынып, кыргыз айымдары эңсеген мүнөзгө айланган. Эгерде мени сындагандардыкы туура болуп чыкса, анда «семетей» деген ат «кичинекей семитим» же «семит тайым» дегенди билдириши мүмкүн. Ошондуктан эпостун кеңири маанисинде анын аты «Манастын сүйүктүү семити, Жакыптын урпагы» дегенди билдирет. Ушул мааниде да бул сырдуу ат Сам же Сем урууларына анти-семиттик өлкөдө өздөрүнүн семиттик экенин жашырууга көмөктөшөт.

**Семетейдин сырын ачуу**

Ушул маалыматтын арты менен биз өткөн күнүбүзгө да көз жүгүртсөк болот: балким араптар, саманийлер, караханиддер, тимуриддер же б.у.с. мусулман эмес элдерди кырып же өз динине өткөрүп алган. Алар мезгил-мезгили менен Самаркан, Талас жана Орто Азиянын көп жерлерин ээлеп турган. Аман калып, балдарынын башын сактоо үчүн Манасенин эзилген урпактары өздөрүнүн ата-тегин жана семит экендигин сыр сандыкка катканы эпосундагы Семетейди чет жакка жөнөтүшү болуп чагылдырылган.

Семетейдин көчүнүн аралыгында Муса пайгамбардын укмуштай бир керемети бар, ал биздин муунга берилген белгилердин бири. Бакайдын «сууну экиге ажыратуусу» дүйнөлүк адабияттагы окурмандар үчүн жол белгилериндей эле кызмат аткарат. Орто кылымдардагы семетейчилер төмөндөгүгө таянып иш алып барат:

> Өзүң үчүн жол белгилерин коюп ал,

[382] «Эжекей», «молдоке» ж.б. сөздөр сыяктуу. «Манас энциклопедиясы» (Бишкек: КР улуттук илимдер академиясы 1995) т. 2 – б. 208

Өзүң үчүн мамыларды коюп ал,
Оюңду жолго бур,
Өзүң барчу ошол жолду тандагын.[383]

**Жымжыртты жаруу**

Каныкейге окшоп орто кылымдардагы кыргыздар биротоло унчукпай жүрүп отурду. Чет элдик идеологиялар астында калган кийинки муундар өздөрүнүн сам уруусунан (семит) экенин биротоло унутту.  Дагы бир укмуш нерсе: «Семетей» эпосун жараткандар келечек муундарды ата-бабаларына кайрадан көндүрүү оор иш болорун алдын-ала билген. Ошондуктан алар Семетейдин туңгуюктагысын көрсөтүү үчүн Сарытаз деген жоокерди кошуп койгон.[384]

Андан кийин баяндоочулар тайманбай туруп пайгамбарларды туурап, жазмалардан бир эскертүүнү кошуп салган: Семетейдин Таласка кайтуусу сам уулдары (Семиттер) Манасе менен Жакыбдан тарагандар маңкурттук көзкараштан кутулуп, кайра өз мекенине же алгачкы кудайына кайтат деген ойду туюндурат.

Анан кыргыздын сырчылдары келе турган муун үчүн жакшы жүрүш-турушту үйрөтөт: Семетей Исмаилге жылдар бою бакканы жана тарбиялаганы үчүн ыраазылыгын билдирет.

Ошол баяндоочу-көрөгөчтөр ушунча жыл байланышы жок жүргөндөрдүн ортосунда ичара чатакты билгенсийт. Алар Семетейдин кайтышы менен элдин таңгалычын көрсөтөт, шек санаган журт башкаруучулар күтпөгөн

---

[383] Жеремия 31:21. Семетейчилер буга чындап ишенчү, алар эпосту ата-бабаларынын китеби катары кабыл алып, ал аркылуу ар кандай сунуштарын жеткирүүгө умтулчу.

[384] Ушул күнгө чейин Кыргызстандын жайнаган университеттеринин арасында кыргыздардын ата-теги менен байыркы пайгамбарлардын ортосундагы көптөгөн окшоштуктарын изилдеген бир да окуу жайы жок. Эч бир жүйөсү, себеби жок же илимий талкуусуз эле кыргыздын билермандары «тыюу салынган» китепке өздөрүнүн тийешеси жоктугун айта берет. Илимий чөйрө Семетейге окшоп ушул жазгандарымда айтылган далилдерди, дегеле улуттук иликтөөлөрдү кескин четке кагып таштай берет.

жерден чыга калган жигитти өлтүргөнү умтулат. Элдин ичара чатагы эпостун калган мазмунун түзөт, ошол окуялар азыркы кыргыз саясатындагы ичара тытышууларды элестетет.

Чаар китеп жана машаяк таасирлери Семетейдин окуяларында толо, анын ичинде Семетейдин оор абалы менен көккө чыгуу дагы бар. Ошого жараша бул оозеки чыгарманын аягында ыйык китептердеги акыркы кыямат корутундусу берилет: душмандардын курчоосундагы кудайдын кишилери укмуштуудай кутулуп кетет.[385] Ал китепте көккө көтөрүлгөндөрдүн арасында Манасенин да уруусу бар.[386]

Байланыштын ышкыбоздору болгон орто кылымдардагы семетейчилер иштеринде диний жана тарыхый түшүнүктөрдү, аяндарды жана улуттук аң-сезимди бекем туткан. Мүмкүнчүлүгү аз болсо да, алардын жазылбаган кабарлары кылымдарды кечирди жана муундан муунга бизге чейин жетти. Семетейчилер пайгамбарлардын шарттуу белгилерин чагылдырган эпикалык мыкты чыгарма жараткан.

<u>Сөз аягы</u>

Эгерде илгерки көзү ачыктардыкы чын болсо, анда Манасенин урпактары жумуш берүүчүлөрүнөн кетип, өз ата-бабаларынын кудайына кайтышы керек. Атаандаш урууларга эмес, жаңы колдоочуларга же чет элдик жумуш берүүчүлөргө эмес. Ата-бабаларынын кудайына кайткан кыргыздардын жаңы мууну төмөндөгү дагы бир татынакай окуядагыдай болуп өз ордун ээлейт эле. Албетте, бул окуянын көп катмары бар, бирок ушул өңүттөн караганда

[385] Инжилдеги Аян 20

[386] Аян 7

атанын көркөм элеси кудайды чагылдырат. Улуу баласы кылымдар бою ишенимдүү келген «илгерки» же туруктуу диний жамааттарды элестетет. Ал эми кичүү баласы миңдеген жылдар бою тарых арасында адашып келген кыргыздардын көркөм элеси.

> Илгери бир кишинин эки уулу болуптур. Бир күнү кичүү баласы атасына: «Ата, мага өз үлүшүмдү бериңизчи», - дейт экен. Ошентип атасы мүлкүн экөөнө бөлүп берет. Ошондон көп узабай кичүү баласы болгон мүлкүн алган бойдон алыскы бир өлкөгө кетет да, ал жактан өз байлыгын төгүп-чачып коротот. Бүт дүйнөсүн жок кылып бүткөн маалда өлкөдө ачарчылык башталып, тигил бала абдан кыйналат. Ошондо ал жергиликтүү бир жаранга жалданып иштейт, тигил ага чочколорун бактырат. Курсагын тойгузуу үчүн анын чочколорго берилген бөчөктөн да болсо жегиси келет, бирок ага эч ким эч нерсе бербейт. Бир күнү ал акыл-эсине келип: «Атам жалдаган нечен киши үнөмдөп жашап жүрөт, а мен болсо бул жерде ачкадан өлүп атам! Мен атама барып айтышым керек: «Ата, мен кудайдын да, сиздин да алдыңызда күнөлүүмүн. Мен өзүмдү мындан ары сиздин уулуңузмун деп айталбай да калдым, ошондуктан мени эми жөн эле жалдап алыңызчы.» Ошентип ал атасын карай жөнөйт. Бирок жете электе атасы аны көрүп, баласына мээрими төгүлүп, уулун карай чуркайт да, кучагын жайып, бооруна кысат. Уулу ага: «Ата, мен кудайдын да, сиздин да алдыңызда күнөлүүмүн. Мен өзүмдү мындан ары сиздин уулуңузмун деп айта албай да калдым» – дейт. Бирок атасы кызматчыларына буйрук берет: «Тезирээк жакшы кийимдерден алып келип, үстүнө жапкыла. Колуна шакек салып, буттарына байчеке кийгизгиле. Бордоп багылган торпоктон бирди сойгула. Той кылып, черин жазгыла. Анткени менин өлдү деген уулум аман кайтып келди. Аны мен жоготтум десем, табылып отурат.» Ошентип алар салтанатты баштайт.

Ал ортодо улуу баласы талаадан кайтып келет. Үйүнө жакындаганда обондорду угуп, бийлеп аткандарды көрөт. Анда ал кызматчылардын бирин чакырып, эмне болуп атканын сурайт. «Сиздин бир тууганыңыз кайтып келди, - деп жооп берет берки. – Атаңыз бордоп багылган торпоктон сойдурду, анткени иниңиз аман-эсен кайтты.»
Агасынын жини келип, ал үйгө кирбей коёт. Анда атасы сыртка чыгып, уулунан суранат. Ошондо тигил минтет: «Көрдүңүзбү, мен өмүр бою сизге кулдай иштедим, айтканыңызды эч качан эки кылган эмесмин. Ошондо мага досторуң менен бир пас үлпөт кур деп бир чычкак улак да берген эмессиз. Ал эми сойкулар менен дүйнөсүн бүт төгүп-чачып келген бул балаңызга бордоп багылган торпокту союп атасыз!»
«Уулум, - дейт анда атасы. – Сен дайыма менин жанымдасың, мендеги дүйнөнүн бүт сеники. Бирок биз сүйүнүп-кубанып той курушубуз керек, анткени бул жоголуп өлдү деген бир тууганың аман табылып отурат.»




Башталыш деген китептен көчүрүлгөн санжыра




Торокан уулу Эсенкул (1995) Т. 1; 8- беттен көчөрүлгөн санжыра

# Колдонулган адабияттар


Абдырахманов Н. «Улуу баян». – Бишкек: Бийиктик, 2007.

Абрамзон С.М. «Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи». – Москва, 1971.

Абусеитова М. «Новые подходы в изучении истории Центральной Азии». Лекция на конференции «Мир кочевников: прошлое и будущее.» /Бишкекская академия дипломатии. – 13-14 августа 2008.г.

Асанканов А., Асан И. «Кыргыз тарыхы». Энциклопедия. – Бишкек: 2003.г.

Жакиев Б. «Манас – кыргыздын баатырдык эпосу». – Бишкек: Бийиктик, 2007.

Жакыпбек А. «Тенгири Манас». – Бишкек: Кыргызстан, 1995.

Жанизак Ж. «Почему вы празднуете 1000-летний юбилей еврея Манаса?» Газета «Столица». – Бишкек, 1995.

Жусупов К. «Кыргыздардын байыркы маданияты», «Древняя культура кыргызов». – Бишкек: Бийиктик, 2006.г.

Жусупов К. «Манас». – Бишкек: Международный фонд «Мээрим» 1995.

Иманалиев М. «Кыргыз санжырасы». – Бишкек: Шам, 1995.

Каипов С. Ректор Кыгызско-Турецкого университета им. Манаса. Кыргызстан, 2008.

Каипов Сулайман. – Интервью. – Чолпон-Ата, 2008.

Каралаев С. «Манас»./Пер., введение и аннотации Кочумкул кызы Э., к.н. – Сиэттл: Университет Вашингтона.

Капалбаев О. Традиционное кыргызское применение древесины. Историко-этнографический труд конца 19 – начала 20 века. – Бишкек, 2007.

Касымбеков Толеген. «Сломанный меч» Ист. роман: Для юношества/ Авториз. Пер. с кирг. Л. Лебедевой. – Ф.: Мектеп, 1987.

Кацев А. – Интервью. – Бишкек: Кыргызско-Славянский университет, 13 ноября 2008 г.

Кацев А. «Киргизия и эвакуация евреев в годы Второй Мировой Войны».

Липкин С. «Манас - кыргызский народный эпос». – Бишкек: Полярис, 1995.

Мангалвадинин Вишал, “Сенин Дүйнөңдү Жасаган Китеп” деген китептен алдым (“The Book that Made Your World: How the Bible Created the Soul of Western Civilization” Vishal Mangalwadi, 2011)

Мадылбай Т. – Интервью. – Бишкек: август 2009.

Мамбетакунов К. «Айкол Манас». – Бишкек: Кыргызстан, 1995.

Министерство туризма и спорта Республики Казахстан. – http://www.mts.gov.kz/

Орозбаков С. «Манас». «Кыргызский героический эпос». – В 4 т./Гл. ред. Петросян А.А. – М.: Главная редакция восточной литературы издательства «Наука», 1984.

Орозбаков С. «Манас»/пер. Мэй, У. – Бишкек: Раритет, 2004.

Плоских В.М. Подводные загадки Иссык-Куля/Национальная академия наук Кыргызской Республики и Кыргызско-Российский славянский университет. – Бишкек, 2008.

Санашкин, Алтайчи. – Интервью. – Горный Алтай. – 2006.

Сооронов О. «Манас» записанный в 1503 г. – Бишкек, 2003.

Табалдиев К. «Бурана». – Бишкек: Магамедиа, 2006.

Торокан уулу Эсенкул. – Интервью. – Бишкек, 2006.

Торокан уулу Э. «Кыргызча кыскача санжырасы». – Бишкек, 1995.

Турганбай Н. – Интервью. – Бишкек: 2009.

Чоротегин Т.К. Махмуд Кашкари (Барскани) жана анын «Дивану лугат-ит-Турк»/Кыргызское историческое общество. – Бишкек: Кыргызстан, 1997.

«Энциклопедия Манаса». – Бишкек: Национальная Академия Наук Кыргызской Республики, 1995.

Abdirakhmanov, Nurak (Абдырахманов, Нурак); *Улуу Баян* “The Great Story” (Бийиктик, Bishkek, 2007)

Abu-L-Fazl *The Akbarnama* (1594) from bibliotheca Indica: A Collection of Oriental Works Translated from Persian by H Beveridge, I.C.S., (Calcutta, India, The Baptist Mission Press & Asiatic Society, 1897, 1939)

Abramzon S.M. "*Kyrgyzes and Their Ethnogenetical Historical and Cultural Connections*" (Moscow, 1971)

Abuseitova, Meruert *New Approaches in the Study of Central Asian History,* lecture at the World of Nomads: Past and Future, Bishkek’s Academy of Diplomacy, August 13-14, 2008

Aitmatov, Chingis; *Чыњыз Айтматов, A 5 Volume Collection of his Works,* (Bishkek, Sham, 1999)

Akerov, Tabyldy; *Ancient Kyrgyz and the Great Steppe,* (Bishkek, Biyiktyk, 2007)

Aksikenti, Saif al-din ibi da-mullo Shakh Abbas; *Majmu stut-Tavorix* (1503);

Anderson, William; *Green Man: The Archetype of Our Oneness with the Earth.* (San Francisco: Harper Collins, 1990)

Asankanov A.A.; Asan, Y.A., *Кыргыз Тарыхы Энциклопедия* “Kyrgyz History Encyclopedia” (Bishkek, 2003)

Asankanov, Abyl: *“The Kyrgyz of China”* lecture at Arabaev International University, 2008

Avichail, Eliyahu: *The Tribes of Israel; the lost and dispersed* (Jerusalem, Amishav. 5720)

Barber, Elizabeth W. *The Mummies Of Urumchi*, Natural History (July 1999)

Behar DM, Thomas MG, Skorecki K, et al. "Multiple Origins of Ashkenazi Levites: Y Chromosome Evidence for Both Near Eastern and European Ancestries" (The American Society of Human Genetics, 2003)

Bernstein, Mark; "Stories of Joseph: Narrative Migrations between Judaism and Islam" (Wayne State University Press, Detroit, 2006)

Besserman, Lawrence; *The Idea of the Green Knight* (The Johns Hopkins University Press, 1986)

Brook, Kevin Alan: *The Jews of Khazaria*, (Jason Aronson, 1999)

Cheetham, Tom; *Green Man, Earth Angel.* (Albany, NY: State University of New York, 2004)..

Climo, J.J and Cattell, M.G.: *Social Memory and History*. (Walnut Creek, CA: AltaMira Press, 2002)

Dickens, M.: *Nestorian Christianity in Central Asia* (2001)

Dorotheus of Tyre: *The Synopsis* (3rd century)

Egemberdieva, Bermet *"Kyrgyzstan: Domestic Violence – Tradition or Crime?"* Stop Violence Against Women, a project by The Advocates for Human Rights; www.stopvaw.org (June 20, 2006)

Eidelberg, Joseph *The Biblical Hebrew Origin of the Japanese People* (Jerusalem, Green Publishing House, 2005)

Elly, E.B.: *Military Report on the Chin-Lushai Country,* 1893 (Calcutta, Firma KLM Ltd, 1978)

Encyclopedia of Islam, 2nd Edition. Edited by P.J. Bearman, et al., (Leiden: E. J. Brill, 1960-2005)

Eraliev, Nursan (Bishkek, 2004)

Foltz, Richard C.: *Religions of the Silk Road*, (St. Martin's Griffin, New York, 1999)

Geertz, Clifford: *The Interpretation of Cultures*. (New York, Basic, 1973)

Golden, Peter B.: *An Introduction to the History of the Turkic Peoples*

Golden, Peter: *The Codex Cumanicus, Central Asian Monuments* (Istanbul, 1992)

Goldstein, David B; *Jacob's Legacy, a Genetic View of Jewish History* (Yale University Press, New Haven & London, 2008)

Gow, Andrew C. *The Red Jews: Antisemitism in an Apocalyptic Age, 1200-1600*. (Brill, 1994)

Franke, Patrick. Begegnung mit Khidr: Quellenstudien zum Imaginären im traditionellen Islam, Beiruter Texte und Studien 82. Beirut-Stuttgart 2000

Hanok ben Galatyah; *Israelite and Noahic Haplogroup Hypothesis;* Jews and Joes (February 25, 2008) www.jewsandjoes.com

Halkin, Hillel; *Across the Sabbath River*, (Houghton Mifflin Company, New York, 2002)

Hewitt, Richard; "*Alisher Navoi's Kydyr-Messiah*" 2009

Human Rights Watch

Ibn al-Mubarak, Abdullah, (736 - 797); *Zuhd* (Asceticism)

Ibn Hanbal, Ahmad, (780-855); *Zuhd* (Asceticism)

Idirisova, Perizat, interview (Bishkek, 2006)

Imanaliev, Musaly; “Kyrgyz Canjyracy” (Kyrgyz Genealogy); (Bishkek, *Sham*, 1995)

Ishmailov, Baatirbek; interview (Bishkek, 2007)

Jacobovici, Simcha “Quest for the Lost Tribes” (A&E Television Networks, DVD, 1998)

Jakiev, Beksultan (Жакиев, Бексултан): *Манас Кыргыздын Баатырдык Эпосу*, “Manas Kyrgyzdardyn Baatirdyk Epocu,” (Бийиктик, Bishkek, 2007)

Jakypbek, Ashim; *Tengiri Manas* (“Kyrgyzstan” Bishkek, 1995).

Janyzak, Janybek: *Why Are You Celebrating the 1000 Anniversary of the Hebrew, Manas?* (*Stoloitsa* Newspaper, Bishkek,1995)

Josephus, Flavius “Antiquities of the Jews”

Jung, C. G.: *The Archetypes and The Collective Unconscious*. (Princeton, N.J.: Bollingen, 2nd ed. 1981)

Jusupov, Kengish: *Kyrgyzdardyn Baiyrky Madaniyat;* or Ancient Kyrgyz Culture, (Bishkek, *Biyiktyk*, 2006)

Jusopov, Kenish: *Manas* (Merim International Fund, Bishkek, 1995)

Kapalbaev, Oktyaber; “Kyrgyz Traditional Use of Wood & Timber, a historical-ethnographic treatise from the late 19th century to the early 20th century” (Bishkek, 2007)

Karalaev, Saiakbai; *Manas* Translated, introduced and annotated by Elmira Kochumkulkizi. Ph.D. Candidate in Near and Middle Eastern Studies University of Washington (Seattle)

Karayeva, Zina, Prof.; interview (Bishkek 2008)

Kashgari, Makhmud; *Collection of Turkic Words* (1072)

Kasmambetov, Saparbek; *Singing the Kyrgyz Manas, Saparbek’s recitations of epic poetry* (SOAS, University of London, 2009)

Kassymbekov, Tolegen; *“Broken Sword”* Translated by David Foreman and Sergei Sosinsky. (Progress Publishers, Moscow 1980)

Katsev, Alexander Ph.d. Personal interview at Kyrgyz – Russian Slavonic University (Bishkek, November 13, 2008)

Kayipov, Sulaiman; Rector of Kyrgyz-Turkish Manas University, Interview (Cholpon Ata, Kyrgyzstan, 2008).

Kazak Ministry of Tourism’s webpage

Khalidi, Jarif: *The Muslim Jesus, Sayings and Stories in Islamic Literature* (Harvard University Press, 2001)

Khaute, Tsvi; a Kuki statesman from India living and working in Jerusalem. Interview (Jerusalem, 2005).

Khuplam, Milui Lenthang “Reports of Seminar on Manmasi Identity” (LB Printers, New Lambulane, Imphal East, Manipur, India)

Khuplam, Milui Lenthang “*Manmasi Chate (Kuki-Chin-Mizo) thulhun kidang masa*” (“Hills Tribal Council” Manipur, India, 2005)

Kyrgyz Republic’s National Academy of Sciences; *Manas Encyclopedia*, (Bishkek, 1995)

Lansdell, Henry “Russian Central Asia, Including Kuldja, Bokhara, Khiva, and Merv” (Boston, *Houghton, Mifflin, and Compny*, 1885; Elibron Classics Replica Edition, 2003)

Lasater, Alice E.: *Spain to England: A Comparative Study of Arabic, European, and English Literature of the Middle Ages*. (University Press of Mississippi, 1974)

Levchine, A. de: “*Description des Hordes et des Steppes des Kirghiz-Kazaks ou Kirghiz-Kaissaks”* (Paris, 1840)

Lipkin, Semen; “*Manas, Kirgizski narodni epos”* or *Manas, the Kirgiz Popular Epic* (Bishkek, Polaris, 1995)

Lord, Albert .B. *The Singer of Tales,* (Harvard University Press, 1960)

Maity, Sitalaximi, Trivedi, and Kashyap “Tracking the genetic imprints of the lost Jewish tribes among the gene pool of Kuki-Chin-Mizo population of India” (Genome Biology 2004 6:P1)

Madylbai, Turusbek; personal interview (Bishkek, Aug. 2009)

Mamai, Jusup, *Кыргыз Элинин Тарыхый Эпосу - МАНАС, айтуучу: Жусуп Мамай.* “The Kyrgyz People’s Historical Epic - MANAS, told by Jusup Mamai” (Шинжиаӊ Эл Басмачы, XingJian People’s Publisher, Urumchi, China, 1995)

Mambetakunov, Kadyrbay; *Aikol Manas,* (“Kyrgyzstan” Bishkek, 1995)

Menget, P. (1991) ‘Histoire de l’anthropologie’, in P. Bonte and M Izard (eds) *Dictionnaire de l’ethnologie et de l’anthropologie*, Paris: Presses Universitaires de France.

Minorsky V. translated and explained: *Hudud al-Alam ‘The Regions of the World’ - A Persian Geography* 982 A.D. (Reprinted by University Press, Cambridge, 1982)

Navoi, Alisher, “Hazoyinul-maoniy Badoe’ul-vasat” Volume III, *Bada'i' al-Wasat* ("Marvels of Middle Age")

Nehmatullah: *Makhzan-i-Afghani*, about 1612 A.D.

“Nizami” Ganjavi, Jamal al-Din Abu Muhammad Ilyas *“The Life of Alexander*”*– Sikandar’s Journeying from the Country of Hind to Chin* (1197). Translated by H. Wilberforce Clarke (*Calcutta, East India.* 1880)

Nizami: *Sikandar-Nama, the Instructions given by the prophet Khizr (peace be upon him) to the poet Nizami Regarding the Writing of the “Sharaf-Nama,E Khusravan,” or “Sikandar-Nama.””* 1202. Translated by H. Wilberforce Clarke (1881).

Olson, Steve; *Mapping Human History; Genes, Race, and Our Common Origins* (Boston, 2002)

Ong, Walter “Orality and Literacy” (Routledge, London & New York, 2002)

Orozbakov, Sagymbai, “Manas: Kyrgyz People’s Heroic Epic” (Eastern Literature, Moscow, 1984)

Orozbakov, Sagymbai; edited by the Kyrgyz Republic’s Academy of Sciences; *Manas*, (Bishkek, *Sham*, 1997).

Orozbakov, Sagymbai: *Manas,* Translated by Walter May (Rarity firm, LTD, Bishkek, 2004)

Parrinder, Geoffrey; *Jesus in the Qur’an* (Oneworld Publications, Oxford, 1995)

Parfitt, Tudor; *The Lost Tribes of Israel, The History of a Myth*, (London, 2002)

*Parsons Bible Dictionary* Electronic Edition (STEP Files 2005, QuickVerse, Inc.)

Pickthall, Marmaduke: translation, *The Meaning of The Glorious Qura'n with English Translation,* (Chagri Yayinlari, Istanbul, 1998).

Ploskih, V.M.: *Underwater Mysteries of Issyk-Kul*, National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic & Kyrgyz-Russian Slavic University, (Bishkek, 2008)

Raffaele, Paul: *Keepers of the Lost Ark?* Smithsonian Magazine (December 2007)

Rawlinson, George; note in his translation of *History of Herodotus*

Riessman, Catherine Kohler; Narrative Analysis, Qualitative Research Methods Series 30 (Boston University, 1993)

Rohr, Richard: *The Enneagram, a Christian Perspective* (The Crossroad Publishing Company, New York, 2007)

Roth, Norman; "Was there a Jewish Hat?" www.myjewishlearning.com, 2003

Sabar, Ariel; "My Father's Paradise, a Son's Search for His Jewish Past in Kurdish Iraq" (Algonquin Books of Chapel Hill, North Carolina, 2008) p. 52

Sabar, Yona; "The Folk Leterature of the Kurdistani Jews: An Anthology" (Yale University Press, New Haven, London, 1982)

Sanashkin, Altaichy; interview (Gorno Altai, Russia 2006)

Sarygulov, Dastan; speech "*Mentality of Nomads – as New Civilization Ideology Principle"* at Bishkek's Nomadism Conference (August 13, 2008).

Sarygulov, Dastan, Personal interview, Bishkek (October, 2008)

Schmidt, Wilhelm "The Origin of the Concept of God." 1912, English edition 1931 (Rowman & Littlefield Publishers, 1983)

Semino, Ornella, et al, "*The Genetic Legacy of Paleolithic Homo sapiens sapiens in Extant Europeans: A Y Chromosome Perspective,* Science (November 2000)

Shah, Amina; *Folk Tales of Central Asian* (Octagon Press, London, 1975)

Shakir, M.H. translated: *The Holy Qur'an a translation by M.H Shakir*, electronic version (Tahrike Tarsile. Qur'an, Inc., 1983)

Shamshiev, Bolot, Producer; interview (Bishkek 2008)

Sloame, Joanna: *Bukharan Jews* (Virtual Jewish Library, 2008)

Sooronov, Omor, "Манас" Жазылганы - 1503 жылында: *Manas, Written in 1503;* (Bishkek, 2003)

Starr, S. Frederick; *"Rediscovering Central Asia"* The Wilson Quarterly (2009) http://www.wilsonquarterly.com/article.cfm?aid=1441

Tabaldiev, Kubatbek; *Burana,*(Bishkek, Magamedia, 2006)

Tchorotigin, T.K. *Махмуд Кашкари (Барскани) Жана Анын «Дивану лукати т-Турк» (1072-1077):* Makhmud Kashgari (Barskani) And His Collection of Turkic Words (1072-1077*)*; (Kyrgyz Historical Soceity, "Kyrgyzstan" Bishkek, 1997)

Thompson, R.C & King, L.W. Translated: *Behistun Rock* (London, 1907)

Thomsen, Vilhelm: *Inscriptions de l'Orkhon dechiffrees, Suomalais-ugrilainen seura*, (Helsinki La societe de literature Finnoise, 1893)

Төрөкан уулу, Эсенкул: "*Кыргызча Кыскача Санжарасы*" A Short Kyrgyz Genealogy, (Bishkek, 1995)

Төрөкан уулу, Эсенкул; interview (Bishkek, 2006)

Turganbai, Nasira: interview (Bishkek, 2009)

Turusanali kizi, Mistakan (April, Chui Valley, 2008)

Tylor, Edward: *Primitive Culture,* 1871 (New York: J.P. Putnam's Sons, 1920)

Wang, Xiaofu; *Political Relationship Between the Chinese, Tibetan and Arab.* (Peking University Press. 1992)

Wells, Spencer *The Journey of Man, a genetic odyssey* (Random House, 2003).

Wells, Spencer; Yuldasheva, Nadira, Ruzibakiev Ruslan, et al, *"The Eurasian Heartland: a continental perspective and Y-chromosome diversity* (the National Academy of Sciences of the United States of America, Vol. 98, No. 18 (Aug. 28, 2001)

William of Rubruck: *The Mission or Friar William of Rubruck* edited and translated by Peter Jackson and David Morgan (London, Hakluyt Society, 1990)

Zakirov, Saparbek "Кыргыз Санжырасы" (Бишкек, Ала-Тоо редакцыясы, 1994)

Audience comments from my lectures in Bishkek (2003-2010).

Interviews on the street in Bangalore, Kerela, and Assam, India (2006)

Street interviews in Israel (2005)

